# ТОГОЛОК МОЛДО



КЫРГЫЗ ССР ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ
ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ
ИНСТИТУТУ
АКАДЕМИЯ НАУК КИРГИЗСКОЙ ССР
ИНСТИТУТ ЯЗЫКА И ЛИТЕРАТУРЫ

# ТОГОЛОК МОЛДО

ЧЫГАРМАЛАР

II ТОМ

„КЫРГЫЗСТАН" БАСМАСЫ ФРУНЗЕ 1970.

Түзгөн Жаки ТАШТЕМИРОВ
Сүрөтү А. С. ОСТАШЕВДИКИ.

# ПОЭМАЛАР

## КЕМЧОНТОЙ

1.

Кемчонтойдон кеп келет,
Акылсыз акмак деп келет.
Кемчонтойдун жоругу,
Кандай жанга эп келет.

Атасы казы айтылуу,
Адамдан чыккан бу бир куу.

Элден көп жеп параны,
Дагы кирем деп алган.
Бир сөзүнөн кайтпаган,
Парасыз сөз айтпаган.
Акыйкат бүтүм кылбаган,
Сөзү ордуна турбаган,
Бул киши адил эмес деп,
Сыртынан сөзүн сындаган.
Казынын жалгыз уулу бар,
Уулунда толгон чыры бар.
Кемчонтой деп атанып,
Кесир болду мунунар.

Ажал жетип, күн бүтүп,
Казы, аттанды дүйнөдөн.
Өмүрүнчө пара жеп,
Кабы толуп күнөөдөн,
Атасы казы өлгөн соң,
Казыны калк көмгөн соң,
Атадан калган бар малын,
Сапырып чачып жоготкон.
Түбүндө Чонтой кутулбай,
Түгөнбөгөн домоктон.
Бала кезден келесоо,
Өз акылы такыр жок.

Ар кайсыны бир айтып,
Сөзү орой, оозу шок,
Жалгыз эшек малы бар,
Эшегин айтат атым деп,
Эс-акылы жогунан,
Энесин айтат катын деп,
Атасы өлгөн жашында,
Акылы жок башында.
Эсер-зөөкүр Кемчонтой,
Энесинин кашында.
Акмактыгы Чонтойдун,
Айлына болгон дап-дайын.
Жалгыз балам зөөкүр деп,
Энеси кылат убайым.
Эшегин токуп ээрдеп,
Энесин тилдеп кээрдеп:
«Мен базарга барам» — деп,
«Кийим-кечек алам» — деп,
Аш куюп ичип казандан,
Аттанып кетет азандан,
«Ажатымды алам — деп,
Азыр барып базардан».
Жалгыз чака пулу жок,
Жакшылык көргөн жылы жок.
Адам десе санда жок,
Ага-тууган анда жок.
Айткан кебин унутат,
Акмактыгы жанда жок.
Теңир урган Чонтойдун,
Жоругу айбан малда жок.
Базардан башка кеби жок,
Адамга сыяр эби жок.
Акмактыгын мындан бил,
Адамга болжор теңи жок.
Базарга барат күн сайын,
Баркы кетти ансайын.
Акылсыз зөөкүр келет — деп,
Айлында болду дап-дайын.
Кемчонтойдо мээси жок,
Кел — деп айткан киши жок.
Айбандыгын мындан бил,
Адам менен иши жок.
Арыктап баспайт эшеги,

Айыкпайт жинди кесели,
Адамдын баары көргөндө,
Кемчонтой жинди дешеди.
Элге дайын жинди дейт,
Эшегин күндө минди дейт.
Эсерлик кылып жан бакпай,
Эл ичинде жүрдү дейт.
Кемчонтой бүгүн өтөт деп,
Жолун тосуп жатышат.
Балдар баары чогулуп,
Тамашага батышат.
Келип жолго турушат,
Кезек менен урушат.
Келесоону токмоктоп,
Келеке-шылдың кылышат.

Кемчонтойдо эс барбы,
Унутуп калат урганын,
Жүрө берет сенделип,
Ойлобойт жандын жыргалын.
Нандын атын унутуп,
Кемчонтой айтат жалпак деп.
Калпагын айтат байпак деп.
Байпагын айтат талпак деп.

. . . . . . . . . . . .

Кептин жөнүн биле албайт,
Кежир сүйлөп тил албайт.
Элирип кетет ар жерде,
Эл ичинде жүрө албайт.
Балам үйдө турар деп.
Бастырып оокат кылар деп,
Оокатка балам кирген соң,
Анан жаным тынар деп,
Жакшы көрөт энеси,
Ичтен чыккан байталман[1],
Жазганып турат уулунан,
Жамандап элге айтардан.

Энеси бир күн ойлонду,
Ойлонуп жатып толгонду.
Акылынын жогунан
Кайран балам кор болду.

[1] Байталман — байкуш бала деген мааниде.

Үйлөнтөйүн баламды,
Көргөн жалгыз карамды.
Өлбөй тирүү каламбы,
Тындырайын санаамды.
Каралды жок жапжалгыз,
Калтырбайын баламды,
Каргашалуу арамды.
Кемпир эмес, орто жаш,
Келбеттүү киши энеси,
Катын алып берүүгө,
Анык тынды санаасы.
Катын алып берүүгө
Жакын жерден кайындап,
Ынтымакка келишип,
Калың малын дайындап,
Бечарага кайындап,
Элге-журтка дайындап,
Күйөө барып кайындап,
Күйөөлүгүн дайындап.
Куда болуп кой союп,
Тойго арнап кой союп.

. . . . . . . . . . .

Күйөөлөдү Кемчонтой,
Кыз алууга ой коюп,
Кызды алып барышты,
Жеңелер төшөк салышты.
Желип келген жеңелер,

. . . . . . . . . . .

Жеңкетайын алышты.
Балам үйлүү болду деп,
Мамырап калды энеси.
Кемчонтой катын алганы,
Энесинин керээзи.

II.

Энеси эптүү болбосо,
Зөөкүргө аял келеби.
Дүнүйө калың бербесе,
Кызын бекер береби.
Атасы калың көп алды,
Алып малды жеп алды.
Кыздын башы байланды

Азап тартып зарланды.
Акылы артык Багдагүл,
Бул жорукка алданды.
Жабыр көрдү канча жыл,
Көзүнөн жашы төгүлүп,
Көргөн күнү мына бул.
Жабыркап аял чыдабай,
Не кыларын биле албай,
Эмгек тартып зөөкүргө
Эстүү катын жүрө албай,
Эсебин мунун тапсам деп,
Эсерден кордук көргүнчө,
Эми турбай качсам деп.

Качып барды бир күнү,
Атасынын үйүнө.
Көңүлү жок Багдагүл,
Кемчонтой менен жүрүүгө.
Качып барса, атасы
Кагып койду баласын.
Атасы кагып койгонсоң,
Табалбай калды чарасын.
Атасы туруп кеп айтат,
Ачууланып бек айтат:
— Кызы чыккан оңчубу,
Мындай жорук болчубу?
Жаман кыз чыгат күйөөдөн,
Жакшы деп атка кончубу?
Канткенде балам чыгасың,
Калыңга берген кою бар,
Баталашып башында,
Элге берген тою бар.
Айтканыңда ката бар,
Баарысын айтып нетейин,
Алакан жайган бата бар.
Балам мени кыйнаба,
Батаны не деп унутуп,
Учурасам батага
Тукумум менен курудук.
Ал аңгыча энтелеп,
Кемчонтой келип кеп айтат,
Биздин катын жоголду,
Көрдүңөрбү деп айтат?

Кайышып ичи бурады,
Кайненеси турабы:
«Катыныңдын Кемчонтой
Аты ким деп сурады?»
Катындын аты Багдагүл,
Кайгы тартып болгон зил.
Багдагүл атын унуткан,
Акмактыгын мындан бил.
Канчалык ойлоп таба албай,
Жабыркатты байкушту,
Асырап жакшы бага албай.
Энеси ыйлап буркурайт,
Багдагүл ыйлап зыркырайт.
Кыздын шору арбын деп,
Жеңелери чуркурайт.

Атасы ага болбостон,
Кызды оюна койбостон,
Жөнөттү кызды эрине,
Калың берген жерине.
Баарыңар кулак салыңар,
Багдагүлдүн кебине.

«Балакетке кабылдым» — деп,
Багдагүл акыл ойлоду,
Атасы менен Чонтойдун,
Ал сөзүнө болбоду.
Жадатсам деп жаманды,
Багдагүл кылды амалды.
Көтөрмөк болду Багдагүл,
Башына түшкөн заманды.

II.

Бир күнү ашын мол кылат,
Тузун ачуу шор кылат,
Бир күнү тузун кем кылат,
Көзүнүн жашын сел кылат.
Убайым тарткан Багдагүл,
Ушуну кантип эр кылат!
Бир күнү суюк — ашы суу,
Көрбөймүн деп кордукту,
«Ашты суюк кылдың» — деп,
Чонтой салат ызы-чуу.

Оной эмес Багдагүл,
Ойлогон иши нак ушу.
Бир күнү коюу бышырган,
Кутулсам деп ушундан.
Бейлин салбай оокатка,
Берекесин учурган.
Кемчонтой анда кеп айтат,
— Бузулду катын жоругуң,
Билбедиң иштин орунун.
Бир күнү ашың таптаттуу,
Ичкиң келет коюусун.
Бир күнү ашта тузу жок,
Адамдын ичер кушу[1] жок.
Бейлиңди кудай алдыбы,
Берекелүү куту[2] жок.

Багдагүл анда кеп айтат,
Баянын уккун деп айтат:
— Ашыктырдың өзүмдү,
Укпадың айткан сөзүмдү.
Энтелеп өзүң барганда,
Эсимди кудай алыптыр,
Колумдун чени ошондо,
Энемде унут калыптыр.

Айтса, айтпаса барып кел,
Энеме кабар салып кел.
Эрте барып тезирээк,
Колумдун ченин алып кел.

Кемчонтой анда турабы,
Барбоого моюн бурабы.
Багдагүл айтып койгон соң,
Буйругун эки кылабы.

Эшегин минип эпеңдеп,
Жолго чыкты тепеңдеп.
Ашыкпастан энеңе,
Аш бышымда жетем деп.
Жөнөп калды турбастан,

---

[1] Кушу — көңүлү тартпоо
[2] Кут — касиет деген мааниде

Артына кылчаң кылбастан.
Бара салып Кемчонтой,
Сөзүн айтты бир баштан:
— Кызың барып ушундан,
Акылынан адашты.
Адашканын мындан бил,
Айбан малга жанашты.
Аш кылса бир күн тузу жок,
Бир күнү ачуу шор кылат,
Бир күнү ашы супсуюк,
Минтип жүрсө кор кылат.
Бир күнү кылат буламык,
Кызыңды кемпир сынадык.
Аш кылчуу чени сизде деп,
Алпарып берип тыналык.

Биле салды куу кемпир,
Кызынын шумдук кылганын.
Эсердик кылып Кемчонтой,
Келип сурап турганын.
Кемчонтойго кеп айтат,
Келтирип сөздү эми айтат:
— Аял кылбай кайтып бар,
Мен айтканды айтып бар.
Сууну аз куйса казанга,
Тузду дагы аз салсын.
Тумшугу жок балам ай,
Талканды да аз чалсын.
Казанга сууну көп куйса,
Тузду дагы көп салсын.
Ушу сөздү айтып бар
Талканды да көп чалсын.
Башкасын Чонтой унутуп,
Аз суу, аз туз — деп келет.
Кемчонтойдун кебинен,
Артынан кызык кеп келет.
«Аз туз» деп калды баратып,
Сууну, тузду унутуп,
«Аз түш» деп алды адашып.
Аз түш деп келе жатканын,
Адамдар калат карашып.
Зөөкүрдү шайтан кысканда,
Келе жатып жолукту,

Чеч байлап кырман сузганга.
Кырманга келип калжырап,
Айтып турду «аз түш» деп.
Кырманчы урду зөөкүрдү,
«Арзан эмес бул иш» деп,
Чебердеп таяк жебеди,
«Береке чечке» дебеди.

Келтекти мындан жеп алып,
«Береке чечке» деп алып,
Кемчонтой салды жолуна.
Келбеди иши оңуна.
Чонтойду кудай атканда,
Жана түштү капканга,
Келе жатып кез болду,
Өлүк көөмп жатканга.

Жанына келип булардын,
Таңыркап келип көп турат,
«Унутам» — деп көп айтып,
«Береке чечке» — деп турат.

Тургандар буга кырсыгып,
Кемчонтойдон чыр чыгат:
— Өзүң мында келесиң,
Өлүктү байкап көрөсүң,
Бул өлүктүн үстүнө,
Бизге каргыш бересиң.
Кепке-сөзгө келбейсиң,
«Тукумуң өссүн» — дебейсиң.

Мындан Чонтой жөнөдү,
Толуп жатат өнөрү.
Бир айтканын көп айтып,
«Тукумуң өссүн» — деп айтып,

Келе жатып Кемчонтой,
Той бергенге кез болду,
Көптүгүн көрүп бул элдин,
Эстен танып нес болду.
Башында акыл-эси жок,
Балан деп айтар сөзү жок.

Эстен танып нес болду.
— Кептин жөнү мындай — деп,
Кемчонтой айтар кези жок.

Бала көрбөй зар кылган,
Бала деп ыйлап кайгырган.
Баласыз жүргөн бир чалга,
Той берип жаткан бир жанга,
Келип Чонтой жолукту,
Жолуккан жерде оолукту,
Туюнбастан кеп айтат:
— «Тукумуң үзүл» — деп айтат.
Билбеген соң сөз соңун,
Бир айтпастан көп айтат.

Жалгыз бала көрүнүп,
Тоюн берип жатканда,
Элдин баары жыйылып,
Оюн көрүп жатканда.

— Өзүң зөөкүр зарлуусуң,
Бул не деген каргышың?
Оозуңду тыйып жүрбөйсүң,
Билбейсиң шоруң арбышын.

Бул жиндини уруш деп,
Не деп карап туруш деп,
Акылы жок зөөкүрдү,
Аябай жаза кылыш деп.

Тепе-тепке алышты,
Тепкилешип салышты.
Чонтойдун шору кайнады,
Эки көзү жайнады.

Эсер Чонтой темселеп,
Эшегин минип энтелеп,
Эл жатканда үйүнө,
Жетип барды темселеп.

Багдагүл, барса, жатыптыр,
Карк уйкуга батыптыр,
Алды каткан жөнүктүн,
Азабы таштай катыптыр.

Келгенде Чонтой кеп айтат,
Улам-улам бек-айтат.
— Эми келдим ой катын,
Эшигиң ачкын деп айтат.

Багдагул анда кеп сурайт,
Байкайын кебин деп сурайт.
— Катын деген сен кимсиң,
Атыңды айткын билейин,
Тааныганда өзүңдү,
Анан ачып берейин.

Чонтойду кудай курутту,
Өзүнүн атын унутту.
Жана Чонтой кеп айтат,
Жаңыртып үнүн бек айтат.
— Эрин келдим базардан,
Эшикти ачкын — деп айтат.
Эрим болсоң атың ким?
Атыңды айткын билейин?
Кокус эрим болбосоң,
Кайдан туруп жүрөйүн.
Эсер Чонтой эси жок,
Өзүнүн атын унутту.
Чымырканып таба албай,
Чындап кудай курутту.

Чакырып жатып чарчады,
Кемчонтой атын таппады.
Атын таппай кайгырып,
Үйүнө кирип жатпады.

## III.

Кара жамгыр дабырап,
Куюп турду асмандан,
Ачып кеткен ороого,
Кемчонтой кирди шашкандан,
Таң атканча күнү жаап.
Таң сүргөндө ачылды.

Тамтыгы кетип суу болду,
Ороого түшүп жашынды.

Ал-аңгыча дүбүрөп,
Ат дүбүртү угулду,
Чоочуп кетип Кемчонтой,
Ороого башын бир урду.
Ороодон турду кокоюп,
Моюнун сунуп, сокоюп,
Мааласында кожо экен,
Бастырып өткөн ошо экен.
Анда кожо кеп айтат:
Балакеттүү Кемчонтой,
Балакетти баштадың.
Атым үркүп бул жерде,
Жыгылып кала таштадым.

«Кемчонтой» — деп укканда,
Жоготкон жогум таптым дейт,
Сүйүнүп кетип Кемчонтой,
— Түндөн бери таба албай,
Ороого бекер жаттым дейт.

Бүгүн конок болуп кет,
Таап бердиң жогумду,
Көрсөттүн мага сонунду.
Жибербеди чылбырлап,
Кармап алып кожону.

Кайран Чонтой шашпады,
Конгондон кожо качпады.
Атын алып түшүрүп,
Кемчонтой жолду баштады.

Ээрчитип барып кожону,
Өз үйүнө киргизди.
— Баракелде кожого,
Пайдасын мага тийгизди.
Отурбай катын тур деди,
Кожомо тамак кыл деди.
Баглагул коркуп жиндиден,
Шайтанга болгон мингиден,
Туруп чайын кайнатып,

Тасторконун түзөттү.
Баштагыдан Багдагүл,
Кутулар жөнүн күчөттү.

— Эт, май болсо баары бар,
Издетпей үйдөн табылат.
Кожо өңдөнгөн конокту,
Көрбөсө адам сагынат.
Азиз мейман кожодой,
Анда-санда кабылат.
Мен тамакты кылайын,
Даяр кылып турайын.
Конокко кылган кызматтан,
Кантип моюн бурайын.

Аздык кылат отунуң
Отунга ылдам барып кел,
Суу эмес, кургак отундан,
Ашыкпастан алып кел.

Кемчонтой кетти отунга,
Кызматын айтып катынга.
Кемчонтойдон Багдагүл,
Кутулуунун дартында.

Эт, май үйдөн табылып,
Тамакка турду камынып.

Кемчонтой барып отунга,
Арканга бекем таңыптыр,
Келе жатат элеңдеп,
Арбын отун алыптыр.
Төш жары келген курч темир,
Багдагүл отко салыптыр.
Отко салган темирге,
Коногу айран калыптыр.
Катындан кожо сурады,
— Кабарын айтчы келиним,
Алда кандай шумдуктуу,
Отко салган темириң?
Багдагүл анда кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат:

— Кемчонтой курсун кеби бар,
Кеңешип бүткөн эби бар.
Кемчонтой теги оңбогон,
Тамагы бекер болбогон.
Алдап келип далайды,
Эстен кеткис кордогон.

Аш-тамакка тойгузуп,
Нечеңди Чонтой байлаган.
Көчүккө басып темирин,
Далайдын шору кайнаган.

Кожо турду секирип,
Мурун турган шекинип,
Чыга качып эшиктен,
Келгенине өкүнүп.

Келе жатып Кемчонтой,
Кожонун көрду качканын,
Артын карап кылчаңдап,
Коркондой болуп шашканын.

Кемчонтой кесир келгиче,
Келип үйдү көргүчө,
Аш-тамагын бекитип,
Карап турган Багдагүл.
Кемчонтойдон ар качан,
Жадап турган Багдагүл.
Кутулсам деп зөөкүрдөн,
Самап турган Багдагүл.
Багдагүл туруп кеп айтат,
Келтирип сөздү эми айтат:
— Аш-тамактан калтырбай,
Алып кетти — деп айтат.
Кожоң менен куруп кал,
Этке, майга тойгон жок,
Эч болбосо арттырып,
Анча-мынча койгон жок.

Жарты нанды жашырып,
Алып калдым мен зорго.
Бардык майды үйдөгү,
Алып кетти ал кожо.

Чакырып алып кожону,
Жакшылап туруп кеп салгын,
Майда сенин акың көп,
Матырып нанды жеп калгын.
Багдагүлдөн Кемчонтой,
Нанды алды колуна,
Кожокелеп чакырып,
Коноктун түштү соңуна.
Чонтойдун үнүн укканда,
Кайрылып кожо караса,
Кемчонтой нанын көрсөтөт,
Сонун кызык тамаша.
— Бул нанымды кожоке,
Матырып майга салайын,
Анан кийин өзүң ал,
Нанымды малып калайын.

Тентек Чонтой тим турбай,
Темирин алып келет деп,
Артына басса темирин,
Көчөдө кожо өлөт деп.
Качып калды турбастан,
Артына кылчаң кылбастан,
Үйүнө барды темселеп,
Артка моюн бурбастан.
Катын чык үйдөн бат деди,
Жашырып мени кат деди.
Үйүнө барды темселеп,
Кожо калды жашынып.
Кемчонтой андан адашып,
Тентип кетип жоголду,
Эшегинен айрылып,
Канчалык болду коромжу.
Акыл, эси болбогон,
Башына тиет кесири.
Көргөн менен пайда жок,
Көзүң тамдын тешиги.
Акыл менен иш кылат,
Адамдардын жетиги.
Эмгек болот өмүрдө,
Адамдардын кесиби.

## КУШТАРДЫН АҢГЕМЕСИ

### I

Сөз айтамын билдирип,
Уккандарды күлдүрүп.
Айткан сөздүн аягын,
Жегичтерге тийдирип.

Өткөн заман өзүндө,
Күйгөн сөз кетпейт эсимде.
Бары куштун жоругу,
Мааниси болот сөзүндө.

Куш экиге бөлүнөт,
Ирети менен келинет.
Жол-жобосу айтылып,
Анык көзгө көрүнөт.

Бирин айтат боз куш деп,
Бирин айтат суу куш деп,
Боз кушунан сөз келет,
— Кысылды биздин турмуш — деп.

Булбул сайрап кеп айтат,
Кеп айтканда бек айтат:
— Кеңеш кылып кеп салам,
Кебимди ук журтум — деп айтат.

Жыргап жатат суу кушу,
Көлгө барып ойноду.
Суудан болду коргону,
Буга эч жамандык болбоду.

Кырсык бизди торгоду
Жырткычтар бизди койбоду.
Четке чыккан жан болсо,
Бири да аман болбоду.

Жагалмай менен турумтай,
Чакмак алып ойноду.
Кыргый деген кыйратып,
Кыйла чымчык сойлоду.

Өрттөнгөн кыргый өксөтүп,
Өмүрүнчө тойбоду.
Ушул турган боз кушка,
Убал жок деп ойлоду.

Ителги менен ылаачын,
Канча жанды кыйратты.
Катын менен баланы,
Кан какшатып ыйлатты.

Карчыга деген кушу бар,
Кадиксиз мерген ушу бар.
Калктын баарын кыйратып,
Канынды төккөн ушулар.

Бүркүт деген зору бар,
Биз үчүн жайган тору бар.
Азабы көп боз куштун,
Арылбай турган шору бар.

Таз кара менен жору бар,
Ал дагы бизге душмандар.
Баары боз куш баш коштуң,
Ынтымактуу болуңар.

Көк жору менен ак жору,
Көрүнөө бизге зордукчу.
Четинен серпип жеп кетет,
Мындан да көрдүк кордукту.

Ак сары менен бөктөргү,
Аңдыганы балапан,
Аман-эсен төл кирбей,
Кырылды мындан кыйла жан.

Бүркүттөн зору буудайык,
Күн көрбөй мындан куурадык.
Кулак, угуп көз көргөн,
Ушул иш кимге ылайык.

Куш төрөсүн туйгун дейт,
Туйгундан кийин тунжур дейт.
Атак берип өзүнө,
Катылсаң бизге курдуң дейт.

Ителгинин улугун,
Илеси артык шумкар дейт.
Кыргыйдын зорун шумпай дейт,
Турумтай зорун кумпай дейт.

Ылаачын чоңун баарчын дейт,
Баарчын төксө каарын дейт,
Тумшугу жок боз кушу,
Аман калбайт жаның — дейт,
Акпай койбойт каның дейт.
Четтен келсе кыйратат,
Карчыга деген залим дейт.
Күйкөнүн чоңу таканак,
Аңдып жүрөт бакалап.
Акырын жүрүп жеп кетет,
Ал дагы бизди такалап.

Тоодон жеди уларды,
Тоздуруп койду буларды.
Каргашалуу бүркүттөн,
Кара жан тынчып турабы.

Боздон жеди тоодакты,
Боздотуп кырды оолакты.
Кара боор кекилик,
Кача албай жүрөт бекинип.

. . . . . . . . . . . .

Өтөбүз ыйлап өкүнүп.
Карчыга жүрөт сактанып,
Үкүгө жүрөт актанып,
Карчыганы балам — деп,
Үкү жүрөт мактанып.

Карчыга коркот үкүнүн,
Балбылдаган көзүнөн,
Үкүнүн сырын уксам дейт,
Айтгырып көрүп сөзүнөн.

Карчыга туруп кеп айтат,
Кеп айтканда көп айтат.
— Калтырбай сырың айтып бер,
Кайратың кандай — деп айтат.

Үкү аке сенде көз мындай,
Үү деген кайрат сөз мындай.
Жан казандай баш мындай,
Көзүнду жабат каш мындай.

Каңшардуу мурдуң порумдуу,
Көрбөдүм мындай сонунду.
Үү деген үнүң баспайсың,
Жумган көзүң ачпайсың,
Кайратың кабат көрүнөт,
Жандан коркуп качпайсың.
Салтанатың башкача,
Эч алдырып шашпайсың.

Сыпатың көрктүү балбандай,
Тырмагың болот канжардай,
Сырыңды ата угайын,
Өзүң мындай ал кандай.

Анда үкү сыр айтат,
Анык сырын чын айтат.
Үксүйүп туруп үкү акең,
Карчыгага муну айтат:

— Үкү акеңде дарман жок,
Үү деген үнү болбосо.
Үксүйгөн жүнү болбосо.
. . . . . . . . . . . . .

Үкүнүн сырын уккан соң,
Карчыга карап турабы?
Кан соргучтун тукуму,
Жемин жебей турабы.
Тойбогурдун тукуму,
«Тойдум» — деп тоопук кылабы?
Ээн жеп көргөн карчыга,
Жемишин жебей турабы.

Карчыга басып үкүнүн,
Оюп кирди төшүнөн,
Үкү акенден сөз келет;
— Угуп байка сөзүнөн.
Үкү аке анда көп айтат,
Өткөрүп сөзүн эми айтат:
— Бала эмес экен балакет,
Башымды жутту — деп айтат.

Канатың кайкы тууганда ботом,
Кан менен бутуң жууганда, ботом,
Тумшугуң ийри тууганда ботом,
Түңүлдүм эле карчыга ботом.
Ак сүтүмдү кечпеймин ботом,
Тилегиңе жетпейсиң ботом.

Үкүнүн арка жагынан,
Кеңешин кылып жаңыдан
Бөдөнө, чил бөлүндү,
Күзгү салкын болгондо,
Кыйратат келсе кыргый деп,
Ойлоп жүрөт өлүмдү.

Кыргоол жүрөт токойдо,
Кара башын катынып,
Мунун да арбын шору бар,
Карчыгадан жашынып.

Торгой менен булбулду,
Тоздуруп салды кургурду.
Жандын баарын бүлдүрүп,
Жамандык кылса бул кылды,
Каргашалуу карчыга,
Качкан жанды тындырды.

Сасык үпү, күкүктү,
Айдап жүрүп үркүттү.
Тамтыгынды кетирип,
Талайынды туздап сүрсүттү.

Чабалакей, карлыгач,
Учуп жүрөт зыпылдап,

Кооп кылып булар да,
Коркуп жүрөт кыпылдап.

Алар да аман калган жок,
Арзан бүлүк салган жок.
Булбул чечен сайрады,
Бул сөзүндө жалган жок.

II

Чымчыктын баары чыркырап,
Кулак тунуп чуркурап,
Илбесиндин баарысы,
Ыйлап жүрөт буркурап.

Көк моюн таан, көгүчкөн,
Кайра тартпайт өлүштөн.
Ала карга, сагызган,
Аран жүрөт намыстан.

Коңкулдап ыйлап чар келди,
Чардын сөзү шар келди.
Кайрат кылып кайран чар,
Боз кушуна жар берди.

Ала дуңган, көк тамак,
Айтылып өтсүн бир сабак.
Койчу кара, таталбек,
Козголуп өтсүн далай кеп.

Тоодак менен кара кур,
Болуп өткөн нечен чыр.
Боз кушунун күйгөнүн,
Баштан аяк угуп тур:
Куркулдай менен короолу,
Бурбай жечү коногу.
Кан ичердин ар канча,
Болуп жатат домогу.
Боз таркылдак, таранчы,
Кыргыйектин азыгы.
Эжеке, бээ саа, жарганат,
Эч кимге жок жазыгы.

Жылкычы, кучкач жымыйып,
Кубанып турду кымыйып.
Чакылдаган чакчыгай,
Күлүп турду муну угуп.
Боз кушу келип болгон соң,
Булбул чечен сайрады,
Баштан аяк уктуруп,
Баарынын көөнүн жайлады.

— Турбайлык мындай чууга — дейт,
Кылалык кеңеш буга — дейт.
Кара жанды калкалап,
Кетелик көчүп сууга дейт.

Суу кушунун баарысын,
Көп жашаган карысын,
Талапка кудай жеткирсе,
Табайын дейт дарысын.

Суунун кушун коноккo,
Жан калтырбай чакырды,
Башчысы кууну келтирди,
Кара кунас баатыры.

Боз куштан суу куш аз келди,
Өрдөк, чүрөк, каз келди.
Жер жарылып чөп чыгып,
Бул мезгилде жаз келди.

Аңыр келди аңкылдап,
Айтып сөзүн даңкылдап.
Анын арка жагынан,
Тартар келди такымдап,
Эчки маарак, кашкалдак,
Ызгыч менен ак чардак,
Канаты жаман кара каз,
Көлдүн четин булгаган.
Куунун кылган жарлыгын,
Бул дагы эки кылбаган.

Ызгыч келди ырсылдап,
Баарынын арка жагынан,
Боз куш менен суу кушу,

Кеңешин кылды абыдан.
Булбул чечен кеп айтат,
Муңун-зарын эми айтат:
— Кел мында баатыр куу төрө,
Арзымды уккун — деп айтат:
Бүлүнгөнү кеп болду,
Бизге кыйын эп болду.
Азапты таштай катырып,
Карчыга бизди жеп койду
Ынтымакка келсеңер,
Суудан орун берсеңер.
Туугандыктын жөнүнөн,
Ушу сөзгө көнсөңөр.

Ийри тумшук, курч тырмак,
Душманыбыз көбөйдү.
Суу болбосо жан калбайт,
Көрсөттү далай өнөрдү.
Суу жалгыз сенин сууңбу,
Көпчүлүктүн суусу — дейт.
Кеңешип бизге орун бер,
Суу кушунун куусу — дейт.

Куу туруп анда кеп айтат:
— Кутурбаңар — деп айтат.
Аз деп бизди кордобо,
Өзүңдү-өзүң зордобо.
Чырпык өзүн талмын дейт,
Чымчык өзүн жанмын дейт.
Каадаланып өзүнчө,
Кароолу өзүн ханмын дейт.
Булак өзүн көлмүн дейт,
Көл турсун аккан селмин дейт.
Даражасын көтөрүп,
Ташбака өзүн элмин дейт.
Үңкүр өзүн үймүн дейт,
Чымын өзүн биймин дейт.
Жаман журтка туш болуп,
Чымын жүрөт чыңылдап,
Чиркей жүрөт кыңылдап.
Мунун баары жансынып,
Өз-өзүнө бармын деп.

Кузгун турат карыңар,
Буга кеңеш салыңар,
Суу менен бирлик орунду,
Ынтымак менен алыңар.
Булбул турат чеченден,
Торгой турат эшенден,
Элге журтка эп айтып,
Куунун сөзү басылды,
Адилдик менен айтты деп,
Калктын чери жазылды.

Кузгунга жалгыз кеп калды,
Карыя кузгун деп калды.
Булбул чечен сайрады,
Калктын жөнүн жайлады.
Айтпаган кеби калбады,
Кебин журту танбады.

Кары кузгун калыс деп,
Калыстыкка алышты.
Кеп-кеңештин баарысын,
Карт кузгунга салышты.

Кузгун калды жымыйып,
«Кудай мага берди» — деп,
Элдин баары ишенип,
Иши мага келди — деп.

Булбул турат шаңкылдап,
Кузгун аба сүйлө — деп,
Бузган, бурган бузуктун,
Бузганына кирбе деп.
Качып жүрүп бекинип,
Кара кунас, көк кытан,
Илегилек, чөкөтаан,
Кызыталак жырткычтан,
Кырылып кетти канча жан.

Белен жеми безбелдек,
Качпаган жеми кашкалдак,
Карап койгон жан барбы,
Биздин башты тең кармап?

Ак сакалың кузгунду,
Айдап жүрүп мыш кылды.

Кандайча бизди жаратып,
Бул мээнетке туш кылды?

Көгүчкөн менен бабырган.
Кутулбады жабырдан.

Үкү деген ыйык бар,
Тил билбеген кыйык бар.
Күндүз көзү көрбөгөн,
Өз билгенин бербеген,
Ырысы жок мына ушу,
Ынтымакка көнбөгөн.
Баласын таштап бул үкү,
Карчыганы багыптыр.

Карчыганы асырап,
Бала кылып алыптыр.
Бузганына кирбе деп.
Кузгун кирди кеп баштап,
Кеп баштаса деп баштап:

— Миңге чыккан карыңмын,
Улууңармын баарыңын,
Бий болуучу мырзаңдын,
Мен билбеймин аныгын.
Анык жерден уктуруп,
Айтып берсем тарыхын.

Турнаны биз бий кылсак,
Жөн жүргөндө чуусу көп,
Кырсык баштан кетпейтко,
Кууну каалап бий кылсак,
Сууга кетет чөмүлүп.
Жалгыз жанга көрүнбөй,
Жатып калат көмүлүп.
Тоодакты шайлап бий кылсак,
Бозго кетет бөлүнүп.
Көпчүлүктүн ичинен,
Бир да келбейт көрүнүп.
Мурду оңколуу сулууча,
Кара жигит ким деген?
Сурадым жөнүн силерден.
Айлыбыз жакын жүрбөгөн,

Ушу кимдин баласы?
Бар сыпатын карачы.
Бир бий болсо бул жигит,
Бий болуучу бала экен.
Сурадым жөнүн силерден.
Мен карыган билбеген,
Тааныбаймын шону — дейт.
Укканым жок сөзүн — дейт,
Аңдап көрсөм артыкча,
Акыл-эси даана экен,
Аңдап көрчү балдарым,

Айлачыл болор бала экен.
Элге-журтка эп болсо,
Мен бийлеген кеп болсо,
Бий кылсаңар канетет?
Бийлик берип балага,
Сый кылсаңар канетет?

Кары кузгун кеп айтты,
Как ушундай деп айтты.
Өз баласын көрсөтүп,
Өрнөгү бузук кеп айтты.

. . . . . . . . . . .

Теңдикке кузгун келбеди,
Баласын сүйлөп өлбөдү.
Баласынан башканы,
Жан ордуна көрбөдү.

Кузгун курсун кеп эмес,
Бул айтканы эп эмес,
Башка кеңеш кылалы,
Жайланып жакшы тыналы.

Кузгун болсо жыйындын,
Чыгып калды четине.
Пейли бузук каткан чал,
Баласын кармап бетине.
Мунун баары жанмын дейт,
Өз үйүндө ханмын дейт.

Зордугуна көнбөйбүз,
Залимге орун бербейбиз.
Көпмүн деп бизди кордосоң,

Кепке-сөзгө келбейбиз.
Абалкы кепти өткөрүп,
Армандуу болуп өлбөйбүз.

Айыкпаган чыр турат,
Айтып өлчөөр сыр турат.
Ортобузда талашкан,.
Бийлик менен суу турат.
Үмүт кылып бийликтен,
Тоодак менен куу·турат.

III

— Суунун сайып башына,
Бийликти коюп кашына,
Ат жарышты салалы,
Армансыз болуп калалы.
Талашпай сууну, бийликти,
Чыкканыбыз алалы.
Учкан куштан тандайлы,
Армандуу болуп калбайлы.
Болом деген боз кушу,
Ушул сөздөн танбайлы.
Булбул чечен шаңкылдап,
Сайрап турду элине.
Эми ишенип кебине,
Келтирди ишин жөнүнө.
Суу кушунан тандалып,
Кыл куйрук чыкты камданып.
Боз кушунан кара боор,
Бу да чыкты тандалып.
Чыкканы байге алышка,
Калганы куру калышка.
Карлыгач чыкты калыска,
Айдады атты алыска.
Бузулбасын бул иш деп,
Бул иш болду дурус деп,
Албан түрдүү кеп айтып,
Булбул чечен сайрады,
Булбулдун кылган чегине,

. . . . . . . . . . . .

Учкулдугу жанда жок,

Карлыгач атты айдады.
Болжогон жерге жеткирип,
Кайтарды атты алыстан,
Учкучуңар чыгыңар,
Ушу бүгүн жарыштан.
Кайра тарткан жеринде,
Кара боор капылдап:
Жел көтөрүп канатын,
Жеткирбеди зыпылдап.

Бул кара боор чыгат деп,
Чыккан сууну жыгат деп,
Кара боор чыкты деп,
Калктын баары угат деп,
Кара боордон калат деп,
Байгени боз куш алат деп,
Суу кушунун убалы,
Мойнумда кантип калат деп,
Кыл куйрук шумдук ойлонду,
Кара боорду торгоду,
— Тамак жебей карыштың,
Алыс жерден жарыштың.
Жарышам деп алыстан,
Чаңкап суусап чөлдөдүң,
Учуп жүрүп асманда,
Уйку бетин көрбөдүң.
Сен кумга конуп салкында,
Таранып жүнүң жалтылда,
Азыраак конуп дем алып,
Анан учуп шартылда.
Мен көлгө барып коноюн,
Көлдөп жыргап оңоюн,
Талыкпастан таранып,
Тамакка мыктап тоёюн.
Ага чейин артыңдан,
Карлыгач келет калыстап,
Карын тойбой жарышып,
Каржалып калдык алыстап.

Кыл куйруктун бул сөзү,
Кара боорго эп болду,
Алдатып салды куйрукка,
Аңгемелүү кеп болду.

Куйрук конду көлүнө,
Чүмүлө турган жерине,
Ойлонбой куйрук шумуна,
Кара боор конду кумуна.
Ашып-шашып кара боор,
Кумда оонап таранды,
Кандай иш кылып жатат деп,
Куйрукту суудан карады.
Караса суудa куйрук жок,
Мындан кыйын шумдук жок.
Көрүнбөстөн бөгүнтүп,
Суу түбүнө чүмүптүр,
Какеңди алдап салыптыр,
Эчак кетип калыптыр.
— Алдатып салдым итке — дейт,
Капалык түштү ичке — дейт.
Какайып учуп зыпылдап,
Кара боор барат кыпылдап.
Армандуу болуп калыптыр,
Артынан жетип барыптыр.
Байгеге жакын барганда,
Карасы жакын калганда,
Кужурлуу[1] жаны кашайып,
Кубалап жаңдап калыптыр.
Кара боор калып калды деп,
Калыстар айтып салыптыр.
Бийлик менен сууну бүт,
Суу куштары алыптыр.
Кара боордун калганын,
Тоодак айтат арманын:
— Куу төрө бизден сууну алды.
Арылбай турган чуу салды.
Кошуп алдың бийликти,
Кылбадың оокат тирликти.

. . . . . . . . . . . .

Кыйналбай мындай барышка,
Кыйын элем жарышка,
Акмактык кылып кара боор,
Алдатып ийдиң куйрукка.
Кара боор оңбоссуң,
Кайгырттың биздин жүрөктү,

[1] *Кужурлуу* — кайраттуу деген мааниде.

Карчыга куштан кутулбай,
Канчалык кылдың дүмөктү.

Ат жарыштык арман жок,
Ал сөздө арман калган жок.
Кубанып турган кезиң бул,
Куу төрө бийлик кут болсун,
Воз куш менен суу кушу,
Ынтымак кылып журт болсун!
Ким ойлобойт айланы,
Журтка келчүү пайданы.
Буюрган ишке айла жок,
Куу төрө алдың байгени.

Тандайы таңшып жарылган,
Чечендин баары менде эле.
Таң атканча сайраган,
Нечендин баары менде эле.
Үнүн баспай уу деген,
Эшендин баары менде эле.
Аярлык менен алдаган,
Түлүктүн баары менде эле.
Кыргый кууса жеткирбес,
Күлүктүн баары менде эле.
Ыгы менен сүйлөгөн,
Жүйрүктүн баары менде эле.
Сары атан салкын шамал жок,
Буйрук ишке амал жок.
Өткөн иш өтүп кетүүчү,
Өткөн иш келер заман жок.
Өзүм барбай жарышка,
Мага бул иш чала дейт.
Дагдырга барбы чаара дейт.
Вийлеттим куура башымды,
Алдырдым өлөң сазымды.
Карчыга менен ылаачын,
Сурамак болду жашымды.
Калтырып кеттиң бийликтен,
Турна деген тазымды.
Бир иш өтүп кеткен соң,
Куу максатка жеткен соң,
Көөнүң келсе бий кылгын,
Каркылдап жүргөн казыңды.

Арманын, муңун калтырбай,
Айтып тоодак басылды.
Ңара жаны калбады,
Ңара боорду каргады:
Ңара боор оңбогун,
Ңатсын таштай бооруң.
Жарышка салган башында,
Арбын го менин да шорум.
— Айыкпасын ооруң — дейт,
Ңарарып калсын бооруң — дейт.
Ңыска болсун күнүң — дейт,
Ңызыл кум болсун жериң — дейт.

## ЖЕР ЖАНА АНЫН БАЛДАРЫ

Бир-бир баштан баяндап,
Билдирип өтөм кабардап.
Эң биринчи жол алып,
Жамгыр сөздү баштады.
Өзүнүн боюн көтөрүп,
Айтар сөздөн шашпады.

жамгыр:

— Дүйнөнү бүтүн жашарткан,
Менден башка кайсың бар?
Жашартканың бар болсо,
Жашырбастан айтыңар!
Желип өткөн жеримен
Жер тамыры жазылат.
Басып өткөн жеримен,
Байчечекей ачылат.
Жер жүзүнө бир бүтүп,
Менин нурум чачылат.
Асмандан төгүп тунук суу,
Жерге берем тирчилик,
Жер жүзүнөн жай алган,
Элге берем тирчилик.
Жаратылган ар түрлүү,
Жанга берем тирчилик.
Баарына көк чөп жедирип,
Малга берем тирчилик.
Дыйкандар айдап көгөрткөн,
Данга берем тирчилик.
Аркар, кулжа, ак кийик,
Аңга берем тирчилик.
Кургак чөлдө суусаган
Куланга берем тирчилик.
Басып турар буту жок,

Жыланга берем тирчилик.
Курт-кумурска жана да,
Көпкө берем тирчилик.
Жер жүзүндө ар түрдүү
Чөпкө берем тирчилик.
Өзүнө куйган өзөн жок,
Көлгө берем тирчилик.
Эл барыктабай кууратан,
Чөлгө берем тирчилик.
Ушул чөлдү сактаган —
Элге берем тирчилик.
Кумду майдай балкыткан,
Ташка берем тирчилик.
Ар бир жандын өзүнө,
Башка берем тирчилик.
Жаабай койсом бир жылга,
Жандын баары кысылат.
Эки жылга жетпестен,
Элдин баары бузулат.
Саздар кургап таш болот,
Жандын төлү аз болот.
Кабыгы менен бүт куурайт,
Карагай, кайың, терек, тал,
Өнбөй калса, жерде чөп,
Өлүп бүтөт барча мал.
Эгин, чөп жерге өнбөсө,
Кысылып бүтөт канча жан.
Суу мактанат — «агам» — деп,
«Жандын баарын багам» — деп.
«Бардык жанды бүтүндөй,
Багууга келет чамам» — деп.—
Андай эмес, суу эне,
Колуңдан келбейт жеп-жеке.
Сага менден жардам бар,
Менден жардам болбосо,
Ага албайсың мындай шар.
Кудугуң кургап ным калбайт,
Булагың кургап суу калбайт.
Кара суу акпай жер соруп,
Балчык болуп жуурулат.
Жан-жаныбар кысылып,
Заманасы куурулат.
Жер жүзүндө суулардын

Себеби менден булардын.
Менден жардам болбосо,
Өзөнүң кургап сай болот.
Мактанбагын суу аке,
Баарындын жолуң байланат.
Калкайып калың кар жатат.
Кара тоонун башында.
Боройлоп согуп буркурап,
Булут туман кашында
Бул дагы менин жолдошум.
Ар качан менин кашымда —
Жамгыр айтып токтолду,
Суунун сөзү козголду.
Дарыя-көлдөр чайпалып,
Жамгырга карап октолду.

СУУ:

— Жамгыр өзүн сел ойлойт,
Кудук өзүн көл ойлойт.
«Толтурам» — деп, — деңизди,
Кесирдүү сөзүн түк койбойт.
Дүйнөгө бүт чырмалып,
Деңиз жатат сел болуп.
Жер жүзүндө нечен суу
Кошулуп жатат көл болуп.
Атагың — жамгыр, өзүң — суу,
Аңгемең сенин мына — бу.
Мактанбагын өзүңчө,
Деңизден чыккан сен бир буу.
Анык жери күркүрөп,
Асманда булут дуулаган,
Дарыя, деңиз көлдөрдөн
Сурап булут, суу алган.
Асманды курчап бүркөлүп,
Суу алган булут куралган.
Мактанбагын жамгырым,
Деңиздин сен да суусуң.
Алып келген булуттун,
Суусу турсун буусусуң.
Жайыраак жааса жымылдап,
Адам сүйүп кымылдап.
Катуу жааса бургактап,

Борошолоп шыбыргак,
Күн күркүрөп тарсылдап,
От чагылып жаркылдап.
Арыктар толуп жымылдап,
Ан сайын төгүп шыбыргак.
Мөндүрдүн баары сел болуп,
Талаанын баары көл болуп,
Адырдын баары жер болуп,
Агын суулар шар болуп,
Күндүн көзү тутулуп,
Мөңгүнүн башы бузулуп,
Булут минтип алышкан,
Мунун баары күч менен,
Тарсылдап асман атышкан,
Жаандын баары күч менен,
Мунарык туман кубарган,
Жердин жүзү тунарган.
Мунун баары мурунтан,
Булуттун күчү куралган.
Булут көчүп бузулуп,
Бирине-бири урунуп.
Ачык туруп асман, жер,
Айланып булут курулуп,
Күн күркүрөп тарсылдап,
Чагылган учуп жаркылдап,
Булут көчүп бүлүнүп,
Кызыл мунар көрүнүп.
Сыдырым сыргак жел болгон,
Жердин баары сел болгон,
Себеби булут тумандан,
Жел соккон кызыл мунардан.
Суудан бул сөз чыкканда,
Бул сөздү жамгыр укканда,
Сөз айтпастан токтолду,
Экинчи сөзү жок болду.
Эми шамалдын келди кезеги,
Үчүнчү болуп эсеби.
Шамал сууга кеп айтат:

ш а м а л:

— Шаркырабай, үнүңдү,
Баса тургун деп айтат.

Мен кызмат кылдым өзүңө,
Кулагың салчы сөзүмө,
Сага кылган жардамым,
Көрүнбөдү көзүңө.
Албай кетип барасыз,
Ансайын күчөп эсиңе.
Эсирбегин мактанып,
Эми тийдиң безиме.
Көккө чыкса бууланган,
Жерге түшсө дууланган,
Булут менин колумда.
Түшкөн жери бууланган,
Сыбызгы, сыргак соккон жел,
Мунар менин колумда.
Күндүн жүзүн бүркөгөн,
Туман менин колумда.
Асманда жүргөн жаркырап,
Айдын нуру колумда,
Көктө жүргөн жаркырап,
Күндүн нуру колумда.
Кезегимди кетирбейм,
Тополоң салып заркырап,
«Шамал келип калды» — деп,
Качат баары чуркурап.
Булут, туман мунарык,
Болду түшүп колума.
Ар кимисин ар сайдан,
Айдап салам жолуна.
Эч бир нерсе чыдабайт,
Кайратымдын зоруна.
Сары атан жайды кыш кылам,
Калсын деп атак соңума.
Мен каарымды төккөндө,
Булактын баарын муз кылам.
Эсиңден чыккыс иш кылам.
Суукту салып ушундай,
Суу аке, сени мыш кылам.
Мактанасың сүйлөйсүң,
Баркымды неге билбейсиң?
Чеберсинип мактанып,
Жөнүң менен жүрбөйсүң.
Сары атан жайды кыш кылган,
Шамалдын сөзүн ким дейсиң?

Береке шамал, булутта,
Же муну көзгө илбейсиң.
Сенин шаркыраган добушуң
Шамалдын салган айласы.
Суу аке, түк да билбейсиң,
Шамалдын ушу пайдасы.
Кыш чилдеде күтүнөм,
Кызматымды бүтүрөм.
Бөксөгө чыгам бөлүнүп,
Эл көзүнө көрүнүп.
Сага жардам кылгандан
Жатпайм түк да эринип.
Ала-Тоо башын кураймын,
Аянып карап турбаймын.
Сага жардам кылгандан
Тартынып башым турбаймын.
Тоонун башын тунартып,
Оңой жардам кылбаймын.
Калдайган мөңгү муз кылып,
Кардын баарын жыйнаймын,
Карды жыйнап тоо кылып,
Кайратымды сындаймын.
Токсон чилде чыкканча,
Тоо башынан жылбаймын.
Кайратың сенин ушубу?
Суу аке, кылба кусурду!
Мелтиреген көк жалтаң,
Бетинден көрдүм нуруңду,
Кантээр айла таба албай,
Кара жаның кысылды.
Көйрөңдүк кылып мактанба,
Көргөн күнүң ушубу?
Токсон чилде кеткенче,
Чың этип үнүң угулбайт.
Суук чилдеде сенделип,
Сендей пенде чыга албайт.
Токсон чилде кыш өтүп,
Жадырап жайнап жаз жетип,
Мелтиреген бетиңди,
Басып жаткан муз кетип.
Жөө туман тарап бөлүнүп
Жердин жүзү көрүнүп,
Торгой сайрап тил ачып,

Күкүк сайрап үн ачып,
Булактын көзү сызылып,
Бөксөдөн мөңгү бузулуп,
Калп айтпагын озунуп,
Кардын баары кошулуп,
Киресиң анан тилиңе,
Тийбей жүр менин жиниме!
Адамдар сүрдөп бара албай,
Күрүлдөгөн үнүңө.
Күчүң болсо суу ана,
Күзүндө неге кирбейсиң?
Мактанасың сүйлөйсүң,
Баркынды өзүң билбейсиң.
Токсондун күчүн токтотуп,
Кышында неге кирбейсиң?
Түк жумуш келбейт колуңдан,
Мактанып неге сүйлөйсүң?
Торгой сайрап тил ачты,
Булбул сайрап үн ачты.
Жазда баары жашарып,
Байчечекей гүл ачты.
Сары атан жайлоо өткөнчө,
Салкын күз сызып жеткенче,
Ала-Тоонун башынан
Калкайган карлар кеткенче,
Асмандан түшүп буу келет,
Алда канча суу келет.
Калкылдап агып кар келет,
Кардын суусу шар келет,
Бөксөдөн мөңгү бузулат,
Бул да келип кошулат.
Күрүлдөп үнүң басылбайт,
Күкүк болуп күүлөнүп,
Айбаттана түшөсүң,
Ала-Тоодон кар эрип,
Бул шамалдын кылган жардамы,
Алда канча сүр берип.
Шамалдын баркын билбейсиң,
Мактанасың сүйлөйсүң.
Баркыңды өзүң ойлонуп,
Аян кылып жүрбөйсүң.
Менин башкача кылган өнөрүм,
Байкаймын иштин келээрин.

Таң атарда сыбызгы,
Күн батарда муздак жел,
Баарысы менин колумда —
Чалкайган тиги салкын төр.
Жан-жаныбар жалпынын,
Черин жазат сыбызгы.
Эрте турган адамдын
Көөнүн ачат сыбызгы.
Кечки соккон сыргак жел,
Бул да жазат черинди.
Аба адамга пайдалуу,
Сактайт жакшы деминди.
Эрте-кеч жүрсөң салкындап,
Көтөрөт сенин көөнүңдү.
Өзүм болсо токтобой,
Көп кечикпей жетемин,
Сасык-бузук жыт болсо,
Айдаган бойдон кетемин.
Көп кечикпей барганым,
Көпкө кылган жардамым.
Жаман жытты жолотпой,
Алыс айдап салганым.

Суу:

— Мактанбайм — деп мактандың,
Өзүңдү айтып актандың.
Сен жобурап сөзгө киргенде,
Жолунду тоспой сактандым.
Аккан суу менин атагым,
Эч кимге жок чатагым.
Эч ким менен чырым жок,
Аккан бойдон жатамын.
Муздактан музду эритип,
Сайдан чыгат аккан суу,
Адам айран калгандай,
Жайдан чыгат аккан суу,
Өзүндө кубат болбосо,
Кайдан чыгат аккан суу?
Күнү-түнү тынбастан,
Агып турат аккан суу.
Жандын баарын суусатпай,
Багып турат аккан суу.

Ичкен жанга дем берип,
Жагып турат аккан суу.
Жан бүткөндүн баарына
Насип болгон аккан суу.
Жардам берип баарына,
Азык болгон аккан суу.
Жүзү, колун жууганда,
. . . . . . . . . . . .
Таза кылат аккан суу.
Түгөнбөстөн токтоосуз,
Келип турат аккан суу.
Түк токтобой ырыскы,
Берип турат аккан суу.
Эгин эккен жерлерге,
Келип турат аккан суу.
Буруп алсаң оюңа,
Көнүп турат аккан суу.
Сугарган эгин суналып,
Өндүрүп турат аккан суу.
Суусаганда жагымдуу,
Балдан таттуу аккан суу.
Баркын билген адамга,
Абдан таттуу аккан суу.

От:

— От болуп чыктым жаралып,
Огтук таштан таралып.
Табым ысык күйдүрөт,
Жандын баарын сүйдүрөт.
Айтып бергин сырыңды.
Бизден өйдө жериң жок,
Жашырып калаар кебиң жок.
Текебер көп өзүңдө,
Күрүлдөйсүң чениң жок.
От туруп анда сүйлөдү:
Шамал сууну сүйбөдү,
— Текебер — деп өзүмдү,
Айтып өттүң бир катар,
Тескери айтып сөз менен,
Чарпып өттүң бир катар.
Шамал мага кызматчы,
Өчкөн болсом күйдүрөт,

Жарыгыма кубанып,
Баркымды журтка билдирет
Караңгыны балкытып,
Шамдай кылам нур менен.
Ишене бер сөзүмө,
Ишим болбойт чыр менен.
Тоңгондорду эритем,
Үшүгөндү жылытам,
Чийки болсо бышырам,
Бышык болсо күйгүзөм.
«От адамга эрмек» — деп,
Барлык элди сүйгүзөм.
Канча жандын баарына
Кадырымды билгизем.
Жандын баарын кубантып,
Кабагын ачык күлгүзөм.
Баары жоктун баарына.
Пайдамды артык тийгизем
Асмандагы жаркырак,
Айдын нуру өзүмдө.
Айтсам чыкпайт эбимден,
Ай дагы менин сөзүмдө.
Көпчүлүктү жыргаткан,
Күндүн нуру өзүмдө.
Күйдүр десем күйдүрөт,
Күн дагы менин сөзүмдө.
Мактанбаймын баары чын,
Адилдик бар өзүмдө.
Ашык сөздү айтпаймын,
Айыбым жок өзүмдө.
Баары журттун шамымын,
Жаркыраган таңымын.
Жердин жүзүн нурланткан,
Жарыгымын баарынын.
Баары журтка белгилүү,
Маалим болгон тарыхым.
Баштан аяк дайындап,
Айтып өттүм аныгын.
Жамгыр, шамал, от да, суу,
Сөздөрүн айтып токтолду.
Булардын сөзүн укканда,
Жер кыймылдап козголду.

Жері

— Балдар сөзүм угуңар,
Кулак салып туруңар.
Ырас жери мактанбай,
Бир ынтымак кылыңар.
Жол талашып урушпай,
Ынтымак болсун тобуңар.
Ынтымактуу болсоңор,
Ошондо болот жолуңар.
Мен болсом балдар карыңар,
Сөзгө кулак салыңар.
Калбассыңдар катардан,
Сөзүмдөн нуска алыңар.
Жаратылып жер болуп,
Атаңар болуп аталган,
Сабырымдын барынан,
Калганым жок катардан.
Текебери көбүнөн,
Шайтан болду азазил,
Мактангандын жаманын,
Балдарым муну байкай бил.
Бүтүн дүйнө шамал, суу,—
Баарысы менден таралды.
. . . . . . . . . . . . .
Жалганчы залим болбостон,
Адил сүйлө адалды.
Залим болсоң жалганчы,
Көрөсүң акыр залалды.
Өзүңдөн өзүң мактанбай,
Өлчөп жүргүн чаманды!
Көтөрүлгөн көп акмак,
Көмүккө түшүп камалды.
Көөп кетмек наадандык,
Көтөрүлбөй жүрүңөр,
Атаңар айткан бул сөздү,
Акылдуу балдар билиңер.
Сабырымдын барынан,
Санга кирдим жер болуп,
Үйүп, жыйып толтурдум,
Үстүм толгон эл болуп,
Дайра, чалкар көл болуп,
Мухит деңиз сел болуп,

Аркайган Ала-Тоо болуп,
Асманга жакын зоо болуп,
Жана менин өзүмө
Балдарым жүрөт жоо болуп.
Менин атым кара жер,
Жүк көтөргөн балбан шер.
Жүк көтөргөн атаңдан,
Балдарым пайда ала бер.
Анык жери түз жүрүп,
Өзүңдү жөнгө сала бер.
Түз жүрбөгөн ийриси,
Казган ордо кала бер.
Байкаңар, балдар, сөзүмдү,
Чыкпасын бул сөз эсинден.
Баары жоктун баарысы,
Пайда тапкан өзүмдөн.
Бул жолдун өзү аман — жол,
Жалпы балдар аман бол.
Ушул жолду көрсөткөн,
Атаңардай болсоңор,
Таап салган бул жолду,
Жашасын балдар, атаңар!
Жайдары заман бактыңар,
Балдарым эми жашаңар!!

**КУБА КОЙ МЕНЕН ЭЭСИНИН АЙТЫШКАНЫ**

ээсинин айтканы

Каргашалуу Куба кой,
Күндөп-түндөп жөтөлүп,
Убайыңды көрбөдүм,
Убара болуп көтөрүп.

Өпкө, боордо череиң жок,
Жээ кагынып кеткен жериң жок,
Салаадан чыккан жүнүң жок,
Жакшылык кылар түрүң жок.

Куба кой мени куруттуң,
Бакканымды унуттуң,
Жазында сени Куба кой,
Ыраңдуу жерди көктөттүм.

Ою менен жесин деп,
Катыш чөпту оттоттум.
Токтоп чөпту жесин деп,
Алдыңдан тосуп токтоттум.

Мал деп сени сыйладым,
Башынан багып жыйнадым.
Баккан сайын жөткүрүп,
Жанымды минтип кыйнадың.

Көктөмү калса келишпей,
Көрөмбү койдун өзүнөн,
Түбүндө мага мал болбойт,
Түңүлүп калдым өзүңөн.

Кашка беде, жылтыркан.
Оттоп жүрдүң Куба кой,
Эркиң менен жайылып,
Токтоп жүрдүң Куба кой.

Өтөккө салдым өзүңдү,
Үлүрөйтпөй көзүңдү,
Убара кылдың бирдалай,
Ук Куба кой сөзүмдү.

Кара өтөк болду жатканың,
Каржалып сени тапканым.
Мындан артык Куба кой,
Кандай болот бакканым.

Эл жайлоого чыкканда,
Аста-секин айдаттым,
Салкын төргө жайлаттым.
Жайлоонун чөбүн жедирип,
Кабырганды майлаттым.

Эзилген шибер, жалбырак,
Эркин менен чайнаттым,
Эмгегим зая кетирип,
Баспай шорум кайнаттың.

Тогуз төбө мекери,
Толук чөптү ашаттым,
Ажырык, ак чөп жедирип,
Арманың жок жашаттым.

Балтыркан менен кымыздык,
Даамдуу чөптү жедирдим,
Ушунчалык семирген,
Кой кимдики?— дедирдим.

Көк шиберди чалдырдым,
Шибердүү жерге оттотуп,
Аябай шорун кандырдым,
Ал кызматты тандырдың.

Карагайдан коо кылып,
Таза туздан салдырдым,
Арбак урган Куба кой,
Аябай тузга кандырдым.

Оюң менен шордодуң,
Ал кызматка болбодуң,

Акырында куба кой,
Бакпадың деп кордодуң.

Аппак туздан кемирдиң,
Жайкалып жакшы семирдиң.
Семиргенде жон алдың,
Төөдөй болуп ком алдың.

Семиргенде жон алган,
Майың кана, Куба кой?
Секирип качкан сезденип,
Шайың кана, Куба кой?

Төрт ай оттоп семирген,
Этиң кана, Куба кой?
Жеген чөптү танасың,
Бетиң кана, Куба кой?

Күз болгондо Аксайдан,
Айдап түштүм жылдырып,
Бакканымды тандырдың,
Куба кой мени сындырып.

Атбашыны күздөттүм,
Жайытыңды түзөттүм,
Куба кой билбей баркымды,
Бакканымды күчөттүм.

Аста-секин токтоттум,
Аңыздын чөбүн оттоттум.
Бедениң гүлүн жедирдим,
Береке тапкыр дедирдим.
Жылтыркан, шыбак жедирдим,
Жыргал ушу дедирдим.
Айтканымдан жалган жок,
Айтар сөзүм калган жок.
Кутуруп өлгөн коюм ай,
Куба кой сенде арман жок.
Кышка калбай өссүн деп,
Эрте кырктым жүнүңдү.
Кесири бар Куба кой,
Келтирдиң менин жинимди.
Кыш камыңды ойлондум,
Кой деп жүрүп кор болдум.

Билбедиҥ коюм сырымды,
Салагой азыр чырыҥды.
Кышында тоюн кыштаттым,
Сени качан муздаттым.
Желим болду жегеним,
Сай сөөгүмдү сыздаттыҥ.

Кара күҥгөй, Кен-Керме,
Кыштаткан жерим келишти.
Ойлонбопмун ок тийип,
Куба кой минтип өлүштү.
Айдасам жолго баспадыҥ.
Онтогон үнүҥ жазбадыҥ.
Буздуҥ коюм, суруҥду,
Билбедиҥ менин жайымды.
Куба кой сенде жазык көп,
Курулай ыйла ыйыҥды.

Мени мынча күйдүрүп,
Көрсөттүҥ, коюм кыйынды.
Уят кылдыҥ өзүмдү,
Укпаймын сенин чырыҥды.

Куба койдун айтканы

Кара тумшук ээм ай,
Калбады сенин мээҥ ай.
Мындан башка айтарга,
Дагы барбы жүйөҥ ай.

Чыны жок айткан сөзүҥдө,
Калбаптыр акыл өзүҥдө.
Мал экен деп Куба кой,
Бар беле сенин эсиҥде?

Айдадыҥ качан Тоюнга,
Арманы көп коюнда.
Кутурган жок болучу,
Куба кой сенин оюҥда.

Көчпөй-конбой отурдуҥ,
Аккан суунун боюнда.
Тамындан ташып конбодуҥ,
Койду качан ойлодуҥ.

Жаңыдан туудум жабыркап,
Курсагым чөпкө тойбодум.
Жамандык мага жүктөйсүң,
Семизимде сойбодуң.

Малга ээм эсирди,
Эпсиз кылды кесирди.
Айдап жакшы бакпастан,
Алып койдуң бешимди.

Ушубу жакшы бакканың,
Талаада калды тапканың,
Өзүңө ээм өнөрбү,
Талыкшып уктап жатканың?

Козу аяктап семирип,
Эл Аксайга көчкөндө,
Элет чарба дүркүрөп,
Жайлоого көчүп кеткенде.

Аксайга качан жайлаттың,
Аягында байлаттың,
Ак жайдын күнү чөп жебей,
Ошондо шорум кайнаттың.

Жай Ополдой жайлаттың,
Жаш балага айдаттың.
Менин шорум кайнатып,
Жашыңды качан чайнаттың?

Күндө үч убак жуушатып,
Моминтип шорум кайнаттың.
Откорбой айдап жуушаттың,
Сугарбай айдап суусаттың.

Такыр сайга жаткырдың,
Кадемимди катырдың,
Айдап жакшы бакпастан,
Азабымды тарттырдың.

Тоюнду качан кыштаттың,
Тойгузбай сөөгүм сыздаттың.
Ириң чычып курудум,
Ичимди жаман муздаттың.

Аксайдын бетин көрбөдүм,
Арманы жок өлбөдүм,
Арманы көп Куба кой,
Ал жорукка көнгөмүн.

Ополдойдон көчкөндө,
Келип кондуң жериңе,
Жытыгып калган башынан,
Жылас болгон көрүнө.

Сапырылган кыгыңа,
Мен көндүм сенин ыгыңа.
Бедени качан бүрдөттүң,
Аңызды качан гүлдөттүң?

Ээм сага таарынч көп,
Көөнүмдү жаман кирдеттиң.
Коюм өлмөк болду деп,
Канчалык элди дүрбөттүң?

Кактап күнгө бышырып,
Жатып алдың ышынып.
Куба кой менде ырыс жок,
Сендей ээге тушугуп.

Санаага албас кеп айтып,
Салкын түшсүн деп айтып,
Камап салдың тамыңа,
Качан келлиң жаныма?

Күн батардын алдында,
Тамынлан айдап чыгардың,
Сүттөн аппак кой элем,
Бакканыңдан кубардым.

Жайып койдуң эшикке,
Зарыл болуп жаткамын,
Жылтыраган тешикке.
Мал экен деп Куба кой,
Жакшылап жайлап бакпайсың
Эми сенде эсиң жок,
Мендей койду таппайсың.

Кышында Тоюн жедирбей,
Кара тоону кыштаттын,
Кантейин сенин эсиң жок,
Карга камап муздаттың.

Кыш чилденин өзүндө,
Сай-сөөгүмдү сыздаттың.
Тондуу кылдың короомду,
Тосуп жаттым бороонду.

Кор болоруң билбестен,
Коюнду кылдың коромжу.
Ээм сага жеңдирсем,
Мен Куба кой боломбу?

Короом муздак муз болду,
Жаткан жерим сыз болду.
Мээнет баскан Куба кой,
Мээси жок ээге туш болду.

Боорум үшүп чер болду,
Көзүм көрбөс көр болду,
Өпкөм үшүп көгөрдү,
Көрсөттүң далай өнөрдү.

Ичегим шишип ылжырап,
Ич этим калды былжырап.
Ичим турат үн салып,
Басылбастан кулдурап.

Кышында карды тептирип,
Кыйгак болду туягым,
Вузулду ээм сыягым,
Укпай калды кулагым.

Бир жылда мени үч кыркып,
Азабым аштай катырдың,
Кеч күздө кыркып жүнүмдү,
Азабымды ашырдың.

Үстүмдө жабуу жүнүм жок,
Жүнсүз менде күнүм жок,
Эки кырксаң, үч кыркпай,
Жүрбөйт белем үнүм жок.

Бороондо боздоп ыйладым,
Жаткан жерден турбадым,
Эс-акылың жогунан,
Куба койду кыйнадың.

Ала курт басты денемди,
Аябай тешти теримди,
Уяты жок ээм ай,
Укпадың айткан кебимди.

Бороон алды борукту,
Ким көргөн мындай жорукту.
Боруктун этин сактап жеп,
Сагызган, карга торукту.

Кыянат кылып бакпадың,
Кыл курт алды токтуну,
Тоопугу жок ээм ай,
Толтурдуң койго коктуну.

Койдон залал көргөндөй,
Кобурайсың сүйлөйсүң,
Койдун сырын билбейсиң,
Айткан тилге кирбейсиң.

Семиздеп сойдуң серкемди,
Тебетей кылып көрпөмдү,
Чыгарба ээм үнүңдү,
Кыркып саттың жүнүмдү.

Тон кылып кийдиң теримди,
Айтпагын мага кебиңди,
Эбирейсиң ээм ай,
Эми баскын дямиңди.

Үч ийдирип сааганда,
Көнөк толгон сүт алдың,
Түгөт ээм оңбойсуң,
Сүт алган сайын күч алдың.

Куруп кеткен ээм ай,
Куба кой айтып какшады,
Арыктыгы жеткен соң,
Ал себептен баспады.

Сүт бербейт эми Куба кой,
Катынды мээнет кыстады.
Желинин жара муштады,
Сай-сөөгүм менин сыздады.

Базарга саттың өзүмдү,
Байкабай калдың сөзүмдү,
Эпсиз кылдың кесирди,
Ачарсың бир күн көзүңдү.

Союп жедиң этимди,
Дарманымды кетирди,
Айтышып калдык мынчалык,
Ачып койдуң бетимди.

Каалабайсың чыгымды,
Билем сенин ыгыңды.
Куба койдо не жазык,
Көң кылып жактың кыгымды.

Сөзүнүн байка жүйөсүн,
Куба кой жеңди ээсин.
Кой демекте маани бар,
Акылдуу адам билесиң.

## АЛА-ТОО

Ала-Тоонун арасы,
Жалпы жердин сарасы[1].
Айтып өтөм бир катар,
Аңгемесин карачы.
Башы Ак-Сай, Чатыр-Көл,
Туурасы Торгарт жапыс бел.
Ушул жерди жердешип,
Өсүп-өнгөн кыргыз эл.
Аягында Арпа бар,
Салтанаты канча бар.
Көрбөгөн жан бир көрсө,
Көөнү ачылып шаттанар.

Аксай менен Арпада,
Ар уруу чөптүн кени бар,
Абышкасы оштонуп,
Жигиттен кыйын деми бар.
Ала-Тоо деп аталып,
Аягы кетет керилип,
Албан түрлүү чөптөрү,
Адамга сонун көрүнүп.

Ала-Тоодон ар канча,
Сонун тоолор бөлүнүп,
Атагы дайын билинет,
Анык көзгө көрүнүп,

Түп атагы Тянь-Шань,
Турган эли бир канча,
Келгендин баарын батырып,
Көрүнбөйт көзгө бир жанча.

---

[1] Сарасы — сонун деген мааниде

Керме Тоо дейт аталып,
Айтылып жүргөн ыр менен.
Кар жаабаган себеби,
Касиеттүү сыр менен.

Кең өзөн Чүйдү калтырбай,
Көрсөтүп өтөр кези бар,
Баяндоого кең Чүйдү,
Байымбеттин сөзү бар.

Сонундуктан Чүй жери,
Алтын күрөк аталган.
Сары өзөн Чүйдү жердеген,
Адамы калбайт катардан,
Чүйдүн башы Көк-Ойрок,
Келишкен жайлоо сонуну,
Айткан менен түгөнбөс,
Ар канчалык боруму.

Соңкөл деген көлү бар,
Куртка деген бели бар,
Нары жагында Жумгалды,
Айтып өтөр жөнү бар.
Кара-Кече жеринде,
Таш көмүрдүн кени бар.

Солтон-Сары, Соку-Таш,
Курттуу көл, Балгарт, Кара-Саз,
Нарындын башы Тарагай,
Кемир кырмак, кара-таш.

Сары-Жазы, Ак-Шыйрак,
Үч Каркыра, Кеген бар,
Ботонун Сазы деген бар.
Болжолсуз сонун Текес бар.

Шарапаттуу Ысык-Көл,
Тамашалуу кызык бар.
Кызыл-Кыя бели бар,
Көчмөн кыргыз эли бар.

Сыбызгы жумшак жели бар,
Жайкалган жатык бели бар,

Эзелден туруп жердеген,
Элет кыргыз эли бар.

Кайыптар оттоп төлдөгөн,
Албан түрлүү чөбү бар.
Аркар, кулжа ак кийик,
Аралаш жаткан төрү бар.
Кадырын билген адамга,
Касиеттүү жери бар.
Ортосунда чалкайган,
Чатыр-Көлдөй көлү бар,
Баарысын айтып өтөйүн,
Касиеттүү Ала-Тоо,
Кай жеринде кеми бар!

Кантеңирден бөлүнүп,
Каркайып сонун көрүнүп,
Төрт түлүк малга адамы,
Жыргап жатат чөмүлүп.
Алай менен Мыргапта[1],
Кымызын ичип кызарып,
Кыргыздар жатат желигип.
Аркар менен кулжасы,
Эчки менен телкиси,
Айдап койгон адам жок,
Эркинче жүрөт семирип,
Элик, бөкөн, кураны[2],
Бугу, марал бу дагы,
«Толубай курук тобо» — деп,
Тоосунда боздойт улары.
Талаа, түзү куру эмес,
Шаркырап аккан булагы.
Таалайлуу жерди ээлеген
Жалпы кыргыз турагы.

Чөбү кайрак бетеге,
Жылтыркан, шыбак кошулуп,
Кашка беде, мекери
Катыш чөптөр кошулуп.
Бетеге, тулаң тармал саз,

---

[1] Мыргап — жердин аты
[2] Куран — эликтин эркеги

Жердеген адам малга мас.
Көзүнө адам илбестен,
Көлүндө дуулайт өрдөк, каз.

Кара кыяк-көдөөсү[1],
Сарбашыл гүлдөр бедеси,
Бир көрүп өткөн адамга,
Көрүнүп турат элеси.
Адырын түлкү жойлогон,
Адамы жыргап ойногон,
Ар түрдүү катыш чөбүнөн,
Айбан мал жесе тойбогон.
Арык малы дан салып,
Алты күндө семирип,
Аны баккан ээси
Арпадай деп ойлогон.

Бөрүсү жүрөт тоолордо,
Мергенден коркуп шекинип,
Түндөсү малга чабыттап,
Тоо-таштарга бекинип,
Бөрүнүн түлкү жолдошу,
Бирин-бири коргоочу,
Табылып калган жеринде,
Аңчылардын олжосу.

Суур менен кашкулак,
Ийинге кирип жатканы.
Эбин таап алууга,
Аңчылар салат капканды,
Кашкулак менен суурду,
Капканчы кармап көп алат,
Мээнетсиз пайда келтирди,
«Бекер олжо» — деп алат.

Карагай черүү жеринде,
Чөө дегени дагы бар.
Саксайган сары аюу бар,
Аюуда далай каруу бар.

[1] Көдө — чөптүн аты

Салбырынга[1] келгенде,
Сүлөөсүн менен илбирстен
Атып келет мергендер.
Мадыл менен суусар бар,
Буларды алат капканга,
Кымбат болот сатканга.
Аңчылар буга кубанат.
Арзан олжо тапканга.
«Бул бир катар оокат» — деп
«Бала-чака бакканга»

Өз эркинче жүрүшкөн,
Өрүш кылып бийликти,
Өрнөгүн айтып өтөйүн,
Ала-Тоодо кийикти.
Кийик деген жаныбар,
Өзүнчө жүргөн жан экен,
Кедейге пайда келтирген,
Кембагалдын малы экен.

Мерген барып бир кийик
Атып тоодон жыкканда,
Адамдар барат чогулуп,
Мылтыктын үнүн укканда.
Карасанчы кайбарлар[2]
Кулакка илбейт айтканды.
Бөлүп алат турбастан,
Он эки мүчө, төрт санды.

Көөдөнүн берет мергенге,
Башынан көнгөн бергенге,
Мурунтан бери нарк ушу,
Баарын берет келгенге.
Көчмөн элдин кененин,
Кылып келген өнөрдү,
Башында көнүк болбосо,
Шыралга[3] деп береби.

Жана айтайын түлкүнү,
Капканга алган мүлкүнү.

---

[2] Салбырын — мергенчилик, аңчылык
[2] Кайбарлар — кыйындар деген мааниде
[3] Шыралга — олжо

«Байла» — деп келсе бир адам.
Байлап берет түлкүнү.
Кыдырып жүрүп ар кайда
Түлкү алса аңчы капканга,
Кошулган адам олжолош
Талаадан олжо тапканга.

Ала-Тоонун убагы,
Төрт мезгилге бөлүнөт,
Санжап[1] менен жазылып,
Ирет менен келинет.

I

Жаз мезгили үч айда,
Мал төлдөгөн кезеги,
Бул айлардын ичинде,
Киреше кирди дешеди.
Малдын тууту болду деп,
Эсептүү күнү толду деп,
Кой туудурчу өтөк деп,
Кетирбей күнүн эсептеп.
Бээси тууп төлдөгөн,
Төөсү тууп боздогон,
Төрт түлүк малы оттогон.
Үйү тууп мөөрөгөн,
Кой чуркурап маараган,
Ала-Тоонун адамы
Чарба малды каалаган.

Бейлин салып иштесе
Берекеси мына ушу.
Кой чуркурап маараса,
Кулак тунуп ызы, чуу.

Байчечекей, кызгалдак,
Кызыл-тазыл ар кандай,
Жердин бети нурданып,
Башайы, манат жайгандай,
Көк жайкалып, чөп чыгып,
Жер жарылып көп чыгып.

---

[1] Санжап — тартип

Жыгачтын баары бүрдөгөн,
Байчечекей гүлдөгөн.
Бул мезгилдин өзүндө,
Чыкырып күкүк үндөгөн.

Торгойлор сайрап таңшыган,
Булактар ойноп ташыган.
Булбулдун үнүн укканда
Муңдуулар ыйлап жашыган.

Күкүктөр сайрап таңшыган,
Күрпүлдөп дайра ташыган.
Күкүктүн үнүн укканда
Күйүттүү бенде жашыган.
Куштар салат уяны,
Тууй турган убагы.
Эмчеги жок эмизээр
Ээрчитип учат бу дагы.
Кабылан, жолборс, карышкыр,
Азуусу бар айбандар,
Бу дагы төлдөйт баарда[1]
Барча барат ар жандар.

II

Жай мезгили үч айда,
Малчы көчөт алкымдап.
Чарбасын багып келүүгө
Жайлоого чыгат салкындап.

Төл телчиген кезинде,
Эрте туруп үй чечет,
Жан-жабыла жыйылып,
Жайлоого карап эл көчөт.

Жайлоосу жаңы гүлдөгөн,
Жыгачы өсүп бүрдөгөн.
Жайлоонун салтын көргөндө,
Көрбөгөн адам сүрдөгөн.
Төө семирип ком алган,

---

[1] Баар — жаз

Ком алганда чоң алган.
Кой семирип жон алган,
Жон алганда мол алган.
Бээ семирип казы алган,
Картаң бээлер жашарган.

Адырдан тулаң кемирип,
Артыкча башка семирип,
Айгырлары азынап,
Кулун, тайы кишинеп,
Субайлары бөлүнүп,
Сымбаты башка көрүнүп,
Аңгилери алышып.
Аңгемени салышып.
Куйругун сыртка көтөрүп,
Кубалашат жарышып.

Уй деген бир улук мал,
Ушу сөзгө кулак сал.
Бурта байлап семирип,
Бурулуп басса демигип.
Букасы жолдон баспаган,
Күлгө оонап, жер чапчып,
Өкүргөн үнүн баспаган.
Мүйүзү менен көтөрүп,
Томкоруп жерди таштаган.
Таначарлар сүзүшкөн,
Мурунтугун үзүшкөн.

III

Коңур салкын күз болуп,
Эгин бышып, чөп солуп,
Жайлоодогу адамдар,
Жакага көчөр козголуп.
Сарамжалын шайлашып,
Орок, чалгы кайрашып,
Чөлгө көчүп келишкен.
Чөп чабууга киришкен.
Бекер карап турбастан,
Мээнеттин жөнүн билишкен.

Чөптөн кийин турбастан,
Эгинге кирип бир баштан,
Убагынан калтырбай,
Бүтүрүп алып тынбастан,
Жыйналып эгин, күз өтөт,
Кыштын камын күчөтөт.
Кылычын алып жалантып,
Аркасынан кыш жетет.

IV

Малчынын кийген кийими,
Калың болот кышында,
Кылычын сунган кыш менен
Кыйын эрлер бел байлайт.
Кымбатын билип сууктун,
Кыйын жигит мал жайлайт.
Кылычын кыштын мокотуп,
Кыйналбай жигит май чайнайт.
Акылы жок жалкоолор,
Алдырып кышта шор кайнайт.

Алабата, шор күйрөк[1]
Төөнүн жери Ала-Тоо,
Бетеге, тулаң аралаш,
Бээнин жери Ала-Тоо.
Кара кыяк, копосу[2],
Уйдун жери Ала-Тоо.
Жылтырган, шыбак кошулуп,
Койдун жери Ала-Тоо.
Касиеттүү жери бар,
Карагай, кайың чери бар.
Кийиги төрдө ойногон,
Түлкүсү токой жойлогон,
Кызыгын көргөн тойбогон,
Көркү башка Ала-Тоо.

Булбулу сайрап чөлүндө,
Күкүгү сайрап көгүндө,

[1] Шор күйрөк — чөптүн түрү
[2] Копосу — чөптүн түрү

Балыгы сүзүп көлүндө,
Суунун кени Ала-Тоо.

Өрдөк, чүрөк, каз, куулар,
Көлдүн бетин бербеген.
Бир көргөн киши дегдеген,
Түрдүү куштар жердеген,
Кара кунач, каркыра
Көк кытан менен турна,
Көлдө өкүргөн көл бука,
Тоодагы боздо топтогон,
Чөптүн гүлүн оттогон.
Кумурскадай кайнаган,
Кекилик, чили кыйгыттап,
Чымчыктары сайраган.
Куштун кени Ала-Тоо.

Коёну токой черинде,
Кыргоолу аянт жеринде,
Жалганы жок кебимде,
Жарашыктуу Ала-Тоо.

Ак кажыр менен жорусу,
Дүйүм куштун зору ушу.
Кайкы канат кыраандан
Чоң болсо да кору ушу.
Ылаачын, шумкар, турумтай,
Кыргый, күйкө, жагалмай,
Учканы соккон шамалдай —
Шумкардын жери Ала-Тоо.

Жигити дуулап жыргаган,
Сармерденин[1] ырдаган.
Келин-кызы тындаган,
Жаштары шайыр Ала-Тоо.

Кары да жаштын деми бар,
Калтырбай айтар эби бар,
Алтын, күмүш кени бар,
Баары толук Ала-Тоо.

---

[1] Үлпөттө кезектешип ырдоо

# АШКЕРЕЛӨӨЧҮ ЫРЛАР

## «СЕЛДЕ ОРОНГОН МОЛДО КОЙ»

Касымаалы Койкелди,
Калың элге той берди.
— Жыгуучу балбан алсын — деп,
Селде орогон кой берди.
Аш көрбөдүм той көрдүм.
Селде оронгон кой көрдүм,
Ак селделүү «эшен» кой,
Анча-мынча кесел кой,
Кайта-кайта көп маарайт,
Же болбосо чечен кой.
Соолук десем, ирик кой.
Желини жок чирик кой.
Дубандан[1] чыккан күлүк кой.
Касымаалы, Койкелди,
Бул сөзүмдү билип кой!
«Мырзаңардын» ашында,
Буудан кылып минип кой.
Дубандан чыккан, жорго кой,
Селде оронгон молдо кой.
Чоткарадай «мырзаны»
«Акыретте колдо, кой».
Селдесинде күлү бар,
Сексен койдун «сүрү» бар.
Коктудан чыгып маараса,
Коңгуроодой үнү бар,
Төбөсүндө салаадан,
Чыгар-чыкпас жүнү бар.
Ушул ашты башкарган,
Касымаалы, Койкелди,
Молдо койду минип ал!

---

[1] Дубан — бир уезд эл

## ТЕЗЕК-ТАГАЙ ЭЛДЕРИНЕ

Болуштуу жерде тарап бар,
Жумгалдагы Баатырбек,
Элин эзген манап бар.
Чородон чыккан Касымбек,[1]
Тартып койгон танап бар.
Танапты тартып үзө албай,
Карап турган жайың бар,
Карабектин Жантайдан,
Калыңга келген чагың бар.
Тезек-Тагай бечара,
Кемчил болгон аның бар.
Уругун козгоп жазды деп,
Тагай-Тезек таарынар.
Таарынганда не кылар,
Теңдик көрбөй жүргөнүн,
Жазсам сөзүм табылар.
Таабалдыңды терекке,
Таңып уруп сабаган,
Көкөйүңө тийгендир,
Чоюбектей[2] кабаган.
Тезек-Тагай бечара,
Сезимдүү сенин башың жок,
Тар капчыгай буйгатта,
Таруудан башка ашың жок,
Баш күндөн бери тезегим,
Манаптан башка касың жок.
Жүзгө чыкса мейличи,
Жүгүрүп жүрүп байге алган,
Токумдан башка жакшың жок.
Атайга барып топ кылса,
Анча-мынча док кылса,
Касымбек келип демигер,
Кары-жашың кемирер.
Кемиргенде семирер.
Куурап калган Тезегим,
Күлүгүн алып бүгүлөр.
Чапанын алып жүгүнөр,
Жабыркаган Тезектер,

[1] Жердин аты, Тогуз-Тородо
[2] Уезддин начальниги болгон

Өз жанынан түнүлөр...
Ой, Тезегим, Тезегим,
Келер бир күн кезегиң!
Баяналуу күн тууса,
Балдарың табар эсебин.
Кечээ Тализин уезд тапшырып,
Аягына жапшырып,
Чоюбекке кор болдуң.
Терекке таңып урулуп,
Тердеген майдай шор болдуң.
Чогулуп баарың жедирдиң,
Чоюбек деген зулумга,
Жалгыздан сааган уюнду,
Кармап бердиң чыгымга.
Торпогу кетти өкүрүп,
Эки сом элүү тыйынга.
Жүктөөрүңө төөң жок,
Урунган, күткөн ырымга,
Ушунтип жүрүп тезегим,
Жетесиң качан тынымга.
Тагай, Тезек башында,
Кайдан келип жай алдың?
Арызың угар улук жок,
Алда кимди таяндың?

1905

## ЧЫНДЫК

Байымбеттин казалы,
Байыт кылып жазалы.
Жегичтерге убал жок,
Тенгеге ооду назары.
Чыгым алды чыңыртып,
Бай, болуштун тажаалы.
Зулумдар бизге бек болду,
Эл ичинде көп болду,
Калк-калайык сен үчүн,
Казал жазыш эп болду.
Жесир, жетим дебестен,
Баса калып жеп койду.
Карыз деп алса болуштар,
«Ана-мына» — деп койду.

Сөз чыгарбайт кедейден,
Старшындар дерейген.
Болбос ишке асылган,
Болушу бар килейген.
Ромат деп саттырып,
Жалгыз уюн баш кылып,
Жеп алгандар көбөйдү.
Тамагына аш кылып,
Бузуктун уулу чоң болду,
Букара журту кор болду.
Жайы-кышы жабыркап,
Малай байкуш шордолду.
Бул заманда не карып,
Ак матадан бөз карып,
Адилетсиз бийлердин,
Алдына келген сөз карып.
Сөзү үжөт болбогон,
Учан теңиз эл карып.
Букарадан кайраттуу,
Сөзү өтпөгөн эр карып.
Кызыл таздан таяк жеп,
Кыйноо тартып мен карып.

1902

## КАБЫРГАМА ТАШ БАТТЫ

Миң тогуз жүз алтынчы,
Тарыхтын болгон жылында,
Аалынын өлгөн жоругу,
Маалым болгон кылымга
Бул казалды баштадым,
Куралган топ жыйында
Эл таланып чабылса,
Эстен кетпейт чынында,
Кадеми каткан момундар,
Качан жетет тынымга.
Коңур уулу, Ымандар[1],
Өткөн жылы Аалынын
Өлүмүнө өк болгон,
Өз тууганы Касымбек,

[1] Ымандар — уруунун аты

Тиригине тик болгон,
Букарганы чапканга,
Көңүлүмө көк болгон.
Куу-Чүкө[1] Үмөтаалынын
Короодо коюн жеп койгон.
Үч жүз үйлүү эл талап,
Аалынын куну деп койгон.
Чоң чарыктын Турдубай[2],
Чоң масилет курдуң ай,
Эки тарап баштаган,
Эрмек менен Быржыбай[3],
Оңолбогон Бексултан[4],
Эл ичинде Кылжырай,
Беш жүз кой күтүп эсирип,
Бексултандын көпкөнү,
Ортодогу бузуктун,
Элге дарты өткөнү.
Бексултандан себепкер,
Аалыга ажал жеткени.
Эки жылга басылбай,
Элдин тентип кеткени.
Эсте калсын түбөлүк,
Байымбеттин дептери.
Коңур[5] уулу Ыманды,
Тогуз болуш жектеди.
Тамтыгы жок чабылып,
Кайран эл көчтү тескери.
Капа болуп Байымбет,
Жазган казал дастаны.
Өткөн жылы Турдубай,
Калабаны баштады.
Касымбек, Калпа биригип
Найзага жуушаң аштады.
Жазыксыз жаткан момунду,
Бүлдүрүп чаап таштады.
Узун аяк мал койбой,
Үстү бүтүн там койбой,
Эгерине дан койбой,

---

[1] Куу-Чүкө — ылакап ат
[2] Турдубай — бир уруунун башчысы
[3] Эрмек Быржыбай — уруу башчылары
[4] Бексултан — бай. Ушак айтып, кагылыштырган.
[5] Коңур уулу. Чоң чакыр — уруулар

Эчки улактан мал койбой,
Жабагыдан тай койбой,
Жатып ичер чал койбой,
Капка салган дан койбой,
Кайгырбаган жан койбой,
Ороого куйган дан койбой,
Ойноп, күлөр жан койбой,
Кайран саяк чабылды,
Калпа ажыга багынды.
Сая кылар багы жок,
Букаранын алы жок,
Кайнатып суу ичерге,
Казан-аяк дагы жок.
Жаккан отун өчүрүп,
Жалпы баарын көчүрүп,
Жаат баштап Турдубай
Жай-жайына кетирип,
Кайран эл тентип кеткенде,
Кабыргама таш батты,
Качканынан калганын,
Калпа ажы сурап какшатты.
Молдонун белин[1] жөө ашты,
Мурду жырык төө ашты,
Ала качып түн катып,
Анча-мынча мал ашты.
Кара черүү болгондор,
Качкан-бозгон дагы ашты.
Касымбек, Калпа, Калдарбек[2]
Кат жиберген Жумгалга.
Кадырлашып бирге өскөн
Көкүмбай менен Курманга,
Кулжыгач, Байзак ажыга,
Эл качты деп мындан да,
Аалыга тийди залалы,
Турбасын деп жыргалда,
Үч жүз үйлүү букара,
Кең Жумгалга баткан жок,
Аларга каран түн болуп,
Агарып таң аткан жок.

[1] Жердин аты
[2] Манаптар

Жумгалга кантип туралат,
Көкүмбай, Байзак кубалап,
Анча-мынча оокатын
Алышты окшойт будалап.
Катын, бала канча ыйлап,
Келишти кайта бириндеп,
Кедей-момун баары ыйлап.
Эл сагынган курусун,
Ким билиптир мунусун.
Көрдүк бейм баштан өткөрүп,
Кесирдүү жаат урушун!

1907

# ТАМСИЛДЕР

## УЙ МЕНЕН МУЗООСУ

Уй коркот жаман союудан,
Башын кесип коюудан.
Талаада жүрүп эстептир,
— Бир күнү союп салат — деп,
Сойгону да курусун,
— Музоом жетим калат — деп.
Түштө келет кышылдап,
Мурду бүтүп бышылдап,
Чөпкө тоюп дардайып,
Сайгак кууп тызылдап.
Жакынсынып корккондон,
Музоосунан сыр сурайт:
Коркуп жүргөн бычактан,
Сыр сураса, чын сурайт:
— Менден көрө аралап,
Эл ичинде жүрөсүң,
Элден чыккан кеп болсо,
Анык жерин билесиң.
Айтып мага бергиниң:
Эл ичинде дүүлүккөн,—
«Уй соёт» деген кеп барбы?
Эси жок эсер ээмдин,
Оюнда азыр эт барбы?
Анда музоо кеп айтат:
— Эсиң жок, эне,— деп айтат —
Азыр сени сойчу эмес,
Музооңду жетим койчу эмес,
Ичип турат сүтүңдү,
Көрүп турат күчүңдү.
Ичип турат айранды,
Көрүп турат пайдаңды.

Ээңдин дагы эси бар,
Башында акыл, мээси бар,
Азыр коркпо энеке,
Сени соёр кези бар.
Айран, сүтүң алган соң,
Арчы[1] жыйып алган соң,
Куба курут, сары май,
Сандыгына салган соң,
Жай өтүп салкын күз келет,
Кылычын алып кыш келет,
Кыш келгенде, энеке,
Ошондо өлүм туш келет.
«Согумга сени соём»— дейт,
«Тоңдуруп этин коём» — дейт,
Балта менен талкалап,
Чыкыйыңды оём — дейт.
Олурайтып көзүңдү,
Анан соёт өзүңдү,
Мен билгеним мына бул,
Энеке уккун сөзүмдү.

## ИТТИН ДООЛДАЙ[2] КЫЛДЫРАМ ДЕГЕНИ

I

— Кыш чилдеде курудум,
Үнүмдү баспай улудум.
Бул жүргөнүм кеп эмес,
Бул иш мага эп эмес.

Жадырап жайнап жаз болсо,
Байга жалчы жүрөйүн,
Байдын коюн кайтарып,
Бир доолдай чепкен киейин

Жакшыраак байга барайын,
Акымды бүтүн алайын.
Доолдай кийип жасанып,
Оокаттын жайын карайын.

[1] Арчы — айрандан бышып алган май
[2] Доолдай — жүндөн соккон таар чепкен

Саратан өтүп кыш болду,
Жаткан жерим муз болду.
Бул жорукка көнбөйүн,
Музда жатып өлбөйүн.

II

Ал аңгыча кыш өттү,
Жадырап жайнап жаз өттү,
Ит унутту айтканын,
Кышында музда жатканын.

Тилин салып акактап,
Көлөкө жерди качырат,
Доолдай чыккан эсинен,
Көлөкөгө жашынат.

Түлкү итке кеп айтат,
Түшүнсүн деп бек айтат:
— Кышында айткан доолдай,
Бүттүбү итим?— деп, айтат.

Түлкүм, мага жүн гана,
Чыга турган үн гана?
Ал чепкенди кылгын — деп,
Айта турган тил гана?

Чепкен чыгып эсинен,
Керилип жатып алыптыр,
Жалкоонун жайы ушундай,
Жайкалып уйку салыптыр.

## КАРКЫРА МЕНЕН ТҮЛКҮ

Абал баар жаз болуп,
Көлгө батпай каз толуп,
Келгин келген кезинде,
Бозго батпай куш толуп.
Жер айрылып гүл ачып,
Булбул сайрап үн ачып,
Байбечекей гүлдөгөн,

Жыгачтын баары бүрдөгөн.
Жаркыраган жаз келип,
Жан-жаныбар төлдөгөн,
Жазгы көктөм мезгилде,
Бир каркыра, бир түлкү
Коңшу болду достошуп.
Ачык сырын жашырбай,
Анык сөздөн козгошуп.
Каркырада шумдук жок,
Түлкүнүн көп бузугу,
Түлкү акеңдин бир түрдүү,
Эми келет кызыгы.
Түлкүдө казган ийин бар,
Өткөн иштин кийни бар.
Бет келишкен жеринде,
Бекиткен сөздүн түйнү бар.
Каркырада уя бар,
Убада кылган башында,
Убада сөзүн бекиткен,
Калыстар туруп кашында.
Түлкүдө бар төрт бала,
Каркырада беш бала,
Балдарына жем издеп,
Каркыра кетти бечара.
Түлкү жүрөт жойлонуп,
Шумдуктун баарын ойлонуп,
Убададан тайгылды,
Түлкү жойбур иш бузуп,
Каркырага түлкү акең,
Кылмак болду бир кызык.
Тура калып түлкү акең;
«Эчтеке болбос»— деп койду.
Каркыра кетип калган соң,
Бир баласын жеп койду.
Карды тоюп алган соң,
Карсылдап күлүп ойноду.
Жалган жерден кеп куруп,
Жана шумдук ойлоду.
Каркыра келер кезинде,
Түлкү акең ыйлап олтурду.
Көөнү менен көп ыйлап,
Көзүн жашка толтурду:
— «Бирибиз тышка чыкканда,

Бирибиз үйдө турбай — деп,
Этиет болуп сактанып,
Эптеп оокат кылбай — деп,
Сен кеткенде, мен кетип,
Экөөбүз үйдөн тең кетип,
Санап көрдүм биле албайм,
Тогузунан кими жок,
Кандай бетсиз алды экен?
Узун моюндун бири жок.
Бала деген эң кыйын,
Баласыздын күнү жок.
Узун моюн баландын,
Убайым кылды дарты деп,
Каркыра аке кантелик?
Кайрылуу болсун арты»— деп,
Түрдүү кытмыр сөз баштап,
Түлкү турдуу муну айтып.
Кара күчкө кууланып,
Кара жанын муңайтып,
Кири жок ичте каркыра,
Ишене калды кебине.
Түндө жортуп жойлогон,
Түлкүнүн кирди эбине.
Түлкү сөздө турбады,
Залимдин бири бу дагы.
Кайда болсо залимден,
Залал көрөт ынагы.

### БӨРҮ МЕНЕН ТҮЛКҮ

Түлкү, бөрү достошуп,
Өткөн иштен козгошуп.
Бөрү жарат, түлкү жейт,
Жүргөнү бизге күлкү дейт.

. . . . . . . . .

Бөрүнүн бар эрдиги,
Түбүнөн аңгаал шердиги.
Эки жагын каранып,
Эрди-мурдун жаланып,
Билбегенсип бойпоюп,
Көрбөгөнсүп компоюп.

Түбүнөн келген жоругу,
Түлкү-пикир арамза,
Карап калат карышкыр,
Эки жагын каранса,
Карышкырдын өнөрү,
Түлкүнүн жыргал көрөрү.
Бөрү акең тынчып турабы,
Тоо башында турагы.
Жок эмеспи бөрүнүн,
Жегенинде сурагы.
Азыр түлкү ынагы,
Аяныш бөрү турабы.
Өркөчү бийик төө жарат,
Эмчеги карыш бээ жарат,
Азуусу тутам ат жарат,
Ат жарганда бат жарат.

Түлкү достун буйругун, —
Орду менен аткарат.
Түнөп калган уй жарат,
Түлкү доско сый жарат.

Коодон түшүп кой жарат,
Ар качандан бир качан,
Карышкыр акең адаты,
Түлкү доско той жарат.

Башынан бери жок эле,
Мал ээсинде жазыгы.
Карышкыр кайсап жарган мал,
Шум түлкүнүн азыгы.

Бир күнү жарган бээсине
Ээсинин ичи ачыды,
Кайран бээм өлдү деп,
Ыйлай таштап жашыды.

Албарс менен күч ала,
Сүр куйрукка ачытты,
Алыстан жыты келсин деп,
Аябай ороп сасытты.

Өзү аңчы мерген кул,
Аңчынын жөнүн көргөн кул.

Тилеги кабыл келген кул,
Аянбастан аңчы акең,
Аңгемени баштады.

Бөрүнүн келер жолуна,
Бир куйрукту таштады.
Қайран бээм жарылды,
Қас кылган мага бөрү деп,
Өлдү муну жеген соң,
Атасынын көрү деп.

Аңчы кетти үйүнө,
Андаңар сөздүн түрүнө,
Қырып-жоюп бөрү акең,
Қыйратып турат күнүгө.

Бөрү акеңдин кеги бар,
Айтып өтөр кеби бар.
Бөрү, түлкү дос болуп,
Бөлүнбөй жүргөн эби бар.

Башка сөзду укпаган,
Майга тоюп уктаган.
Қарышкыр досум укта деп,
Қашынан түлкү чыкпаган.

Ал аңгыча күн батты,
Элдин алды ным жатты.
Түлкү досум жүргүн деп,
Кызыгыма күлгүн деп.
Қазысына бөлөн деп,
Қартасына жөлөн деп,
Досум бөрү көк жалдын,
Баатырдыгын көрөм деп,
Бөрү басты суналып,
Куйругу жерге чубалып.
Эрдигине бөрүнүн
Түлкү келет кубанып.

Алыс жерден куйруктун
Жыты келди бөрүгө,
Жемек турсун, жыттаса,
Бөрү даяр өлүүгө.

Бөксө жол менен барышты,
Бөрү, түлкү ашына,
Сүбөөсүн бөрү көтөрүп,
Сүр куйруктун башына,
Түрдүү шумдук ойлонуп,
Ары-бери жойлонуп,
Табармын деп эбиңди,
Түлкү турду кашына.
Эми түлкү кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат:
— Кул базарга баруучу,
Сүр куйрук сатып алуучу,
Сүйүнгөндөн бош байлап,
Жолго түшүп калуучу.
Ал, бөрү аке, алгын!— деп,
Жолун берди бөрүгө,
Себеп болду түлкү дос,
Бөрү акеси өлүүгө.
Досум деп жүргөн түлкүнү,
Түлкү салды күлкүнү.
Көөсөр бөрү турабы,
Сур куйрукту сугунду.
Уу жеген аман калабы,
Сугунган жерде жыгылды.
Өлөр бөрү өлдү деп,
Өкүмүнө көндү деп,
Өлбөгөндө нетти деп,
Өз кылганы жетти деп,
Куйругун сайып чоң жолго,
Карабастан он-солго,
Бөрүнүн түлкү өнөгү,
Кайрылбастан жөнөдү.
Түлкү кетти турбастан,
Дүмөгүн айтып бир баштан.
Бөрүнүн этин жашырып,
Беките салды тынбастан.
Мындан башка түлкүнүн,
Толуп жатат өнөрү.
Эртең келип жеймин деп,
Чуркап алып жөнөдү.
Шумдугун түлкү ашырды,
Түндө келип жеймин деп,
Өлгөн бөрү көөсөрдү.

Жерге көмүп жашырды,
Аңгемелүү кеп курду,
Түлкү салды бул чырды,
Бөрү акеңдин этинен,
Түндө келип жеп турду.
Калтырбай сөөгүн кемирди,
Бөрүнүн этин жеп жатып,
Кайран түлкү абжөрүң[1],
Казы байлап семирди.

Бөрү өлдү тырайып,
Эки буту сырайып,
Бөрү өңдөнгөн залимге,
Аньк бул иш ылайык.

## БӨДӨНӨНҮН ТҮЛКҮНҮ АЛДАГАНЫ

Бөдөнөнүн кеби бар,
Турумтай менен кыргыйда,
Толуп жаткан кеги бар.
Бул экөөнөн бөдөнө,
Дайым жүрөт жашынып,
Эки жагын элеңдеп,
Эси чыгып ашыгып.
Жаткан жерин жазгырып,
Бытпылдыктап бакырып,
Бытпылдык деген табышы,
Чөптү кетет жапырып.

Бөдөнөнү түлкү аңдыйт,
Чакырган үнүн уккан соң,
Бытпылдык деген табышы,
Жакын жерден чыккан соң,
Түлкү акең жатты кылыйып,
Жакындап келсе жеймин деп,
Ичинен тынып кымыйып.

Аста басып аңдыды,
Түйүлүп түлкү каргыды,

[1] Абжөр — амалдуу

Басып калды түлкү акең,
Бөдөнөнү учурбай:
Түлкүнүн кылган жоругу,
Башынан маалим ушундай.
Түлкү акең амал иштеди,
Баскан жерде тиштеди.
Бөдөнө түштү түлкүнүн,
Арсайган азуу оозуна.
Бытпылдык деп чакырып,
Өзүнүн салган доошунан.
Бөдөнө туруп ойлонду:
«Кутулсам түлкү оозунан.
— Табайын мунун эбин — деп,
Жедирбейин тегин деп,
— Арзымды ук түлкү аке,
Алал кылып жегин деп,
Уккан болсоң сөзүмдү,
Үлүрөйтпөй көзүңдү,
Оозуңда мен турамын,
Угуп жегин сөзүмдү.
Кулкулдабай тамагың,
Бул санатты санагын.

— Макул — деп түлкү ынады,
Санамакка чыдады.
— «Бир десе» түлкү «бир»— деди,
«Эки» десе, «эки»— деп,
«Үч» десе, түлкү «үч»— деди
«Төрт»— десе, түлкү «төрт»—деди,
«Беш»— десе, түлкү «беш»— деди,
Акыңдан түлкү кеч — деди.
«Аянбай түлкүм алты»— де,
Анык санап сен өткөн,
Ажалдын анты алты эле.
Акылдан түлкү шашканда,
«Алты»— деп оозун ачканда
Бөдөнө кетти кутулуп,
Түлкү калды жутунуп.
Алтың менен аңга түш,
Айтпай койбой не болдум?
Ширин этин мен чайнап,
Эзип жебей не болдум?

Түлкү калды кайгырып,
Бөдөнөдөн айрылып.
Алдаганын бөдөнө
Айтып калды ыр кылып.

## ЭШЕК МЕНЕН БУЛБУЛ

Канаттуу куштар,
Төрт аяктуу жаныбарлар
Бир күнү мажилис[1] курду,
Булбулдун сайраганын сынап,
Эшек калыс болуп карап турду.

Күүгүм кирип, күн баткан,
Түндөн баштап сайрады.
Так он эки санагы,
Айдан баштап сайрады.
Саратан салкын шамалдуу,
Жайдан баштап сайрады.
Асман ачык күн булут,
Тумандан козгоп сайрады.
Кепил болуп теминген,
Улардан козгоп сайрады.
Чалкыган көлдөн жай алган,
Куулардан козгоп сайрады.
Тоют кылган аккууну,
Тынардан козгоп сайрады.
Жер жайпаган төрт түлүк,
Малдан козгоп сайрады.
Карагай, кайың, байтерек,
Талдан козгоп сарайды.
Жер жүзүндө ар түрдүү,
Жандан козгоп сайрады.

. . . . . . . . .

Кызыл, жашыл гүл ачкан,
Чөптөн козгоп сайрады.

Көңкү тамам[2] жыйылган,
Көптөн козгоп сайрады.

---

[1] Мажилис — чогулуш деген мааниде
[2] Тамам — бүт деген мааниде

Келишимдүү ар түрлүү,
Кептен козгоп сайрады.
Тирөөчү жок токтолгон,
Көктөн козгоп сайрады.
Жер зилдеген жазында,
Амалдан козгоп сайрады.
Жайга салкын келтирген,
Шамалдан козгоп сайрады.
Жакшы менен аралаш,
Жамандан козгоп сайрады.
Башынан өткөн ар түрдүү,
Замандан козгоп сайрады.
Кызыл жашыл байчечек,
Гүлдөн козгоп сайрады.
Черин жазган муңдуунун
Тилден козгоп сайрады.
Айбанаттын эң чону
Пилден козгоп сайрады.
Учуп жүргөн ар түрлүү,
Куштан козгоп сайрады.
Татты кылган супсакты,
Туздан козгоп сайрады.
Жакын кылган алысты,
Кыздан козгоп сайрады.
Акча үчүн уктабас,
Эшенден козгоп ырдады.
Мажилиста сайраган,
Чеченден козгоп ырдады.
Көпкө тийген пайдасы.
Көсөмдөн козгоп ырдады.
Көп ооруган талыкшып,
Кеселден козгоп ырдады.
Беш жашка чейин баспаган,
Жан-жаныбар укпаган,
Нечинден козгоп сайрады.
Асмандагы дууланган
Жерге түшсө нурланган,
Жамгыр жаап көк чыккан,
Булуттан козгоп сайрады.
Тайпа-тайпа[1] ар түрлүү,
Улуттан козгоп сайрады.

[1] Тайпа-тайпа — бөлөк-бөлөк деген мааниде

Акын булбул чечендин,
Айтпаган сөзү калбады.
Булбулдун сайраганын,
Сайроодон талбаганын
Уккан мажилис:
Баракелде, булбул!
Калың журттун
Уйкусун ачып,
Кумарын жазып,
Сайрадың дешти:
— Кана айтчы эшек!
Сага келди кезек —
Деп ага сөз беришти.
— Ырас булбул жакшы сайрады,
Айтпаганы калбады.
Чынын айтсам бирок,
Үнү короздукуна окшогон жок.
Менин тилимди алса,
Короздон өнөр үйрөнүү үчүн,
Дагы бир жыл окууга барса,
Болор эле — деди эшек.
Анда көпчүлүк мындай дешет:
— Ээ, макоо, булбул эшек эмес,
Эшектей кесеп эмес,
Сенин бул айтканың
Бизге эсеп эмес!—
Деп, көпчүлүк наалат айтып калды,
Эшекти айдап жолго салды.

## КОЖОНУН АҢГЕМЕСИ

«Мен элетке барам»— деп,
«Элетти жөнгө салам»— деп,
«Элеттин малы тууғандыр,
Кайыр-зекет алам»— деп,
Селдесин чоң чалынып,
Мал алууга камынып,
Кожо акең келди көчмөнгө,
Зекет сурап зарылып,
«Элеттин малы белен»— деп,
«Эли-журту кенен»— деп,
«Баары мага кол берген,

Мурутчулап[1] келем»— деп —
Жылда келип мал алып,
Пайдаланган кожо экен.
Тазасынып өзүнчө,
Каадаланган кожо экең.
Алынча оокат малы бар,
Байсымак жанга жолукту,
Келген замат кеп баштап,
Кесирлүү кожо оолукту.
Акыл ойлоп шашпады,
Алдоонун кебин баштады,
Теспесин алып колуна,
Тегеренип оңуна,
Аракет кылып кеп айтат,
Алдамчы сөздү көп айтат,
«Нарк ушундай»— деп айтат,
Назирдин[2] жөнүн көп айтат,
«Назир-нияз маашарда[3]
Минүүчү атың»— деп айтат
«Зекет бергин малыңдан,
Садага бергин жаныңдан,
Адал болот тапканың,
Айдап жүрүп бакканың,
Пайда кылат өзүңө,
Айдап малды сатканың».
Көз көрбөгөн караңгы,
Эл ишенди кебине.
Колун берип көпчүлүк,
Кожонун кирди эбине.
Калктын баары жайланды,
Кожого колу байланды,
Караңгы калк ишенип,
Кожо акең кылды айланы.
Назир-нияз-зекетин,
Кожонун берди колуна.
Зекет арбын түшкөн соң,
Кожо түштү жолуна.

[1] Мурутчулап — кожого кол бергендерди айтат.
[2] Назир — кудайы, садага
[3] Маашар — куранда экинчи дүйнө бар деген сөздөн алынган

Алган малын аш кылып,
Айтууга оозун маш кылып,
Экинчи жылдын өзүндө,
Жана келди жазгырып.
Жумуру башта нелер жок,
Жумган көзүн түк ачпайт,
Намазын арбын көбөйтүп,
Дааратьы жок түк жатпайт.
Элдин баарын чогултуп,
Кожо кирди эрмекке,
«Салайын»— деп бул элди,
Жана бир түрдүү өрнөккө.
Айтып сөзүн баштады,
Акыл-эстен шашпады.
— Азирет кожом айтат — деп,—
Айрып элет ачпады,
— «Даяр тамак алыңар,
Малды жакшы багыңар,
Койдун башын сойгон соң,
Калтырбай тишин чагыңар,
Таза жууп куйкалап,
Казанга анан салыңар.
Мага мурут болгонун,
Бул сөзүмдү алыңар.
Ичеги менен карынды,
Итке салып бериңер.
Ичеги, карын бүт арам,
Бул сөзүмө көнүңөр,
Үмүт кылсаң жаныңдан,
Үшүр бергин даныңдан.
Эмгегиң зая[1] кетпесин,
Зекет бергин малыңдан.
Катындын тилин албаңар,
Капылетке калбаңар.
Айнытат катын адамды,
Көрөсүң мындан залалды.
Катын деген түк билбейт,
Алал менен арамды.
Тобуң-көбүң чогулуп,
Токтотуңар карарды»[2]

---

[1] Зая — бекер, бошко
[2] Карар — токтом, чечим

Кожодон бул сөз чыккан соң,
Калктын баары уккан соң,
Элдин баары дабырап,
Айтып сөзүн жабырап, —
— Кожом ырас айтат — деп,
Бул сөздөн ким кайтат?— деп,
Элет кыргыз көчмөн журт,
Элдин баары ишенди.
Эбине кожо келтирип,
Баарына салды кишенди.
Ошончо калктын ичинде,
Бир акылдуу жигит бар экен,
Кыянат менен иши жок,
Кылган иши шар экен.
Ойлонуп калды туюнуп,
«Кожонун кеби кызык»—деп,
«Эркек менен катындын,
Ортосун бузчуу бузук»— деп,
— Катындын тилин алба — дейт,
Сөзүнө кулак салба — дейт.
Катындын кирсең тилине,
Мындан чыгат калба дейт.
Берсең кожом колдойм — дейт,
Балакеттен коргойм — дейт.
Бул айтканы жалган го,
Алдап бизден алган го,
Кожонун сөзү кеп эмес.
Эч кимге бул сөз эп эмес.
Бул кожону сынайын,
Чоң аңгеме кылайын,
Кожонун ушу сөзүнө,
Кантип чын деп турайын.
Жигит мындай ой кылды;
— Кожом сага кебим бар,
Кебимди угар эбиң бар.
Үйүбүздөн чыр чыкты,
Сизге айтар сыр чыкты.
Кулак салгын сөзүмө,
Көп сыр айтам өзүңө.
Мен айтам бир кой берем — деп,
Кожом сенин өзүңө,
Катыным айтат — тай бер — деп,
Тай берсең, семиз май бер — деп.

Берген малың кайырлуу,
Акыретте ай көр деп.
Қатындын тилин албасам,
Өзүм билип кой берем,
Тилин алсам катындын,
Қожо сизге тай берем.
Бул сөзгө кожом ынандым,
Берүүгө бирин чыдадым.
Қатыным капа кылгандан,
Сизден келип сурадым».
Анда кожо кеп айтат,
«Мырза жигит»— деп айтат:
Аз-аз катын сөзүнө,
Қире жүргүн? — деп айтат.
Жигит калды ойлонуп,
«Ушу кожо кызык — деп,
Алдамчы кожо көрүнөт,
Анык напси бузук — деп,
Кепке, сөзгө келген жок,
Тайын, коюн берген жок.
«Акырет»— деп алдаган,
Алдоосуна кирген жок.
Балакеттүү кожону,
Байкап калды ошону.
Жоболоңдуу кожого,
Жугузмак болду жошону.
«Кожомду өзүм кыйбайм»— деп,
«Тамак берип сыйлайм»—деп,
Аңгемени ашырып,
Айтпай туруп жашырып,
Тууган бээнин чөбүнөн[1],
Бермек болду бышырып.
«Алал малдын эти»— деп.
«Алал тамак өзү»—деп,
Чөптү таза бышырып,
Қожонун койду астына,
Жазгырмакка бул жигит,
Қожонун кылган касына.
Таза тамак деп алды,
Түк калтырбай жеп алды.
«Татты тамак ушул»— деп,

[1] Чөп — бээ тууганда түшө турган ыйлаагы

«Кылбайбыз буга кусур»—деп.
— Кыргыздын бээси тууганда,
Келип жүр кожом өзүмө.
Бээнин чөбүн бышырып,
Берип турам өзүңө.
Жигит берди кууланып,
Кожо кетти кубанып.
Бул жигиттин сөзүнө,
Кожо калды ынанып.
Бээнин качан тубарын,
Кожо билбейт башынан.
Аяр жигит кожону,
Айнытып салды ашынан.
Барган элден кеп сурайт,
Көрүнгөн элден көп сурайт,
— Кыргыздын бээси туудубу?
Мезгили качан?— деп сурайт.
Кожону жигит азгырды,
Өз жолунан жазгырды.
Алдамчы кожо өзүнө,
Бул жорукту аз кылды!

1890

**ТӨӨНҮН АРЫЗЫ**

Менин ээм Элебай,
Жакшы баккан.
Жаан-чачында
Жабуу жапкан.
Шорумду кандырган,
Ала бата
Аткулакты
Боолап жыйдырган,
— Бук этпес жесин — деп,
Тамагымды сый кылган.
Бакырбай кепшейм,
Кыкты тепсейм,
Эчки, кой тебелесе,
Эч кандай бук этпейм.
Ээм эрке багып,
Кастарлап асырап,
Тузду талкалап,

Маа-маалап чакырат.
Короого келем,
Жем-чөп белен.
Аябай тоюп,
Кызматты берем.
Ошентип турганда,
Старчын келди,
Буйламды чойду,
Жайытымдан, ээмден,
Айрылтып койду.
Кырк төөлү Кыдырбайдан,
Бирди гана алды,
Отуз тогузу,
Өзүндө калды.
Теңдикти көрбөй,
«Бук этпес» өлбөй,
Арманда жүрөт,
Ким мага күйөт?
Нарынга келдим,
Арпаны жүктөп,
Көгөрдүм айласыз,
Жалдырап тиктеп,
Кыдырбайдын буур жүнү,
Кадырлуу болду.
Эки кап арпа,
Торсойтуп бууп,
Жонуна койду.
Байдын ысык буур жүнү,
Жаштык кылат деп,
Ченеп жүктөп,
Назар салып,
Кызыл чок дайындап,
Төө болушка барып,
Жолго салды,
Жети жүз төөнү,
Чубатып калды.
Мени мактап
Биринчи каттап,
— Балбан төө — деп,
Кыдырбай турат,
Самырдай какшап.
Көп эле жүктөп,
Көпчүлүк тиктеп,

Кайран бук этпес,
Канча болсо көтөрөт,
Төөдөн артык улук деп,
Тааныган элдер,
Кады жерлер,
Долон аштык,
Кочкорду бастык.
Көтмалдыга жеттик,
Ачка болдук,
Кубакынын белине,
Кайта барып кондук.
Үч күн өргүп,
Майдам талда болдук.
Анткени менен
Жабырым көп,
Үч кап жүктүн үстүнө,
Улоочу мени минет.
Баспаган төөнүн ээси
Учкашып деги минет.
Кыдырбайдын буур жүнү,
Жаш экен дешип,
Мени бакыртып,
Мурдумду тешип,
Шайымды кетирип,
Күндөп-түндөп.
Боом суусун кечирип,
Барганыбыз Токмок,
Ал шаарга токтоп,
Алмаштырып жүктү,
Которуп жүктөп.
Күндөн көп өтүп,
Жабырландык минетип.
Ашмара, Мерки,
Нарындан берки,
Канчалык жол,
Ой улугум,
Эсептеп берчи.
Айлабыз кетти,
Арыктыгыбыз жетти.
Тура албай чоюлдук,
Астыбыз өлдү,
Акыретти көрдү.
Тартайып жыгылды,

Талпагы сыйрылды.
Карга, кузгун,
Өлүккө жыйылды.
Çагызган курады.
Арбын жыйынды.
Бук этпес элем,
Бакырчаак болдум,
Айлам кетип,
Жатынчак болдум.
Ашуу белде
Тартынчаак болдум.
Адамды көрсөм,
Арзымды айтып,
Алда кайдан
Чакырчаак болдум.
Таякты жедим,
Улугум, сизди,
Арыз угат дедим.
Жүгүбүз оор,
Жонубуз жоор,
Мурдубуз жырылдык,
Вурандап жыгылдык.
Таманыбыз туурулдук,
Заманабыз куурулдук,
Теңдик болобу?
(1915).

## СОВЕТТИК МЕЗГИЛДЕГИ ЫРЛАР

### АЛГА, АЛГА

Эски молдо,
Шарият жолдо,
Даарат алган,
Таягы колдо.

Оозунда келме,
Оронуп селде,
Өзүнөн-өзү,
«Кудайга пенде».

Адам өлсө,
Алып кирет жерге,
— Мүнкүр, нанкир
Сурайт — дейт, көрдө.

Чымындай жанды,
Чыркыратып денди,
Урат — деп, үгүттөп,
Коркутуп элди.

Балдарды камап,
Бейшембилик алат.
Ачуусу келсе,
Өкүртүп сабап,
Алаканы менен,
Жаакка чабат.
Канетип үйрөнөт
Татаал сабак.
Качып кетсе,
Балдар тажап,
Кайрылып молдо,
Атасына барат:
— «Эти — меники,

Сөөгү — сеники» —,
Деген адат,
Мына эми калат.
Өзгөрүш[1] балдары,
Силерде талап!

Эми андай жок,
Мугалимдер дос,
Арабыздан кеткен
Молдо менен поп.

Саатка ченеп,
Сабагын берет,
Колго кармаган,
Ураандуу желек.

Тарбия үйрөтүп,
Жаштарды гүлдөтүп,
Үн кошуп ырдатып,
Ойнотуп, жыргатып,
Бойду теңеп,
Тургузуп кылдатып.

Экиден, төрттөн,
Же андан көптөн,
Порумуң аскер,
Көчөдөн өткөн.
Ой, балдарым,
Эски окуу өчкөн.
Эзип молдолор,
Жашыңды төккөн.
Ошол кезде,
Алар да көпкөн.

Эми жели чыккан,
Поп-молдо — душман,
Өзгөрүш туусу,
Падышаны жыккан.
Алга, алга!..
Акылдан танба,
Ленин туусун

---

[1] Өзгөрүш — революция деген мааниде

Колуңа карма!
Өзгөрүштү ырдап,
Өз элиңе жарда!
1922

**СЕГИЗИНЧИ МАРТ**

Эзилдик эски заманда,
Тапталдык эле таманда.
Бааланып малга сатылып,
Окшобой жүрүп адамга.
Урматтуу Ленин жол ачып,
Уруят берди аялга.
Сегизинчи март менен,
Майрамдадык ааламга.

Баса калып уруучу,
Бакыртып чачты жулуучу,
Кызалак — деп, ат койгон,
Кычкачын алып тап койгон.
Байбиче жок башкарган.

Кай жеримден кетет деп,
Күл чыгарып этектеп,
Казан асып, от жаккан,
Кар эритип, муз чапкан,
Токолдук жок жаштардан.

**ӨЗГӨРҮШ ЗАМАН БОЛДУ БИЗДИН БАККА**

Өзгөрүш заман болду биздин бакка
Жоо-жарагын асынып миндик атка.
Кор болуп, жалпы кедей бир кезекте,
Кошомат кылган элек кандидатка.

Кызыл чок, ак эшикчи, үйөздерим,[1]
Эл урган жаман эле мүнөздөрүң,
Жоголду шүгүрчүлүк, өлдүң, бүттүң,
Түбүнөн буйрук берген кинездерим.[2]

---

[1] Кызыл чок, ак эшикчи үйөздерим — бул жерде уезддик башкаруучунун кол алдындагы кызматкерлерди айтып жатат.
[2] Кинездерим — князь деген сөз

Бачагар залим падыша бузуктуусу,
Басылган жок нечен жыл ызы-чуусу
Кут болуп эми бизге жалпы кедей,
Жашасын өзгөрүштүн кызыл туусу.

## КАЙДАСЫҢАР

Кайдасыңар кадимки болуштарым,
Кулагымдан кетпеди добуштарың,
Болушмун деп букараны эзип жеген,
Которулду силердин конуштарың.
Ыйлатып жесир-жетим мискиндерди,[1]
Семирген арам тамак доңуздарым.

Кайдасыңар кадимки бий болгондор,
Пара жеп арыз укпай тим болгондор.
Адамдын эркин алып ой ойлогон,
Кедейге заары өтүп тим болгондор.

Кайдасыңар кадимки старчындар,
Сөзүнүн жарымы өтүрүк,[2] жармы чындар,
Алык-алман жыйнаган кыянатчы,
Жардыны эзип жедиң нечен жылдар.

Заманын Николайдын билемисиң,
Жалкоолор жаныңды аяп жүрөмүсүң,
Эскербей мурун көргөн кордугуңду,
Мурдуңду кетирейтип күлөмүсүң.

Үч жүз жыл Романов минди такка,
Боштондук бергени жок эч бир жакка,
Курутуп Романды тукуму менен
Большевик жаңы чыкты биздин бакка.

Уруят ургаачы-эркек барың бирдей,
Ачылган бакчадагы кызыл гүлдөй,
Балалар, мектеп барып билим оку,
Советтик боштондукта бекер жүрбөй.

---

[1] Мискиндерди — колунда жок кедейлерди деген мааниде
[2] Өтүрүк — жалган деген мааниде

Абалы казак, кыргыз калк аталдык,
Конуш деп тоо мен таштын башын чалдык.
Кадимден калаа салып өнөр билбей,
Окуудан баланы аяп, артта калдык.

Ушул күн бизге теңдик берген күнү,
Музаврат[1] баарыбызга келген күнү,
Жарыкка жаңы чыгып караңгыдан,
Ким болсо өз абалын сүргөн күнү.

Бактыбызга баатыр Ленин жолду ачып,
Марифат, мархаватын[2] элге чачып,
Большевик туу көтөрдү ай ааламга,
Падыша, төрөлөрү кетти качып.

Шон үчүн бизге жетти мектеп ачып,
Мектепти беш алты жыл окуп жатып,
Ойготуп караңгыдан элибизди,
Билимди жеткириңер элге чачып!

### АБДЫНАЗАРГА

Байымбеттин ынагы,
Башынан үйүр бу дагы.
Абдыназар казагым,
Нарында эле турагы.
Учурашып келем деп,
Үйүмө конгон бу дагы.
Басмачыга кабылып,
Балакет болду сыягы.
Чапаны жок көйнөкчөн,
Жылаң аяк, жылаң баш,
Мойнунан курмөн байлатып,
Боздосоң адам туралбас,
Үстүндө киер кийми жок,
Сүйлөрүнө тили жок,
Боору ооруп байкушка,
Болушар тууган бири жок.
Берейин десең колдо жок,

---

[1] Музаврат — жыргалдык деген мааниде
[2] Марифат, мархават — илим, билимдин уругу деген сөз

Белен оокат жолдо жок.
Барсылдатып камчылап,
Басмачы урса алсырап.
Жандап дудук болом деп.
Жатып калды кансырап.
Турсунумдан айрылып,
Туруп калдым жалдырап.
Журтта калган күчүктөй,
Улуп калдым каңгырап.
Түркүгүм совет жар болсо,
Таап берер акылым,
Кайрат кыл таяк жегенге,
Абдыназар баатырым.
Басмачыдан өч алар,
Байымбет молдо бакырың.
Аман болсо Армия,
Багыңды бир күн көтөрөр.
Арданган менен айла жок,
Арымды бир күн көтөрөр.
Барденкесин асынып,
Барсылдатып кубалап,
Фарганаңы каптаса,
Басмачы кантип тура алат.
Беш атарын асынып,
Безилдетип кубалап,
Белестен белес жойлосо,
Беттешип кантип туралат.
Бул жерден келип эл чапты,
Экөөбүздү тең чапты,
Бети жок акмак сугалак,
Бастыра албай тоо-ташка,
Калгандыр аты буралып.
Артынан биз да баралы,
Анжиянга кубалап.
Аман болсо аларбыз,
Ары-бери будалап.
Камданып тур Абдыке,
Мен үчүн аскер куралат.
Г. П. У. келип Нарындан,
Отряддар чыңалат.
Кабар берип Нарынга,
Кат жиберди балдарым.
Шишип кеткен шекилдүү,

Эки жоон сандарың.
Эби келсе кайрат кыл,
Эсен болсун жандарың.
Эмдиги жылга калтырбай,
Басмачыны жалмагын.
Казал жазып берүүгө
Каламымды кармадым.
Байымбеттин сөзү деп,
Баары журтка жардагын...

## ЖАЛИЙДИН ЗАЛИМДИГИ

Кызыл тилим зарылдап,
Кыйла сөздү безегин,
Абылаев залимдин,
Келтирген экен кезегин.
Катыны кетип бой калып,
Салыптыр өзү төшөгүн.
Ассаламу алейкум,
Акыйкатсыз Жалийсиң.
Залимдигиң барында,
Карагым кантип жарыйсың.
Кедейге катын койгон жок,
Ургаачыдан пара алып,
Уятсыз Жалий тойгон жок.
Базар чалдын аялын,
Байбиче кылып алам деп,
Аксакалды тамтайтып,
Айдап жолго салам деп,
Ойлогон элем сени мен,
Жаштарга жайлуу Сара деп.
Жабыркап турган кезимде,
Жайымды билчүү бала деп.
Айтып жүрүп бу күндө,
Билдим сенин напсиңди,
Кулкунуңду чоңойтуп,
Парадан Жалий аксыңбы?
Нарындан бүтүн көрбөдүм,
Сен өңдөнгөн аксымды.
Аялдан жеп параны,
Оңойдон олжо таптыңбы?
Жалгыз кийиз пара жеп,

Базардын иши кара деп,
Токтобүбү кеткен соң,
Базар менен Байымбет,
Айтып калдык чала деп.
Базар чалдын аялы
Кеп болгондой көрүндү
Баштагы көргөн жабыры,
Эп болгондой көрүндү.
Токтобүбү Жалийден,
Бу себептен бөлүндү.
Саргарып Жалий жүргүчө.
Самасаң боло өлүмдү,
Билбейсиңби кысталак,
Түбүң манап жөнүңдү,
Уялбастан барасың,
Атабектин Кудашка.
Кудаш калар уятка
Нелер келип, не кетпейт,
Карыз алган мамиле,
Убагында берилет.
Бербестен жеп кетем деп,
Сендей акмак адам эринет.
Көчөдө жүрдүк чалмалап,
Түрдүү манап баччагар,
Кесирдүү залим санталак.
Сарбагыш молдо өз атаң,
Моңолдордун манабы,
Абылайым Жалийсиң,
Адамдан жүрүп арамы.
Мактаган Жалий баччагар,
Ойнодуң белем чаңдатып.
Сасык туман салыпсың,
Адамдын баарын таңдантып.
Түлкү тумшук тайгансың.
Түбү залим турбайбы,
Советтин соту менмин деп,
Пара жеп сотту булгайбы!
Сага ылайык эмес бул мансап,
Ырдаса болот мындайды.
Манап менен кедейдин
Ортосун бөлүп ылгайлы.
1923

## СУРОО САЛ

Байымбеттин Тезекчим,
Башынан бери билесиң.
Курбулук кылып угуп тур,
Айтайын сөздүн жүйөсүн.
Өткөн жылы өксүтүп,
Өлүм чиркин торгоду,
Эсенаалы, Кубатым,
О дүйнө кетип шордоду.
Артында калып Байымбет,
Картайганда оңбоду.
Эки жыл удаа басмачы,
Эс оодарып торгоду.
Илгертен бери жазылган,
Эки куржун болжолу,
Китебимден ажырап,
Эстесем келбейт ойдогу.
Эрмек кылып жүрүүгө,
Өзүмдө нуска болбоду.
Курбулар менден кеп сурап,
Канакей курсак тойгону.
Эмгичекти уурулар
Иришкенин койбоду.
Суроо сал курбум Тезекчи,
Тегирмен салган элдерден,
Кыя өтпөгүн көргөндө,
Чоңдугу кучак дептерден.
Тышы чаар мукаба,
Бетине сыя төгүлгөн.
Чыны менен Тезекчим,
Чыгарбагын көңүлдөн.
Сүйүнчүсүн мол берем,
Союп жечү кой берем.
Таап келсең колума,
Как өзүңө тай берем.
1923

## СЪЕЗДГЕ

Колума комуз кармадым,
Козголуп элге жардадым.
Көтөргөн кыргыз түндүгүн,
Съездине арнадым.

Он жетинчи жылында,
Үстөмдүк алып өкмөт,
Куралган элбиз чынында,
Тоо менен таштын түбүндө,
Жүргөнбүз башта тумугуп.
Арам пикир душмандар
Азыр арабыздан куулуп.
Ан үчүн айтып турамын.
Кубаныч сөздөр угулуп.

Кылымга дайын советтин,
Кылычтай мизи курчуган.
Кызыл аскер куралып,
Кыргызстан журтунан.
Коргоо үчүн биздерди,
Коргон болуп сыртынан.
Жанга баткан жабырдан
Жалпы кедей тынчыган.
Партиянын борбору,
Маскөөгө келип орноду.
Бар улутка таралган,
Маркстин чапкан чоң жолу.
Бар улутту Сталин,
Баласындай оңдоду.
Барк албаган башынан,
Көчмөндүү кыргыз элетти,
Кедейге бердиң туу кылып,
Керене кызыл желекти.
Башында кыргыз эл беле?
Башкага кыргыз тең беле?
Кылым бою кыйналып,
Кызыл чокто келди эле.
Көп жылдап артта калды — деп,
Көз салды биздей кенжеге.
Арылтты Ильич шорунду,
Көрсөттү далай сонунду.
Каптаган кара тумандан,
Бөлүп чыкты тобуңду...
Партия, өкмөт жол бербей,
Бардык куулар жоголду.
Кыйратчуудай басмачы,
Түштүктө кылып жүргөн кобурду.
Кызыл баатыр барганда,

Кылчайгыс болуп согулду.
Өсүп өлкө жетилип,
Азыр СССР аты коюлду.

1927

## АКЫН ЖАМБЫЛ

Жамбылга түшкөн эмес мурун ишим,
Сыртынан байкап жүрүп көргөн кишим.
Тоюна Алма-Атага бара салып,
Жамбылдын шондо көрдүм анык жүзүн.

Жамбылым тойду курап салган экен,
Ар элден конок арбын барган экен.
Мен дагы тойго барып түшкөн күнү,
Куралып той башталып калган экен.

Шондо барып, Жамбылдын тоюн көрдүм,
Келбеттүү акыл, сыпат, боюн көрдүм.
Кеткиче Жамбыл менен бирге болуп,
Жаңырган биротоло оюн көрдүм.

Сексен жаш чыгып кетти көңүл-ойдон,
Балкытып кубат келди дене-бойдон.
Эл-журту Жамбыл үчүн даярдаган,
Сонунду көрүп келдим ошол тойдон.

Акындан артык болуп, Жамбыл бүткөн,
Сүрөткө бирге отуруп, бирге түшкөм.
Сайрандап машинада желдей учкан,
Сыймыкка жүрөк толкуп көңүл өскөн.

Жамбылым жандан ашкан акын экен,
Айтканы Сүйүмбайга[1] жакын экен.
Иниси — Мухтар, Сабит, Кенен деген,[2]
Буларда толуп турган акын экен.

---

[1] Сүйүмбай — казак элинин акыны

[2] Мухтар, Сабит Кенен — казактын жазуучулары — акындары

Жамбылым максатына жеткен чалым,
«Эмгек туу», «Ардак белги» алган баарын.
Таралып СССРдей кең өлкөгө,
Жамбылдын акындыгы болгон маалим.

1938

## КЫРГЫЗ АКЫНДАРЫ ТУУРАЛУ

Эл акынын баяндап,
Эми кирдим эрмекке.
Эл ичинде дайындуу,
Нуска кылып бермекке.
Өзүмдүн бабам Музооке,
Чертип жүргөн комузду,
Маанисине келтирип,
Кошуп жүргөн добушту.
Көчүрүп алып чоң Ормон,
Саяктан бөлгөн конушту...
Көчүп барып Музооке,
Ормонго коңшу болуптур,
Эки манап талашып,
Жаңжалы арбын болуптур,
Музоокени талашкан,
Стам менен хан Ормон,
Каргашалуу манаптын
Калабасы чоң болгон.
Өлөт деп топту санабайт,
Өлгөнүнө карабайт.
Хандык кылган Ормону,
Арачыга жарабайт.
Стамдын уулу Маңытай,
Кезенишип калыптыр.
Так төбөгө салыптыр.
Мээси чыгып Музооке,
Акыл-эстен таныптыр.
Айбалта тийип башына,
Эндиреп жатып калыптыр.
Эки-үч күндө Музооке,
Эс-акылын жыйыптыр.
Жабыры батып жанына,
Жарасы жаман ырбаптыр.

Эс алган соң Музооке,
Эми түштү эсине.
Маңытай тийди безине,
Көрүндү жаны көзүнө.
Муңдуу күү деген күү чертип,
Комузун алды колуна.
Манаптын түшкөн торуна,
Байкаңар сөздүн соңуна.
Мен хан Ормонго барам деп,
Каргаша көрдүм манаптан,
Кайдан келдим саяктан,
Кутулбадым таяктан.
Кайдан келдим Жумгалдан,
Каба, Чакыр тууган дан,
Кор болуп кеттим курган жан,
Кутулбадым ургандан.
Кайдан келдим Нарындан,
Кор болдум тууган зарыңдан.
Сарбагыштын боз балдар,
Таяк жедим баарыңдан.
Кайдан келдим Кочкордон,
Кутулбадым чочмордон.
Шайтан айдап Музооке,
Башында жерден козголгон.
Чай боорсок салды ашыма,
Айбалта тийди башыма.
Боор такыр, көк шыйрак,
Маңытай чапты башыма...

Айтылуу ырчы Токтогул,
Атагын айтам токтогун.
Кетмен-Төбө саягы,
Кебин журтка жаялы...
Дыйканбай, Акмат манаптын,
Башына тийген таягы.
Каяша берген адамды,
Качан манап аяды!
Нанга тоюп кутурган,
Миң-Дөбөнүн эшени,
Мындан башка айдаткан
Акмат, Дыйкан нечени.
Ак жеринен док кылып,
Эшендин жуккан кезели.

Акмат дыйкан айдаткан,
Айнектей көзүн жайнаткан,
Кордук кылып зарлатып,
Колу, бутун байлаткан.
Отарабага чыкканда
Токтогул тилин сайраткан.

Эми айтыла турган акындан,
Алымкул менен Калык бар,
Ал экөөнүн мойнунда
Адабият салык бар.
Артисти турат гүлдөтүп,
Барган сайын бүрдөтүп.
Жараштырып нотага,
Абандарын салышат.
Кошо сайрап комузу,
Кол талашып жарышат.
Алардын ырын укканда
Адамдар айран калышат.
Калмурат жүрөт какылдап,
Абанын салып шакылдап.
Акындыкка бечара,
Жете албай жүрөт жакындап.
Аңгемелүү артистте
Аңгеменин баары бар,
Комузун чертип окшотуп,
Кыягын тартып боздотуп,
Бул артисттин ичинде,
Муратаалы кары бар.

## ЖЫРГАДЫМ

Жыргалын көрүп советтин,
Бастым нечен жолдорду.
Араладым мен барып,
Москва шаар борборду,
Жаркыраган Кремль,
Жайын көрдүм карганда,
Сейил куттум моминтип,
Сексенге жашым барганда.
Падышанын тушунда,
Жатыппыз туюк тамдарда,

Өтүп кеткен нечендер,
Өмүр бою арманда.
Үзүлгөндү улаган,
Өксүгөндү жеткирген,
Бир женден кол чыгарып,
Бирдиктүү бол — деп билген
Жыгылганды турузган,
Гүлдөткөн элин турмуштан,
Ай-ааламга дайындап,
Ак калпактуу кыргыздан,
Кабардар болуп жатыштык,
Асмандагы жылдыздан.
Сүрөдү биздей карыны,
Эмгекти баалап дайындап.
Карып калдым дебестен,
Өрттөй күйүп жалындап,
Өлмөйүнчө жазамын,
Өзүмдү өзүм маалымдап.
Нечен-нечен мендейди,
Сыйлады минтип кадырлап.
Керней-сурнай тартылды,
Кетте шаар жайларда
Сулуу токой гүлдөдү,
Суу акпаган сайларда.
Ак пахталар толуптур
Аңкап жаткан чөлдөргө,
Бар сарамжал жетилип,
Пароход жүрүп көлдөргө,
Жер алдында метро,
Белендеп барын койгондой,
Он эки кабат үйлөрүн,
Көргөндүн көөнү тойгондой,
Түрлүү-түрлүү жаныбар,
Жаралгандын баары бар
Санжабы менен багылган,
Жанына барса таанымал,
Сонундун баарын көрсөткөн,
Советтин кенен жолу ушу,
Декадасы кыргыздын,
Өтүп келген тою ушу,
Жетимиш адам сыйланып,
Жерине келген болучу,
Жергесине учурап,

Саламдашып оңуучу.
Көргөн, билген сөздөрдү,
Жазып берип туруучу.
Жар жаамат[1] агайын,
Жалпы жайык угуучу.
Жазганында Байымбет,
Казал болор мунусу
Кадимден бери сөздөрүм,
Калайыкка жугуучу.
Жугумдуу сөздү ойго алып,
Эмгекти совет колго алып,
Көтөрдү көккө чыгарып,
Көңүлүм өстү улаарып,
Урмат кылып жол тосуу,
Улуу сыйлык баркынан
Учан теңиз көп журтум,
Угуп көөнү жаркыган,
Карыдым деп турбастан,
Күндө кадам артылам.
Өрчүгөн жаш балдарым,
Өргө карай камчылан!
Тарбия алып жашаган,
Миң-миллион калкы бар.
Ата Сталин көсөмдүн,
Ай-ааламга даңкы бар.
Саясында жыргаган,
Бүт дүнүйө жалпы бар.
Ошонун бири мен болуп,
Баркым тоого тең болуп,
Бааландым мына бул күндө,
Бакты-сыймык бир конуп.
Акырет сапар кетерде
Ачылды минтип көңүлүм.
Көп жашасын деп тилейм,
Сталиндин өмүрүн.
1939

## БАКТЫЛУУМУН

Апта сайын, ай сайын,
Аралап борбор шаарымды,
Маскөөгө барып өткөн жыл

[1] Жар жаамат — жалпы, бүткүл деген мааниде

Ачып келдим багымды.
Айлансам болот советтин,
Кеңири чапкан жолуна.
Кремлди аралап,
Кезиктим нечен сонунга.
Улуу Сталин атанын,
Урматын көрүп жатамын.
Бактылуу болуп бул күндө
Жайылды элге атагым.
Сексендеги Байымбет
Жигит болуп жашардым.
Карымын деп турбастан,
Калкыма нуска чачамын.
Сексенге жашым жеткинче,
Калемим курчуп тына элек,
Адабият жамгарып,
Элиме бердим көп белек.
Өткөн жылы жайында,
Кремлдин төрүндө,
«Манасты» айтып ырдадым,
Сталинди көргөндө,
Карыя жолдош Калинин,
Орден такты төшүмө.
Ыраазы болуп Байымбет
Жашарып кирдим көркүмө.

Калкына берген жыргалын,
Кадырын билген нусканын,
Бактылуу күнгө жеткирген,
Көп жашасын Сталин!
1940

**КАЙРА ЖАШАРДЫМ**

Бактысыз жүрдүм башында,
Бай-манапка тапталып,
Эми сыймык орноду,
Бактылуумун шаттанып.

Сексенге чыккан кезимде,
Айланып учтум асмандап.
Эркелетип сыйлады —
Эли-журтум кастарлап.

Ошондуктан жашарып,
Солкулдап турган кезегим,
Ысык-Көлдөй, Соң-Көлдөй,
Толкундап турган кезегим.

Турмуштун жыргал көлүнө,
Калемимди сугарам
Калкым үчүн мокобой,
Кайраттанып чыңалам.

Уул, келин — балдарым,
Урматыңа кубанам.
Улуу Сталин көп жаша,
Үзүлгөндү улаган!
1940

## БАЙЫМБЕТ СЕНИН ЗЫЙНАТЫҢ

Байымбет сенин зыйнатың,
Байкалып калды кымбатың.
Карыганда көрдүңбү,
Калкыңдын кылган урматын!
1940

## ТОКТОГУЛ ЖӨНҮНДӨ

Замандашым Токтогулдун 1940-жылы март айында боло турган тоюна арнап, аны менен бирге жүргөнүмдө алымча билгендеримди кабарлаймын. (Кара сөз менен, арасында ырлары да бар).

1889-жылы Куртка деген жерде туруп, ырга зооктуу болуп турган кезимде маркум акын-Токтогулдун кабарын Кетмен-Төбөгө барып келген өз тууганым Молдобай Чекирекей уулунан 1-жолу уктум.

— Адам баласында Токтогулдай ырчы болбойт. Өзүң курдуу жаш жигит экен. Элге атактуу сезилген ырчылар: Эсенаман, Көчөрбай, Болдур-бала ырчы Токтогул менен айтышмак турсун изин кечпей калды. Токтогул санаттан, салттан, тарыхтан ырдап, элди таң калтырып, ыраазы кылат экен. Бардыгына бирдей аралашып жүргөндөй айтат, ырдаганында калет жок. Кетмен-Төбөгө барып көргөн сонунум ушул — деди.

Токтогулдун атагын угуп, көңүлүм дегдеди. Молдобайдан анын турагын, уругун сурадым. Молдобай менин ынтызарлыгымды сезип-билишинче толук айтып берди.

— Токтогул мага жакын таяке болот (энемдин төркүнү), Сарттар деген элден. Арым деген жерде турат, бойчур келген сары чийкил жигит. Ырыскулбек деген байдын балдары менен кас экен. Жалпы эл манаптардын салтанат менен жүргөнүн сүйбөй, букаранын малына мас болгон жиндилер — деп, ачууланат экен. Ал эми Ырыскулбектин балдарын болсо:

«Ырыскулбектин беш каман,
Бейли бузук ит жаман.
Көрөөрсүң бир сонунду,
Күрсүлдөгөн уй каман»—

деп, ырдап жүрөт. Бул тууралу Ырыскулбектин балдары Токтогулга колдорунан келишинче жамандык кылууну ойлоп жүрүшүптүр. Мына ушинтип манаптардын пейли Токтогулга жакшы эмес — деди.

Бул сөздү укканда Токтогулду көрүүгө, андан үлгү алууга баштагыдан да кыйыныраак дегдеп, Токтогулга алып барып, кезигиштирүүсүн Молдобайдан абдан өтүндүм.

— Жакшы болот, күзүндө өзүм дагы барам, ат-тонуңду камданып тургун, сөзсүз кезигиштирем — деп, Молдобай убадасын берди. Ал кезде жетимдиктин жана жокчулуктун каарын тартып жүргөн кезим эле. Колумда көк быштыдан башка малым да жок. Күз болду, Молдобайга кошулуп Токтогулга жөнөп калдым.

1890-унчу жылы октябрь айында барсам, Токтогул үйүндө жок, Таласка кеткен экен. Мен аны манаптардан жазганып, орун которгону кетсе керек — деп ойлодум. Күтүп жата бердим. 10 күндө Токтогул келди. Арым деген жерде, сарттар деген элде Токтогул менен биринчи жолу көрүшүп, өзүмдү тааныштырдым. Үч ай чамасында бирге жүрүп, Токомдон ырдын түйүнүн, нускасын алып кайттым.

1893-үнчү жылы да бир жолу барып келдим. 1898-жылы Сибирге айдалып кеткенин угуп, абдан кайгырдым. Алым начар, коркунучум көп болуп Токомо учураша албай калдым. Мына ошол айдалып бара жатканында төмөнкүдөй ырдап, карап турган муңдууларды жашыткан экен:

Айдалдым, кеттим ишим ак,
Алым карып, күнүм чак,
Кагылайын туугандар,
Менин актыгымды ойлоп бак!
Жайкалып жүргөн Токтогул,
Занжыр[1] түшүп колума,
Азап түшүп башыма,
Айдалдым Шибер жолуна.
Кишен түшүп бутума,
Айдалып кетип барамын,
Кайрылып келер күн барбы,
Мен калың кыргыз журтума?
Өзбек, кыргыз — калың журт,
Өскөн элим аман бол!
Өмүрүмдү жыргатып,
Өткөн элим аман бол!
Киндик кесип, кир жууган,
Турган жерим аман бол!
Кичинемден бирге өскөн,
Тууган элим аман бол!
Токондо айтар тил барбы?
Торгойдой добуш үн барбы?
Торгойдой сайрап Токтогул,
Толгонуп келер күн барбы?
Арманым айтар тил барбы?
Ачылып чыгар күн барбы?
Айдалып кеткен Токтогул,
Айланып келер күн барбы?
Ырыскулбектин беш каман,—
Бейли бузук беш жаман,
Кеттим Шибер айдалып,
Бизге келер бекен кең заман!
Залимдин түштүм торуна,
Айдалдым Шибер жолуна,
Элимде жүргөн кезимде,
Эшен чыкты шорума —

деп, ырдап турганда калк дүркүрөп, ыйлабаган адам калбаптыр. Бирөөнүн атасы айдалып баласы калып, бирөөнүн баласы айдалып атасы калып, муңканып жүргөн элди Токтогулдун ыры ого бетер жашытыптыр.

---

[1] Занжыр — айыпкерлердин колуна сала турган темир кишен

Күзөт солдаттар Токтогулдун ырын токтотуп, айдап кетишиптир.

— Бул баргандардан кийин Токтогул Сибирден качып кетип, Ош жакта жүрөт — деген каңшаарды уктум. Бирок, учураша албай калдым, Манаптар тарабынан кайра кармалып кетиптир.

Мындан кийин Ырыскулбектин балдары: Акмат, Дыйкан, Атакан, Миңбай, Мырзакандардын өздөрү кылмыштары үчүн айдалып жок болушту. Ал аңгыча Токтогул акталып, келип калды. Учурашуу, үчүн атайын барып келдим.

Жанында өзү үйрөткөн шекирттеринен бир нечеси Эшмамбет, Эшенкул, Жаңыбай, Курман, Жолойлор бар экен. Жер жаңырткан мукам үндөрү менен алым сабак айтышып ырдай кетишти. Бул келгенинде Токтогулдун түсү кадимкидей, бирок тиши түшүп калган экен. Сакалы жайкалып, сымбаты келишкен жылуу түрү менен жанындагы ырчыларга аңгеме айтып отурду. Көпчүлүктүн ичинен мени көрө салып, өзү жөнүндө кабарлап мени менен ыр менен учурашты. Ичимде Токтогулдун бул көңүл бөлгөндүгүнө абдан көтөрүлдүм.

Токтогулдун ыры:

Байымбет молдо булбулум,
Баарыдан чыккан туйгунум,
Бала-чакаң аманбы,
Басынып жүргөн кургурум?
Асилиң саяк, тууганым,
Туугандан чыккан бууданым,
Башынан өзүң билесиң,
Мени манаптар сүрүп кууганын.
Ырыскулбектин беш каман,
Мээнетке башым чырмады,
Бейли бузук манаптар,
Мени Иркутка[1] айдап кыйнады.
Иркутте жатып үшкүрүп,
Булбул Токоң ыйлады,

[1] Иркут — Иркутск шаарын айтып жатат

Түрмөдө жаткан кезимде
Түрдүү улуттар сыйлады.
Булбул Токоң Маскөөдө,
Акыл-эсин жыйнады.
Комузун алып колуна,
Айдалганын ырдады,
Айдалып кеткен эшенден,
Адамдын баары кыйрады.
Элиме аман кетсем деп,

Эт жүрөгүм туйлады.
Өлбөгөн жан акталып,
Токоң келди калкына.
Жаамы кыргыз балдары,
Бириң эмес, жалпыңа.
Жериңе келдим Токтогул,
Жетер деп тууган баркыма...

Б а й ы м б е т:

Айдалып кеткен Шиберге,
Акын Током аманбы?
Жалпы жарды-жалчыга
Жакын Током аманбы?
Манаптар менен басташкан,
Баатыр Током аманбы?
Кызыл тилин сайраткан,
Булбул Током аманбы?
Арыштап алыс чуркаган,
Дулдул Током аманбы?
Сүйлөтүп комуз күүлөгөн,
Туйгун Током аманбы?
Амандыктын соңунан,
Айткым келди онунан,
Арзып чыккан Токомдун,
Учурап калдым жолунан.
Ырчынын баары шаңкылдап,
Ырдап келди кашында,
Ак туйгундай күүлөнүп,
Булбул Током башында.
Калыкты мурун көргөнмүн,
Бала кезде жашында,

Сыпатын байкап жактырып,
Сынагамын Калыкты.
Чечен бала көрүнөт,
Чечер деп кыйла тарыхты.
Кара сакал Эшмамбет,
Кайнап турган кези экен.
Калтырбастан санатты,
Сайрап турган кези экен.
Адам уулу кемиткис
Акындын анык өзү экен.
Жаңыбай менен Курманың,
Коного чапса чарчабас,
Айтылуу тулпар бууданым.
Жолой жолдон кошулган,
Жолдош болуп озунган,
Бул мурза чыкма бала экен.
Ырдаган ыры чала экен.
Аңги-деңги куу туяк,
Эрмектик ыры бар экен.
Ырчынын баары дүбүрөп,
Ээрчиптир, Токо өзүңдү,
Элет кыргыз тууганың,
Эрмек кылат сөзүңдү.
Жаркырап алтын сакалың,
Жаңыдан көрдүм көзүңдү,
«Токтогулдан үйрөнүп,
Ырчы болуп алсак — деп,
Ылгап ырдын сарасын,
Сынчы болуп алсак» — деп,
Талап менен баарысы,
Келген экен жаныңа.
Талабына жетишсин,
Таалим бергин баарына.

Токтогул менен бирге жүрүп, бирге конуп, жанашып-жармашып жүрүп, бир далай нуктуу сөздөрдөн пайдаланып калдым. Өзүм жазуучулук жөнүнө түшүп, ашта-тойдо ырдаганым жок. Мындан кийин Токтогул менен кабарлашып, ата-баладай болуп жүрдүк.

## ОКТЯБРЬ МАЙРАМЫН КУТТУКТОО

Элге өрнөк салганы
Эркиндик деп сайрады.
Өзгөрүшкө жол ачкан,
Октябрдын майрамы.

Обол мурун жол ачкан,
Жол ачканда мол ачкан,
Жер жүзүнө нур чачкан
Октябрдын майрамы.

Эркиндикти келтирген,
Эл душманын өлтүргөн,
Чоң максатка жеткирген,
Октябрдын майрамы.

Күндөй балкып жаркыган,
Көлдөй толкуп ташыган,
Булбулдай сайрап таңшыган.
Октябрдын майрамы.

Маркстин жайган планы,
Партиянын урааны,
Өзгөрүштүн турагы,
Октябрдын майрамы.

Кеңештин жолун кең чапкан,
Баарыга бирдей тең чапкан,
Кеңешке кенен эл тапкан,
Октябрдын майрамы.

Залимдерди жайлаган,
Жипсиз колун байлаган,
Эл ичинен айдаган,
Октябрдын майрамы.

Николайды кулаткан,
Тукуму менен сулаткан,
Октябрдын майрамы.

Эмгекчилди сыйлаган,
Элге нуска жыйнаган.
Дүйнөгө нуру сыйбаган,
Октябрдын майрамы.

Залимдин баарын чарпыган,
Пияздай кылып аарчыган,
Дүйнөгө нуру жаркыган,
Октябрдын майрамы.

Октябрдин сарасы,
Қасиет берди калкыңа,
Қадырлуу нурун карачы,
Октябрдын майрамы.

Мунун баарын кармаган,
Туюнгун деп зарлаган,
Туура жолго жолдогон,
Жалпы журтка жардаган.

Ташып жатат ичимде,
Ырдын кени балалап,
Байкап көрдүм өзүмдү,
Сексен жашта чамалап.

Қабаттап сөзүм чубурат,
Қалем алсам колума,
Дал сексенге келгенде,
Быйыл келдим оңума.

Өзүм өлсөм, өлбөстөн
Сөзүм калсын соңума.
Акындыктын жүзүнөн
Қубанам ачык жолума.

Өзүм акын, жазуучу,
Илимдин кенин казуучу,
Сөзүмдү сөзгө улантып,
Сөз капкасын ачуучу.
1940

## КОНСТИТУЦИЯ

Асманга нуру калкыган,
Аалам бүтүн жаркыган,
Жандын баары балкыган —
Сталиндик кең закон.

Касиети артыла,
Кабар берген калкына,
Нурун чачкан жалпыга,
Сталиндик тең закон.

Гүлдөтүп элин жыргаткан,
Жашартып шайыр ырдаткан,
Кыналып бүткөн кылдаттан-
Сталиндик бул закон.

Жалпы журтка жардаган,
Эмгекчиге арнаган,
Кубанбай пенде калбаган,
Сталиндик нур закон.
1940

**КЫРГЫЗСТАНДЫН ОН БЕШ ЖЫЛДЫГЫН КУТТУКТОО**

Кыргызстан элинин
Он беш жылдык майрамы.
Куттуу болсун биздерге,
Майрам болгон айлары.
Республика атагы,
Он беш жылга толгон күн,
Толгон күнүн куттуктап,
Бүгүн майрам болгон күн.
Келин-кыздар хор айтып
Жыргай турган күн туулу,
Бул майрамды куттуктап
Ырдай турган күн тууду.
Улуу Сталин кыргыздын,
Жолун ачкан күн тууду.
Бүтүн дүйнө жүзүнө
Нурун чачкан күн тууду.
Биздин Ленин — Сталин,
Эркиндик берген атабыз,
Улуу Ленин жолунун
Урматын көрүп жатабыз.
Улуу Сталин камкордун
Жол-жобосун кылалык,
Жаңыдан тууган кыргыз эл
Ойноп-жыргап туралык.
1941

## БИЗ ДАЯРБЫЗ

Бул калемим ок болот,
Кадалса душман жок болот.
Чалма салып боолуктап,
Чапса кайдан козголот.

Жазуучунун сыясы,
Октябрдын тамчысы,
Бактысын баштан учурчуу,
Фашистке тийген камчысы.

Кербалаанын итиндей,
Желип жүргөн дөбөтко,
Аңдыган биздин партизан,
Ачытып ууну төгөтко,
Уу жеген соң жырткычтар,
Ушу быйыл өлөтко.

Кызыл Аскер кыраандар,
Кылычтап алдын торгосо
Берлинге чейин биз барып,
Бирдик туубуз орносо,
Өлбөс Гитлер эркиби,
Өпкөгө найза сойлосо.

Жек көрүнүп фашисттер,
Шүмшүк болуп өлүүчү,
Ит өлүмү ушу деп,
Эмгекчи элим көрүүчү.

Беребиз сокку иттерге
Бети жок наадан Гитлерге...

Кол тийбес ыйык сакталат,
Ата мекен журтубуз,
Мокобойбуз ар качан,
Болоттон өткүр курчубуз.

Биз жеңебиз душманды,
Убадасын бузганды,
Ташын талкан кылабыз,
Тамтыксыз бетин жыртканды.

Чынжырын үзүп чечебиз,
Жылдырбай салган буттарды.

Сталин айткан сөздү угуп,
Элимдин көөнү шыктанды,
Эркек-аял дебестен,
Даярбыз деп чукталды[1].
Менин да болот каламым
Душманга курчуп учталды.

Кубаттанган сөздү угуп,
Курчуйбуз күндө күчөйбүз,
Тетири-ийри бүткөндү,
Тезге салып түзөйбүз,
Бүтүн эмгекчилердин,
Азаттыгын күзөйбүз.
Жыгач улап бутуна
Жыртылганды бүтөйбүз.

Кызылдарым кыраандар,
Кылычы өткүр тынарлар,
Кыжыры кайнап фашистке,
Курчуйт күндө куралдар.
Аксакал дебей, жаш дебей,
Алдыга койгон ураан бар.
А турмак биз да даяр дейт
Ак элечек жубандар.

Анысына кубанып,
Алдым колго каламды,
Фашисттердин башына,
Салабыз акыр заманды.
Сталиндин ураany,
Бүт дүйнөгө таралды.
Мына эмгек көрдүңбү,
Жаңы күч кайра жаралды.

Жашасын деп тиленем,
Жалпы кызыл аскерди,
Жалыны күчөйт дүркүрөп,
Кайсы жандар пас келди!

---

[1] **Чукталды** — даярдыгын билгизди деген мааниде

Айдамга койбой жеңебиз,
Ал өңдөнгөн жиндини,
Дүнүйөдө эмгекчилердин,
Жашасын темир бирдиги!
1941

### АРМИЯГА АРНАЙЛЫ

Бергиле журтум бергиле,
Биздин аскер балдарга,
Жөнөтөлү посылка,
Тозуп алсын барганда!
Элибизден келди деп,
Сүйүнүшсүн алганда.
Алтын-күмүш берели,
Армияга жардамга!

Ат, аргымак тандайлы,
Асмандатып минерге.
Жылуу кийим камдайлы,
Кыш мезгилде киерге.
Армияга арнайлы,
Жөнөтөлү ирелге[1]
Биз да курал кармайлы,
Качырып жоого тиерге.
1941

### ЖЕТИШКЕНБИЗ, ЖЕҢЕБИЗ

Таң кашкайып атканда,
Таалайга элим батканда,
Күч жыйналып жалпыбыз,
Гүлдөп өсүп жатканда.

Күндүн нурун чачканда
Гүл жарылып ачканда,
Күкүгү таңшып чакырып,
Көгөргөн дарак-бактарда,
Бутагында булбулу,
Муңкандырып шактарда!

---

[1] Ирел — поезд деген сөз

Канатын күүлөп какканда,
Карчыга уя басканда
Казак, кыргыз арттагы,
Кайыптан өнөр тапканда!

Кулачын жайып асманга,
Түндүк уюл ашканда
Чыгыш менен батыштан
Эки түштүк жактан да
Эрке өстүрүп барысын,
Эр Сталин бакканда!

Падыша түшүп тактан да
Байчыл душман таптан да,
Негизинен жоюлуп,
Бир да калбай катмарда.

Белгиленип дастанга,
Бирдик күчтөр ташканда!
Социализм булагы,
Дайра болуп акканда!
Кайдан чыга келди экен,
Карышкырча капталга!
Түлкү болуп шимшилеп,
Түн ичинде шакмарга,
Тумшугунан малынып,
Түшөт бир күн капканга.
Талкаланат сөөгү,
Таруудайдан чакканда.

Тартылбайбы айласыз,
Таман-тузак арканга.
Ар түрлүү айла кылалы,
Азыркы Гитлер шайтанга.
Аралап кирип байлап чык,
Эч нерседен жалтанба.
Кутурган ит жоголсо,
Кубатко биздей картаңга.

Жетишкенбиз, жеңебиз,
Жерге жамгыр себебиз.
Жек көрүмчү Гитлерди
Жеңебиз да келебиз!

## ӨСКӨН ЧАК, КАЙРАТТУУ КҮН

Танка менен самолёт,
Түрлүү курал көбөйдү,
Баласындай асырап,
Бакты Сталин кедейди.

Башынан бери байчылдын,
Байлаган элин куткарган
Асмандап учуп ат миндик,
Темир канат шумкардан,
Канатына кир жукпай,
Ак булутту жиреген,
Узун жолду кыскартып,
Улаштырып ширеген.

Ошону үчүн кызылдар
Жетик кыйын кыраандар
Канкорлорду жоготуп,
Кайраттуу бол уландар,
Кан төккөнгө какайып,
Кайрат кылчу күн ушу.
Ажаан өңдүү душманга,
Айбат кылчу күн ушу.

Тоо текедей түйүлүп,
Тулпарды тандап минүүчү,
Туу көтөрүп кол баштап,
Душманды көздөй жүрүүчү,
Тулку-бойго жарашкан,
Туулга башка кийүүчү.
Туурасынан качырып,
Тоо бүркүттөй тийүүчү.

Карыпчын,[1] соот жарагын,
Калканын кошо кийүүчү,
Калкылдатып борумдап,
Карыга найза илүүчү,
Кас санаган душмандын,
Кара боорун тилүүчү,

---

[1] Карыпчын — чыканактан кол учуна чейин кие турган жең кап

Капталынан качырып,
Кабыландай тийүүчү.

Манастан калган үлгүнү,
Баары кыргыз сүйүүчү.
Фашисттерди барганда,
Баштарын кесип ийүүчү.
Фашисттин жок болорун.
Баатыр аскер билүүчү.
Баарысын чилдей таратып,
Баарчын куштай тийүүчү.

Ант урган иттер кызыгып,
Азуусун кайра чалуучу,
Ал өңдөнгөн жырткычтын,
Алдынан тосуп баруучу.
Азууларын талкалап,
Айбалта менен чабуучу.
Адамды капчуу ит душман,
Алдыбызда как ушу,
Аттарыңар асмандап,
Ааламды бузган дабышы,

Жолойду Кошой жыккандай
Коён колтук алуучу,
Толорсугун тайдырып,
Томуктан торой чалуучу,
Чапса жерден козголтпой,
Чалкасынан салуучу.
Кутурган ит акыры,
Кучактап жерди кабуучу.
Сыр найза менен сайуучу,
Сыртынан өтүн жаруучу.
Айыгышкан душманга,
Акыр-заман салуучу.

Барып жеңип душманды,
Өпкөсүн сууруп толгосок.
Кантип чыдап жатабыз,
Канкорду кармап сойбосок.

Кайраттуу күндө балдарым,
Канкордун күлүн сапыргын.

Катыгын берип колуна
Тилегин таштай катыргын.

Эсендиги астында
Эр Сталин баатырдын,
Жолун тозуп сүрөлү,
Ылаачындай тиели
Тулпар минип, туу кармап
Туш-тушунан кирели.
Таалайлуу элге катылган,
Таш капсын анын планы,
Тарсылдатып ок атып,
Талкалайлы, кыралы,
Бул ааламдан жоготуп,
Андан кийин тыналы.
1941

### ОКТЯБРЬ

Он жетинчи жылы Октябрь төрөлдүң,
Төрөлгөндө алга карай жөнөлдүң.
Троцкий, Бухаринчил душманды,
Торой чалып үстөмөндөн көмөрдүң.

Бирдик күчүң күндөн-күнгө чыңалган,
Эмгекчи элди эркин азат кыла алган,
Партиялык темир бирдик астында
Мокогонду чыңап курчка сугарган.

Жеке эмес жети кылым кыраандан,
Жергең өсүп жеңишиңе чыланган.
Антурганды, кутурганды, душманды,
Аластатып арабыздан чыгарган.

Келген элен күн нурунан жаралып,
Кетти атагың ай-ааламга таралып.
Өтүп жатат жылда тоюн-мааракең![1]
Бешиктеги балага да беш колундай саналып.

Ушу быйыл ого бетер бүрдөсө,
Кантип бизди Гитлер жыгам деди экен,

[1] Мааракең — майрамың деген мааниде

Чынарында чырпыктары гүлдөсө.
Гүлгө конуп булбулдары сайраса,
Байчечекей туш-тушунан жайнаса,
Баарын ачып совет эли жаркырап,
Ого бетер өрчүп-өсүп шаңдаса,
Сени менен тең төрөлгөн уландар
Колдоруна мылтык курал кармаса,
Баатыр элим кантип чыдап тим жатат,
Фашисттердин өтүн жарып салбаса!

Толук жашка ушу быйыл чыкканда,
Куусак жетип кутула албайт качаган,
Элдир-селдир баш көтөрүп жоголуп,
Оозуна ок жутушуп чакаган,
Эми Октябрь ташып күчүң толгон чак,
Бакты-таалай баарыбызга конгон чак.
Журтка берген азаттыгың астында
Фашисттерди жок кылууга болгон чак.

Эми Октябрь жалындаган кезегиң,
Жашасын деп Улуу Ата Мекеним
Эртели-кеч мен тилеймин, эл тилейт,
Табабыз деп душмандардын эсебин.
1941

## НАРЫН СУУ

Ийри-буйру локулдап,
Имерилип булуңдан,
Бууракандап серпилип,
Бурулуп тоого урунган.
Түптүү терек, карагай
Түбү менен жулунган.
Түрмөктөлүп, кум чайкап,
Буйгуларга бурулган.
Мөндүр жаап, муз эрип,
Мөңгү болгон күбүрдөн.
Кошулушуп акканда,
Өркөчтөлүп түрүлгөн.
Айбатындан кече албай,
Адам коркот сүрүңдөн.
Капчыгайды жаңыртып,

Күркүрөгөн үнүндөн.
Үйдөй көбүк калкылдап,
Алды-алдынан бүлүнгөн.
Чабагы четте чалпылдап,
Балыгы тайдай туйлаган.
Желе тартып, чоо салып,
Айлампалуу жылгадан.
Кошулган суу балыктын
Ойноосунан уулаган.
Жээгиндеги калың эл
Жергеси менен жыргаган.
Кыдырата селкинчек,
Кыз-келиндер ырдаган.
Кошо чертип жигити,
Комуз кылын тырмаган.
Кыштын күнү суу бети
Кылкылдаган шыргалаң.
Бубактанып кымкаары,
Муздун жээгин чырмаган.
Берекелүү дарыя,
Мелмилдеген караанын.
Өзөнүндө калың эл
Өзүндөн тилейт талабын.
(Өзбек менен тажиктин
Өндүрүнөн агарың),
Салтанатын арттырдың
Социалдык талаанын.
Айдаганы ак пахта,
Арыктарга тарадың.
Нар жагы Арал, Сыр-Дарыя,
Наманган, Нарын ченинден,
Дыйкан элдин көөнү ачык
Бууң алтын-сериңден.
Суу чыкпаган талаага
Сулуу пахта эгилген.
Жергелүү эл демденип,
Жерге жемиш жедирген.
Аңкап жаткан байыркы
Аңыздары семирген.
Ак жубаздар[1] ар түрлүү
Жүргүзүлдү тегирмен.

[1] Жубаз — күрүч актай турган тегирмен

Баарын ачып адамдын
Пайдалуу суу дедирген.
Таршып чыгып тармагың,
Талааларга себилген.
Ферганада, түштүктө
Пахта, жүзүм терилген.
Пайдаланбай башында,
Билбегенбиз баркыңды.
Эч ким муну сезбеген
Эзилип жаткан алтынды.
Эзилген көңүл кош болуп,
Элиң алга талпынды.
Суудан алып көп өрнөк,
Билим жолу артылды.
Өйүз-бүйүз кол кайык
Өлчөп алды шартыңды.
Тетиктери бурама,
Темир аркан тартылды.
Электрге күч берди
Жылдыз болгон жаркыңды.
Ардакталган Нарын суу,
Азыраак айттым салтыңды...

## КАЗАК АКЫНДАРЫ

Биринчиси Мовликай
Далай китеп жаздырган.
Башына жазып өз атын,
Басмага берип бастырган.
Экинчи акын Жусупбек
Эсепсиз китеп чыгарган.
Аваны тунук шаңкылдап,
Тоодогу учкан улардан.
Артындагы акындар
Таалим алган булардан.
Чортонбайдын китебин
Көрүп жүрдүк көз менен.
Аңгемеси бир далай
Айтып жүрдүк сөз менен.
Экейден чыккан Сүйүмбай
Акындар буга жетпеген.
Кадыр таап карганча

Башынан сыймык кетпеген.
Эки көздөн айрылып,
Чоку чыккан аркадан.
Сүйүмбайга жеңдирип,
Жеңилип сөздөн чарчаган.
Көргөнүм жок, уккан сөз
Кабарым бар Жаныштан.
Жанына буудан жолотпой,
Жалгыз чыккан жарыштан.
Кубандык дагы бир далай
Түрлөнтүп абан салат деп,
Акындыктын аягы
Куудулдукка барат деп.
Казактан кыргыз бай го деп,
Очогу журтта калат деп.
Жарыбаган казактар
Очогун жүктөп алат деп.
Очогун журтка таштаган
Кыргызда болот адат деп.
Жеңилтип кеткен кыргызды
Кубандыктын жери бар.
Аңгеме кылып сөз менен,
Айтып кеткен кеби бар.
Сөзү куудул, өзү — акын,
Мындай акын болобу?
Бул өңдөнгөн сөздөрдөн
Толуп жатат домогу.
Таап сүйлөп күлдүргөн
Таралып жатат жомогу.
Майкөттү көрдүм көз менен,
Байкатып өтөм сөз менен.
Токмокто ... оюнда
Сайрап жаткан кезинде.
Өзү салдай кийинген
Көрүнүп турат көзүмө.
Айтып өткөн бир нече
Нускасы турат эсимде.

## МАЙКӨТТҮН 20 ЖАШТАН ЖҮЗГӨ ЧЕЙИН ЫРДАГАНЫ

Ар иштен жаш күнүңдө аянбайсың,
Сүйөнүп эч нерсеге таянбайсың.
Бул дүйнө баары жалган, опасы жок,
Токтолуп кимибизге баяндайсың?
Он беште жарга ойногон улактайсың,
Туптунук жардан чыккан булактайсың.
Байлыкты, жардылыкты көңүлгө албай,
Жандырган агач үйдө чырактайсың.
Бакчанын жыйырмада багындайсың,
Алтындан падышалардын тагындайсың
Өмүрүң өтөр-кетер желдей согуп,
Өткөн соң сураган мен табалбайсың.
Отузда түлөп учкан шумкардайсың,
Байгеден күндө келген тулпардайсың.
«Жигиттик өтүп барат кайтейин» деп,
Толгонуп өткөн жашка кылчактайсың.
Кырк жашта өткүр, болот кылычтайсың,
Токтолуп убада сөздөн жылышпайсың.
Өмүрүң өтөр-кетер, күн саналуу,
Күндөн—күн өмүр өтүп жылыштайсың.
Дүйнө, мынча татты болдуң неге?
Умтулат жандын баары мал дегенде.
Бир кырга элүү деген чыга салып,
Алдыңа көз саласың кари өңгө.
Аяктан астында экен алпыс экиш,
Жастар мен соодасы жок алыш-бериш.
Жаштагы кайда менин кайратым деп,
Олтуруп от башында кылар кейиш.
Жетимиш алтымыштан арагыраак,
Салады барсаң чыдай тарагырак.
Үч жүзгө үлгү айткан бий да болсоң,
Сөзүңдү кайтарады катын талаак.
Сексен тур жетимиш ачсаң көлдөлүндөп,
Кургайды бүтүн дениң суусап, чөлдөп.
Кашында тең курбуңдун бири да жок
Чакырар эрмек үчүн бери кел деп.
Токсонго агер чыксаң жатканыңыз,
Азапка аянбастан батканыңыз.
Оокат тайкы, келиниң чалпоо болсо,
Аябай шондо куруп катканыңыз.

Чыкпайды жүзгө толук бул күндө адам,
Өмүрүң шондон бери болор тамам.
Ичип-жеп, бир-бириңди сыйлашып өт,
Бул дүйнө баары жалган, ынансаң маган.

**МАНАСТАН БАШТАЛЫП, КАЙ-КАЙСЫ ОРУНДА АЙТЫЛЫП, КАНДАЙ ЫРЧЫ КОШУП ЖАМАГАНЫ БАЯНДАЛАТ**

Баатыр Манас каныңар,
Байкап кулак салыңар.
Кандай түрлүү иш кылган,
Кабарын угуп алыңар.
Баатыр Манас башында,
Баатырлык кылган жашында.
Кыраандык кылган баатырдан
Кырк жайсаңы кашында.
Эсепсиз баатыр болгон соң,
Элде ырчы көп болуп,
Айтылып келген башынан
Аңгемелүү кеп болуп.
Калктын баарын караткан,
Калчаны бөлүп тараткан,
Баатыр Манас султандын,
Баатырлыгын жараткан.
Жараган ишти жам кылып,
Даңкын журтка даң кылып,
Баары журттун өзүнө
Манас эрди кан кылып.
Караткан калкын көз көрүп,
Орду менен текшерип,
Ырамандын ырчы уул,
Өзү чечен ырчы кул.
Мактоо берип Манаска,
Мактап турган мына ушул.
Арстан Манас баатырга,
Арбак келген тушунда.
Ар санаты ыр болуп,
Айтылып калган ушунда.
Манас ырга киргенде,
Ырчы уул ырдап жүргөндө,

Кан Манастын жоругун
Калктын баары билгенде.
Кангайлар кабар кеп угуп,
Кабарчыдан көп угуп.
Манас бурут ыр болуп,
Катарга кирди деп угуп.
Калмактардын кара таз
Коңурбайды мактады.
Коң төрө артык баатыр деп,
Кара таз ырын баштады.
Күнүлүк кылып Кара таз,
Коңурбайды мактады.
Эр Коңурбай баатырдан
Ичкен тузун актады.
Ырамандын ырчы уул,
Өзү аяр сынчы кул.
Кырк чоронун кыраны,
Кыраан турсун тынары.
Манастын жүрүп кашында,
Ырамандан үйрөнүп.
Манаска калган сонуна,
Баатыр Манас султандын
Иши келген оңуна.
Эл оозунда айтылып
Бөлөк-бөлөк кеп калган.
Ар адамдын оозунда
Манас баатыр деп калган.
Жана баатыр Манас өлгөндө,
Каныкей кордук көргөндө,
Кытайлардын Коңурбай
Эр Манасты жеңгенде.
Кыргыздын кылган салты бар,
Калган сөзүн келтирип,
Каныкей кошкон каркы бар.
Ырамандын соңунан,
Иши келип оңунан.
Элден таап нускасын,
Арбытып айтып кыскасын.
Толубай сынчы сынаган,
Токтогул ырчы ырдаган.
Токтогул ырдап турганда
Калктын баары тыңдаган,
Билеселүү Толубай

Бир сөзүн калаат кылбаган.
Жамгарылып бу Манас,
Уккан адам жыргаган.
Толубайдын соңунан,
Иши келип оңунан.
Мурунку келген сөз менен
Бура салбай жолунан.
Ноорус ырчы ырдаптыр,
Калганын тизип жамгарып.
Барган сайын толуктап,
Уккан адам таң калып.
Норустун арка жагынан,
Орду менен Манасты
Улап кетти Тарыхты.
Өз уругу чоң чарык,
Абийир тапкан Манастан,
Элден мурун үйрөнүп,
Айтып келген Таластан.
Балыкты жыккан Айтике —
Жумгалдагы Саяктан.
Үйрөнгөнүн билбеймин,
Айтике ырчы каяктан.
Манасты бу да салдырган,
Дүйнөнү бүтүн алдырган.
Аңгемеси бирдалай,
Аргына нуска калдырган.
Келдибек айткан асыктан,
Бузулган эмес басыктан,
Басылбастан күүлөнүп,
Барган сайын ташыткан.
Айкөл Манас султанга
Адамдын сөөгүн жашыткан.
Айтып жүрөт карылар,
Аңгеменин баары бар.
Чындап айтып киргенде,
Айдын жүзү тутулуп.
Жамгыр жаап бургактап,
Күндүн түрү бузулуп.
Шамал жүрүп аркырап,
Жамгыр төгүп шаркырап.
Баатыр Манас султаның
Белги берип кетет деп,
Жомокчунун кимиси

Келдибекке жетет деп?
Назар, Чоңбаш, Тыныбек —
Үчөө чыккан бугудан.
Кулак угуп, көз көргөн,
Тыныбек артык угуудан.
Келиштирип айтканда,
Түрү жакшы Тыныбек.
Кең көкүрөк келишкен,
Үнү жакшы Тыныбек.
Келбети жандан башкача
Сүрү жакшы Тыныбек.
Келбеттүү келген боюна,
Жайкалып сакал жарашкан,
Жарды жүрүп Тыныбек,
Жардам көргөн Манастан.
Атасы Жапый малы жок,
Мал табарга алы жок.
Энеси Бопуй айылчы,
Эсеси жок кайырчы.
Бактысына Тыныбек,
Манасчы бала туулган.
Байкуш кемпир, курган чал
Пайда көргөн уулдан.
Назар, Чоңбаш жомокчу
Булар да жакшы айткан дейт.
Келишкен кебин укканда,
Адамдын дили тарткан дейт.
Сокур Калча, Назар деп,
Таластан айтып чыгыптыр.
Булар да жакшы айтыптыр,
Баргандар ырын угуптур.
Уругу кытай Акылбек,
Уруудан чыккан акын деп,
Акындыгы Чоңбашка,
Алыс эмес жакын деп.
Бала кезде уккамын,
Айтканынча бар эле.
Ырас жери Акылбек
Ырдаганы шар эле.
Үнү түнүк шаңкылдап,
Ителгидей каркылдап,
Үч күн, үч түн ырдаса,
Кардыкпаган каркылдап.

Барган сайын күчөгөн,
Бастыкпастан чаркылдап.
Орозбайдын Сагымбай,
Сайрап өттү жаңылбай,
Эсепсиз акын эр эле,
Эми калды табылбай.
Сүрөтүн тартып кагазга,
Өзү калды нускада.
Манасты жазып бүтүрүп,
Сөзү калды нускада.
Башынан ойлоп күтүнүп,
Манасты жазып бүтүрүп.
Семетейди жазарда,
Сөзү орун басарда.
Жардам болбой эч кимден,
Жадап болуп токтоду.
Бала-чака багууга
Колунда оокат жок болду.
Айыкпай оокат жарасы,
Жазылбай калды тап-такыр
Арстан Манас баатырдын
Семетей сындуу баласы,
Акынмын деп жомокчу,
Боло калбас талашы.
Оруну менен ырдаган,
Ырынын баарын сырдаган.
Эртеден кечке ырдаса,
Эс алып бир дем тынбаган.
Жомокчу мындай болобу?
Толуп жатат домогу.
Тамырлап калган башынан,
Ташып жатат жомогу.
Сагынбайдын соңунан,
Иши келип оңунан.
Тыныбектин шекирти,
Сагынбайдын шериги.
Тоголок Молдо Байымбет,
Толук айтып сайрады.
Акындык эмей неткени?
Айтпаган ыры калбады.
Айланайын өкмөт,
Анык бизди жалгады.
Жетимиш сегиз жашында

Жомоктор толкуп жайнады.
Кызыгып айтып Манасты,
Кызыл тилин кайрады.
Баатыр Манас султандын
Тарыхын айтып башынан.
Тыныбектен үйрөнгөн
Сабаты чыгып жашынан.
Семетей менен Манаска
Башынан ойлоп күтүнгөн.
Кагаз, сыя өзүнөн
Калтырбай жазып бүтүргөн.
Тыныстандын баласы
Манасты алды колумдан.
Катып салып көрсөтпөй,
Бул дагы менин шорумдан.
Дыйканбай айткан белектен,
Акмат айткан Дөөлөстөн,
Кезегинде бул экөө,
Кемибей өттү сөөлөттөн.
Дыйканбай сайрап шартылдап
Кардыкпай үнү шаңкылдап.
Басылбай үнү күүлөнүп,
Барган сайын шартылдап.
Семетейди сайрады,
Өз ордуна жайлады.
Жибербеди кетирип,
Жипке тизип байлады.
Чойке менен Саякбай —
Көлдөгү бугу Арыктан,
Баарысын айтып бүтүрдү,
Манасты айтып тарыхтан.
Чойкени көрбөдүм,
Саякбай айтты анығын.
Калтырбай айтып бүтүрдү
Кан Манастын тарыхын.
Күүлөнүп алган кезинде,
Көтөрүлмө жери бар,
Көпчүлүктүн көзүнө
Көрсөтүп айткан кеби бар.
Сарбагыш, саяк, солтонун
Айткан ырын жактырбайт
Жомок эмес, кошок деп,
Айткан кеби өзүнө эп.

Шапак өзү Чоң чарык,
Айтканынын баары анык.
Шапак дагы Манастан
Айтып салды бир тарых.
Багыш менен Байбагыш
Асил Саяк Жумгалдан.
Манасты айткан буудан деп,
Багыш келип, Манаска
Жаңыдан айтып күтүндү.
Он беш күндүн ичинде
Элүү печат бүтүрдү.
Отуз алтынчы жыл ичинде
Жаңыбай келип күтүнгөн.
Жазуучусу Муфтаков,
Токсон жети печатты,
Билгенин айтып баяндап,
Өзү жазып даярдап,
Кыйла жомок бүтүргөн.
Жакшылык деген жомокчу
Көл башында бугудан,
Айткан сайын кызытат
Сөзү кызык урумдан.
Белен кылып күтүнгөн,
Семетей менен Сейтектен
Жетимиш бетче бүтүргөн.
Доңузбай деген жомокчу
Бу дагы акын көлдөн дейт.
Өзүн көргөн жан эмес,
Шыкмамат деген элден дейт.
Молдобасан шатырап,
Мурун өрнөк баштаган.
Семетейден бир канча
Секин айтып таштаган.
Өзү акын артисте,
Бошобойт башы ар ишке,
Кожомкелди, Норузбай,
Ат-Башыдан чериктен.
Жайлоосу Аксай, Чатыркөл
Жайдары жүрүп көнүккөн.
Какшаал жери чериктен
Жусуп акын калбасын,
Башынан бери пайдалаш,
Акыл кошкон жомокчу.

Акын болгон шериктен,
Өз алдынча жомокту.
Жомокторду бу дагы көп айтты,
Эл ичинде нече жыл,
Акылбектен үйрөнүп,
Айтып жүрдү мына ушул,
Жабуу тулпар атанып,
Акмат айтты жаңыдан.
Семетейге калганда,
Артык экен баарынан.
Чертки экен уругу.
Так кырк эки жашта экен,
«Шамшы» деген совхоздо.
Чабан болуп, кой багып,
Ошондо экен туругу,
Көрүп туруп көз менен,
Жомок кылган сөз менен.
Ырамандын ырчы уул —
Жомокчунун башчысы.
Баарын тизген Токтогул—
Бул жомоктун ачкычы.
Ырамандан бер жакка,
Жомок болуп жолдонуп,
Отуз бир болду жомокчу,
Манасты айткан колдонуп.
Эми аяксып кетерде,
Күндөй берип жарыгын,
Совет чыкты жол болуп,
Баштагыдан артыкча,
Манастын баркы мол болуп.
Өкмөт ишти түзөттү,
Манастын баркын күчөттү.
Жолбашчыбыз партия,
Жомокчуну жыйнатты.
Манас айткан акынды
Баласындай сыйлатты.
Манасчынын баарысын
Сөзүн өөдө көтөрүп,
Баштан аяк жыргатты.
Манасты толук жаздырды,
Кенен билим ачтырды.
Алдырып барып Москвага,
Китеп кылып бастырды.

Бул Манастын тарыхы
Аңгемеси көп эле,
Эл ичинде эчактан
Айтылып жүргөн кеп эле.
Китеп болуп баарысы,
Ак кагазга илинди.
Бүтүн жердин жүзүнө
Бай сөздөрү билинди.
Жыйырма экинчи жылында
Сагынбайдын оозунан
Баштап жазган Ыбырай.
Жазып алып жакшылап,
Баккан экен Ыбырай.
Турмушунан кысылып,
Арабаевден жеме жеп,
Касымдан сөздү көп угуп,
Бир сыпыра эмгекти
Тарткан экен Ыбырай.
Сагынбайдын «Манасын»
Тамам жазган Ыбырай.
Саякбайдын уулунан
Дагы жазган Ыбырай.
Багышты багып үйүнө,
Күтүп жазган Ыбырай.
Байымбеттин билгенин
Бүтүн жазган Ыбырай.
«Манастын» баркын эсине,
Алып жазган Ыбырай.
«Манас» деген жомокко,
Кызматты жакшы сиңирди,
Алты жүз печать жазганы
Анык көзгө илинди.

## НАСЫЯТ

Калем алам оң колго,
Кабар берем он-солго.
Кара таман кедейлер,
Жалпы түшкүн оң жолго!

Кара таман кедейсиң,
Кедейлерим недейсиң?

Жабырыңды ойлонуп,
Жайыңдын камын жегейсиң!

Залим өкмөт тушунда,
Жабыр көрдүң ушунда.
Чокоюң жок бутуңда,
Отун алдың кышында.

Жалчы жүрдүң алданып,
Жайы-кышы жабыркап
Ыйлап жүрдүң зарланып,
Пайда таап байлардан,
Калганың жок малданып.
Өзгөрүштүн тушунда
Байга жүрбө кармалып.
Кара таман кедейлер,
Акыл ойлоп камданып,
Алга чыккын шаңданып!

Азаттыкты колго алып,
Бай-манаптан өчүңдү ал,
Баштагы сөзгө арданып,
Байлар калсын таңданып.
Манаптар калсын саргарып.
Өзгөрүштү бек кармап,
Жолго түшкүн шарданып.
Карап турсун бай-манап,
Как өзүңдөй жалбарып.

Өткөн күндү унутпа,
Унутуп коюп курутпа.
Өзгөрүштөн дилиңди,
Өмүрүңчө суутпа!

Жалчы болуп жабыркап,
Байга жүрдүң, кедейлер,
Шоруң катып кесимдүү,
Айга жүрдүң, кедейлер,
Бир жылдык кызмат кылмакка,
Тайга жүрдүң, кедейлер.
Жалчы болуп алты айга,
Торпок алдың, кедейлер.

Отун алып, от жагып,
Онтоп алдың, кедейлер.

Раматка[1] саттырып,
Ысгарчын алды тайынды.
Көп айттырбай коркутуп,
Кетирип туруп шайынды.
Торпогуң кетти чыгымга,
Эки сом элүү тыйынга.
Машакатты көп тартып,
Башың түшкөн кыйынга.

Эки эчкинин сүтү үчүн,
Эгин айдап күчү үчүн,
Бай менен орток айдадың,
Жайында чөлдү жайладың.
Мээнетиң кетип талаага,
Минтип шоруң кайнадың.

Ичкен сүтүң кээ болду,
Эгинге байлар ээ болду.
Талаага кетти мээнетиң.

Орок оруп, чөп чаптың,
Чөптү кедей көп чаптың.
Төрт түлүктүү малы бар,
Байга берем деп чаптың.

Бай акең тапты эбиңди,
Басып койду демиңди.
Эски тонун бергенсип,
Эптеп алды чөбүңдү.

Отун алып, от жактың,
Ойрон болуп кой бактың,
Кара жанга күч келип,
Катыны жок бой бактың.
Жылкычы болуп бээ бактың.
Жылдырып айдап төө бактың,
Жылкы минбей жөө бактың.
Жалчы жүрүп не таптың?

---

[1] **Рамат** — налог маанисинде

Өмүрүңчө бечара,
Байдан пайда таппадың.
Жалчы болуп жабыркап,
Бир күн тынчып жатпадың.

Байлар жайлоо чыкканда,
Малын айдап ыкканда,
Журтка калдың, кедейлер
Эсиңе түшсүн укканда.
Мурун көргөн кордугуң,
Бай залимдин зордугун,
Эстегин бүт кедейлер,
Манаптын кылган чоңдугун.
Өзгөрүштөн[1] билдиңби
Кедейлер ишиң оңдугун?

Далдаланып жатпагын,
Жатып шоруң катпагын.
Көзүңдү ачып бек кара,
Азаттык таңы атканын!
Тапкан пайдаң азаттык,
Алданып байга сатпагын.

Он жетинчи жылында,
Азаттык болду кылымга.
Бай-манаптан өчүңдү ал,
Алдатпагын зулумга.

Кедейлерим сөзүмдү ук,
Өзгөрүштө алга чык!
Бастырбастан белиңди,
Бай-манаптын баарын жык!

Кеңеш өкмөт түбү чоң,
Кедейим сенин ишиң оң.
Залимдерден бөлүнүп,
Жайыңдан көчүп журтка кон.

Казал айтам калкыма,
Кара таман, жалпыңа.
Кедейлер, жеткин баркыңа,
Кеңештин түшкүн салтына.

---

[1] Өзгөрүш — революция

Залимдерден өчүңдү ал,
Ибарат[1] калсын артыңа.
Кантип чыдап жүрөсүң,
Бай-манаптын дартына.
Кедейлер жолду түзөткүн!
Жолуңду жакшы күзөткүн!
Өз ишиңе сак болуп,
Өзгөрүштү күчөткүн!

Мындай заман келген жок,
Мурун бизге берген жок.
Мындай азат заманды,
Ата-бабаң көргөн жок.
Кеңеш өкмөт чыкканы,
Николайды жыкканы,
Үчүнчү байналминалды[2]
Жети кылым укканы,
Кан соруучу залимдер,
Кедейден коркуп ыкканы.
Азаттык таңы атканы,

Залимдин күнү батканы.
Кара таман кедейдин,
Өзүнө тийди тапканы.
Кедейлер, ишиң оңолду,
Кесепет залим жоголду.
Жардылар, ишиң оңолду,
Залимдин баары жоголду.
Кедейдин көөнү жайланды,
Залимдин жолу байланды.
Кеңештин кылган жарыгы —
Кедейден өкмөт шайланды.
Кедей, байкуш өзүңдүн,
Чоң болгонун билбейсиң.
Кезегинде ишиңдин
Оң болгонун билбейсиң.

Кедейим сөзгө кулак сал!
Өкмөттү колуңа ал!

[1] Ибарат — өрнөк деген мааниде
[2] Үчүнчү — үчүнчү интернационал деген мааниде

Кедейлер сага сөз келди,
Айта турган кез келди.

Өзгөрүшкө өзүңдү,
Сала турган кезегиң.
Өкмөттү колуңа,
Ала турган кезегиң.

Кедейлер сенин заманың,
Замандын тиле аманын.
Арманың жок дүйнөдө,
Артылды сенин амалың.

Бу заманда чык алга,
Карабагын мал-жанга.
Өзүңдү сал оң жолго,
Өкмөт берген чоң жолго.
Уктап жатып кор болуп,
Учураба чоң шорго.
Кедейлеп ураан чакыргын!
Бай залимге асылгын.
Келген дөөлөт кезинде,
Бай-манапты качыргын.

Жашынып жатып албагын,
Өзгөрүштү кармагын!
Кеңеш өкмөт тушунда
Кедейдин чакыр арбагын!

Өзгөрүштүн түркүгүн
Өзүңө бекем кармагын.
Илим-билим үйрөнүп,
Бир сөзүңдөн жанбагын!

Эзилген кедей баш кошуп,
Жаңылыкка чамдагын.
Куттуу болсун азаттык,
Тилек тилеп зардагын!

Жалкоо болбо жатуучу,
Жаткандын шору катуучу,
Сыр айтпастан көз таңып,
Сыртыңдан манап сатуучу.

Жалпы кедей баш кошуп,
Жолго кирер күн тууду.
Залим өкмөт куйругу,
Колго кирер күн тууду.

Жарак алып шаңданып,
Атка минер күн тууду.
Аскер болуп камданып,
Машка кирер күн тууду.

Жалкоо болуп, жан багып,
Уктап жатпас күн тууду.
Жаныңды аяп, залимден,
Ыктап качпас күн тууду.
Өзгөрүштүү заманда,
Өчүңдү алар күн тууду.
Уккан-көргөн мурунку,
Сөзүңдү алар күн тууду.
Ачкын кедей көзүңдү,
Абдан уккун сөзүмдү,
Кедейлер шоруң арылып,
Келтирди сенин кезиңди.

Бул дөөлөткө мас болбо,
Бириңе-бириң кас болбо,
Үйдө жатып бекерге,
Үн чыкпас кара таш болбо!

Ынтымакты колго алгын,
Ыраакты болжоп жол чалгын!
Баатырдык кылып, какайып,
Бай-манапка кол салгын!

Чындап байга асылгын,
Чыйрак болуп катылгын!
Тырмагыңды батыргын!
Кедейлеп ураан чакыргын!

Союз кошчу аталып,
Жардык алдың, кембагал!
Жарды туруп кол созуп,
Баардык алдың кембагал.

Бай-манапты какшытып,
Жолго салдың, кембагал,
Өкмөттү бек кармап,
Колго алдың, кембагал.

Түп киндигиң[1] Маскөөдө,
Түркүгүң турат Ташкенде.
Куп дөөлөткө жолуктук,
Кулак салба эч кепке!

Обулсуң — Жети суу,
Кармаганың кызыл туу.
Келечекти ойлонуп,
Жалчы кедей белиң буу.
Кара жүрөк залимдин
Карга салып изин куу.

Оёзуң[2] турат Нарында,
Кайратың кабат барында,
Жалпы кедей, кайраттан,
Өзгөрүштүн шарында!

Бардык ишти эстетип,
Өкмөт турат жанында.
Жарды-жалчы, кембагал,
Акын көп байдын малында.
Союзга чилен (мүчө) алдың,
Даража таап күч алдың.
Бай-манаптан кегинди,
Бир жылда кедей үч алдың.
Жүктүү төөгө мингиздиң
Улоочу кылып жүргүздүң.
Чокойтуп үйгө жаткызбай,
Чөп жүктөтүп күйгүздүң.

Балтаны бердиң колуна,
Байларды салдың жолуна.
Карагайды кестирдиң,
Кара боорун эздирдиң.
Бай залимди боздотуп,

[1] Түп киндик — Борбор маанисинде
[2] Оёзуң — уезд—областтын борбору деген мааниде колдонулган

Мал жанынан бездирдиң.
Кетирбей байды кармадың,
Кек алмакка арнадың.
Байкап кара өзүңдү,
Байлардан алдың өчүңдү.
Али да болсо, кембагал,
Абдан ачкын көзүңдү.

Байларды чөлгө жайлаттың,
Жипсиз колун байлаттың.
Тор этиңе толгондо,
Тогуздан манап айдаттың.
Элден-журттан чыгарып,
Эки көзүн жайнаттың.
Тогуздан манап айдалып,
Толгонуп турат эл көрбөй,
Элге кайтып келгенге,
Турасың кедей, жол бербей.

Манаптын баары кысылды,
Баштагы салты бузулду.
Көзүнө анык көрүнүп,
Көрсөтүп койдуң кысымды.

Бай кедейден жашынды,
Баштагы салты басылды.
Жабыркатып байларды,
Жалпы кедей асылды.

Эсине салып кылганын,
Элден айдап көчүрдү.
Байлардын баарын коркутуп,
Манаптан алдың өчүңдү.

Аман болгун, кедейим,
Кедейим, сага не дейин?
Арманың жок дүйнөдө,
Аз насият берейин:
Бул дөөлөткө эсирбе.
Жолукпа, кедей, кесирге.
Кеңештин кылган жардыгы.
Жүрсүн, кедей, эсиңде.
Байналминал таягың,

Жаныңдын несин аядың.
Кеңештин жүрсөң салтына,
Кедейлер, ишке жарадың.

Кеңеш өкмөт жардыгын,
Кедейим, сенин бардыгың.
Кайраттанып жолго түш,
Калбасын ичте ардыгың.

Өзгөрүш сенин канатың,
Өзүңдүн кылар санатың,
Эринип, кедей, жатпагын,
Таппайсың мындан калатын.

Азаттык сенин дарагың,
Колго тийген жарагың.
Шүкүрлүк кылып тим жатпай,
Сөзүмдүн салтын карагын.

Мен дагы кедей баласы,
Сөзүмдүн жок чаласы.
Жалгыз атым жоктуктан,
Дарманым кеткен карачы.

Алыс болгон ат жоктон,
Көрүнгөн Нарын калаасы.
Нарын менен Куртканын,[1]
Сексен чакырам арасы.

Сайрайын сөздүн тазасын,
Залимдин бергин жазасын!
Жарык нурду көрсөткөн,
Ленин жолу жашасын!

Күнүн тууду, кедейлер,
Күндөн күнгө ашасын.
Бардык кедей, кайраттан,
Бай-манапты басасын.

Күн көрсөткөн кедейге,
Партия жолу жашасын!

---

[1] Нарын, Куртка — жердин аты

Бай-манапты жоготуп,
Окуттуңар жазасын.

Үгүт айткан кедейге,
Уктуң го сөздүн тазасын.
Окууга жардык чыгарган,
Өкмөт жолу жашасын!

Балдарың окуп жетишсе,
Кедейлер, алга ашасың.
Бүттү сөзүм аягы,
Жашасын жаштар, жашасын!

1922

## АТКАНТАҢ МЕНЕН СҮЙГӨНБАЙ

Аткантаң менен Сүйгөнбай,
Ашык болуп, күйгөн бай.
Ашык болуп кошулат,
Аңгемеси бирдалай.

Аткантаңга Сүйгөнбай,
Арзып жүрүп озунат.
Ата-энеге болбостон,
Ашык болуп кошулат.

Сүйгөнбай кедей баласы,
Малга келбейт чамасы.
Калыңга мал таба албай,
Алыстап жүргөн арасы.

Байдын кызы Аткантаң,
Магдырап жүргөн кезинде.
Малы жоктон жете албай,
Жалдырап жүргөн кезинде.

Байкуш кедей Сүйгөнбай,
Аткантаң кетпейт эсинде.
Тапканын Сүйгөн кийинет,
Тал чыбыктай ийилет.

Жабыркап жарга жете албай,
Жардылыгы билинет.
Ал-аңгыча күркүрөп,
Элет чарба дүркүрөп,

Жайлоого карап эл көчүп,
Эрте туруп үй чечип,
Көч жөнөдү турбастан,
Күркүрөп аккан суу кечип.

Аткантаңдын артынан,
Ашыктын күйгөн зарпынан,
Сүйгөнбай кетти күч менен,
Көчкөн элдин артынан.

Көч үстүндө жанашып,
Көңүлү сүйүп жарашып,
Аткантаңга кеп айтат,
Арманын сүйгөн эми айтат.

— Адам болсоң Аткантаң,
Арзымды уккун деп айтат.
— Пикириң сенин билемин,
Сыртыңдан күйүп жүрөмүн.

Азалда нике буюрса,
Алсам деп сенде тилегим.
Кедей деп мени чанбасаң,
Кебимди кайрып салбасаң?

Кесирлүү байдын кызы элең,
Кечеки сөздү танбасаң,
Сүйгөнбай өлдү деп койгун,
Аткантаң сени албасам!

Азыр өтүп беремин,
Антка, шертке кармасаң.
Жалгыз ат минип турганым,
Мындан башка малым жок.

Турмушум кыйын кысылды,
Мал табарга алым жок.
Сыртыңдан сүйүп күйгөмүн,

Сенден башка жарым жок.
Көрүп койсом сыртыңдан,
Көп зарлаймын көөнүм ток.
Ат үстүндө кез болуп,
Айта салдым оозум шок.

Жүрөмүн сенин дартыңдан,
Жүрөгүм күйүп, ичим чок.
Жүрөгүмдүн башында,
Жүгөрүдөй бүтүн жок.

Жакында кабар кеп уктум,
Жалганы жок деп уктум,
Жаңыдан заман туулуп,
Совет чыкты деп уктум.

Өткөн айдын өзүндө,
Өкмөт айткан сөзүндө,
Кеңештин таңы атты дейт,
Кең дөөлөткө батты дейт.

Кыздан калың жегендин,
Азабы аштай катты дейт.

Аткантаң:

Колуктуун болсом түбөлүк,
Өзүң бергин күбөлүк.
Бойдок жигит, бойдок кыз,
Боло калбас күнөлүк.

Айлыбыз жакын аралаш,
Алынча ойноп күлөлүк.
Аламын деген сөзүңдүн,
Артын байкап жүрөлүк.

Сыртымдан күйүп Сүйгөнбай,
Сыздадым дейсиң мен үчүн.
Беш энең ысык көрүнүп,
Мен да күйдүм сен үчүн.

Кейитти сүйгөн дартыңыз,
Оңолуп кетер артыбыз,

Укпасын ушак калкыбыз,
Урматтуу болсун артыбыз.

Келин-кезек кеп угуп,
Кетпесин элге баркыбыз.
Атамдын пейли бек жаман,
Арадан чыккан кеп жаман.

Атам муну эшитсе,
Калбаймын тирүү мен аман.
Билесиң атам бербесин,
Калыңга күчүң келбесин...

Армандуу болуп Аткантаң,
Ажалдан мурун өлбөсүн.
Билгизбей ойноп-күлөлүк,
Бир катар доор сүрөлүк.
Ашыкпасаң Сүйгөнбай,
Мен алганың болом түбөлүк.

Сүйгөнбай:

Сүйгөнбай анда кеп айтат,
Сүйүнүп кетип деп айтат:
Билеселүү асыл деп,
Бир айтпастан көп айтат.

Сыпатың көрүп күйгөн жар,
Сыртыңдан күйүп жүргөн жар.
Күйгөн жар деп зарланып,
Күйүтүң тартып болдум зар.

Пейли жумшак күйгөн жар,
Мен жолунда ынтызар.
Аткан таңдай кашкайып,
Айнектей бетиң тастайып.

Алдымда турар күн барбы,
Адеп сактап жазганып.
Ак алмадай сагагың,
Акактай аппак тамагың.

Көзүңдү ачып көңүлдөш,
Күйгөнүмдү карагын.
Жеңилдик болуп кеңештен,
Ашыктын жолу ачылды.

Баштагыдай ата-энең,
Малга сатпайт башыңды.
Кел ойнойлу Аткантаң,
Кетирбе өмүр жашыңды.

Тагдырда нике буюрса,
Таалайым сени алсам дейм,
Сандалып зарлап жүргөнчө,
Талапка жетип калсам дейм.

Кол кармашып бир басып,
Болжогон жерге барсам дейм.
Жараткан каалап кошулсак,
Ойноп кумар кансам дейм.
Сактанбагын атаңдан,
Сатыш келбейт колунан,
Уккандырсың кеңештин,
Келтирип чапкан жолунан.

Аста басып кыпыйып,
Ак кептердей тыпыйып,
Беркел байым, кеп бар — деп,
Аста сүйлөп чыкырып,
Эшик ачып киргизип,
Бетиңе бетим тийгизип,
Сагынып кетем байым деп,
Моминтип ичим күйгүзүп,
Асылда ачуу үн барбы,
Алдымда турар күн барбы?
Айкалышып бир жатып,
Армандан чыгар түн барбы?

А т к а н т а ң:

Аткантаң анда кеп айтат,
Кеп айтканда эп айтат:
Абалда тагдыр жазгандыр,
Ашыкпа байым, деп — айтат.

Айткан кебиң шекер дейм,
Ашыкканың бекер дейм.
Арада шайтан азыткы,
Айнытып бизди нетээр дейм.

Ар ким айтат ушактап,
Арабызга тузактап,
Келип жүрөт кээ бирөө,
Кеп айткансып кыйшактап,
Кебин кайрып койгонсоң,
Кете берет кылчактап.
Келбей калсаң кечигип,
Кебибиз кетти зарданып.
Кейиймин ыйлап зарланып,
Көзүмдүн жашы бурчактап,
Тилимди соруп тим турбай,
Бетимден өөп бек жыттап.
Күйдүрөсүң моминтип,
Белимден сыга кучактап.
Күйдүрдүң күлгүн жанымды,
Күндө арбыттың зарымды.

Капалык дартым көбөйүп,
Качырдың беттен канымды.
Санаа тартып саргарып,
Сагынам Сүйгөн жарымды.

Сагынганым мындан бил,
Таштадым намыс арымды.
Аңдабай кетип барасың,
Менин азапка түшкөн алымды.

Айылың алыс жете албай,
Айткан шерттен өтө албай,
Ачылып барат арабыз,
Келишкен кептен кете албай.

Чындап күйдүм дартыңдан,
Чыдабаймын зарпыңдан.
Ургаачымын уялып,
Бара албаймын артыңдан.

Сүйгөнбай:

Асылың алма гүлүндөй,
Ак жибектин түрүндөй.
Ачылып барат арабыз,
Айлыбыз жакын жүрүлбөй.

Кашкайып күлгөн күлкүңдү,
Канткенде чыдап унутам.
Байсасы болот күрүчтүн,
Байдасы болот күлүштүн.

Ашык болуп жүрүштүн,
Азабы болот күйүттүн.
Бала-чака көрөт деп,
Башыңды чайкап күйдүрдүң.

Кеңчилик келди кеңештен,
Келбеттүү боюң теңешсең,
Кел кетелик Аткантан,
Балан-бастан дебестен.

Сактанасың абаңдан,
Какайган как баш атаңдан.
Ашык болсоң курчуң жок,
Каласың кийин катардан.

Как баш атаң ою бар,
Калыңга алар кою бар.
Кара атанга жүктөгөн,
Калкка берер тою бар.

Койду күтсөң оңбойсуң,
Жакшы атакка конбойсуң.
Башың торго чатылса,
Аткантаң анда оңбойсуң.

Жүрүш-туруш оңолду,
Жүр кетели, Аткантаң!
Башыбыз жаш максатка,
Биз жетелик, Аткантаң!

Кол кармашып баш кошуп,
Бирге өтөлүк, Аткантаң!

Байланган бактын тузагын,
Бир чечели, Аткантаң!

Ата-энеден бир жолу,
Биз кечели Аткантаң.
Атаңдын аты Кербенбай,
Өз адиси Мергенбай,

Башынан бери бабасы,
Баласын сатып келгенбай.
Калыңга кабат мал алып,
Кадимден бери көнгөн бай.
...Балам деп сени ойлобойт,
Мал дегенде өлгөн бай.

Аткантаң асыл бала элең,
Айтканымча бар элең.
Айтканда кирдиң сөзүмө,
Баркымды билген жан элең.

Жүр кетели досум деп,
Сүйгөнүңө озун деп.
Өкмөттүн алдында,
Өзүң барып кошул деп.

Аткантаң, Сүйгөн кошулуп,
Өкмөткө барышты,
Сүйгөндү өзүм сүйдүм деп,
Заксиден кагаз алышты.

Энеси калды эндиреп,
Атасы калды алдырап.
Кakaйган как баш Кербенбай,
Кантип барат мал сурап.

Калыңсыз качып кетишти,
Максатына жетишти.
Билимдүү жанды мындан бил,
Биригип өмүр өтүштү.

Аткантаң, Сүйгөн кошулду,
Аракет кылып озунду.
Азамат жигит, эстүү кыз,
Ар кимиң тапкын досуңду.

Атаңа калың жедирбе,
Андай-мындай дедирбе.
Мал жебесе таш жесин,
Байлатпа башың кежирге.

## КЕДЕЙЛЕРГЕ НАСЫЯТ

Байымбет сайрайт баяндап,
Кедейге айтат кабарлап,
Бешинчи жылдан бер жака
Сактанып жүрдүм аярлап.
Кезегим келди жаңыдан
Келтирип айтам абыдан.
Кейиш тартып зарлаган,
Өзүм кедей табынан.
Манаптан коркуп жашынып,
Аягымдан басынып,
Айталбай жүрөм сөзүмдү,
Арманымды ашырып.
Кедейлер сага кеп айтам,
Кеп айтканда эп айтам,
— Эркиндик кылды кедейге
Эсиңе алгын — деп, айтам.
Жалгыз жүрүп батпадың,
Жабыркап ыйлап какшадың.
Кесепеттүү манаптан,
Кенедей пайда таппадың.
Бай-манап сорду каныңды,
Чыгым деп алды малыңды,
Кембагал-кедей барыңды,
Тынчытпады жаныңды.
Санап жүрдүң бүтсө деп,
Жалданып жүргөн айыңды.
Көргүң келбей күйгөндөн
Жалчы жүргөн байыңды.
Жалчы жүрдүң жалданып,
Бай-манапка алданып.
Кара жаның тынган жок,
Калганың жок малданып.
Эми старшын сурап жашыңды,
Таратпай ичкен ашыңды,

«Бир кой, серке алман[1]» — деп,
Баалап салды башынды.
Жалчы жүрүп тапканың жалгыз тана
Таап алган, байкуштар, танаң кана?
Ал тананды старшын алманга алды,
Байга жүрдүң жалданып байкуш жана.
Бир күн тынчып үйүңө жатканың жок,
Байга жүрүп эч пайда тапканың жок.
Бай-манаптын кедейлер көзүн карап
Тас кейпинден тамтайып артканың жок.
Эми жеттиң максатка камдан, кедей,
Эркиндикти эске алып шаңдан, кедей.
Кызыл тууну өкмөт колго берди,
Өзгөрүштүн ишине таңдан, кедей!
Өзүм кедей башынан
Өрттөнүп күйдүм жашымдан,
Кесепеттүү манаптан
Келтек кетпей башымдан.
Кедейлер сенин табында,
Кейип жүрдүм жанында.
Байлатып таяк көп жедим,
Балакет манап залымга.
Чет жакасын манаптын
Кордоп жүрдүм билинбей.
Манаптар байкай салганда
Байымбетиң кидирбей
Кара жаным калкалап,
Качып чыктым билинбей.
Качып жүрүп аралап,
Өз чаркымды чамалап,
Ырдап жүрөм ичинде,
Бай-манапты каралап.
Кедейлер сага сөз айтам,
Кечиктирбей тез айтам,
Билими жок шор кедей
Бир айтпастан беш айтам.
Ойгон кедей көзүңдү ач
Көзүңдөн аккан мончок жаш.
Пайда кылбайт кедейге,
Бай-манаптын боору таш!
Алдатпа кедей манапка,

---

[1] Алман — салык деген мааниде

Болдуң кедей санатта.
Өзгөрүш таңы Октябрь
Жеткирди кедей талапка.
Октябрдын майрамы
Көңүлүңдү жайлады.
Аял, эркек баарыңды
Алга чык деп сайрады.
Таң кашкайып, нур чачып,
Жарык берди октябрь,
Табылбай турган нускадан,
Тарых берди октябрь.
Өз колуңа карматып
Анык берди октябрь,
Аял-эркек баарыңды
Бирдей кылды октябрь.
Өз эркиңче дуулатып,
Нурдай[1] кылды октябрь.
Байчечекей ачылган
Гүлдөй кылды октябрь.
Уюштуруп жигитти,
Илим берди окгябрь.
Аял-эркек баарына
Билим берди октябрь.
Октябрдын майрамын,
Тосуп алгын кембагал,
Өзгөрүшкө өзүңдү,
Кошуп алгын кембагал.
Бай-манапка алданба
Баштагыдай жалданба,
Башың боштон кезинде
Эми байга кармалба.
Мен угузуп айттым сөз менен,
Замана келди көп менен.
Эркиндиктин доорун
Көрөсүң, кедей, көз менен.
Эркиндик деп бир китеп,
Жазып койдум даярдап,
Эл ичинде кедейге
Уктуруп жүрөм кабардап,
Түшүнгөн кедей кубанат
Айтканыма ынанат.
1922

[1] Нурдай — жаркыратты деген сөз

ЭРКИНДИК

Жаңыдан заман айланып,
Оңолгонун көрдүңбү?
Залим өкмөт, уругу,
Жоголгонун көрдүңбү?
Эмдиги заман айланып,
Оңолгонун көрдүңбү?
Эски өкмөт уругу
Жоголгонун көрдүңбү?
Он жетинчи жылында
Өзгөрүштүн кырында,
Өзгөрүш жолу ачылды,
Азаттык нуру чачылды.
Жолдош Ленин жол башчы,
Жазган экен кагазга,
— Өзгөрүштү чын тоскун,
Өз жолуңдан адашпа!..
Манаптар билген башында,
Баласы чыккан жашында,
Малын багып тамтайып,
Жүргөнсүң кедей кашында.
Отун алып, от жагып,
Ойлонбой, кедей, жүргөнсүң.
Көзүң туюк караңгы,
Көп жегенден күйгөнсүң,
Өлбөгөн кул жеттик деп,
Өзгөрүштү сүйгөнсүң.
Байкагын, кедей, сөзүмө,
Манаптар дайын өзүңө.
Көргөн күнүң унутпа,
Көрсөтөйүн көзүңө.
Жайында жайлоо жайлатпай,
Жалгыз торпок байлатпай,
Жалчы салган өзүңдү,
Жакшылап эгин айдатпай,
Эркиндикти бек карма,
Эми шоруң кайнатпай!
Элдин калып артына
Эки көзүң жайнатпай.
Байкуш, кедей, өзүңдү,
Баштагыдай зарлатпай,
Бай-манаптын куйругун,

Өкмөткө шайлатпай.
Ачкын кедей көзүңдү,
Абыдан уккун сөзүмдү,
Кеңеш өкмөт жүргүзүп,
Келтирди Ленин кезинди.
Азаптан башың кутулду,
Абыдан жыйна эсиңди,
Кыянат ишти ойлонуп,
Кылба, кедей, кесирди.
Байкуш кедей, жүргөнсүң,
Бай-манаптан сактанып,
«Байбичебиз жакшы» — деп,
Каракаска акталып.
Аштык багып, чөл сактап,
Абыдан күнгө какталып.
Ал колуңа ишинди,
Ак жүр, кедей, акталып.
Мурунку айткан насият
Калбасын жерге тапталып.
Кедейлер, сенин зарыңды,
Келтирип айтты уста адам,
Кебимдин салтын эшиткин,
Кедейге жазган нускадан,
Мурунку айткан насият,
Муңдуу кедей, билинди,
Жайын айтып билгизем
Заманалуу күнүңдү.
Курсагыңда эс болсо,
Кулагына илинди.
Анык келди эркиндик
Алып ташта жүгүңдү.
Эркиндикти баяндап,
Сайратамын тилимди.
Насият айткан сөзүмдү
Укпаган, кедей, барсыңбы?
Баш көтөрүп үжөткө
Чыкпаган, кедей, барсыңбы?
Бай-манапты бастатып,
Жыкпаган, кедей, барсыңбы?
Өлчөп айтсам сөзүмдү,
Өзүм билем барында.
— Жүргүн,— деп, кедей, түз жолго! —
Жүргөнмүн өзүм жанында.

Кеңеш өкмөт келтирген
Кедейлердин шарында.
Он жетинчи жылында
Эркиндик чыкты кылымга,
Жалпы кедей жамдашып
Баары жетти тынымга.
Четте жаткан эл болуп,
Көздүн жашы сел болуп,
Жабыр көрдүк бирдалай
Кан соргучка жем болуп.
Какшап жүрдүк сегиз жыл,
Катарга кирбей кем болуп.
Эзелден бизге эп болду
Кетпей турган кек болду,
Ичине кир сактаган,
Эл ичинде көп болду.
Эл ичинде орногон,
Эски салтты койбогон,
Кезегинде какшатып,
Кедейди алдап тойбогон:
Куйрук, кулак көп болду,
Курган бизге эп болду,
Аңгемесин бирдалай
Айта турган кеп болду.
Куйруктар бизге кез болуп,
Алексей менен Бондуров,
Жашынып ичте калыптыр,
Кара жүрөк залимдер
Кайгыга бизди салыптыр.
Жалпы куйрук жамдалып,
Жарак алып камданып,
Билдирбестен жүрүптүр,
Бирине-бири жалданып.
Көзү туюк каранғы,
Көрбөй жүрдүк алданып,
Болгон экен өкмөт
Кулак куйрук тандалып.
Жыйырманчы жылында
Залимдер өлдү кармалып.
Бүлдүрдү далай кыргызды,
Түшүрдү жерге жылдызды.
Мындан калган кедейлер,
Өзгөрүшкө тырмышты.

Куйруктун кийин артында
Шылуун калды бөлүнүп,
Жоош сүйлөп шыкылдап.
Жол башчыдай көрүнүп,
Эркиндик кайта ачылды,
Элге нуска чачылды
Шылуундун баары шылкыйып,
Шыбыр сөз эми басылды.
Кан жүрөктү шылкыйтып,
Кагаздан койду өчүрүп.
Ак жүрөктү шылуундан
Ажыратты көчүрүп,
Мындан мурун күн тийип,
Эркиндик бизге келген жок,
Эркиндик келген заманды,
Ата-бабаң көргөн жок.
Жаш балдар, сенде капа жок,
Жакшылык көргөн атаң жок.
Мурунтан кордук көп көрдүк.
Бул сөзүмдө катам жок.
Башкармандын жогунан,
Башындан кыргыз жоголдуң.
Көзүң туюк караңгы,
Көп болду сенин коромжуң.
Эми түшкүн оң жолго
Эркиндикке оролдуң.
Жашыңды сана — канчада,
Жаңы тууп, торолдуң.
Кеңеш өкмөт чыкканы,
Кедей кыргыз оңолдуң.
Өзгөрүшкө киргенден,
Өзүңөр илим билгенден
Өзгөрүштү бек кармап,
Өрнөк баштап жүргөндөн.
Эркиндик тийди колуңа,
Эми түшкүн жолуңа,
Ак калпак кыргыз аталып,
Атак калды соңуңа.
Кеңчилик кеңеш бербесе,
Эркиндик таңы атабы.
Белгилүү заман келгенде
Белдүү жигит жатабы?
Калкка келген дөөлөттү

Кан соргучка сатабы?
Түп борборуң — Маскөөдө,
Түркүгүң турат Ташкенде.
Бар сурагың өзүңдө,
Баш кошкон ордуң Пишпекте,
Жандын баары жайланды,
Заманың жакшы айланды.
Кеңчилик тийип колуңа,
Кеңеш өкмөт шайланды.
Кыргыздын башын жамкарып,
Кошконуңа ырахмат!
Куйруктун баарын кубалап,
Тозгонуңа ырахмат.
Эркиндик тапкан элетке,
Боштонуңа ырахмат.
Эзилген ата-бабаңдан,
Озгонуңа ырахмат!
Мындай заман келген жок,
Мурунку атаң көргөн жок,
Кең заманды колуңа
Кеңештен башка берген жок.
Басташкан элге тең кылып,
Максат берди эркиндик.
Бакырларды ойготуп,
Баштап келди эркиндик.
Кеңеш өкмөт чыгарып,
Кеңдик берди эркиндик.
Тар заманды жоготуп,
Теңдик берди эркиндик.
Ургаачы, эркек баарынды
Бирдей кылды эркиндик.
Таза жууган самындап,
Кирдей кылды эркиндик.
Бай-манапты аркансыз
Байлап салды эркиндик.
Шылуундарды шылкыйтып,
Айдап салды эркиндик.
Жаш балдарды окутуп,
Илим берди эркиндик.
Жандын баарын үйрөтүп,
Билим берди эркиндик.
Карыдан бөлүп жашынды.
Кайрат берди эркиндик.

— Катын-кызга теңдик — деп,
Сайрап келди эркиндик.
Калктын баарын тынчытып,
Жайлап келди эркиндик,
Эркиндик келди калкыңа.
Бириң эмес жалпыңа!
Мурунку заман тар заман,
Залимдерге бар заман,
Теңдик тийбей кедейге,
Ыйлап жүргөн — зар заман.
Эркиндик келди кең заман,
Келишимдүү тең заман.
Булбулуң сайрап баяндап,
Бул заманды эскерди:
Баштан-аяк бар сөзүм
Машинадан тез келди.
Баян кылып өткөнгө,
Бактылуу заман кез келди.
Аткан таңдай кашкайып,
Жарык болгон замана.
Айтып өткөн адамга
Тарых болгон замана.
Жалпы катын жамдалып,
Алга чыккан замана.
Колуна алып өз ишин
Шарга чыккан замана.
Жоголгон жолу табылып,
Барга чыккан замана.
Балдарыңдан билимдүү
Акыл чыккан замана.
Акылдуусу жол баштап
Асыл чыккан замана.
От араба, машина,
Жүргүч болгон замана.
Окуп илим үйрөнүп,
Билгич болгон замана.
Телеграммдар шартылдап,
Чыгып турган замана.
Телефон менен сүйлөшүп,
Угуп турган замана.
Автомобиль от менен
Жүрүп турган замана.
Ат ордуна жүргүнчү

Минип турган замана.
Аэроплан асманда
Учуп турган замана.
Жандын баары жаркылдап,
Таңга чыккан замана.
Караңгыдан кутулуп,
Шамга чыккан замана.
Тамам болду жазылып,
Замандан көңүл басылып,
«Эркиндик»— деп бир китеп,
Элде жүрсүн чачылып.
Тапкан жолдун тазасын,
Таркаткан көңүл капасын.
Жаңы журтка кондурган,
Кеңеш өкмөт жашасын!

## АДАМ МҮНӨЗҮ

Колума калем алып салдым нуска
Баяндап нуска сөзүм айттым кыска.
Адамдын болуп келген мүнөздөрү,
Жайылып калк ичине чыксын тышка.

Адамга нече түрлүү мүнөз барган
Колдонуп мүнөздөрүн колуна алган,
Ар жанга атак болуп ат коюлуп,
Пейилине жараша атак калган.

Баарысын баян кылып билдирейин,
Байкаган асыл жанды күлдүрөйүн.
Бул өзү адабият эски сөздөн
Басмага китеп кылып жиберейин.

Баштадым мүнөз жайын калем кармап
Мурунку турмуш жайын айттым арнап.
Басылып китеп болуп чыга калса,
Жүрүлсүн дайын болуп калкта жардап.

Бул сөздү уккан адам кармасын — деп,
Таптакыр өз мүнөзүн танбасын — деп,
Ойлонбой өз мүнөзүн жүрө берип,
Калжаңдап караңгыда калбасын — деп.

Айырып айтып өттүм өз жолуна
Аныктап карматайын өз колуна.
Өз бейлин өзү билбей жүргөн жан көп,
Карабайт көзүн ачып оң-солуна.

Адамда тайпа-тайпа мүнөзү бар,
Орду менен айтып өтүү жүйөсү бар.
Мүнөзүн өз мойнуна албаган көп
Мойнуна коюп өтөр күбөсү бар.

Кей адам өзү адил, сөзү калыс,
Жолунан залимдиктин болгон алыс.
Башына кылыч кармап турса дагы,
Болбойду эч убакта сөзүн таныш.

«Калыс» деп бул адамга атак койгон,
Калыстык сөзү үчүн атап койгон.
Алданбайт мал, дүйнөгө чын калыстар,
Кетирбейт калыстыгын акыл-ойдон.

Кээ адам өзү жоомарт, колу ачык,
Жоомарт деп атак алган орун басып,
Белгилүү чын жоомарттын мүнөзү бул:
Кетеди беререринде суудай ташып.

Кээ адам туулганда болгон момун,
Ойлонбойт болуп келген иштин соңун,
Кыянат кылчу ишти оюна албай,
Жөлөнүп жатып алган иштин оңун.

Айтууга ак көңүлдүн сөзү келди,
Атактуу ак көңүлдүн өзү келди,
«Ак көңүлдүн аты арыбайт»— деген сөз бар,
Айтылып өтө турган кези келди.

Артынан кең бейилдин кеби келди,
Айтууга кең бейилди эми келди.
«Кең бейилдүү кемибейт»— деген сөз бар,
Келтирип айтып өтөр кеби келди.

Ак көңүл ажат берген зарылганга
Аянбай көңүл айткан таарынганга,
Карыпка кайыр кылсаң бекер кетпейт,
Пайдасы тиер деген карып жанга.

Ак бейил жандын баарын бирдей көргөн,
Кең бейил мүнөз менен жүрүп көргөн.
Жаман сөз жан адамга айткан эмес,
Жайланып жакшылык мен өсүп көнгөн.

Ал адам тобокел деп жүрө берген,
Кадимден бул мүнөзгө өзү көнгөн.
А болуп тобокелчи атак алып,
Сандалган сар эсептин баарын жеңген.

Мүнөзү сар эсептин келди жетип,
Башында бербестиги алган бекип,
Сар эсеп салам айтса колкого эсеп,
Алууга ылайык эмес таштан кетип.

Адамда «бүйрө» деген бир мүнөз бар,
Бүйрөнүн өз оокаты өзүнө тар,
Тартынып өз-өзүнө бүйрөлөнүп,
Балдарын аш-тамакка кылады зар.

Кээ адам жөндөмдүүдөн жөнүн тапкан,
Ар иштин боло турган өөнүн тапкан.
Келтирип кең акылдан сурап билип,
Жөндөмдүүдөн акылдын кенин тапкан.

«Сылык» деп бир мүнөз бар ар бир жанда
Сүйлөйдү айткан сөзүн анда-санда.
Айып иш асти менде болбосун деп,
Кыйкыят кыргый куштай олтурганда.

Кээ адам сыпайы деп зыңкыйып жүр,
Бир жутпай ичерине кымпыйып жүр,
Тапканын сыпайылык менен ичип, кийип,
Бир атын семиз минип дыңкыйып жүр.

Бир мүнөз «сынчы» деген билим болгон,
Байкаса бар аспаптуу илим болгон.
Бул мүнөз бараттуу[1] жандан чыккан,
Сынчы деп бул адамга атак-конгон.

---

[1] **Бараттуу** — акылдуу деген мааниде

Кээ адам сөзгө уста чечен болгон,
Сайраган сөздүн саны нечен болгон.
Саралап залкар сөздү жүргүзгөндөн,
«Чечен» деп бул адамга атак койгон.

Кээ адам кара мүртөз залим болгон,
Ашкере залимдиги маалим болгон.
Кан ичмей кара мүртөз кан соргуч деп
Кейитип кембагалдын канын соргон.

Митаам деп бир мүнөз бар алдым-жуттум,
Кылсам деп далай жанды колго туткун.
Колуна жанын кармап сабап жүрөт,
Карабайт убалына калың журттун.

Арамза эл ичинде кылкыйып жүр,
Эч нерсе билбегенсип шылкыйып жүр.
Бирөөнүн эс-акылын алдагансып,
Айлантып пикир ойлоп тымпыйып жүр.

Кээ адам кубаттанып кууланып жүр,
Кулжуңдап кур сөз айтып дооланып жүр.
Бул мүнөз берекесиз жаман мүнөз,
Бирөөнүн малын бербей бооланып жүр,

Кээ адам кыянаттуу кара ниет,
Кылсам деп кыянатты бейли сүйөт,
Башка адам мал чарбадан пайдаланып,
Малын тартып алгандай ичи күйөт.

Кээ адам түртө салып маштап кетет,
Ойлонуп өз пайдасын баштап кетет.
Пайда үчүн баласына карабастан,
Барпайып өз баласын таштап кетет.

Кара өзгөй өз пайдасын өзү сүрөйт,
Кара ишке камсыккансып жанын үрөйт.
Жалгандан жанын кармап чыккандан соң,
Жабыркап жандын баары мындан жүдөйт.

Кара өпкө пайда тапкан доосакандан,
Уялбайт убадалуу сөз тангандан.
Кара өпкө кара доону эңсеп жүрүп,
Жандими жалаа куруп кечкен жандан.

Апыртма айдың жолго салып жүрөт,
Калп айтып калк аралап басып жүрөт.
Аралаш калк ичинде койгулатып,
Бир нерсе өңгөн жерден алып жүрөт.

Жылпыштын айтканында алалы жок,
Токтолгон бир сөзүндө карары жок.
Башынан жылпыш өсүп көнүк болгон,
Баш тартып башка жөнгө барары жок.

Жылдырма билиндирбей ушак айтат,
Көнгөн соң бул мүнөзгө кантип кайтат.
Жылдырып эл арасын бузмак үчүн,
Шыпылдап жылдырманын дили тартат.

Такымчы аңдыганы кыянат сөз,
Артпайды кыянаттан бир кара бөз.
Бирөөнүн жамандыгын аңдып жүрөт,
Бир кезде табылар деп келтирип кез.

Шыпырдын айткан сөзү баары жалган,
Шыпылдап жалган сөздөн таалим алган.
«Калп казаны кайнабайт» деген сөз бар,
Кадимки карылардан макал калган.

«Ичим тап» бир мүнөз бар чыкпайт сыры,
Сакталат жүрөгүндө сөздүн чыны.
Бойтоюп эл ичинде жүрөө берет,
Болжолсуз эч адамга болбойт чыры.

«Кылгыйма», «кыян кески» бир макалда
Экөө тең текши жүрөт бир катарда,
Бирөөнү алдаарында жанын үрөп,
Мал-жанын төгө салат бир сапарда.

«Мылжың» бар кылган иши узарбаган,
Былжырап убада сөзгө тушалбаган
Атасын алыш-бериш өлтүргөндөй
Эсептеп ичкен ашын жуталбаган.

«Кер какшык» ныкып сүйлөйт терске айланып,
Келгенди кет дегендей өтөт жанып.
Кадимден какшык сүйлөп көнүк болгон,
Кетпейди бул мүнөздү түптүү танып.

Кер какшык, кер сөз мүнөз, өзү какшык
Өзүнөн айтып өткөн сөзү какшык,
Алганды бер дегендей айтып өтөт
Бир көзүн ымдап сүйлөйт көзү какшык.

«Макоо», «кырс» бир атакта элден чыккан
Элирип көп урушуп, чыккан ыктан,
Макоонун бар мүнөзү уруш, жаңжал
Макоого жолобо дейт кулак уккан.

Кээ адам атак алган «кыйык кыяр»,
Өзүндө мүнөзү жок элге сыяр.
Өзүнө акыл айткан ак көңүлгө,
Аркырап иттей каап каршы турар.

«Орой», «чогоол» бир мүнөз орун алган,
Оборуп оң сөз айтса жаңжал салган,
Бастыкбай балакеттүү мүнөз күтүп,
Баш жарып, айрылып жүр далай малдан.

Кээ адам арам порос, ууру-кески,
Өмүрүндө арамдык менен күнү кечти,
Уурдап уктагандын малын алып,
Мактанып мал тапкансып муну жешти.

Шылуун деп бир мүнөз бар шыбыр курган,
Шыбырлап бир нечени жолдон бурган.
Шылпыйтып шылып алып жолго түшөт,
Алганын билбей калат карап турган.

Мултүлдөк эки сөздүү тайгак адам
Жамкарып жалган сөзгө сайгак адам
Мултүлдөп эки сөздүн башын кармап,
Шартылдап жалган сөзгө айгак адам.

Жел өпкө, ала көөдөн, алаканат —
Үчөө тең бир мүнөздөн орун алган,
Мактанып көтөрүлүп, көп күүлөнүп
Ашыгып айткан сөзүн жолго салган.

Көйрөң деп көтөрүлгөн бир мүнөз бар,
Көзүнө жан көрүнбөй көөп жүргөн,
Көйрөңдүк көп адамга жарашпайды,
Сактансын бул мүнөздөн өзүн билген.

Бир мүнөз сылаңкороз өзүн сырдайт,
Тапканын өзү кийип жалгыз жыргайт,
Жайланып жалгыз өзү «коозмун»— деп,
Жактырбай башка адамды жатып ырдайт.

Бир мүнөз — «кыз кыял» дейт сылыгы бар,
Зымпыйып сыр бербеген кылыгы бар,
Аяныл аста сүйлөйт адеп сактап,
Ачылып сөз айтпайды адамга шар.

Бир мүнөз баатырлар бар майлуу жүрөк,
Башында далай жанга салган дүбөк,
Кайтарып калктын малын багамын деп,
Камсыгып калкка жардам бул да жүрөт.

Бир мүнөз жүрөгү жок коркок болгон,
Коркоктун айткан сөзү чоркок болгон.
Кайгырып өзүн-өзү катып жүрүп,
Бар малы башкаларга орток болгон.

Бир мүнөз сараң деген таштай каткан,
Бир паска белин байлап бекип жаткан.
Сараңдын таш болгонун мындан билгин,
Бел байлап бир тыйынга жанын саткан.

Бир мүнөз эзме, көк тил түбү, тантык
Эзилтип айта берет сөзүн шалпып,
Тантыктын так мойнунан сойсоң дагы
Мойнуна ала койбойт сөздөн жалкып.

Бир мүнөз жатып ичер жайма мүнөз
Үйүндө өз катынын кылган өнөк,
Жашырып өз тамагын катып ичкен,
Мүнөзү бул адамдын жандан бөлөк.

Бир мүнөз кыраакы дейт сак адамды,
Текшерип сүйлөп жүрөт ар заманды,
Сактанып жаман ишке кадам баспайт,
Жүктөбөйт өз мойнуна көп залалды.

Бир мүнөз элпек деген, жумшак бейил,
Бир адам жумшай салып кылбайт кайыл,
Көрүнө ак пейилдин мүнөзү бар,
Жан аяп барбаймын деп кылбай мейил.

Кээ адам күн карама, эки жүздүү,
Бул адам тууралыктан үмүт үздү,
Жыландай эки баштуу сойлоп жүрүп,
Мойнуна шермenделик жүгү түштү.

Кээ адам «ак каптал» деп атак алган,
Бир ишке жумшай салып, жата калган,
Ак каптал өзү кежир, сөзү салкын,
Сөз кирбей кулагынаката калган.

Одоно, копол чомбаш[1] бир порумда,
Бул мүнөз жүрүп келген бир орунда,
Билимсиз караңгылык себебинен.
Үйрөнбөй келе жатыр өз жолунда.

Бир мүнөз «дөдөй» деген сөз билбеген,
Үйрөнүп билимдүүгө бир жүрбөгөн,
Чалкайып карды тойсо кайгысы жок,
Жакшы сөз кулагына түк кирбеген.

Бир мүнөз бош, аңкоо караңгы адам,
Билимге басканы жок жалгыз кадам,
Мойнуна бул мүнөздү артып алып,
«Аңкоо»— деп атак алып болду наадан.

Бир мүнөз жатып ичер аты шүмшүк,
Бел чечип кылган эмес жалгыз түйшүк,
Жан багып жалкоолуктан жүрө берген,
Айылчылап тамак ичип, эшик түртүп.

Чыйракты өз боюна теңдеп айтат,
Мунун оокат кылары чын деп айтат,
Чыйрактык бир жол менен барган мүнөз
Тынчыбай оокатыңды кыл деп айтат.

Илгертен илээндини бош деп айтат,
Ишиңдин бүтөр жерин тос деп айтат,
Илкип-салкып ишиңди бүтүргөн соң,
Иретке өз башыңды кош деп айтат.

---

[1] Чомбаш — эч нерсени ажырата билбеген деген мааниде.

«Канаат»— деп бир мүнөз бар албайт сурап,
Тапканын оокат кылат эптеп курап,
«Канаат карын тойгузат»— деген сөз бар,
Кайгырбай жокчулукка, коёт чыдап.

«Сабыр» деп сары алтындай бир мүнөз бар
Сабырдуу токтоо адам болбойду зар,
Мурунку карылардан макал калган
«Сары алтын—сабыр түбү» деген сөз бар.

Бир мүнөз муназалуу токтоо адам,
Чыкпайды муназадан жалгыз кадам,
Бирөөдө аласасы боло калса,
Айтпастан өтүп кетет берип салам.

Бир мүнөз сук деп айтат сураганды,
Суктанып кыйнап жүрөт кара жанды,
«Сураанчак сук тойбойт»— деп бир макал бар,
Сuranып дүйнө жүзүн кыраан чалды.

«Таскак» деп бир мүнөз бар өзү таскак,
Токтобойт бир орунга сөзү таскак,
Чеченсип чебердеп сөз айтпагандан
Оорсунуп өз ишине кылат каскак.

Жел таман желип-жортуп айылдап жүр,
Желигип өзүн-өзү дайындап жүр,
Желмогуз шум мүнөзүн кыла салып,
Арадан ушак айтып айындап жүр.

«Айдай кел, көрө кел» деп бир атак бар,
Айтылган бул мүнөздө көп чатак бар,
Бул мүнөз жалкоолуктан болгон мүнөз,
Жан аяп, жалкоо жүргөн көп жатак бар.

Үч адам отор барып, жылкы баккан
Бирөө «айдай кел» деп кошто жаткан,
Бирөө «көрө кел» деп көзүн жумуп,
Мал бакпай, тамак ичип бошко жаткан.

Бирөө малын баккан тынбай жүрүп,
Байкастап мал багыштын жөнүн билип,

«Малдуунун өңү жарык»— деген сөз бар,
Ойлонуп бул макалды көңүлгө илип.

Он жылы жут болуптур кары калың,
Эки адам багып чыккан кара жанын,
Бирөө кагынга[1] айдап өз жылкысын
Бул жуттан аман багып чыккан малын.

Берки экөө бар малынан тазаланган,
Байкуштар уялгандан назаланган,
Жалкоолор жанын багып, бошко жатып,
«Айдай кел, көрө кел»— деп атак алган.

Айдай келдин ала айгыры жалгыз калган,
Айрылган айдай келиң тамам малдан,
Мал бакпай байкуш жалкоо жанын багып,
Башына «Айдай кел»»— деп атак алган.

Көрө кел деп жылкысын жутка берген,
Тампайып өз үйүнө жөө келген
Көрөкелдин көзү акыйып жөө калып,
Көлкөйүп көзүн жумуп жүрө берген.

Байымбет сөз айтардан аянбадым,
Максаттуу сөз табылып баяндадым.
Мүнөздү билгенимче баарын тизип,
Басмага жиберүүгө даярдадым.
1927

### МАНАПТАРДЫН ЗАЛИМДИГИ

Байымбет баяндап,
Калемин баярдап,
Кара дыйкандар,
Уксун деп кабардап.
Өткөн күндү,
Көргөн зилди,
Кыйналган жанды,
Кысылган канды.
Кыскача сөз менен

[1] Кагынга — какырга, кургак жерге деген маанидө

Айтып өтөм.
Казал эмес,
Макал, кара сөз менен,
Манаптын түбү залим,
Баарыңарга маалым.
Байдын түбү,
Сүткор бакыл.
Адамдын убалынан,
Түк коркпогон капыр.
Залимдик кылган,
Манаптар башында.
Манап алганын берген эмес.
Башка адамды,
Киши ордуна көргөн эмес.
Эсирип, элден качкан,
Желпинип жерден качкан,
Бөрк ал десе баш кескендер,
Манаптарга жигит болду
Барлыгынын биригип,
Калкка чачкан жарлыгы,
Мындай болду:
— Манап эр өлтүрсө кун жок.
Нар өлтүрсө пул жок,
Мына ошентип манаптар,
Бай адамды жанына алып,
Кедейди какшатып,
Канын соруп,
Башын кызматка салып,
Турганын тузакка салып,
Качканын калыңга берип,
Калың журтту ит ордуна көрүп,
Абдан эзип келди,
Жолдон озгон жорго,
Колдон озгон күлүк,
Туу жыккан тулпар,
Куу алган туйгун шумкар,
Сулуу келин, сулуу кыз,
Манаптардын amиринде болду.
Бул манаптар,
Жылаан болуп заар.
Салып чыккан.
Мунун балдары
Ажыдаар болуп,

Калктын жанын күйдүрүп,
Канын сорду.
Калыңга берип,
Байгеге сайып,
Мал турсун башына ээ кылганы жок.
Байлар болсо,
Манаптын жанынан,
Конушту тандап конот,
Манапты жандап конот.
Кеби, сөзү, кеңеши,
Манаптар менен бирге болот.
Кедейди алдап,
Жылдык акысын,
Бир тайга жалдап,
Жалчы салат,
Жумушун бүтүрүп алат.
Жылы бүткөндөн кийин,
Кепке келбейт,
Тыйын бербейт.
Чыгымды жылдырбай алат,
Өзүн айдап жолго салат.
Байдын бир макалы бар,
Көтөрүлүп айта турган,
«Ой, кедей,
Осолдугуң кой кедей?
Мага коңшу болсоң,
Курсагың ачпайт,
Ийнин тозбойт.
Кедей кербес болот,
Андыктан бай бербес болот.
Күн караган суукка тоңбойт,
Бай караган ачка болбойт»— деп,
Кедейге макал айтып коёт.
Бай айтканы ырас эмеспи — деп,
Караңгы кедей,
Ичпей-жебей жүрө берет.
Жалчы жүргөн акысы,
Бай-манапка күйө берет.
«Кедейге куп кылдым»— деп,
Бай-манап күлө берет.

Атаке тукумунан Таштанбек, Карабек, Карабектин уулу Жантай кан аталып, кылычынан кан таамп турган-

да. Таштанбек өлөт. Таштанбектин ашына Жантай алтымыш кишини байгеге сайган. Жантай, Шабдан деген уулуна, Жангарач деген манаптын Бак деген кызын алып бергенде, кырк кишини калыңга берген.

Мындай иштерди манаптардын көпчүлүгү иштеген. Бул сөз калет эмес, чын сөз Залим манаптар, журттун жонунан пайдаланып, бир-бирине кишиден белек жиберүүчү. Алсыз, малсыз кедейлер жумшаган жагына кете берүүчү. Эсенгул уругунан Ниязбектин уулу Үмөтаалы деген чоң манап чыгып, калыңга берген, байгеге сайган, өлтүргөн кишилерине сан жеткен эмес. Ал «Апта сайын бир адам өлтүрбөсөм, туткагым кармап, калтырап калам»— деген. Чаргын деген инисин үйлөндүргөндө малдан башка адамдан бир топту калыңга берип, кызды алганы барганда ээрчитип барган ырчысын, комузчусун, сурнайчысын кыздын атасыныкына белек катарында калтырып кеткен.

Бир күнү Үмөтаалынын аялы, айылдагы бир топ аялды чогултуп, иш кылдырып жатса Үмөтаалынын кан ичмеси кармап, «мылтыгым кан сагынып турат»— деп, үйдүн ичинде отуруп атып калат. Ок башка катындарга тийбестен өзүнүн эки аялына барып тийсе, анда Үмөтаалы «күндүн ажалы жеткен экен»— деп, ордунан туруп кетет.

Саяктан Кожоберди деген манап чыккан. Мунун залимдиги Үмөтаалыдан да артыгыраак болгон. Ал «замбирек» деген мылтыгы менен кишиден бута коюп аткан. «Ак албарс» деген кылычы менен эч бир жазыгы жок адамдарды баштарын алып, «кылыч кырк күнү кан көрбөсө кыңырак болот»—деген. Кыскасын айтканда манаптардын баары залим болгон.

Чыгымга чирип,
Жалчы жүрүп,
Кайгыга баткан кедей,
Орок оруп, байдын чөбүн чапкан кедей,
Байдын малын күнү, түнү баккан кедей,
Кабыгы менен кансырап жаткан кедей,
Короо кайтарып,
Кийимин чечпей жаткан кедей.
Бекерге бай-манаптын ишин кылып,
Адал кылган мээнети текке кетип,
Азапты өмүрүнчө тарткан кедей.

Жалгыз уйга алачыгын арткан кедей.
Сандалып, эл көчкөндө жөө чубашып,
Азапка өмүрүнчө баткан кедей.
Айылдын аягына конгон кедей,
Суукка таң атканча тоңгон кедей.
Жабыркап жайы кышы жалчы жүрүп,
Бай-манап кызыл канын соргон кедей.
Бул күндү абал айткан Маркс атаң,
Кедейлер кеткен чыгар бойдон капаң.
Сандалып, жайы-кышы малчы жүргөн,
Таркады бай-манаптан көргөн жапаң.
Билгичтер алып таштаар, айып көрбөс,
Сөзүмдөн кеткен болсо менин катам.
Кеңешке Карл Маркс мурун кирген,
Болоорун бул турмуштун анык билген.
Бир күнү совет таңы атат го деп,
Китепке бар билгенин чийип жүргөн.
Түп жайын кеңештин Маркс айткан,
Кеңештин кебин жазган, мурун баштан.
Кеңешке кезегинде жетише албай,
Китебин эмгекчиге кеткен таштап.
Даанышман Ленин атаң кеңеш курган,
Кийинки кедей габы окусун деп,
Советке китеп жазып нуска кылган.
Сталин жолбашчыбыз башында бар,
Калинин канча билгич, кашында бар.
Кедейдин канын соруп, чөптөй оргон,
Жоголду залим Николай пейили тар.
Карарып калың баскан туман кетип,
Кедейге кеңеш өкмөт ачылды шар.
Атаң Ленин — Сталин баштап чыгып,
Кедейге кең заманды алып берди.
Ким көргөн мындай сонунду кулак угуп,
Кутулду кедей шордуу жалчылыктан.
Эрикке эми чыктың жалчы кедей,
Бактыңа совет өкмөт жаркып чыккан.
Көрдүңөрбү күндөй жаркып,
Көлдөй толкуп,
Майдай балкып,
Амалы артып,
Кеңеш өкмөт,
Бай-манапты жеңгенин көрдүңөр!
Кедейлердин өзүнө,

Өкмөттү бергенин көрдүңөр!
Жалпы кедей,
Жалчы шордуу
Теңдикке жеткениңерге
Эми көзүңөр жеткен чыгар!
Кайда барсаң,
Тамак арзан.
Чайың кайналуу
Ордуң жайлануу.
Ар көчөдө
Патефон, кино сайралуу.
Баян, радио
Булбулдай таңшып,
Сөөгүң жашып,
Ар көчөдө сайралуу.
Жарды, жалчы кедейлер мурун мындай
Өзүнчө ырдаган сонунду көргөнүңөр бар беле?
Жок, көрмөк турсун уккан эмеспиз.
Темир канат жаркырап,
Асман менен даркырап,
Аэроплан дегени,
Учуп жүрөт аркырап.
Автомобиль, трамвай,
Жүрүп кетсе чаң жетпейт.

*(Жазылган жылы белгисиз)*

## ЭРКЕКТЕРДИН МҮНӨЗҮ

Бизден мурун бир катар,
Эл оозунда жүргөн ыр.
Калктын баары билген ыр,
Катарга мурун кирген ыр.
Сынчынын айткан сыны деп,
Ушул сөздүн чыны эле.
Кадырын сындын билчү эле,
Карылар айтып жүрчү эле.

Жакшы менен жамандын,
Жайын айтып турчу эле.
Эл оозунан азайып,

Эскирип кетип баратат.
Унутулуп ушу сөз,
Эстелбей кетип баратат.

Байымбет сенде эсиң жок,
Байкабай кетер сөзүң жок.
Эркектердин мүнөзүн,
Эстебей коёр кезиң жок.

Сынаган Санчы-сын болсо,
Айтылып жүргөн ыр болсо.
Жаңырбай бул сөз калбасын,
Санчынын сыны чын болсо.

Бизден мурун нечен жыл,
Билимдүүлөр нечен кыл,
Анык нуска калтырып,
Айтып кеткен ыр ушул.

Акындардын алдында,
Айтылган сөздүн чыны ушул.
Толук кылып Толубайдын,
Токтотуп кеткен сыны ушул.

Топко жайып уктуруп,
Токтогул айткан ыр ушул.
Эскиден калган үлгү деп,
Элге кабар билгизет.

Эркектердин мүнөзүн,
Ирээти менен жүргүзөм.
Капа болбой угуңар,
Катары менен киргизем.

Айрым жазып мүнөзүн,
Өз колуна тийгизем.

Жалкоонун берип жазасын,
Жалкоонун ичин күйгүзөм.

Үйрөнүүгө билимдүү,
Комсомолдор талаптан.
Айтылат сөздүн жүйөсү,
Адамдардын мүнөзү.
Жалкоо менен жаркоонун
Жанында даяр күбөсү.
Эр адамдын ирети,
Иретте келет мүнөзү.
Ар кимиси ордунда
Айтылып өтөт жүйөсү.

Отуз жети сан менен,
Кылыктары айтылат.
Өөдөсү жок жамандар,
Өз жеринде чарпылат.

Бейлин бузуп иштебей,
Бетине кара тартылат.
Жалкоо жүрүп жан багып!
Жамандыгы артылат.

Жакшы менен жамандын,
Асман, жердей арасы.
Акыл ойлоп комсомол,
Артын байкап карачы.

Ичинерде калбасын,
Кан соргучтун баласы.
Бузуп коёт ишинди,
Бузук болот санаасы.

Кытып коюп иш бузат,
Келбесе да чамасы.
Эзилип калды десең да
Ичинен кетпейт аласы.

Биринчи аяр даанышман,
Айттырбай билет алыстан,
Сөзүн сура калыстан,
Сүрөтпөй чыгат жарыштан.

Экинчи жоомарт берешен,
Жоомартта жорук бир нечен.
Үчүнчү өнөр кызыл тил.
Сөз табуучу эр чечен.

Төртүнчү баатыр таш жүрөк,
Баатырлык менен эл сүрөп.
Басташып келген душманга,
Майданда салат чоң дүмөк.

Бешинчи берен сөзгө бек,
Камсыкпаган кара көк,
Ак көңүл болот бул өзү,
Ичинде болбойт кине кек.

Бу дагы болот айлалуу,
Калкына болот пайдалуу.
Калыс болот мүнөзү,
Калкынын көөнү жайлалуу.

Алтынчы анык берен бар,
Көрөгөч көсөм деген бар.
Көрсөтүп айтып акылын,
Көптүн камын жеген бар.

Жетинчиде оруну,
Бактылуу барпы[1] боруму,
Сылык болот мүнөзү,
Сыпаттуу болот жоругу.

Сегизинчи баш койкоң,
Себепчи болот элине.
Эл ишенет кебине,
Койкондун сызган чегине.

Мүнөзү жакшы жан болот,
Ага-иниси жам болот.
Баш койкондун маааласын[2],
Көргөн адам таң болот.

[1] Барпы — кадырлуу деген мааниде
[2] Мааласын — айылын деген мааниде

Тогузунчу ала айгыр,
Ат качырбас деп айтат.
Өз айлына жагымдуу,
Аңгемесин көп айтат.

Онунчу жалдуу барак дейт,
Баракта арбын жарак дейт.
Жан жоросу элинен,
Жалгыз байтал жоо алса,
Сезбестен жалгыз барат дейт,
Четинен серпип алат дейт.
Куба чыккан жоо болсо,
Аянбай согуш салат дейт.

Бул дагы баатыр жан болот,
Кылганы журтка даң болот.

Он биринчи бөлүмдөн,
Анык көзгө көрүнгөн.
Сабырдуу жайдар кенен бар,
Сары алтындай берен бар.
Санжап кылып текшерип,
Элинин камын жеген бар.
Сөзгө чечен билимдүү,
Кунарлуу булбул деген бар,
Жумшак сөздүү берен бар,
Он экинчи бөлүмдө,
Кепке жетик кенен бар.

Келишимдүү кепке бай,
Келтирип айткан берен бар.
Эртеден кечке сүйлөсө,
Таныгы болбойт сөзүндө.
Кенебеген кең пейил,
Кемчили болбойт өзүндө,
Сөзү ширин булбулдай,
Сөөлөтү конгон тунжурдай.

Айлынан жаңжал чыр чыкса,
Кеп менен айлын жубантып,
Келтирип кепке кубантып,
Басып коёт чыр кылбай.

Он үчүнчү бөлүмдө,
Кең пейил күпсөр деген бар,
Кемчилик жок өзүндө,
Кенебеген кенен бар.

Кең пейил түрлөр кең санайт,
Барчага бирдей тең санайт.
Бергенинде доосу жок,
Белгилүү болот боруму.

Алганында доосу жок,
Артык болот жоругу.
Кең пейил күлсөр азамат,
Бул адамдын туйгуну.

Он төртүнчү күлдүргүч,
Бул адамдын булбулу,
Куудул, шайыр атагы,
Сайраса булбул катары.

Ойдо жок сөздү билдирип,
Черинди жазат күлдүрүп.
Аймандай жаркын деген бар,
Айныбаган кенен бар.

Он бешинчи санында,
Күлдүргүчтүн жанында,
Адамдын сырын билгендей,
Ашта, тойдо жүргөндөй.

Ачуусу келген кезинде,
Шатыра-шатман күлгөндөй.
Капалык жок боюнда,
Калыстык жайы оюнда.

Карысам да мейли деп,
Куштар болот оюнга.
Он алтынчы бөлүмдө,
Айтар сөздүн жөнүндө,
Сарамжалдуу жайдар бар,
Айтып өтөр жайлар бар.
Элден мурун күтүнөт,
Кылар ишин бүтүрөт.

Эл кызматка киргенде,
Эркин жүрүп мал табат,

Үйгө келип олтурса,
Үшкүрбөй тынчып мал багат.

Он жетинчи кезекте,
Иретте келген эсепте,
Жел колтук дардаң деген бар,
Желип жорткон берен бар.
Көтөрүлүп көп сүйлөп,
Көөсөр жүргөн келең бар.

Текебер болот борумy,
Тентек болот жоругу.
Дөөгүрсүп жүргөн чиркиндин,
Төмөнкү четте оруну.

Он сегиз келген иретте,
Өзү адам сүрөттө,
Жел өпкө көйрөн деген бар,
Өпкөсү батпайт ичине.

Кара башын теңебейт,
Катардагы кишиге.
Айткан кеби орунсуз,
Адам айран ишине.

Кызматка ийбейт моюнун,
Кызык көрөт оюнун.
Кеп талашып кесирдүү,
Көтөрүп чыгат союлун.

Он тогуз келген бөлүмдө,
Ойлосоң сөзү көңүлдө,
Беш тыйын үчүн жан берет,
Бел байлаган өлүмгө.

Арамза пикир деген бар,
Арамдык кетпейт ичинен.
Алдап алсам деп жүрөт,
Өзүнөн башка кишиден.

Жалгыз өзүн жанмын дейт,
Жан адамга ишенбейт.
Жаңжал кылып чыр баштап,
Бүткөн ишти кишендейт.

Бул каргашалуу арамза,
Катынына ишенбейт,
Жыйырманчы иретте,
Кеп Жебестен кеп келет,
Ирээти менен кеп кылып,
Кеп жебес кежир деп келет.

Өзүнө сөзү эп келет,
Өлчөөсүз кеби көп болот.
Бул кесиреттүү кежирге,
Оң айткан кебиң кек болот.
Айткан кебин бербеген,
Адамдан башка көк болот.

Жыйырма бир бөлүмдө,
Сөз билбеген жөнүк бар,
Оокаттын жайын билбеген,
Орунуз көнгөн көнүк бар.
Тим басып тирүү жүрсө да,
Тирүүлөй жүргөн өлүк бар.

Өлчөөсүн байкап санабайт,
Өз боюна карабайт.
Бекер басып жүргөндөн.
Бул бети жок жөнүк жадабайт.

Көтөрмө жиптен куру бар,
Жөнүктүн мындай сыры бар.
Мага катын алып бер деп,
Калаба салган чыры бар.

Катарга башы кирбесе,
Колхозго иштеп жүрбөсө,
Илим-билим үйрөнүп,
Иштегенди билбесе,
Буга жин урган катын тиеби,
Чын жери муну сүйөбү?

Көзү ачылган кезекте,
Көрүнөө отко күйөбү!

Жыйырма эки санатта,
Ирети келген санатка.
Акылсыз аңкоо деген бар,
Аябай жеме жеген бар.

Аштык айдап сугарып,
Орок менен иши жок,
Бул тилеги каткан жалкоону,
Тил алдырчу киши жок.

Киши менен иши жок,
Уялып калчу киши жок,
Кесепеттүү акылсыз,
Өзүнө кылган кастыгы,
Колхозго кызмат кылбаса,
Кайдан болот аштыгы.
Талкан сурап, ун сурап.
Мойнунан түшпөйт баштыгы.

Жыйырма үч келген бөлүмдөн,
Көзгө дайын көрүнгөн,
Жалкоо болуп жан багып,
Үйүндө уктап керилген,
Жан багар жалкоо эшек бар,
Жашынып жүргөн кесек бар.
Бул кесепеттүү жалкоону,
Келтирип айтар кезек бар.

Оң бас десе тил албай,
Тескери кетет уялбай,
Колхоздо мындан зерикти,
Не кыларын биле албай.

Кызматтан качып шекинип,
Жашынып калат бекинип,
Качкан сайын жалкоолор,
Түгөнүп барат кетилип.

Жыйырма төрткө тизилген,
Жай табар жалкоо эпчил бар,
Жалкоолугун билгизсең,
Жанына баткан кекчил бар.

Жалкоодо амал көп болот,
Жалакай өскөн жашында,
Кайда болсо жалкоолор,
Бүткөн иштин кашында.
Биз бүтүрүп койдук деп,
Колун ишке тийгизбей,
Жан адамга билгизбей,
Сайрап турат башында.

Курулуш ашар ишчиден,
Жалкоо качат безилдеп,
Баланчанын баласы,
Кызматтан качкан кесир деп.

Эртең келип бул иштин,
Башына турам өзүм деп.
Эртесинде келбестен,
Эч кимге жооп бербестен,
Баш ооруп калды балам деп,
Тамырчыга барам деп,
Жалган айтып сөз менен,
Жалкоо качып жоголот.
Минтип жүргөн жалкоолор,
Түбүндө кантип оңолот?

Жыйырма бешке сан болуп,
Кесирлүү кербес жан болуп,
Кербес келет катарга.
Атагын адам айтарга.
Бул кесирлүүнүн үйүндө,
Тамагы жок ашаарга.
Өзүнөн өзү керилет,
Иш кылгандан эринет.
Иштеп жаткан дыйкандын,
Баарына шумшук көрүнөт,

Эмгек кылчу жаш өтүп,
Тамагынан аш өтүп,
Эмгек кылып мал таппай,
Эл катары дан таппай,

Кесирлүү кербес жоголду,
Эч болбосо жан бакпай.
Жыйырма алты санакта,
Адаммын деп санатта,
Сатаң уктайт көшүлүп,
Эси, дарты тамакта.
Оокаттын жайын биле албайт,
Акыл айтса тил албайт.

Айыл-апа эл болсо,
Ашы бышкан жер болсо,
Түрүлгөн калын эл болсо,
Түтүнү чыккан жер болсо,
Кыдырып жүрөт айылдап,
Сатандыгын дайындап,
Бул сатанды кудай албайт деп,
Катындар калат дайындап.

Жаны таза, дени соо,
Тамак үчүн думана.
Эрте туруп кыдырып,
Эл жатканча убара.
Бул сатаң өзү кандай жан,
Акылмандар кыбала.
Кесепеттүү сатанды,
Келтирбей, үйдөн кубала.

Жыйырма жетинчи иретте,
Өзү адам сүрөттө,
Аш кеби арсыз деген бар,
Айылдан тамак жеген бар.

Керели-кечке кеп айтсаң,
Оокат-мындай деп айтсаң,
Айткан сөзгө көнбөгөн,
Бир арбак урган келең бар.

Арсыздыгын койбогон,
Ал мүнөзду жойбогон.

Аш кеби деп аталып,
Алты аяк ашка тойбогон.
Аш кебиден артылып,
Катынына кайры жок.
Баласына пайда жок,
Мындай акмак кайда бар.

Жыйырма сегиз эсепте,
Ирети келген кезекте,
Урушчаак чыр баш бар,
Жаңжалсыз карап турбас бар.

Каны бузук оолукма,
Ойлонуп сабыр кылбастан.
Түшпөсүн ишиң чыр башка,
Түйшүк салат бир паста.
Урматыңды кетирип,
Уят кылат курдашка.

Жыйырма тогуз санында,
Чырбаштын арка жагында,
Көк тил тантык деген бар,
Көп сүйлөп жанды жеген бар.
Бир айтканын эки айтып,
Эки турсун көп айтып
Билбейсиңер сөз жайын,
Мен чеченмин деп айтып.
Эртеден кечке сөз бербей,
Эриктирет адамды.

Эми үйүнө кетсе деп,
Зериктирет адамды.
Тамшанып сүйлөп кеп баштайт,
Кеп баштаса деп баштайт.

Сөзүнүн көбү маселе,
Бир далай анын мааниси,
Бир сөздү улам айткан соң,
Сөзүнүн кетет шаанисн.

Өзү сүйлөйт кеп бербейт,
Башкага сөзү эп келбейт.
Отузунчу эсепте,
Олуттуу келген кезекте.

Бир суук ооз шүмшүк бар,
Шүмшүктө далай түйшүк бар.
Суук сөздү бетке айтат,
Куралган жыйын көпкө айтат,

Эс-акыл жок өзүндө,
Этибар жок сөзүндө,
Орой болот мүнөзү,
Сөзүндө жок жүйөсү.
Суук ооз шүмшүктүн,
Зыркырап турат мүнөзү.
Жөн айткан сөзү сөккөндөй,
Келтирип төшкө тепкендей.

Райым кылыш анда жок,
Акмактыгы жанда жок.
Катыны коркуп безилдеп,
Каргашалуу кесир деп,
Баласы коркот безилдеп,
Балакеттүү кесир деп,
Суук ооз шүмшүк атагы,
Түк басылбайт чатагы.

Отуз бир сандын өзүндө,
Ирети келген кезинде.
Ушакчы бузук деген бар,
Уялбай жеме жеген бар.

Эл арасын ушактап,
Бузуп жүрөт ушакчы.
Бузулуп каны ар дайым,
Кысып жүрөт ушакчы.

Айтпаган сөздү айткандай,
Анык кылат ушакчы.
Анык айткан сөзүңдү,
Танык кылат ушакчы.

Өзүнө кайбат кесиби,
Арасын бузуп адамдын,
Акылы жок наадандын,
Адамга тиет кесири.

Ушактан ага пайда жок,
Жакшылык көрөр жайда жок.
Калк ичинде көп болот,
Мындай акмак кайда жок?

Отуз эки бөлүмдө,
Келер сөздүн жөнүндө,
Эл ичинде нелер жок,
Эринчээк шалтаң деген бар,
Анын аяк жагында,
Көз карама жалтаң бар,
Жалтаң өзү иш кылбайт,
Иш кылса да түз кылбайт.
Кылган ишин бүтүрбөйт,
Эрте туруп күтүнбөйт.
Түртө сал болот турушу,
Түптүү бүтпөйт жумушу.

Мектепке кармап бербесе,
Окутуп оңго келбесе,
Илим-билим үйрөтүп,
Шалтаңды минтип жеңбесе,
Оңго келер жөнү жок,
Оокат кылар көөнү жок.

Отуз үч болуп ичип-жеп,
Жалтаң келет таскактап,
Күн карама оюлгур,
Күлүп сүйлөп жазгактап.

Муну көз карама жалтаң дейт,
Жалтаңга оокат арзан дейт,
Эбин таап бир нерсе,
Элден сурап алсам дейт.

Отуз төрт болгон катарда,
Ирети келди айтарга.
Кош сөздүү кобур деген бар,
Кобурап жүргөн берен бар.

Бир айткан сөзүн эки айтат,
Төп айтпай сөзүн чеки айтат.
Сөз талашып түгөнгүр,
Адамга бербей жеке айтат.

Айткан кеби түгөнбөйт,
Аялын өзү күбөм дейт.
Сенин сырың белгилүү,
Бар сырыңды билем дейт.

Мен чеченмин сенден дейт,
Сөз талашпа менден дейт.
Менин сөзүм угумдуу,
Сурап көргүн элден дейт.

Отуз беш келген бөлүмдө,
Кошоматчы сыйкы бар,
Сыйкынын жөнү бир катар,
Уктуруп өтөр ыркы бар.

Сыртынан байкап сынасаң,
Сыпаты түзүк азамат.
Сызылтып айтып турганы,
Сыйкылык кылып кошамат.

Ар адамдын бетине,
Ар түрдүү бөлүп кеп айтат.
Арбак уруп кетсин деп,
Карганып сөздү көп айтат.

Убадасы жок болот,
Өзү адамдан шок болот.
Сүйлөп турат шакылдап,
Сурап турат какылдап.

Мунун жалаасына каласың,
Жанына барба жакындап.
Бир нерсе берем деп койсоң,
Доолап калат такымдап.

Алдарына келгенде,
Айтып турган сөздү албайт.
Оорубаса тамыры,
Оюп эки көздү алдайт.

Бул адамдын сыйкысы,
Сөзүндө көп кыйпышы.
Бир нерсе алдап аларда,
Такыр келбейт уйкусу.

Отуз алты бөлүмдө,
Жандими жалдоо айгак бар,
Жан бергенден тартынбайт,
Жалданган сары сайгак бар.

Касам ичсе кубанат,
Каны качып кубарат.
Мунун айткан сөзүнө,
Кандай пенде ынанат.

Жүрөгүндө жаны жок,
Жүзүндө кызыл каны жок.
Касам ичип мал табып,
Кармаган колдо малы жок.

Отуз жети бөлүмдө,
Бар мүнөзү көңүлдө,
Сараң сүткор деген бар,
Бел байлаган өлүмгө.

Сүткор жаны сараң жок,
Алалдан тапкан малы жок.
Касам ичип кансырап,
Жүзүндө кызыл каны жок.

Жакшылык кылган ар иши,
Жаман сөз менен жуудурат...
Алаарында бек кыстап,
Адамдын дилин суудурат.
Отуз жети сан менен,
Эр мүнөзү басылды.

Каргашалуу сексен жаш,
Калтыратты башымды.
Байымбет сенде арман жок,
Карылык кысты, дарман жок.
Кызыл тилин сайратып,
Кылдай арман калган жок.

Казына чыдап зарпыма,
Карылык сүргөн дартыма,
Кайкайып иштеп бүтүрдүм,
Калсын деп нуска артыма.

## КАРЫЛЫК ЖӨНҮНДӨ АРМАН ЖАШ

Арман жаш түшүп оюма,
Калем алдым колума,
Карылыктын нускасы,
Калсын дедим соңума.
Мен Байымбет акынды
Арманын айткан бакырды,
Жерге кирген жетимиш,
Алыс кылды жакынды.
Айландырып башымды,
Алып койду акылды.
Тырыштырып такымды,
Жетимиш жеди акымды.
Көөдөнүмдү көтөртүп,
Көрсөттү заман акырды.
Байымбетиң башында
Жыйырма, отуз жашында,
Жыргап жүргөн бир кезек,
Жигиттик доор жашымда.
Жетимишке жеңдирип,
Карып болгон кезегим.
Жер таянып тура албай,
Арык болгон кезегим.
Өткөн өмүр кайран жаш,
Өксөттүңбү арман жаш.
Оюн менен күлкүдөн,
Калганымды айтамын,
Өсөркү[1] жаштан айрылып,
Карганымды айтамын...
Арман жаштын казалы,
Айтып нуска жазалы.
Жигиттиктин бир кезек,
Өтүп кетти базары.
Кара жанды каратты,
Карылыктын какаары.
Аалам кылды жаныма,
Армандуу жаштын азары.
Өмүрдүн билбейт кадырын,
Жигиттин наадан начары.
Жигиттик өмүр адамга,

[1] Өсөркү — өспүрүм убак маанисинде

Келген дөөлөт кезинде.
Жыйырма, отуз кайран жаш,
Кеткен жок менин эсимде.
Жер таянып кез болдум,
Жетимиш деген кесирге.
Жаштарга жыйнап нарк айтып,
Дармандуу болсо чаркыңыз,
Адамга кебиң жагымдуу,
Ыктуу болсо салтыңыз.
Айткан кебин уксак деп,
Алдыңа турса калкыңыз.
Жетимиш деген жеткен жаш,
Денимден кубат кеткен жаш,
Жыйырма, отуз кайран жаш,
Тилесең келбейт өткөн жаш.
Кайда кетти билбедим,
Кадырлуу өмүр, көпкөн жаш?
Жетимишке Байымбет,
Жетип калган кезегим,
Денимден кубат шалдайып,
Кетип калган кезегим.
Ооматтуу өмүр билинбей,
Өтүп калган кезегим...
...Кундуздай кара кулпунган.
Чачымды алды карылык,
Калтылдатып бийлетип,
Башымды алды карылык.
Жесем тамак сиңирбей,
Ашымды алды карылык.
Каламдай кара сызылган,
Кашымды алды карылык.
Дем чыгарбай бүтүрүп,
Муунумду алды карылык.
Алмадай кызыл бетимден,
Нурумду алды карылык.
Бел кубаты бек кайрат,
Курумду алды карылык.
Кавхардай нурдуу жайнаган,
Көзүмдү алды карылык...
Ал кубатым кетирип,
Өзүмдү алды карылык.
Акылымдан айнытып,
Эсимди алдың карылык.

А дегенде бек кармап,
Билимди алдың карылык,
Бактынын оозу панардай
Маңдайды алдың карылык.
Балдыратып сүйлөтүп,
Таңдайды алдың карылык.
Каңырыш угуп кайгырып,
Кулакты алдың карылык.
Кайда жүрсөм кадырлаш,
Ынакты алдың карылык.
Тиштен чыккан шилекей
Булакты алдың карылык.
Короздой болуп койкойгон,
Моюнду алдың карылык.
Жыпардан жыттуу буралган,
Койнумду алдың карылык.
Жыргалдуу башта танбаган
Ойнумду алдың карылык,
Жүрөгүмдү жазгантып,
Кур гумду алдың карылык,
Шалдыратып денемди,
Мурчумду алдың карылык.
Сөөгүмдү сыздатып,
Тынчымды алдың карылык.
Эки көзүм ирметпей,
Уйкумду алдың карылык.
Көмөкөйдө кызыл тил,
Балдыраттың карылык,
Оозумдагы отуз тиш,
Шалдыраттың карылык.
Басканга дарман келтирбей,
Жалдыраттың карылык.
Коңгуроодой жаңырган,
Үнүмдү алдың карылык.
Оозумдун көркүн күмүштөй
Тишимди алдың карылык,
Карматсам колдон кетирбей,
Ишимди алдың карылык.
Күндөн-күнгө шалдайтып
Күчүмдү алдың карылык,
Өзүм менен тең курбу,
Кишимди алдың карылык.
Сакалымды агартып,

Көркүмдү алдың карылык.
Кара көрпө, кызыл чок,
Бөркүмдү алдың карылык.
Оору салып бутума,
Эркимди алдың карылык.
Арык койдой жөткүртүп,
Өпкөмдү алдың карылык.
Барды-жокту ойлотпой,
Көпкөндү алдың карылык.
Болжолу жок онтотуп,
Боорумду алдың карылык.
Кыймылдатпай какшатып
Белимди алдың карылык,
Оозумдан түшүрбөй,
Кебимди алдың карылык.
Ойноп, күлгөн тең курбу,
Көңүлдү алдың карылык.
Кайрат кылып какайган,
Денимди алдың карылык.
Кемпиримден жат кылып,
Эбимди алдың карылык,
Таяк алып тамтайып
Тиземди алдың карылык,
Эки бутка жылдырбай,
Кишен салдың карылык.
Кобук кылып дөөрүтүп,
Колумду алдың карылык.
Кошаматка кыз сүйгөн,
Порумду алдың карылык.
Муунумду бошотуп,
Бутумду алдың карылык,
Буркураган жыпардай,
Жытымды алдың карылык.
Өөдө чыксам белим деп,
Ажырады желим деп,
Ылдый түшсө белим деп,
Бутка түштү кишен деп,
Баштагыдай шайым жок,
Бала-чака ишен деп.
Кымыз ичсем кыйгыл деп,
Кыйгыл ичип курдум деп,
Айран ичсем кардым деп,
Далай жашка бардым деп,

Армандуу дүйнө кантейин,
Акылымдан тандым деп,
Байкадыңбы байбичем,
Балакет жашка калдым деп.
Аркан, жибиң жок туруп,
Байлап кеттиң карылык,
Колу-бутум кан кылбай,
Алдап кеттиң карылык.
Серпип кеттиң себимди,
Айдап кеттиң теңимди,
Аял-буял кылбастан
Алып кеттиң кегинди.
Карылык сага не иш кылдым,
Мага бир кылбадың беш кылдың,
Мурунку өткөн күнүмдү
Көрүп өткөн түш кылдың.
Сакалымды ыш кылдың,
Торго түшкөн куш кылдың!
Жетимиш жерге киргиздиң
Жээктен чыгып сүргүздүң,
Кадимки дарман кубат жок
Кара жанды күйгүздүң.
Сексени турат какчайып,
Жолумду тосуп чакчайып,
Карылык оңой дарт эмес,
Айыга турган сакайып...
Тамтайып карып барган жаш,
Тилесем кайта келчү эмес,
Жыйырма-отуз кайран жаш!..
1930

**СЫРЫМ**

Байымбет айтам сырымды,
Бала кезден чынымды.
Бактылуу деп атагым
Көпчүлүккө угулду.
Миң сегиз жүз алтымыш,
Тарыхтын келген жылында,
Энем мени тууптур,
Кабарым кетти кылымга.
Эркиндикке кез болуп,

Эми жеттим тынымга.
Он төрт жашка келгенде,
Атам өлүп айрылдым,
Арманым көп Байымбет,
Андан бетер кайгырдым.
Энем — жесир, мен — жетим,
Эсимден танып зар кылдым.
Бул кезекте Байымбет,
Бактылуу болду башыңыз,
Сексенге келди жашыңыз.
Карыдым деп турбастан,
Көлдөй толкуп ташыңыз.
Сексенге жашым жеткенче
Калемим курчуп тына элек,
Адабият жамгарып
Башка кесип кыла элек.
Ушу күндүн өзүндө
Чарчадым деп тура элек.
Байымбет, сайрат тилиңди,
Балдарга үйрөт илимди,
Бактылуу деп атагың,
Баары журтка билинди.
Жайылсын бүтүн жазганым,
Сабатуулар ырдасын,
Жаңы өспүрүм окуган,
Таланттуулар ырдасын.
Сөздү сөзгө улаган,
Билимдүүлөр ырдасын.
Илгери басып умтулган,
Илимдүүлөр ырдасын.
Жакын калды өлөрүм,
Жайылсын элге өнөрүм.
Байкап жүргөн Байымбет,
Бул замандын келерин.
Бактылуу заман кез болуп,
Бактылуу деп атандым.
Токсон беште Жамбулдун,
Тоюна барып жашардым.
Өкмөт көккө учурду,
Өткөн жылдын өзүндө,
Карынын кебин сындаңар,
Катасы барбы сөзүндө.
Максөөгө барчу Байымбет

Бар сөзүн айтып сайрады.
Союз писатель, институт[1]
Марттыгын мага билгизди.
— Барып келгин, ага — деп,
Партиянын уставы,
Пайдасын мага тийгизди.
Баштан-аяк кийимди
Баарынан алып кийгизди.
Беш күн, беш түн жол жүрүп,
Бардым Маскөө борборго,
Калаасында эли көп,
Калк чатырап толгонго.
Шубин[2] баштап жолумду,
Көрсөттү далай сонунду.
Кремлдин өзүндө
Калайык алды колумду,
Атабыз турган Кремль,
Жакшылап салган жай экен.
Алтын борбор Маскөөнү,
Мактаганча бар экен.
Жыргалдуу жайды көргөндө,
Ырдабай карап турбадым.
Кеменгерди көргөндө,
Байымбетиң ыйладым.
Компартия өзүмдү,
Орден менен сыйлады.
Кабардар болгун сөзүмө,
Жаш алдым эки көзүмө.
Карыя жолдош Калинин,
Орденди такты төшүмө,
Жолдош Ленин көзүмдө,
Атагы дайын сөзүндө,
Жасатын көрдүм Лениндин,
Жаркыган сарай өзүндө.
Талыкшып уктап жаткандай,
Таң кашкайып аткандай,
Жасатын барып бир көргөн,
Терең шатка баткандай.
Маскөөнүн көрдүм борумун,
Шаарынын сонунун,

---

[1] Институт — тил, адабият жана тарых институту
[2] Шубин — сөз композитор Шубин жөнүндө болуп жатат

Көргөнүмдү аныктап
Көрсөтүп айтам орунун.
Токтотуп сонун көлдөрүн
Таланттуу жакшы элдерин,
Ажайыпкана жайларын,
Асманга жакын үйлөрүн,
Айткан менен түгөнбөйт,
Ал үйлөрдүн түрлөрүн.
Нече жерде токтоткон,
Көз жеткисиз көлү бар,
Ошол көлдө төлдөгөн,
Суу кушунун баары бар.
Канаттуу куштун баарысы,
Толуп жатат жаныбар.
Төө куш деген тартайып,
Төлдөп жатат дагы бар.
Балык, кундуз жаркылдап,
Ойноп жүрөт жаныбар.
Айтып адаа кылгысыз,
Жандын баары Маскөөдө,
Ата-бабаң көрбөгөн,
Малдын баары Маскөөдө.
Жыйырма беш күн мен туруп,
Компартия көсөмдөн,
Кайттым кайра жолума,
Сыйлык алып колума.
Делегаттар келет деп
Тилгарамдан кеп угуп,
Орден алды деп угуп,
Тилгарамдан угуптур,
Тик баскан жандын баарысы,
Аял, эркек аралаш,
Эл алдымдан тосуп чыгыптыр,
Гүл кармашып аялдар,
Күтүп карап туруптур.
Адамдын баары жол тосуп,
Ошондой урмат кылыптыр.
Айлансам болот советтин,
Кенен чапкан жолуна.
Компартия көсөмдүн
Кеңешинин молуна.
Байымбетиң бу күндө,
Бактылуу болду атагым,

Улуу Ленин атанын,
Урматын көрүп жатамын.
Тарбия кылган себептен,
Тазаланып тазардым,
Сексендеги Байымбет,
Жигит болуп жашардым.
Карыдым деп турбастан,
Дагы нуска жазамын.
Жигит болуп кулпунуп,
Жыйырма бешке жашардым.
Казынанын нанын жеп,
Каламым курчуп жатамын.
Болот калем безилдеп,
Жүрүп турган кезегим.
Аңгемени ар түрдүү
Билип турган кезегим.
Ак кагазга нуска сөз,
Илип турган кезегим.
Кадырын билип нусканын,
Карматты бизге уставын,
Бул дөөлөткө жеткирген,
Жашасын атам Ленин!
1939

**ТОКСОН СУРОО**

*(Үзүндү)*

А б д ы к а л ы к

Миң тогуз жүз отуз беш
Быйылкы жылдын эсеби.
Кимге болсо теңчилик,
Келди заман кезеги.
Жетимиштен ашканча,
Кызыл тилиң безеди.
Эки доор тең көрүп,
Өткөрдүң баштан нечени,
Далайды билген кыргыздын
Куйручуктай чечени.
Бул экөөңдү эң шайыр,
Булбул эле дешеди.
Ошону үчүн мен сизден

Токсон суроо сурайын,
Жооп нуска калтырың,
Окуп билип угайын.
Он төртүмдө кошулдум,
О молдоке сен менен,
Ошо күндөн ушу күн,
Айрылбадың мен менен,
Кыйла жерди аралап,
Келетабыз эл менен,
Кызыл тилиң барында,
Ким да болсо кел деген.
Кемпирлер угуп кебиңди,
Мууну бошоп тердеген.
Алка-шалка абышка,
Андан бетер желдеген.
Жаш өспүрүм жигит-кыз,
Жан-жабыла дегдеген.
Айтканыңды улантып,
Акындар чыкты жергеден.
Кадандардын[1] Нурдинин,
Айтышып адам жеңбеген.
Аябай буга үйрөттүң,
Адабият термеден.
Отуз эки жашында
Өтүп кетти дүйнөдөн.
Айдарбектин Жүкөйү,
Ада шайыр сүйлөгөн,
Кагазыңдан үлгү алып,
Казал жазып гүлдөгөн.
Булбулум молдо Байымбет,
Тууган элең пендеден,
Картайып калган чагында,
Нусканды жаштар бер деген.
Табылдынын Кашкарын,
Тарбиялап мактадың,
Далай сөздү таратып,
Талант тузун актадың.
Молдо акеңдин сөзү деп,
Казалынын өзү деп,
Калайыкка жаялы,
Катпай ичтен алалы,

[1] Кадан — уруу

Аванчылар бу сөздү,
Алсак деген талабы.
Муса менен Қалмурат,
Ырдаса булар сандугач,[1]
Қомуз алып козголсо,
Обону элди талдырат,
Музыкага үн кошсо,
Моокумун басып кандырат.
Ошол айтса мен турам,
Обону жок жалдырап.
Үндүүлөр ырдап жүрүүгө,
Тарыхый жагын билүүгө,
Токсон суроо дегеним,
Толгон китеп болор деп,
Сураганга берүүгө,
Сандыгым ырга толор деп.
Қаалагандар бир баштан,
Қармап окуп коёр деп,
Аңаза кылган азамат,
Атайын келип конор деп,
Алдыңызга жибердим,
Алтымыш барак аңгеме,
Қалам алсаң колуңа,
Қызып кетер жан дене.
Қызыган бойду суутпай,
Қагаз калам кармаңыз.
Токсон суроо жообу деп,
Толук жооп арнаңыз.
Жалкоолонуп молдоке,
Жарым кылып салбаңыз.
Байымбет өз атыңыз,
Баалуу сөздөн жазыңыз.
Сексенге чукул жашыңыз,
Агарды сакал-чачыңыз,
Ажалга кетсе чымын жан,
Артыңда калсын катыңыз.
Сыймыкталып карыганда,
Қайырлуу болсун артыңыз,
Қалк ичинде толкундап,
Қадырлансын баркыңыз.
Башында жүрдүң зарланып,

[1] Сандугач — булбул мааниде

Бай-манапка жалданып.
Адил совет тушунда,
Акындан чыктык тандалып.
Амал болсун советтин,
Алтын туулу желеги.
Көп жашасын деп тилейт,
Жалпы элдин тилеги.
Жол башчыбыз Сталин,
Саялуу чынар тереги,
Мен да сизден тиленем,
Эзилгендин бири элем.
Эл турмушун жазууга,
Ырдап көнүл ачууга,
Кылсаңыз боло далаалат,
Окусун жалпы жамагат.
Жүргөнүбүз белгилүү,
Кыргыз элин аралап,
Сактап коюп курсакка,
Калбасын бекер талаалап.
Карын токто кайгы жок,
Каалагандын айбы жок,
Артта нуска калбаса,
Арманда өтөт дайны жок.
Иришемин алсам деп,
Ичиң толгон мүлктөн,
Чарчабай күндө чуркаган,
Адамдан чыккан күлүктөн.
Эмгегиңе баа берип,
Өкмөт сизди сыйлады.
Фондуга, тарых сактатып,
Чогулттуңуз кыйланы.
Мен да сизден сурайын,
Чойдурбаңыз буйланы.
Кат жазуудан талбадым,
Каламга эптүү бармагым.
Толгон жашта толкудуң,
Тоголок Молдо кайраным.
Топ жыйынды көргөндө,
Токтоосу жок сайрадың.
Эсимден кетпейт ар качан,
Элге казал жайганың,
Жазып коюп мен жатам,
Соң-Көлдүн күн жааганын.

Нур чачырап жер гүлдөп,
Койлор төлдөп маарады,
Сизге берген суроону,
Кандайча деп баалады̧ң?
Кой кайтарып, мал багып,
Жетим жүрүп жан багып,
Мээнет кетпей боюңдан,
Арылдың эми шоруңдан,
Бала болуп чоңоюп,
Канчаны жедиң союлдан?

Тоголок Молдо:

Бала-чака күлсүн деп,
Ырдап окуп жүрсүн деп,
Каалаптырсың жазайын,
Жазып көөнүң ачайын,
Жетимимден жетилип,
Үйрөнүп ырды тапкамын,
Үнүм сонун чоордой,
Элге минтип жаккамын.
Башында атам өлгөндө,
Энем эрге тийгенде,
Күйгөн катын кошокчу,
Деген сөздү билгенде,
Анча-мынча жамак сөз,
Акылыма киргенде,
Уламадан кат алдым,
Ырчы болуп атандым,
Аял алып, үйлөндүм,
А дегенде арман ыр,
Айтып элге сүйлөндүм,
Ал аялым өлгөн соң,
Кийин алдым Кетте[1] кыз,
Кейибеген кексе кыз,
Кызматымды билген кыз,
Кырк-элүүгө келген кыз,
Адагы өлүп жарсытты,
Алакандан чаң чыкты,
Азыр бойдок турамын,

[1] **Кетте кыз** — кемпирин чоң кыз деген

Ыймандуу кемпир жолук деп.
Күндө үч убак сурадым.
Канча союл жедиң деп,
Аны да менден сурайсың,
Карала кылып кагазды,
Каадалы сөз кыласың,
Санап жүргөн эмедей,
Калжыратып турасың.
Көп эле жедим союлду,
Көргөмүн далай оюнду,
Ашык оту тууралу,
Көк-ала кылып боюмду,
Бийге түшүп бир сапар,
Күнөө мага коюлду.
Жалгыз аттан айрылдым,
Ада менин шорумбу?
Андан кийин бир азап,
Тарттым эле тил азап,
Миң тогуз жүз бешинчи,
Жылга толгон чагы эле,
Эстен кетпейт жамандык,
Эмгичекти дагы эле.
Күзгө жуук августта,
Сапар жүрдүм алыска,
Касымбек, Калпа манаптар,
Тогуз-Торо барышка.
Камынган экен атайы,
Калкка алман салышка.
Сексен жигит ээрчитип,
Чыгым жыйнап алышка.
Мен да бардым сенделип,
Минген атка жем берип,
Аскалыга топ болду,
Айыгышкан док болду.
Алгы-берги тууралу,
Алты күнү токтолду.
Касымбек барды, эл барды,
Качан балам сен бардың?
Бай-манаптын жоокери,
Куйрук-кулак тең барды,
Ысмайылбек Көкчөгөс,
Калча, Бошкой бай барды.
Каландын бийи Кадыркул,

Курсагы чоң ал барды.
Кожомберди, Кочкорбай,
Шүкүр ажы чал барды.
Мураталы кызыл таз,
Саке менен Талабай,
Какшатып күндө эл жеген,
Кабарлардын Манабай,
Бечаранын өйдө-ылдый,
Ал-жайына карабай,
Уйпалаган кедейди,
Убалы бар деп санабай.
Тезек, Тагай элдерин,
Кишиликтен кемсинтип,
Үй көтөрүп бээ союп,
Желдеттерин ээрчитип,
Ошондо кеткен намысым,
Бошкой мага абысын,[1]
Мага Бошкой кас эле,
Болушар тууган аз эле.
Менин барган себебим,
Мына ошого келемин,
Агабыз эле Бекитай,
Дыйканчылык кылчу эле.
Ар жылына эки кап,
Буудай берип турчу эле.
Аштык таап келем деп,
Кап-арканды белендеп,
Атан төөнү жетелеп,
Адыр жолун төтөлөп,
Көп жыйынга кабылдым,
Шорго минтип малындым.
Бай-манаптар чогулуп,
Олжо алууга болугуп,
Касымбек мени чакырды,
Көрө калып бакырды,
Арманы көп Байымбет,
Башым горго чатылды.
Ой Тоголок Молдо дейт,
Жетеке төөң жорго дейт.
Төгүлүп буудай жатабы,

[1] Абысын — күнүлүк (өчтүккө) эки бр тууганлын аялдары жөнүндө айтып жатат

Белен болуп жолдо дейт.
Каба, Тезек, Тагайдын,
Манаптарын чакыр дейт,
Үйгө кирсин, чогулсун,
Анан болсун акыл дейт.
Кайманалуу курган жан,
Кагаз алып колума,
Бай-манапты тизмелеп,
Ошо жыйын тобуна,
Какшык менен көп айтып,
Камчы тийди жонума.
Касымбектин үстүнө,
Карың келгин деп айттым,
Каба, Тезек, Тагайлар,
Баарың келгин деп айттым.
Күлдүрмөккө курган жан,
Кайманалуу кеп айттым.
Мураталы, Момуке,
Мурду жырык Байжаке,
Карышма жаак Алыке,
Сары бучук бий Саке,
Камбараалы чоң теке,
Кара сакал зор теке,
Баарыңарды чакырат,
Касымбек өзү жепжеке,
Бачым үйгө киргиле,
Айтканымды билгиле,
Деген сөздү мен айттым,
Какшык менен кеп айтып,
Алар кирип арыз айтып,
Ызаланып барысы айтып;
Карабастан ырайга,
Не асылат чырайга.
Дешип баары чурулдайт,
Менин сөзүм угулбайт,
Керип кетти муш коюп,
Качалбадым тыз коюп.
Желдеттерге кердирип,
Сазайымды бердирип,
Тоголотуп тепкилеп,
Жара чапкын бетти деп,
Карсылдатып камчылап,
Баштан каным тамчылап,

Көпчүлүк урса не тамтык,
Жатып калдым алсырап.
Анда бир жедим таякты,
Ал замандар өттү го,
Манаптан өкүм кетти го,
Байымбет молдо акыры,
Максатына жетти го.

Абдыкалык:

Орустан мурун кыргызды,
Кокон каны сураптыр,
Ыдыгы[1] катуу көрүнөт,
Көчмөн эл буга чыдаптыр,
Алты шаар Анжиян,
Ала-Тоолу Алайдан,
Ак калпактуу кыргыздан,
Ак үйлүү алып далайдан,
Такка минген кандары,
Тартиби кандай болду экен?
Калктан алган алымы,
Кай шарият жолдо экен?
Элдин баарын үгүттөп,
Эшени кандай молдо экен?
Желдети жетип мал алса,
Ордого кыздар камалса,
Жазыгы жок адамдар,
Чабылып күндө таланса,
Жазбаска муну болобу?
Кокондуктун жомогу,
Карылардан укканым,
Катуу экен домогу[2],
А дегенде ким болгон,
Такка минген хандары?
Эмнелерди берчү эле,
Элден алык алманы?
Анча-мынча кедейге,
Тийген бекен жардамы?

---

[1] Ыдык — сурак
[2] Домок — өкүм, доо

Тоголок Молдо:

Кокондогу хандардын,
Жардамы элге тийгендей,
Жакшылыктуу дейсиңби,
Ырайым кылып ийгендей,
Кыргыздарга кыянат,
Кыла берди билгендей.
Ал кезде кандай күн болсун,
Ай жарыгы тийгендей?
Маделикан, Малакан,
Сурагынан жадаган.
Каарына чыдабай,
Калк-калайык тажаган.
Каяша айткан адамдын,
Канчасын мүлжүп кажаган,
Андан кийин Шераалы,
Такка минип кубанган,
Кудаярхан дегени,
Кылычын канга сугарган.
Хандарынан Кокондун,
Кордук көргөн булардан,
Уюштурган ортого,
Ордо кыздын коомун,
Өткөрдү баштан Кудаяр,
Айбанчылык доорун,
Кимде сулуу кыз болсо.
Желдети келип кордуктап,
Кулак угуп, көз көрсө,
Алып кетет зордуктап,
Бир башына кырк-элүү,
Кыздан алып жыргаса,
Айбан эмей эмне,
Адамчылык кылбаса,
Эртеси жазып талак кат,
Койдум дейт эки, үч байын[1],
Үч байындын мааниси,
Молдолорго куп дайын.
Алардын өмүрү өткөнчө,
Орто кызда жүрүшөт,
Картайып ак чач болгуча,

---

[1] Байын — жолу, мисалы үч байын — үч жолу талак деген сөз

Кантип эрге тийишет?
Айта берсем түгөнбөйт,
Кокон хандар кылыгы:
Бажы деп алган элеттен,
Падышалык ырымы.
Олпоң кап алган эгинден,
Очоюп беги семирген,
Калың журтка жарданып,
Кан өкүмү дедирген.
Малдан алган зекетти,
Бардык элди кекетти,
Үшүрүң деп бир алат,
Каалаганын тим алат,
Апта сайын, ай сайын,
Бул өндөнүп ким алат.
Кыраж деп алган ак теңге,
Кызыл алтын, күмүштөн,
Таба албаса көчмөн эл,
Кыйнаганга киришкен.
Кырк-элүүдөн кой алат,
Же болбосо күлүк ат,
Кыраан чыккан куш алат.
Жайындасы мал алып.
Канаттууну күз алат,
Жакшынакай кийинтип,
Жайма көкүл кыз алат.
Карылар нечен кеп айтат,
Каадалуу сөздү көп айтып,
Эң кийинки Курткага,
Беги турган деп айтат,
Нарын суунун боюнда,
Чеби турган деп айтат.
Ташмаматтын тушунда,
Таштай каттык деп айтат.
Мааразактын тушунда,
Канга баттык деп айтат.
Аптабача дегени,
Аябай малды жегени,
Келдибектин кыздары,
Топу Сайкал эжени,
Тартып алган эмеспи,
Андайлардан нечени.

Абдыкалык:

Омбудан[1] орус келгенде,
Кыргызды жаңы көргөндө,
Ала-Тоого жамынып,
Кыргыздар качты беле төр-төргө?
Бузулуп дуңган, Кашкардан
Торгартты ашып катмардан,
Тополоң түшүп кыйласы,
Оруска келип катталган.
Дуңганды кимдер качырган?
Эмне үчүн чачылган?
Ооп келип Токмокко,
Оруска кантип батынган?
Аралашып калышын,
Ойлонуп жазчы акылдан,
Караконуз, Шор-Дөбө,
Жер сонунун ким берди?
Барлыгы тең бу күндө,
Оокаттуу болуп ирделди,
Күрүчүн күздүк айдаган,
Күкүгү бакта сайраган,
Түрлүү-түрлүү өсүмдүк,
Өндүрүп алып көчүрдүк.
Арабасы борумдуу,
Биринчи көрдүк сонунду.
Атактуу Чүйдүн боюна,
Алды-кийин чогулду.
Аларды кандай куштады,
Жеринен качты дебестен,
Мүңкүрөтүп дуңганды,
Мүлжүп- камап жебестен,
Арысап багып эл кылган,
А деген ким эле?
Эмне үчүн кайтара,
Кетпей турду тим эле?

Тоголок Молдо:

Ошо жалпы кеп угуп,
Орусту жалпы эл угуп,
Жолду тосуп кол берип,

---

[1] Омбу — Омск

Түптүү журт экен деп угуп.
Көпчүлүк көргөн пайдасын,
Дыйканчылык чарбасын,
Кыргыз элин кыйратып,
Төр-төргө кантип айдасын.
Билген элек орустун,
Убададан тайбасын,
Ошону үчүн аралаш,
Жайы-кышы бир жүргөн,
Шаар-кыштак салынып,
Бейбаштык кылбай тим жүргөн,
Качмак турмак кыргыздар,
Коюндашып бир жүргөн.
Кумары канбай дайыма,
Оюндашып бир жүргөн.
Кашкардагы улугу,
Калкын эзген зулуму,
Дуңгандарга катылган,
Жеринен айдап сапырган,
Козголуп келип калганда,
Койну кең орус батырган.
Башка улут деп четтетпей,
Бооруна тарткан орустар,
Келечек коммунизмдин,
Дооруна тарткан. орустар.
Букараны көп эзген,
Манап, байлар, болуштар.
Маданият жайылтып,
Машыктырган орустар,
Орой-орой тилдерди,
Жатыктырган орустар,
Өз боюна кыргызды,
Үйүр кылган орустар,
Улут айырбай, дос тутуп,
Жүйүр кылган орустар,
Буурусунду жоготуп,
Соко берген орустар.
Чөп чабуучу машина,
Кошо берген орустар.
Окугун деп кыргызды,
Кат билдирген орустар.
Чоңдорунан балдарга.

Бат билдирген орустар,
Жемек турсун орустар,
Өрүлүк кылып куштаган.
Дүйнөдөн кенен эл дешип,
Орусту барбы укпаган.
Кыскасы бардык тирчилик
Российдин өрнөгү,
Жашасын деп айтамын,
Улуу орус элдери.

Абдыкалык:

Болуп өткөн кечеки,
Тополондун кабарын,
Чоң көлөмдүү жазып бер,
Элдин эки тарабын!
Чородон жети эр өлүп,
Шеримбеги деги өлүп,
Карчалышкан бузукта,
Жетөө бирдей тең өлүп,
Бир алаамат болуптур,
Элге бузук толуптур.
Ошондогу окуя,
Эмнеден башталган?
Өлгөн жети кишиси,
Булар кайсы таптардан?
Аралашып жүрдүңүз,
Эрикпеңиз жазгандан.

Тоголок Молдо:

Өткөн, кеткен доорду,
Сурайсың менден ченебей.
Калкта болгон иштерди,
Калтырбайын кенедей.
Муну атайын жазууга,
Жүргөн элем энебей.
Эми бир аз айтайын,
Өткөн иштин баянын.
Чородогу окуя,

Чондорунун тарабын.
Адилеттик кылбаган,
Падышанын заманын.
Баяндамак болдум бейм,
Байлар менен манабын,
Орундатпай уйпалап,
Бардык кедей талабын,
Бир-бирине док кылып,
Жаба салган жалаанын,
Таасирине байланып,
Катыны талак арамың.
Бере берсе параны,
Тилебейт элдин аманын.
Мен билгеним ушундай:
Олжо болсоң муштумдай,
Талап, чаап, элди жеп,
Тарп талашкан кузгундай,
Бу жети эрдин өлүмү,
Чыккан жерин айтайын,
Нурак менен Касымбек,
Бузган жерин айтайын,
Келдибектин Нурагы,
Үч миң үйдүн болушу.
Урук кууп келгенде,
Чоролордун чоңу ушу.
Тубарбайдын шымынан,
Башталган эле чабышы,
Чыр чыгарбай эптеген,
Жок окшойт анда калысы.
Тубарбай өзү бир кедей,
Күлдүргүч шайыр болучу,
Эт жеймин деп бечера,
Ашка келген жол ушу.
Кадаң деген уруудан,
Чекенерээк аш болгон.
Манап менен болуштар,
Эл жемекке маш болгон.
Тубарбайдан доо кылып,
Жиберди Нурак жигитин,
Аласасы кой-серке,
Бири жалган, бири чын,
Бербей жүрүп бачагар,
Кутулар болсоң анынды айт,

Же болбосо жайыңды айт,
Деп омбутуп ат менен,
Өмгөктөтүп койдурган.
Каяша айтып Тубарбай,
Кыйкырыгын чоң кылган:
Эт жегени келгемин,
Эзилген кедей элденмин,
Жанчыгыма[1] кой-серке,
Сала келген эмесмин,
Берейин деп Нуракка,
Ала келген эмесмин.
Серкеси чын, кой жалган,
Шооруктун алар бийлиги,
Зордук кылсаң алып кет,
Үстүмдөгү киймими.
Деп бакырып Тубарбай,
Көпчүлүккө уктурду,
Шымын чечип келгин деп,
Оолугуп Нурак кыйкырды.
Зордукчу мындай көрбөдүм,
Нурак өңдүү зыйкырды.
Талашып жатып айрылып,
Жаргак шымы жыртылды.
Касымбек көрүп жиндеди,
Шайтандай кашка ат мингени,
Көрүнүп турат көзүмө,
Адамды көзгө илбеди.
Ошо жылы Нуракка,
Кендинат эле Касымбек,
Кутуруп турган кези эле,
Оолуга турган жашым деп,
Же Тубарбай шордуура,
Болушканын билбедим.
Иши кылып агытты,
Ыргытып ийип чепкенин,
Караламан чабышта,
Кайсы экени билинбейт,
Бакан союл карса-карс,
Баш жарылып тарса-тарс,

[1] Жанчык — чөнтөк

Ошол ашка келген эл,
Эт жебей кара таш жесин,
Бир тарабы Касымбек,
Бир тарабы Нурагы,
Эки черүү башталып,
Аябай жаат курады.
Үсөмдүктү ал сапар,
Касымбек алды сыягы,
Мамбетайып дегени,
Чатак болчу кыялы,
Агасы эле Нурактын,
Урушта карап турабы.
Көзү чыгып темселеп,
Сокур болду бу дагы.
Аш тарады, эл кетти,
Эриш-бузуш башталды,
Түндүк бакан каскакка,
Шуушаң темир ашталды.
Жыл маалына басылбай,
Жылкы тийиш көбөйдү,
Элдеги болгон зыянды,
Эмдиги жылы төлөйбү?
Эки жылга тынымсыз,
Сапырылды кайран эл,
Бай-манапка ошентип,
Басырылды кайран эл,
А дегенде Арпада,
Чолпонкул өлдү чабыштан,
Кара черүү, ак черүү,
Кара аламан сайыштан.
Чолпонкул өзү бир кедей,
Өлдү-бүттү, шор катты.
Турдубай менен Касымбек,
Көз жашты качан кургатты.
Бир эки жыл өткөн соң,
Нурак өлгөн эмеспи,
Эки черүү тарапты,
Курап өлгөн эмеспи.
Ат үстүнөн жүрө албай,
Кулап өлгөн эмеспи,
Семизинен тура албай,
Сулап өлгөн эмеспи.
Анын ордун ээлеген,

Букараны тейлеген,
Мусакожо, Турдубай,
Журттун башын мээлеген.
Кыргызда болгон ишти айтсам
Кызыл тилим тайгылба,
Узагыраак жазды деп,
Буга балам кайгырба.
Жети эр өлгөн окуя,
Чыкканынан баштадым.
Аралашып көз көрүп,
Укканымдан баштадым.
Жалгыз атты токунуп,
Жаткым келбей үйүмө,
Арпага чыгып мен барсам,
Азабы катуу дүнүйө,
Кара черүү, ак черүү,
Катуулады күнүгө.
Карчалышкан манаптар,
Кабар берип түбүнө,
Караколго зым[1] уруп,
Тим жатпады үйүнө,
Талашканы болуштук,
Тим эле койсо эмне,
Пржевалдан улугу,
Араба менен келгиче,
Алааматтай чабыштар,
Боло берди өлгүчө,
Жылкы тийиш талаанда,
Үркүнчү аттуу бир кедей,
Чочмор тийип ал өлдү.
Турдубайга караштуу,
Тумшугу жок бала өлдү,
Кайта-кайта ай сайын,
Кабар берет улукка,
Тилмечи жок ал кезде,
Тил билбеген дудукка,
Дагы эки жыл кабарсыз,
Такыр улук келбеди,
Кечиккен сайын күчтүүсү,
Кесе берди келдени[2].
Торгой деген болчу эле,

[1] Зым — телеграмм
[2] Келде — баш деген мааниде, өзбек сөзү

Короого малы толчу эле,
Өйүз менен бүйүздөн,
Өрүштү тандап кончу эле.
Торгой келсе бир күнү,
Элдин баары дүргүдү,
Мусакожо, Турдубай.
Көчүп келген кырдаалы,
Касымбек менен Шеримбек,
Кармашууга чындады.
Бул экөө тең бир тууган,
Жасоону арбын ылгады,
Туткуйдун башы Кара-Жон,
Жол тосушуп чырдады.
Чыккынчысы Торгойбай,
Муну саат чырмады.
Көчүрө кет мени да,
Таламак болду Касымбек,
Кечинде келип коюмду,
Аралап конду Касымбек.
Мен силердик боломун,
Короолош бирге કономун,
Кандай болсо таштабай,
Көчүрө кеткин Турдубай.
Алабуга суусунан,
Кечире кеткин Турдубай,
Мына келди, Ор казган,
Аралаш бирге жайлайлы,
Кой семиртип болгон соң,
Анжиянга айдайлы.
Ак теңгени көбөйтүп,
Улукка берип параны,
Жаппайлыбы аябай,
Касымбекке жалааны,
Деп Торгойбай айткан соң,
Турдубай көндү сөзүнө,
Жүрүгүлө көпчүлүк,
Кетели деди көчүрө,
Эр бүлөнү аткарып,
Бирден найза кылкылдап,
Шуушаң темир бөрү тил,
Үңгүсүндө жылтылдап,
Ээрчитип алып Торгойбай,
Келе жатат култулдап,

Акырында көчпөстөн
Чыга берет бултулдап.
Турдубай барды Торгойдун,
Айылына жакындап.
Ал-аңгыча алдынан,
Калың эл чыкты закымдап.
Суук көзгө караaны,
Беш-алты жүз чамалуу,
Тайгашка минген Шеримбек,
Элди айдады сабады.
Эки черүү бетме-бет,
Сайышчуусу жекме-жек,
Торгой колун шилтеди,
Качырар болсоң качыр деп,
Мусакожо, Турдубай,
Мына келе жатыр деп,
Ошентип коюп Торгойбай,
Качып кетти шарт коюп.
Касымбектин жасоосу,
Караламан ат коюп,
Бир жагынан бир жагы,
Найзалашып тап коюп,
Уруш болгон абыдан,
Суурулган кылыч кабынан,
Эки бөлөк чоронун,
Эл бийлеген табынан,
Шеримбек өлгөн окко учуп,
Бай-манаптын жагынан,
Калгандары кедейден,
Кырылды иштин агынан,
Калча молдо дегени,
Мылтыкка адис чебери,
Букарадан тың чыккан,
Тийчү эле элге кереги.
Шеримбекти аткан эмеспи,
Эл чайкаган эмени.
Торгой качып кутулуп,
Эмгиче угат жемени,
Букарадан ал сапар,
Жети бирдей эр өлду,
Мураталы, Жаанбай,
Эки агайын тең өлдү,
Турдубайдын колунан,

Далай момун жан өлдү,
Тоголок деген Каба өлдү,
Толуп жаткан баары өлдү.
Муратбай менен Үркүнчү,
Момундардан ал өлдү.
Жазыгы жок байкуштан,
Жаныбек аттуу кары өлдү.
Жети өлүктү сүйрөтүп,
Алып кеткен Турдубай,
Сүттү булак оюна,
Барып жеткен Турдубай.
Найза менен курсагын,
Жарып кеткен Турдубай.
Бышырып жей тургансып,
Алып кеткен Турдубай.
Чогултуп бир чуңкурга,
Салып кеткен Турдубай.
Акырында жети эрди,
Таныл кеткен Турдубай.
Шеримбектин өлүгүн
Алып кетти Касымбек.
Өкүмү элге чоң үчүн,
Шеримбекти берген жок.
Алып кетүү болсо да,
Айласыз колдон келген жок.
Эл экиге бөлүнүп,
Алабуга суусу чек.
Өйүзүндө Турдубай,
Бүйүзүндө Касымбек,
Арадан беш күн өткөрбөй,
Бир-биринен мал тиет,
Доол кагып жылкыдан,
Токтоосу жок шар тиет.
Эки айдан соң ошондо,
Кабар келди уездден,
Жакшылап жол тоссун деп,
Жарым паша княздан,
Палийсасы кызыл чок[1],
Ат өлтүрө бу келди,
Андан кийин ак эшик[2],

[1] Палиса — кыргыз кызыл чок деп түшүнөт
[2] Ак эшик — охраник.

Айбаттанып а келди,
Кабар келип болгуча,
Мал чабылып түгөндү.
Көкөйдөн кеткис окуя,
Көрбөсөм муну билембп.
Үч-төрт жерге үй тигип,
Эшикке жайып килемди,
Тосуп турган уездин,
Губернатор жиберди,
Ошол түнү Касымбек,
Адам кылбас иш кылган,
Айбанчылык мамиле,
Бир кылбастан үч кылган.
Үч момунду мууздап,
Жабырлыкты күч кылган.
Турдубайга жалаалап,
Тукум-курут түс кылган.
Айран табар деген кул,
Ата-тексиз белең кул,
Урук, тууган жогунан,
Касымбекке каралап,
Баатайдын үйүндө
Казан-аяк аралап,
Отун алып, от жаккан,
Саба бышып, жан баккан.
Алып чыгып эшикке,
Айран табар шордууну,
Балта менен жайлаткан.
Анын арка жагынан,
Эки шордуу кул өлдү,
Ыкы[1] менен Жаныбек,
Мууздалып бул өлдү.
Үчөөнө бир үй тиктирип,
Аркы-терки жаткырып,
Астына төшөп чөп салып,
Айкалта чапан жаптырып,
Мусакожо, Турдубай,
Өлтүрүп кетти дедирип,
Жайлап салып кулдарды
Жаткырып койду керилтип.
Бу сөздү угуп Турдубай,

[1] **Ыкы** — кишинин аты

Нарынбайды баш кылып,
Орто кедей чарбадан,
Кырк кишини жаткырып,
Кулжа башат, Бешкөлгө,
Түн боюнча чаптырып,
Тирүүлүк дайнын билгизбей,
Астына көлүк[1] мингизбей,
Азыгын элден чогултуп,
Адам барбас үңкүргө,
Жайы-кышы бекиткен,
Учуратып мүңкүргө,
Нарынбай менин тууганым,
Жаш менен бетти жуугамын,
Ай сайын азык жеткирип,
Азап тартып куурадым.
Кырк кишинин аялын,
Кызыгын эми жаямын.
Менден кырк эр өлдү деп,
Турдубайдын амалын,
Кенен чонон угуп ал,
Керез сөздү мурун ал,
Колуңан келсе кубалап,
Манаптардан кунун ал.
Кырк аялды жесир деп,
Амалы көп Турдубай,
Эки бөлөк топтогон,
Баарынын эри өлгөн деп,
Же кудайдан коркпогон,
Аялдарга угузуп,
Алар чын деп боздогон.
Калган эмес бири да,
Армандуу кошок кошпогон,
Балдары ыйлап басылбай,
Кыз-келиндер чуру-чуу,
Бетин чарыктай тытынып,
Улукту тосуп туруучу,
Теректин чаты дегенде,
Токойлуу саз жекенде,
Кара салып башына,
Жыйырмасын ыйлаткан,
Кайра-кайра тыттырып,

---

[1] Көлүк — унаа деген мааниде

Айдай бетин тырматкан,
Туткуйда тоскон жеринде,
Жыйырмасын жыйнаткан,
Ийнелеп тырмап беттерин,
Тирүүлөй минтип кыйнаткан.
Кырк — эрди жана салганы,
Кара өскөлүк ал дагы,
Эки жерден өткөндө,
Башын чайкап улугу,
Касымбек тоскон үйлөргө,
Барып түштү зулуму,
Үч кишинин өлүгүн,
Улук көрүп текшерип,
Мууздаган экен деп,
Колун шилтеп кескерип,
Касымбекти жемелеп,
Кара күчкө керелеп,
Кулдурап жатты билбеймин,
Беш манжасын серелеп,
Тилмечтин сөзүн түшүндүк,
Улукту үйгө түшүрдүк.
Ал кезекте жок эле,
Арак аттуу ичимдик.
Самоордон чай берип,
Анча-мынча ичирдик.
Улук кетти кайрылып,
Арабасын май кылып,
Эки жактан эсепсиз.
Параны мыктап жеп кетти,
Коңур салкын күзүндө,
Шабдан келет деп кетти.
Шабдан элдин эң чоңу,
Жараштырат силерди,
Деди дагы аттанды,
Эл күткөн Шабдан келерди,
Чабылган эл күз келип,
Жай-жайына конгондо,
Келди Шабдан, Баяке,
Сентябрь айы болгондо,
Ак черүүдөн башчылар,
Мусакожо, Турдубай,
Амалдуу жүйө тапчулар,

Кара черүү Касымбек,
Калкын чайкап жатчулар,
Бир-бирине өлүк доо,
Кун алуучу капырлар,
Мына ошого чыдаган,
Жарды менен жакырлар.
Көп жашаган карыдан,
Айтылып жүрөт эмгиче,
Эсеби көп чабылган.
Болушун эки бөлгүчө,
Шеримбек өлгөн дүң болгон,
Кедейлер өлсө тим болгон.
Кесири чоң манапка,
Эки кыз баштап кун болгон.
Бийлиги деп Шабдандын,
Түтүнгө тегиз бир койдон,
Кыздарга кошуп миң теңге,
Кызыл алтын пул болгон,
Он бир эрдин өлүмүн,
Отказ дешип тим койгон.
Эки кызга келейин,
Дайнын айтып берейин,
Орто чарба адамдан,
Шермамбет менен Салбайдан,
Чыркыратып аткарды,
Чырайлуу кыз балдардан,
Шеримбектин куну деп,
Эл уккан муну ар кайдан,
Экөөнө эки кымкапты,
Жаркыратып кийгизип,
Жакшынакай көргөзүп,
Жабуулап атты мингизип,
Ата-энелер коштошуп,
Аркырап ыйлап туралбайт,
Чыркыраса кыз балдар,
Чын эле кимдер муңайбайт.
Биринин аты Жамыйла,
Жал-жал карап аттанды,
Бетин жууп көлдөтүп,
Булактай жашы акканды.
Көрүп турган иш үчүн,
Ушунчалык башталды,
Көрбөгөндү тим эле,

Кантип айтам калпынан.
Канчалык болду короможу,
Канкорлордун зарпынан,
Уруучулук жааттан,
Манаптардын дартынан,
Октябрь элди куткарып,
Күн нурундай жаркыган.

Абдыкалык:

Эми менин сураган,
Бир ишим бар айтып бер,
Колуң менен бүтүрүп,
Эртең эрте кайтып бер.
Он алтынчы жылында,
Орчун элдин чырында,
Үч Турпанга, Камбылга,
Барбай калды биздин эл,
Качкын деген наамды,
Албай калды биздин эл,
Не себептен үч жүз үй,
Элден алды Калпажы,
Сарала уйду саадырбай,
Менден алды Калпажы,
Өйдөчекти[1] Ысаны,
Жерден алды Калпажы,
Ороодогу буудайды,
Теңдеп алды Калпажы.
Калыкбайды муунтуп,
Өлтүрдү эле Калпажы,
Көлмөдөгү бейитке,
Көмдүрдү эле Калпажы,
Ак-Талаадан Аманды,
Жоготту эле Калпажы.
Акыйкатта буларга
Жооптуу эле Калпажы,
Не себептен кор болду,
Чарык кийген үч кедей?
Калды бала-чакасы,
Алсыз болуп бүт кедей.

[1] **Өйдөчекти** — уруу

Тоголок Молдо:

Карчаштырып эки элди,
Касымбек, Калпа тең бөлгөн.
Алардан жабыр көп тарткан,
Алты уруу чоро эл болгон,
Уусун жайып, заар өтүп,
Көкүрөк дарттуу чер болгон.
Ошондо Ыса ким болгон,
Калпадан көөнү зил болгон.
Мал-мүлкүнөн айрылып,
Малайлыкта кем болгон.
Башынан кордук өткөрүп,
Манаптарга жем болгон.
Ыса дыйкан болучу,
Эгин айдап нан жеген.
Үч уулу бар иштермен,
Дыйканчылык кам жеген.
Ысанын эки жолдошу,
Аман менен Калыкбай,
Атадан калган кесиби,
Айдаган аштык талыкпай,
Айлында коңшу биргелеш,
Ажымат, Түркө, Садыкбай,
Буларды Калпа жеп жүрөт,
Башынан шорун арылтпай.
Жону бүтүн бир жылкы,
Мингизген эмес жарытпай.
Айтакун деген билерман,
Калпа менен кабарлаш,
Башынан бери бир өскөн,
Бай-манапка замандаш.
Букараны жегенге,
Машыккан эле башынан,
Аяк-табак аралаш,
Аттанып чыккан жашынан,
Ысаны жалдап Айтакун,
Аштык-чөбүн бактырган,
Акынды толук берем деп,
Убада менен ант кылган.
Алдап жүргөн турбайбы,
Акыры шорун катырган.
Уу тырмагын манаптар,

Кабыргага батырган.
Үч уулу менен кемпири,
Бешөөнүн башын мант кылган.
Алты жылы иштетип,
Жүрөгүнө дарт кылган.
Ошо кезде Калпанын,
Коолу[1] деген токтому,
Турпандан келген качкынды,
Тургузбай айдап соттоду,
Качкынды бакса кимде-ким,
Айыпка малын берсин деп,
Айтакуңга тапшырган,
Андайлар мага келсин деп,
Бай-манаптар чогулуп,
Баталашкан шерт болду.
Качкынды кимдер түнөтсө,
Айып берсин деп койду.
Антип айткан Калпанын,
Бийлерге сөзү эп болду.
Качкынга берсе казына,
Жардамын бөлүп жеп койду,
Аш кылууга жегенин,
Ураанды катуу бек койду,
Бир түнөтпөй көчүр деп,
Бийлерге тартып эт койду.
Эт жеген соң куйруктар,
Эл сүрүүгө бет койду.
Баталашкан коолусу,
Айтакундун эсинде,
Ансайын ишти ырбатып,
Максаты элди жешинде,
Кыйдамында кез болду,
Кытайдан качкын эл келип,
Кыз-келиндер жөө чубап,
Кыргызды көрүп демденип,
Турпандан качып эл келип,
Туралбаган сенделип,
Топтуу кары-жаш балдар,
Тууганды көрүп демденип,
Жерине шыдыр кетүүгө,
Жети катмар бел келип,

[1] Коолу — бир кишинин токтому

Айлына жетти Ысанын,
Арадан зорго термелип.
Ачып-арып, кары-жаш,
Алтымыш адам сенделип,
Арзыган жердин буулары,
Алда канча демденип,
Калыкбайды тууралап,
Бир тобу анда каралап,
Амандын айлын бет алып,
Бир тобу барды аралап,
Көпчүлүгү жаш балдар,
Көздүн жашы талаалап,
Көрүп турган бай-манап,
Ого бетер камалап,
Качкын элди түнөткөн,
Коолусун бузуп Калпанын,
Деди дагы Айтакун,
Чакырды жин-шайтанын.
Падышага ок аткан,
Бачагар деп камалап,
Калыкбай менен Аманды,
Жемек болду жазалап,
Манаптын сөзүн тоотпой,
Алты күнү өргүтүп,
Алты айчылык жол баскан,
Арыган элди сергитип,
Айыл-апалар чогулуп,
Айран-жуурат бергизип,
Келген элди коноктоп,
Кем-кетигин бүткөзүп,
Эс алган соң узатмак,
Эл четинен өткөзүп.
Антип ызат кылганы,
Атпай кыргыз баары үчүн,
Ачып-арып качкындар,
Аран келген жан үчүн.
Тааныш болгон башынан,
Таяке, жээн аны үчүн,
Эзилип боор бурашып,
Эсен-соолук сурашып,
Жүрө албаган артынан,
Дагы келди чубашып.
Качкындар келип жаткан жер,

Карды жарык, сар талаа,
Чаап жетип Айтакун,
Чагым кылган Калпага,
Алда кандай болот деп,
Ач-арыктар сар-санаа.
Ал аңгыча бир топ жан,
Айылга келди чапкылап,
Айтакун анын ичинде,
Ат ойнотуп бастырат,
Кайда Ыса, кайда деп,
Катууланып келишти.
Эшиктеги, үйдөгү,
Качкындарды көрүштү.
Аял-буял кылбастан,
Ачууланып сөгүштү.
Адегенде камчы уруп,
Беттен канын төгүштү,
Бир жигит кетти желдеттей,
Желгенине жел жетпей,
Желпинип катуу оолукту,
Калыкбай менен Аманга,
Кармалып үчөө жолукту.
Азуусу бычак каманга,
Бөрк ал десе, баш кескен,
Ырайым кылбас наадангa,
Ыйлай-ыйлай барышты.
Тартпагын деп залалга,
Ыйласа ырайым кылабы,
Жалынса жаны калабы?
Ансайын колдо бар малын,
Алсам деп турат талабы.
Адал тамак жебеген,
Анткор залим арамы,
Алдына салып айдатып,
Мойнунан күрмөп байлатып,
Боздотуп туруп сабашат,
Ботодой көзүн жайнатып,
Шолоктотуп үчөөнүн,
Шорун минтип кайнатып,
Атадан жалгыз Калыкбай,
Азапка башы чатылды,
Каарын төгүп Калпаажы.
Салам деп заман акырды.

Бөтин канга боётуп,
Сыйыртмак салып муунтуп,
Карап турган көп элге,
Кайгыны кабат туултуп,
Кыл чылбырга тарттырып,
Кызыл өңүн кубултуп,
Ажалга башын чырмады,
Ачкан көзүн жумултуп,
Ошо күнү күн батты.
Күүгүм кирип, кеч кирип,
Өнчөй кедей чогулуп,
Өлүгүн үйгө жеткирип,
Калыкбайга кайгырып,
Кайдигер адам эчкирип[1].
Балдары ыйлап бакырып,
Атакелеп чакырып,
Окусунан кайран жаш,
Өлүмгө башы чатылып,
Кыбырай түшүп жан чыкты,
Кыл арканга тартылып,
Эртеси күнү Аманды,
Өлтүрөм деп жаланды.
Үчөөнө таң Калпанын,
Кашайып жаны карарды.
Каарданып шордууга,
Кастарын тигип кадалды.
Түн кирип калган себептен,
Ат тамга булар камалды.
Жалгыз элең, качкын деп,
Ыса тапты амалды.
Качып чыгып ал түнү,
Бет алды Ташкен, Самарды.
Ошо бойдон жоголду,
Билбедик кайдан табарды.
Аман качып ошентип,
Кайда кетти дайны жок,
Ошо бойдон жоголду.
Же каралар айлы жок,
Качкындар үчүн кыйнаган,
Калпанын бир да кайры жок.
Амандан бала жаш калып,

[1] Эчкирип — тымызын ыйлаганы

Артынан издер шайы жок,
Ал кезде элдер караңгы,
Мал-мүлктөрү таланды.
Амандан антип айрылдык,
Калпадан көрүп заладды.
Ысанын жайын айтайын,
Башынан берки баянды.
Мал-оокаттан айрылып,
Жакырлыкка таянды.
Урунган-күткөн буюму,
Олжо болуп таланды,
Ой-чуңкурун аңтарып,
Оросунан дан алды,
Тумшугуна жыт кылган,
Тубар уюн дагы алды.
Тууганың деп коркутуп,
Туркеден тору тай алды.
Айыпка баалап бир кызын,
Аңырбаш келип дагы алды.
Аңырбаш өзү Жумгалдык,
Калпадан соогат деп алды.
Анча-мынча калыңын
Ысага бербей жеп алды.
Балдары менен кыз-кыркын,
Баарысы чилдей тарады,
Калтырбады талкалап,
Кайчы, тулга, казанды,
Качкындарды сыйлаган,
Тарткын деди жазанды,
Андан кийин бу шордуу,
Самсаалай Ыса атанды.
Падышага ок атып,
Келген элди бакты деп,
Алты күнү өргүтүп,
Алардын көөнүн ачты деп.
Ээрчишип алып сен дагы,
Эл кыдырып басчы деп,
Башына селде чалынтып,
Мойнуна куржун салынтып,
Калың элди кыдыртып,
Кайырчы кылып жалынтып,
Айылга барып ак урса,
Ажылдап итти жабылтып,

Күлө[1] кийип башына,
Алакан ачып жайылтып,
Тапканын айтып батасын,
Таягын жерге сайылтып,
Тамтандатып шордууну,
Там-ташынан айрытып,
Кадемин минтип катырды,
Карыганда каңгыртып.
Талкан сурап күн көрүп,
Түрбөгөн эшик калган жок,
Өзгөсүн баштан өткөрдү,
Өлүп көргө барган жок.
Жалчы жүрүп ар кайда,
Тарап кетти бүлүнүп,
Кемпири кетти төркүнгө,
Көзүнөн жашы төгүлүп.
Карыганда бечара,
Алтын баш терге чөмүлүп,
Кайгырганда не кылат,
Калпа турса көрүнүп,
Тентип жүрүп балдары,
Телмиришип колуна,
Вирден таяк кармады.
Карыган Ыса шордуунун
Калбады денде дарманы.
Алты катмар бел ашып,
Анжыянга барганы,
Талаада жүрүп тентиреп,
Таманы шишип мөлтүрөп,
Басалбай жүрдү тентиреп,
Балтыры шишип, мөлтүрөп,
Манаптар көрсө кубанат,
Самсаалап Ыса калды деп,
Айта берсе зар заман,
Ошо кезде тар заман,
Убалдан түк коркпогон,
Манаптын иши жапжаман.
Кыйнап уруп Калпанын,
Кылбаганы калбаган.
Байкуш Ыса кыдырып,
Жер калбады барбаган.

---

[1] **Күлө** — думананын баш кийими

Антип ооқат табалбай,
Аргасы кетип зарлаган.
Қайта келип элине,
Кетмендеп эгин айдаган.
Томо деген бир кедей,
Бир топ элди тандаган.
Ажымат анын ичинде,
Арызчыларды жамдаган.
Баштан-аяк көп элди,
Қалпа сурап жеп чыккан,
Тезек, Тағай уруусун,
Отко жагам деп чыккан.
Ошондо кедей чыдабай,
Уюшуп, бир аз шек чыккан.
Жарды-жалчы чогулуп,
Қалыкбай менен Аманды,
Өлтүргөнүн жазышты,
Балдары менен Ысанын,
Тентигенин жазышты.
Ажыматты чилдеде,
Урдурганын жазышты,
Алтымыш челек муздак суу,
Қуйдурганын жазышты.
Эки жылда төшөктөн,
Сакайганын жазышты.
Искектешип жулдурган,
Сакалдарын жазышты.
Қан болом деп Коконго,
Самаганын жазышты.
Бечараны олжолоп,
Талаганын жазышты.
Қазына берген качкынга,
Жардамдарын жазышты.
Аны такыр жеп алып,
Карганганын жазышты.
Ок атам деп советке,
Октолгонун жазышты.
Ой-пикирде чечилген,
Токтомдорун жазышты.
Қат билгени кол коюп,
Билбеген бармак басышты.
Бечаралар чогулуп,
Жөнөтүптүр Томону,

Жазып арыз толтуруп.
Жанчыгына солоду.

Акыйкатчы советке,
Арыз барып сунулду,
Эзилген эл кедейдин,
Муңу-зары угулду.
Кеңеш менен ылгачу,
Комиссия курулду.
Айдап барып Калпаны,
Атууга өкүм буюрду.
Анысына кубанып,
Чынап кедей уюмду.
Жашасын деп өкмөт,
Жарды-жалчы сүйүндү.
Бирлешкиле деген сөз,
Не экенин туюнду.
Арасынан жоготту,
Ал өңдөнгөн зулумду.
Калпа жеген малды алып,
Калкы жыргап жан багып,
Калк атасы Лениндин,
Атын угуп жалбарып,
Бала-чака, кемпирин,
Баарын жыйнап жамгарып,
Киндик кесип кир жууган,
Жерине келди шанданып.
Күлөсүн таштап башынан,
Таягын таштап колунан,
Азаптуу күндөн кутулуп,
Арылды Ыса шорунан.

Сен сураган үч жүз үй,
Маанисине келейин,
Жакшылап угуп алгының,
Жайын айтып берейин.
Он жетинчи жылында.
Оркош, Калы манаптар,
Касымбектен эл бөлүп,
Каршы-терши тарап бар,
Тың чыкканын көтөргөн,
Манаптарда адат бар.
Тогуз-Торо элине,

Жардам бергин деп келип,
Жарды-жалчы байкушту,
Жалмап-жуктап жеп келип,
Кадыры өткөн Калпадан,
Атка жүктөп шайы алган,
Калпа элди чогултуп,
Кармап-кармап мал алган,
Короосу менен кой алган,
Бир албастан он алган.
Орто дыйкан чарбадан,
Үч жүз саан уй алган.
Сарала уйду сен анда,
Бергениң жок карызга,
Эч болбосо уй доолап,
Бара албадың арызга,
Арзыңды манап угабы,
Элди жебей турабы.
Залимдерден коргогон,
Азыр саясаттын ураны,
Көп жашасын Сталин,
Маскөөдө болуп турагы.

Абдыкалык:

Бай-манаптын тушунда,
Басып жүрдү жардыны,
Ун суратып узактан,
Тойгузбаптыр кардыңы,
Үшүр,[1] зекет көп алып,
Молдолордун жардыгы,
Жанга баткан турбайбы,
Ал замандын тардыгы.
Ошол кыйын кысымдан,
Берги менен алгыны,
Баарын тегиз куткарган,
Алда кимдин айдыңы?
Падышанын тушунда,
Кишени бар бутунда,
Бей-бечара зарлаган,
Отун алып кышында.

[1] Үшүр Зекет — алынуучу налог. Эгин-малдан

Көбүнчө Тогуз-Торолук,
Көгарттын мөңгү музунда,
Жапкак[1] кийип, жөө чубап,
Анжияндын байына,
Көпчүлүгү жалданып,
Малайлыкта сандалып,
Күн өткөргөн кези эле,
Чайрыкер деп алданып,
Чачыраса жалпыга,
Октябрь нуру шаңданып,
Кембагалга бу күндү,
Келтирип алып берген ким?
Журт үчүн кам ойлогон,
Эл атасы эрлер ким?
Падышанын тамырын,
Балта менен кырккан ким?
Эмгекчинин камкору
Эмки баатыр чыккан ким?
Канды тактан кулатып,
Торой чалып жыккан ким?
Партиянын байрагы,
Тууну бекем туткан ким?
Оңчул менен солчулдун,
Уяларын бузган ким?

Тоголок Молдо:

Он жетинчи жылында,
Октябрь таңы агарган,
Теңдик нуру жаркырап,
Кутулган эл залалдан.
Эмгекчилер бирик деп,
Элге ураан таралган,
Баарыбыздын бак үчүн,
Баатыр Ленин жаралган.
Эски доор куланып,
Падыша залим камалган,
Нечен жылдан бер жакка,
Өмүрү тактан түшпөгөн,
Миллиончу байлары,

[1] **Жапкак** — бутка тарткыч

Эшигинен кетпеген,
Падышанын ордосун,
Большевиктер тепсеген.
Күн чыгышты күн чалган,
Европаны нур чалган,
Дүнүйө эмгекчилери,
Бириккин деп үн салган.
Кан төккүчтүн баарына,
Караңгылык түн салган.
Кайраттуу баатыр Ленин,
Как ушундай күн салган.
Падышаны кулаткан.
Куйрук-кулак байларын,
Каршы-терши сулаткан,
Кызыл аскер кыраанды,
Парад менен чубаткан,
Баатыр кашка, көй[1] кашка,
Бакты кашка, эр кашка,
Эч нерседен коркпогон,
Эрдиги журттан бир башка,
Кембагалга кеңдикти,
Алып берген Ленин.
Заман акыр байларга,
Салып берген Ленин.
Чынжырын үзүп кишендин,
Жылдырбай салган буттардан,
Талкалап бузуп кулпусун,
Баатыр Ленин куткарган,
Темир тордун ичинен,
Ачык күнгө чыгарган,
Бүт дүнүйө адамын,
Мүрөк сууга сугарган,
Энеден туубайт бул өңдүү,
Кара кашка тынардан[2].
Бутактары гүлдөйбүз,
Түптүү терек чынардан,
Падышанын тамырын,
Кыя чапкан баатырым,
Пейли бузук душмандын,
Берген эле катыгын.

---

[1] **Көй кашка** — адамдын мактоосу
[2] **Тынар** — мактоо

Тегеретип ааламды,
Адамдан артык акылың,
Туунду бекем кармаган,
Эр Сталин жакының.
Амандыгын тилейбиз,
Жарды-жалчы бакырың[1],
Туйгун баатыр Сталин,
Тутка болуп журтуна,
Узун өмүр жашасын,
Улам-улам умтула.
Жыгылганды жөлөгөн,
Үзүлгөндү улаган,
Мөгдөгөндү тургузган,
Эмгекчи эли куунаган,
Кембагалдар, кедейлер,
Алда канча шаңдаган,
Көп жашасын деп тилейт,
Миң-миллион сандаган.
Ленин жолун түз кармап,
Улантуучу Сталин.
Белге чаап душманды,
Буралтуучу Сталин.
Балдарым деп калкына,
Балапанча жем берген,
Улуттарга көз салып,
Улам-улам дем берген.
Илим-билим жайылтып,
Түрлүү өнөр төлдөгөн,
Ар бир сонун жеңишти,
Көрөт экен өлбөгөн,
Аэроплан асманда,
Ак булутту тиреген.
Узун жолду кыскартып,
Улаштырып ширеген.
Тоо менен таш аралаш,
Какыраган чөлдөгү,
Миң-миллион жашаган,
Жайылды элге өрнөгү,
Чапкан жолду улантып,
Сталиндей эрлери,
Маркстен калган нусканы,
Бардык элге тараткан,

[1] Бакир — оң кедей

Күн чыгыш менен күн батыш,
Эки түштүк тараптан,
Учан теңиз журтуна,
Үлгү берген сабактан
Жанын үрөп эл үчүн,
Жарадар болгон душмандан,
Энеден туубайт Лениндей,
Эзилген тапты куткарган.
Көрдүм эле башында,
Падышанын тушунда,
Тогуз-Торо жерлерин,
Тоолуу бийик белдерин,
Торпок-тана малдарын,
Тогуз карыш карларын,
Терезеси жаргактан,
Тегирмендей тамдарын,
От жакалай отурган,
Тарбиясыз балдарын,
Талашып ичип чыркырап,
Талкан чалган жарманын.
Баары ичинде болчу эле,
Жазармын дагы калганын,
Жакыр турмуш кембагал,
Жабыр көргөн элдерин,
Бай-манаптын тушунда,
Жапаа[1] тарткан эмгегин,
Капчыгай, кокту тар эле,
Аябаган жарды эле,
Көпчүлүгү байларга,
Малай болуп алды эле.
Жол-жолоочу, жүргүнчү,
Арандан-зорго кончу эле,
Бир азыраак жандыгы[1],
Жайылгансып жүрчү эле,
Бүйүрмө чокой, кийик тон,
Баарысы тегиз кийчү эле.
Үркөрдөй болуп эчки-кой,
Үңкүрдө болчу турагы,
Эми көрсөң көбөйгөн,
Эгизден тууп улагы.
Коомдошуп көбөйүп,

[1] Жапаа — азап
[2] Жандык — кой-эчки

Кой короодо батпаган,
Кулуп-ойноп жаштары
Кулүгүн күндө таптаган.
Гүл турмуштан жазылса,
Күнөкөр болбойт мактаган,
Аттары асман тиктеген,
Арпасын жара тиштеген,
Азык-түлүк тоютун,
Машиналап иштеген.
Дөдөмөл жердин сереси,
Төрүндө нечен дөбөсү,
Мал жайылса жарашат,
Бетегелүү белеси,
Чатырдай аппак там болгон,
Чар тарапка даң болгон,
Заңгыраган сарайлар,
Кокту сайын бар болгон.
Коомдошкон биригип,
Миндеген чарба мал болгон.
Сазык-Кайың, Кош-Булак,
Өрөөнүнө мал батпай,
Өрчүп, өсүп көбөйдү,
Асоолору карматпай,
Оокаттуу болуп элдери,
Жыргатты совет жергени,
Чыгып жатат ар жерден,
Алтын, күмүш кендери.
Татынакай бордолгон,
Там болуптур үйлөрү,
Үй ичине жагылган,
Шам болуптур күйгөнү,
Мындай турмуш күткөндү,
Көрбөдүм эле илгери.
Машиналар көбөйүп,
Таштаган экен чийнени.
Телегейи тептегиз,
Тийиптир колго сүйгөнү,
Түшкөн экен колунан,
Кемпирдин темир ийреги,
Тери тондор жоголуп,
Чий баркут экен кийгени,
Кой короодо ыңкыган,
Жылдырып айдап жылкыдан,

Аны көргөн адамдар,
Даңаза кылат сыртынан,
Маданият турмушун,
Куруп алган кезеги,
Арык чаап чоң суудан,
Буруп алган кезеги,
Дөдөмөлгө чоң колхоз,
Турук алган кезеги,
Радиону сайратып,
Угуп алган кезеги,
Миңдеген кой меринос,
Багып турган кезеги.
Аргымактан күлүктү,
Чаап турган кезеги,
Арбын эмгек күндөрдү,
Таап турган кезеги,
Асыл тукум зоот мал,
Айдап турган кезеги,
Атактуу чоң Соң-Көлдү,
Жайлап турган кезеги,
Социалдык жеңишке,
Барып турган кезеги.
Жакшы наам улапа[1]
Алып турган кезеги.
Мал күтпөгөн мал күтүп,
Эгин айдап дан күтүп,
Тоо байлыгы өзгөчө,
Өзөнгө кырчын тал бүтүп,
Талда булбул сайраган,
Бой эриткен шаң бүтүп,
Автомобиль көбөйүп,
Арык аттар жал күтүп,
Аял-эркек бир-бири,
Сүйгөнү менен жар күтүп,
Бактыбызга жараша,
Барпырап жарык шам бүтүп,
Шамдан жарык шаңкайып,
Асмандагы ай бүтүп,
Айдан жарык күн бүтүп,
Күн шоокуму нур бүтүп,
Нурда балкып жашаган,
Бактысы бар эл бүтүп,

[1] Улапа — сыйлык

Элим эркин ойногон,
Тянь-Шандай жер бүтүп
Жерден таап ар түрдүү,
Алтын, күмүш кен бүтүп,
Кенди таанып иштеген,
Билимдүү инженер бүтүп,
Илим-билим өстүргөн,
Сталиндей эр күтүп,
Узун өмүр жашасын,
Улам-улам дем бүтүп.

А б д ы к а л ы к:

Аз күндө шайлоо болот деп
Ардактан элдер тосот деп,
Участкалар жабдылган,
Ураандар жазып кам кылган,
Шайлай турган депутат,
Учур келсе алдыңан,
Саламдашса сиз менен,
Кандай сөз чыгат кардыңан?
Айланса болот советке,
Колдо жокту бар кылган!
Элден шайыр эркин ыр,
Черди жазып шар кылган,
Эл шайлоого толкуган,
Жол-жобону окуган,
Жаш-карылар дебестен,
Куру калбай кеңештен,
Күндө майрам, күндө той,
Чыгарбайлы элестен,
Кандидат келип түшкөндө,
Учурашат кол берип,
Убадасын угууга,
Урматтайбыз жол берип,
Анда Молдо айтыңыз,
Илгеркинин, эмкинин
Айырмасы кандайча,
Октябрдан беркинин,
Шайлоо күнү майрам күн,
Жабык добуш алган күн,
Чоң саясий маанисин,

Ай-ааламга жайган күн.
Ураан жазып кызыл туу,
Участкага сайган күн.
Ырчы менен комузчу,
Кооз обон салган күн.
Кабак ачык жадырап,
Кары-жашка сайран күн,
Бул жөнүндө бир мисал
Жазып бергин ыр менен.
Илгери шайлоо өтчү экен,
Эр өлүшкөн чыр менен.
Мен алпарып үйрөтүп,
Окуудагы балдарга,
Кенен-чонон жаялы,
Кемпир менен чалдарга.
Илгерки шайлоо тартибин,
Толугу менен сүрөттө.
Кандай адам укуксуз,
Болгондугун иретте.
Айырмасын билели,
Мурдагы менен эмкинин,
Эл түшүнөт өткөндү,
Октябрдан беркинин.
Падышалык өкмөт,
Балта-чотту, керкини,
Башка кармап кезгерип,
Берген эмес эркини.
Жүрүңүз Молдо баралы,
Чогулуп жаткан эл тиги,
Көрсөтүңүз ыр ырдап,
Большевиктик темпини.

Тоголок Молдо:

Салтанаттуу куралган,
Санаасы толкуп кубанган,
Кыз-келиндер аралаш,
Ак элечек жубандан,
Катар-катар тизилген,
Кара моюн уландан,
Биз депутат шайлайбыз,
Ала-Тоо жак дубандан.

Мындай шайлоо көрбөгөн,
Падышанын зарпынан,
Эзилгенбиз эмгекчи,
Эски өкмөт дартынан,
Октябрдын таңында,
Ачылып көңүл жаркыган,
Биздин өлкө чыгарган,
Түпкү закон шартынан,
Тике шайлоо, тең шайлоо,
Добуш берет жалпыдан,
Аны үчүн айтам куттуктоо,
Шайлоочулар атынан!
Депутат болчу келет деп,
Эл кубанып, сүйүндүк,
Тосуп чыгып урматтап,
Той бергендей үйүлдүк.
Бу да болсо эл менен,
Эриш-аркак үйүрлүк.
Илгери шайлоо болчу эле,
Кээде болбой койчу эле.
Калк-калайык көпчүлүк,
Качан мындай толчу эле?
Элүү башы, он башы,
Ошолор гана болчу эле.
Старчындар, болуштар,
Чыгымын элден алчу эле.
Уезд келип оолугуп,
Манаптарга кончу эле.
Баланча болуш болот деп,
Колун шилтеп койчу эле.
Элүү башы ойрондун,
Бирден ташы болчу эле.
Шарактатып таш салып,
Парага мыктап тойчу эле.
Ар кимдин суттүү сүрөгүн,
Алып келип сойчу эле.
Каалаганын бербесе,
Кара көзүн ойчу эле.
Аялдын баары укуксуз,
Алар качан келчү эле?
Кара түтүн кедейлер,
Кармап малын берчү эле.
Губернатор уездин,

Же болбосо князын,
Чиновниктер билбесе,
Ким билет анын илесин?
Укпагандар түшүнбөйт,
Падышанын мүнөзүн,
Болуштан башка шайлоону
Бир да кыргыз көрбөгөн,
Эми мындай теңдикти,
Көрөт экен өлбөгөн,
Гүлдөгөн биздин өлкөдө,
Окуу-билим төлдөгөн,
Билимдүүлөр артыкча,
Кичи пейил өңгөдөн.
Мына баары тизилип,
Тосту шайлоо күндөрүн,
Той-тамаша улантып,
Жарды-жалчы гүлдөдүң,
Партия менен өкмөт,
Балапанча үндөдүң.
Талга конуп булбулу,
Таң-тамаша жүргөнүң.
Кары дебей, жаш дебей,
Шайлоо тосот жаркылдап,
Кызыл-тасыл ураандар,
Кыдырата жалтылдап,
Көпчүлүктүн көөнү ачык,
Абышкалар карсылдап,
Белдемчисин кемпирлер,
Белге тартып арчындап,
Келеңгир чачпак келиндер,
Келишимдүү шаркылдап,
Кошул-ташыл күү менен,
Комуз үнү шаңкылдап,
Кубангандын белгиси,
Алакан чабат тарсылдап,
Депутаттар камкорлор,
Сыймыкталган эл менен.
Элдин деми ким менен,
Эр Ленин эр менен.

Абдыкалык:

Салкын аба жердеген,
Сайрандаган булбулум,
Туу түбүндө күчөгөн,
Тулпардан күлүк дулдулум,
Кандай, аман келдиңби,
Карыганда сен барып,
Калаадан жемиш тердиңби?
Алтымыштан ашканда,
Алыстан чалгын чалдыңбы?
Адабият ырларды,
Ар аванга салдыңбы?
Акын Жамбыл тоюна
Алматыга бардыңбы?
Айкалышып көрүшүп,
Сөзгө мыкты кандыңбы?
Токсондогу курбуңа,
Тосуп салам бердиңби?
Тойду ырдап куттуктап,
Толкунданып келдиңби?
Калың элди аралап,
Картайсаң да биздерге,
Кайырлуу бол саламат.
Суроону арбын жазууга,
Менде да бар далаалат.
Алты айдан бери көрүшпөй,
Сагынышкан чагыбыз,
Ага-тууган мындагы,
Жалпы-жайык баарыбыз,
Аман-эсен турушат,
Ак-ала сакал карыңыз.

Тоголок Молдо:

Фрунзеде жатканда,
Кат жазасың келгин деп,
Байбичең даяр алып кет,
Бачым жооп бергин деп,
Шаштырасың өзүмдү,
Умачтай ачтың көзүмдү.
Түнүндө чыгып шаардан,

Эртеси келип кечинде,
Он биринчи июлда,
Намаз дигер бешимде,
Карабүккө келгенде,
Учурадым кесирге,
Шофер катуу айдады,
Айдаган жерде жайлады,
Бел көчүктү талкалап,
Минтип шорум кайнады.
Куржундун оозу ачылып,
Китептерим чачылып,
Эндиредим дембе-дем,
Эсим ооп басылып,
Сынаары менен жанбашым
Шишип кетти ашынып,
Балыкчыга жеткенде,
Азап тарттым чыдабай,
Ат бастырып сен барып,
Ал-жайымды сурабай,
Жатып алып Курткада,
Сөз сурайсың кат менен.
Ичкен тамак аш болбой,
Келе жатам тап менен.
Касымаалы өңөрүп,
Төөгө миндим амал жок,
Карчыттарым көгөрүп,
Жаным кейип келатам,
Түшүр төөнү чөгөрүп,
Андан кийин сурагын,
Аңгеме сөздү курагын,
Айыга элек жамбашым,
Алсырап турган убагым.

А б д ы к а л ы к:

Жабыр көргөн окшойсуз,
Жанбашыңыз канталап,
Сегиз көчүк белинди,
Урганым жок балталап,
«Мырза чыкма кезинде»
Бу да болсо салтанат,
Оодара салба мен жакка,
Ооруган шишик таркалат.

Тоголок Молдо:

Билеселүү кыраанымм,
Бир топ ырды сынаттың,
Кайта-кайта жамбаштын,
Сынганын элге тараттың.
Сыныкты коюп советтин,
Теңчилигин баштайлы,
Эби келсе коюп кой,
Тамашаны таштайлы.
Акын Абдыкалыгым,
Айттың сөздүн анығын,
Оору баштан көп өттү,
Жазгын кайгы тарыхын.
Мурун доктур болбогон,
Ооруганды соо кылган.
Эми бизде врачтар,
Башым десе тоорулган.
Айыга элек кезимде,
Жөтөлөм өпкө, бооруман,
Тыңыганда сурасаң,
Жазат элем арбытып,
Эс алдырбай ыр ырдап,
Элдин баарын дарбытып,
Эби келсе доктурдун,
Табыптыгын баштагын.
Төшөктөгү Байымбет,
Карыптыгын баштагын.
Караңгылык заманда,
Кандай эле оорулар,
Илимпоздор жогунда?

Абдыкалык:

Акын молдо Байымбет,
Айтканыңыз дайым көп.
Эки ай жылбай семирип,
Больницанын майын жеп,
Айыгып алып Курткага,
Жатып алып төшөккө,
Жазып жатат ыр-жомок.
Жалган оору дешетко,

Чын ооруну мен айтсам,
Чычалаба деп айтсам,
Түңүлтөмүн жанынан,
Көргөн иштен алынган,
Башың ооруп маң болсо,
Колу-бутуң шал болсо,
Козголууга зар болсо,
Кочкул кара кан болсо,
Жатканың сасык там болсо,
Кең заманда тар болсо,
Кейиш башта бар болсо,
Мына ушуга чыдаган,
Бир чымындай жан болсо,
Кара аяк суу калкылдап,
Жанынызда ал болсо,
Кыйнагысы келгенде,
Кырк кабырга ооруса,
Иши кылып туш-туштан,
Илдеттин баары тооруса,
Кантер айла табалбайт,
Жаны күйүп жалындайт,
Кан түкүрүп какшыткан.
Какырыктуу кагынды айт,
Кыйнагысы келгенде,
Кырк кабырга бүт ооруйт,
Кыймылдаса күч ооруйт,
Имерилтип ич ооруйт,
Көздөн отту чагылтып,
Зыркыратып тиш ооруйт.
Болбосо кызыл жүгүрүк,
Суналалбай тизе ооруйт,
Сөөктөтүп бут ооруйт,
Кургак учук курт ооруйт,
Көк жөтөл деп өпкө ооруйт,
Беш-алты жыл көпкө ооруйт.
Чарбасын дарт деп ооруйт,
Ысык-суук жел ооруйт,
Колдон таяк түшүрбөй,
Козголо албай бел ооруйт.
Эч болбосо кыскасы,
Тикен кирген жер ооруйт.
Эски заман курусун,
Тандамалуу табыптар,

Кылган ишин жактырып,
Муну да элдер барыктаар,
Тамак оору, кан желди,
Сымап менен, кык менен,
Чүмкөп алып тумчулап,
Саңырсыган жыт менен,
Түлкүдөн бетер ыштаса,
Ооруган адам сыздаса,
Ого бетер оюлтуп,
Мурдун теше[1] муштаса,
Ай чырайдан көрк кетип,
Алыс барып кыштаса,
Алты саны кем болуп,
Ичи кайгы дем болуп,
Көргөн күнү курусун,
Көңүлүндө чер болуп.
Кесик оору кулгуна,
Көпкө айыкпай кууратар,
Кайгыланып кайран жан,
Канча жерден муунатар.
Кезик[2] болбой айыкса,
Айыкканча азап күн,
Айыкканда билинбей,
Ачык көңүл азат күн,
Сакайбаса кайран жан,
Каарлаган азап күн,
Бир чымындай жан күтүп,
Чыркыраса нетесиң,
Чыдай албай кайгырып,
Жандан аша кечесиң.
Анткен менен өлө албай,
Же айыкпайт экенсиң.
Мындан ары Молдоке,
Оорудум дебес бекенсиң.
Жамбашыңдын сыныгы,
Жарым айда бүтүптүр,
Бул кездеги билимдүү,
Врачтарың күтүптүр,
Атасындай айланып,
Алжапкычын байланып,

---

[1] Теше муштаган — маңка кылганы
[2] Кезик — айыкпаган оору

Зым керебет, ак шейшеп,
Асты-үстүнө жайланып,
Ак мамыгы кош жастык,
Ардактады зыйнаттап,
Атаке кандай оору деп,
Алмак-салмак урматтап,
Жарма бербей, чай берип,
Максым бербей, май берип,
Тарбиялап бакты го,
Талкан бербей, нан берип,
Ынак сүткө бышырган,
Тишке жумшак күрүчтү,
Жумуртка, кант аралаш,
Ичкен-жеген тамагын,
Эски табып тамырчы,
Жерге кирсин жаманын
Эгер доктур болбосо,
Табышмак эмес амалың.
Шексиз эле молдоке,
Жабыр көрүп каларың.
Эки жамбаш алжайып,
Эки жакка жалжайып,
Жайы-кышы кокуйлап,
Жатат элең калжайып.
Ошону үчүн Молдоке,
Ыракмат айт врачка,
Дагы-дагы көбөйүп,
Эл аралайт быякка.

Илгеркилер курусун,
Көзүм ачык деп келип,
Бакшы, бүбү, тамырчы,
Эмчи, домчу, күзгүчү,
Сууну бүрккөн дарымчы,
Мекир[1] билет экен деп,
Ооруган эл зарылчу.
Олуя болуп дүпүлдөп,
Мазарга барып жалынчу.
Жалгыз-жарым теректи,
Же болбосо арчаны
Түнөө кылып сыйынып,

---

[1] Мекир — амал, айла деген сөз

Элден алган канчаны,
Малаам деген ушу деп,
Самсаалатып сандатып,
Ат жалынан кыл жулуп,
Же чүпүрөк байлашып,
Ыландуу дарт болду деп,
Короодо койду айдатып,
Түнөсүн деп мазарга,
Семизинен тандатып,
Түлөө кылып сойдурган,
Мазардын түбүн кандатып
Кылык-жорук көп эле,
Апың-упуң алдамчы,
Караңгылык ал турмуш,
Ошолорго жардамчы,
Эми сиздин ооруга,
Айыгууга эм берет,
Дары-дармек ичирип,
Табияттан дем берет.

Тоголок Молдо:

Эми өзүңдөн угайын,
Жердин көркүн сурайын,
Жердеп туруп жергелүү,
Элдин көркүн сурайын,
Акындыгың күчөсө,
Ак кардуу бийик тоодон айт,
Бетегелүү тескейлүү
Мелмилдеген зоодон айт,
Мелтиреген көлдөн айт,
Көгөргөн аштык чөлдөн айт,
Бетегелүү белден айт,
Берекелүү элден айт,
Табылгылуу жерден айт,
Тамашалуу элден айт,
Ак калпак кыргыз ээлеген,
Ата конуш жерден айт.
Карагай, кайың талдан айт,
Карарып чыккан малдан айт,
Өнөрүн ичке жашырып,
Начар киши далдалайт.

Калам, сыя, кагазды,
Толугураак камдап айт.
Жокту коюп, бардан айт,
Татты сөздөн тандап айт.
Кадырымды билүүчү,
Карыя, кемпир чалдан айт.
Алты айдан бери Чүйдөмүн,
Асылын көрдүм дүйнөнүн,
Бала-чака баарысы,
Аман болсо үйдөгүм,
Азиз жанды багуучу,
Табылар дейм сүйгөнүм.
Өнүп-өскөн жеримди
Өзөнү менен бүтүн айт.
Тоо-таштан эме калтырбай,
Көңүлүмө түшүрө айт.
Ырчы болсоң ырас айт,
Жамакчы болсоң жамап айт,
Бул сөзгө жооп кайтып бер,
Эл аманын айтып бер,
Эсендигин угайын,
Эми сенден сурайын,
Мал-жандын аман экенин,
Угуп көөнүм тынайын.
Как алдыңдан кезиктим,
Кандай айла кылайын.
Учураштым тар жерде,
Нарын суунун аралы,
Кысталышта ыр менен,
Айтканың элге жагабы,
Токсондогу Абышбай,
Акем айткан саламы,
Кыйын эле мен уксам,
Оорусунун кабары,
Айыкканын сурайын,
Журт карысы аганын,
Мунун баарын айтпасак,
Анда кумар канабы,
Абдыкалык бөбөгүм,
Айыпты кимден көрөмүн,
Элди-жерди сүрөттөп,
Жаза жүрсөң болбойбу,
Ырды жакшы билет деп,

Мактап жүрөм өзүңдү,
Эл жактырат сөзүңдү,
Кана эмесе баштагын,
Каржарык менен Курткаңы,
Карыганда бизди да,
Калк агайын куштады.
Калтырбай айтчы угайын,
Чаласы болсо тыңшайын,
Толгон суроо арнаган,
Тиркич моюн[1] жубайым.

Абдыкалык:

Карагай, кайың аралаш,
Бадалга бай тоо аман,
Мелмилдеген жалама,
Бүркүт, уя зоо аман.
Молдоке жакшы келдиңби,
Дени-кардың соо аман?
Амандыкты сураган,
Агала чачтуу мен аман.
Ак-Талаа, Куртка жер аман,
Ага-тууган эл аман.
Көрүштүк дидаар каныме т,
Учурашып деги аман.
Узун аяк мал аман,
Урук-тууган баары аман.
Уул-келин урматтуу,
Ургачы, эркек дагы аман.
Добушун берип шайлоодо,
Жүзгө чыккан кары аман.
Майда-чуйда жеткинчек,
Балтыр бешик бала аман.
Кетте, кичик аралаш,
Кемпир менен чал аман,
Бетеге белден жошулган,
Беш район кошулган,
Эркин чарба мал багып,
Эли чыкпайт үзүрдөн,[1]

---

[1] Тиркич моюн — Абдыкалыкты эркелеткен аты
[2] Үзүрдөн — жыргал деген сөз

Мелтиреген жарыктык,
Белгилүү Соң-Көл көл аман.
Колхоздор эгин айдаган,
Каржарык, Куртка чөл аман.
Чарбасы өсүп дүркүрөп,
Тууган малдын төлү аман.
Жер, табият байлыгын,
Сурадыңыз айтайын,
Абдан текшер аябай,
Алдыңыздан кайтайын.
Болот калам колго алып,
Ырдын көркүн айтайын,
Көргөнүмдү сүрөттөп,
Жердин көркүн айтайын,
Гүл турмушта жыргаган,
Элдин көркүн айтайын.
Жер сереси Соң-Көлдөн,
Агын суу келет төр-төрдөн,
Козголуп шамал жел болсо,
Коргошундай көйкөлгөн,
Төрт район жайлаган,
Түрүлтүп малын айдаган,
Атагы чоң Соң-Көлдү,
Айткым келет кайрадан.
Айдың-Көлдү жээктеп,
Айыл конгон айланаң,
Төрлөрүндө түрдүү чөп,
Төгүлүп гүлдөр жайнаган,
Тоосунда түркүн канаттуу,
Торгою шаңдуу сайраган,
Каз, өрдөгү каңкылдап,
Көл үстүндө шарпылдап,
Ак чардакка кошулуп,
Аңырлар учат аңкылдап,
Аялдан болгон чабандар,
Кайтарат короо заңкылдап,
О келиндер сак бол деп,
Абышкалар барсылдап,
Тайганы үрүп арсылдап,
Карышкыр уулап алганда,
Каткырып күлүп карсылдап,
Мал жеген бөрү душманды,
Кармап алат алкымдап.

Ак-Таш менен Төр-Конуш,
Алда нече суусу бар
Адамга жыргал, мал жыргал,
Алтындуу зердин буусу бар.
Аяк жагы чоң Макмал,
Агып жаткан тузу бар.
Туткуйдун башы турукта,
Жаман дабан бели бар,
Такта-такта сандыктай,
Таш-көмүрдүн кени бар,
Мына келди күнгөйдө,
Караңгы токой чери бар,
Кара малдай жайылган,
Кабылан, илбирс бөрү бар.
Каначуу казык Көк-Белди,
Калтырбай айтар эби бар.
Карышкыр менен аюуга,
Капкан салган жеми бар,
Суусары койдой жайылган,
Сүлөөсүнү деги бар,
Арпа менен Ак-Сайдын,
Абасы таза буркурап,
Кара кыяк, көк шибер,
Бетегеси кулпунат,
Чатыр-Көлгө кошулуп,
Мөңгү суулар куркурап,
Бөксөдөн туман курчалып,
Мөндүрү жаап шуркурап,
Канча түрлүү үн салып,
Канаттуулар чуркурап,
Тектири көп жылгалуу,
Тескейи тулаң чөбүбүз,
Гүл төгүлгөн жалбырак,
Көк өзөндүү төрүбүз,
Саякат кылып атайы,
Сагынган болсоң көрүңүз,
Автомобиль жүрүүчү,
Арада Долон белибиз,
Тоону барып түз кылган
Билимдүү инженерибиз,
Кара-Кужур, Көк-Торпок,
Касиеттүү жерибиз,
Нарындын башы Тарагай,

Жыгачтан узун карагай,
Бугу, марал оттогон,
Тарагай черге жана бай.
Илгери мен көргөмүн,
Көрмөк турсун билгемин,
Бир дубана от жагып,
Отурган жери кара үңкүр,
Оттук менен Долондун,
Ортосунун баары үңкүр,
Өткөн менен кеткенди,
Өөнөп турган дубана,
Минерине аты жок,
Жөөлөп турган дубана.
Жайы-кышы от жагып,
Үңкүрдүн ичин карарткан,
Бул олуя экен деп,
Кайыр берген бараткан,
Дубана жаткан үңкүрдү,
Кара үңкүр деп айтылат.
Тар капчыгай коктусу,
Эми шаар болду жаркырап.
Кымбаттуу буюм күюлуп,
Тоодон келет шаркырап.
Үстү кум бел, бийиктен,
Зоодон келет жаркырап,
Тактайлаган ашталуу,
Коодон келет шаркырап,
Өнөр жайлар төлдөгөн,
Алтын, күмүш көлдөгөн,
Ар кандай сонун жеңишти,
Көрөт экен өлбөгөн.
Урматтуу кыргыз бу кезде,
Уук узарып сынбаган,
Улам, улам бут шилтеп,
Уландары жыргаган,
Жайытка багып чарбасын,
Жылкысын айдап жылгадан,
Шаттанышып кары-жаш,
Шайыр ырдан ырдаган.
Автомобиль машина,
Ала-Тоону кырдаган.
Ушул заман гүл заман,
Уйкудан кимдер турбаган!

Дары чөптөр көп жатат,
Тоо кыдырып басканда,
Жыттасам моокум кандырат,
Жыпардуу бүрүн ачканда,
Согону кумда түптөгөн,
Соорусун[1] гүлүн ачпаган,
Балтырканы баш алып,
Колоту сайын жүздөгөн,
Аркар оту, бозынач,[2]
Ак кийиктер тиштеген,
Ак кодолу күчала,
Аппак эле чүчтөдөн,
Толуп жаткан киени,
Тоо кийиктер издеген,
Ар түрлүү кен табылган,
Ала-Тоонун бетинен,
Алып жатат адистер,
Алтыны кумда эшилген,
Өндүрүндө гүл ачып,
Өсүмдүктөр өрчүгөн,
Аны оттогон чарба мал,
Алга карай жөңкүгөн,
Өрүш алып жайылса,
Кунан-тайлар мөңкүгөн,
Көлдөлөңдөп көөнү өсүп,
Көк шиберге көлкүгөн,
Чайкалаган кара тоо,
Чатыраган көркүңөн,
Чамгарактан күн тийсе,
Булуттуу туман ээрчиген,
Жаңы тууган бээлерге,
Жаш кулундар телчиген,
Куланы төрдөн ышкырып,
Кубалашкан телкиден,
Жер сонуну Тянь-Шань,
Ыргайын шамал желпиген,
Ырыстуу кыргыз элимдин,
Сталиндик эрки кең.

---

[1] Соорусун — тоодо өсө турган жапайы өсүмдүктүн бир түрү
[2] Аркар оту, бозынач — тоодо өсө турган, дары чыгара турган өсүмдүктөр

Төмөн жакта бөлүнүп,
Тогуз-Торо жер турат,
Толкунданып көөнү өсүп,
Бактылуу жыргал эл турат,
Капшытында Жумгалды,
Калкы курган жыргалды,
Көгөй, Кабак, Суусамыр,
Көргөндүктөн ырдалды,
Көкөмерен капчыгай,
Көлмө менен Кууганды,
Туш-тушунан шылдырап,
Тунук аккан суулары,
Элибизге кут болсун,
Алтындуу зердин буулары!
Сайылды таалай сыймыктуу,
Советтин кызыл туулары,
Илгери мен көргөмүн,
Көрүп көңүл бөлгөмүн,
Капчыгайдын жолунан,
Көкөмерен суусунун,
Күркүрөгөн боюнан,
Автомобиль ат эмес,
Инек уй өтпөс кыйбаттан,
А турмак адам басалбай,
Айрылчуу эле шыйрактан,
Көк тараша[1] кызыл кум,
Зоокасын бузуп кыйраткан,
Эпкиндүүлөр баарына,
Ысык салам биз жактан,
Алтын эмил[2] салкын тоо,
Ат-башы, Нарын атагың,
Андан-мындан козголдум,
Алты район катарын,
Жазган ушу ырымды,
Тянь-Шань деп атадым.
Таланты бар жаштардын,
Тамам көөнүн ачамын,
Каалагандар алсын деп,
Калайыкка чачамын,
Таруудайдан уруктап,

[1] Көк тараша — тоо катмарларынын бири
[2] Алтын эмил — жердин аты

Тарасын элге казалым.
Калкка казал жазмакка,
Каламды колго алгамын.
Кайта-кайта имерип,
Сыяга учун малгамын.
Сайма түрүн көрсөтүп,
Сагызган изин салгамын,
Ителгинин жүнүндөй,
Дептеримди наарлап,
Кагаз көркү кат болуп,
Карала кылып чаарлап,
Болот калам ойнотсом,
Борум менен жорголоп,
Сызгырылып учунан,
Сыясыээрчип шорголоп,
Курсагымда жамак сөз,
Жатпасын деп корголоп,
Кайта-кайта токтобой,
Каламдын учу жүгүргөн,
Колго имерип кармасам,
Козголуп ичтен кубулгөн,
Ойгономун жазууга,
Таңдын урул-бурулдөн,
Чер жазылып чыкпайбы,
Как жарылып жулундөн,
Ташып жатат акындык,
Аккан суудай жылгалап,
Темир мала тарткандай,
Тегиздетем жылмалап.
Көрүнбөсө не пайда,
Курсагымда буйгалап,
Жазган ырды жакшылап,
Окубаса буйдалап,
Олуту менен айталбай,
Кээ бир адам уйпалап,
Тантык экен ыры деп,
Куйгузөт ичти куйкалап,
Жолун таап окуса,
Жол жоргодой суйсалат,
Үймөктөлүп көпчулук,
Усту-устунө курчалат,
Он төртүмдө сиз менен,
Кошулгандан билемин,

Озондосом деп ойлойм,
Обону жок жүрөмүн,
Ыр көркүнө чыгууга,
Зыңгыраган үн керек.
Тогуз кайрым күү чертсе,
Комузга кыйла түр керек,
Обонумдун жогунан,
Алда канча кичирем,
Балалыкта сырымды,
Чыгарайын ичимен,
Он үчүнчү жылында,
Боорумду манап туздады,
Бардым Тогуз-Торого,
Чокойду жыртып буттагы,
Тентип кеттим айласыз,
Ата конуш Курtканы,
Казал үчүн болду эле,
Колдорумдун туткагы,
Молдоке өзүң барганда,
Тосуп элдер куштады.
Тоюп тамак жеген соң,
Тоголонуп уктадың,
Уктаганда жанынан,
Уурдап алдым нусканы.
Эт жегенче эт жүрөк,
Алап-желеп кыбырлап,
Казалын кантип алам деп,
Кайта кайта тыбырап,
Жанымдагы балдарга,
Айтып турдум шыбырап,
Теңтуш өскөн ынактар,
Алар дагы кымылдап,
Кийминизди жапканда,
Бутуңузду тыгындап[1],
Чөнтөгүнө кол салып,
Алып кеттим жымылдап,
Эшикке чыга берген соң,
Жүгүргөн бойдон чымылдап,
Кызыкчылык ушундай,
Антип алдым үлгүнү.
Молдоке аман жүрдүңбү,

[1] Тыгындап — бутунун астына гердик коюу

Ээрчип жүрдүм мен сизди,
Токуп минип кара атты,
Ашкерелеп уялбай,
Жаздым ырдап санатты.
Үч жылы толук жердедим,
Көгүрүм Атай каласын,
Аратай менен Аккулак,
Кабалардын арасын,
Он алтынчы жылында,
Орчун элдин чырында,
Кайта айланып мен келип,
Жазган ырды теңденип,
Азыр эркин эл болдук,
Эркиндиктен айтып ал,
Адабият жазуудан,
Кандай адам тартынар?
Айтып жазган сөзүңдүн,
Алтынчалык баркы бар,
Ыр кадырын биле албай,
Иришип толук кире албай,
Бир канча жыл курсакка,
Жыйнап алып жүрүпмүн.
Дүбүртүңдөн ойгондум,
Тоголок Молдо кулак сал,
Каймана сөз жазышып,
Каламымды жүгүрттүм.
Токсон суроо тапшырып,
Тогуз жерден тородум.
Чымчып коюп санынан,
Чыкпаса да обонум,
Ак кагазга чийишип,
Сөздү баштап киришип,
Айткандарды көңүлгө,
Алып жүрдүк түйүшүп.
Акырында эмгегиң,
Адалдан экен колдогу,
Элге нуска сөз калтыр,
Советтин кенен жолдору,
Нусканды бүт алам деп,
Далалатты кылгамын.
Калем кармап күнүнө,
Кагаздын бетин тырмадым.
Эл чогулган жерлерде,

Эрмек үчүн ырдадым,
Билеселүү жаштарга,
Бермек үчүн ырдадым.
Сталиндик доордо,
Ырыстуу молдо жыргагын,
Аман-эсен турушат,
Жалпы-жайык мындагын.
Эми өзүндөн молдоке,
Нарын суудан бир суроо,
Сураганым эп бекен?
Агыны катуу дарыя,
Пайдасы барбы, жок бекен?
Кези келди мунун да,
Кереги элге көп бекен?
Канал алып кайырып,
Бурган жери бар бекен?
Энергия электр,
Курган жери бар бекен?
Тил билбеген жарыктык,
Курдум болгон деңизге,
Куйган жери бар бекен?
Адамзатка моюнун,
Сунган жери бар бекен?

Тоголок Молдо:

Мен баштайын эмесе,
Нарын дайра кең суудан,
Нары-бери өткөнгө,
Кечүү бербес чоң суудан,
Башы чыгат сызылып,
Тоожүкөнүн белинен,
Аягы барып токтолот,
Аралский көлүнөн.
Узундугу кыйла бар,
Эндүүлүгү эчен бар,
Тунуктугу дагы бар,
Толкуну катуу шары бар,
Жээгинде жашаган,
Жергелүү элдин багы бар
Туура суунун баарысын,
Коштоп алып аккан суу,

Эл гана эмес аңкаган,
Жердин баарын баккан суу.
Аркар, кулжа оттогон,
Төрдөн агат Нарын суу.
Ак пахталар эгилген,
Чөлдөн агат Нарын суу,
Ийри-буйру локулдап,
Имерилип булуңдан,
Бууракандап серпилип,
Бурулуп тоого урунган,
Туптуу терек карагай,
Түбү менен жулунган.
Түрмөктөлүп кум чайкап,
Буйгаларга бурулган,
Мөндүр жаап муз эрип,
Мөңгү болгон күбүрдөн,
Кошулушуп акканда,
Өркөштөнүп түрүлгөн,
Айбатынан кече албай,
Адам коркот сүрүнөн.
Капчыгайлар жаңырат,
Күркүрөгөн үнүнөн.
Үйдөй көбүк калкылдап,
Алды-алдынан бүлүнгөн.
Чабагы четте суурулуп,
Балыгы тайдай туйлаган,
Желе тартып, чоо[1] салып,
Айланпалуу жылгадан,
Урунт-урунт балыктын,
Ойноосунан уулаган,
Жээгиндеги калың эл,
Жергеси менен жыргаган
Кыз-келиндер ырдаган,
Кошо чертип жигити,
Комуз кылын тырмаган
Кыштын күнү суу бети,
Кылкылдаган шыргалаң.
Бубактанып кымкаары[2],
Муздун жээгин чырмаган,
Токоюнда булбулу,

---

[1] Чоо — балык кармоо үчүн талдан жасалган тор
[2] Кымкаары — кардын топтолуп калганына айтылып жатат

Токтоосу жок сайраган,
Тереги бүрдөп түнт болгон,
Көркөмдүү өзөн айланаң
Берекелүү дарыя
Мелмилдеген карааның,
Салтанатын арттырдың,
Социалчыл талаанын,
Айдаганы ак пахта,
Арыктарга тарадың.
Аягы Арал, Сыр-Дайра,
Наманген, Нарын ченинден,
Дыйкан элдин көөнү ачык,
Бууң артык зеринден
Суу акпаган талаага,
Сулуу пахта эгилген.
Жергелүү элге дем берип,
Жемишти кабат жедирген
Аңкап жаткан байыркы,
Аңыздары семирген,
Ак жубаздар ар түрдүү,
Жүргүзүлдү тегирмен,
Баарын ачып адамды,
Пайдалуу суу дедирген.
Таршып чыгып тармагы,
Талааларга себилген,
Ферганада, түштүктө,
Пахта, жүзүм эгилген,
Пайдаланбай башында,
Билбегенбиз баркынды,
Эч ким муну сезбеген,
Эшилип жаткан алтынды,
Эзилип көңүл куш болуп
Элиң алга талпынды,
Суудан алып көп өрнөк,
Билим жолу артылды.
Өйүз-бүйүз аз, көбүн,
Өлчөп алды шартынды,
Тетиктери бурама,
Темир аркан тартылды.
Электрге күч берди,
Жылдызданган жаркынды,
Ардакталган Нарын суу,
Азыраак айттым салтыңды.

Ушул өңдүү дарыя,
Агып жатат шаркырап,
Акка калай жапкансып,
Алда кайдан жаркырап.

А б д ы к а л ы к:

Алтымыш жылы чарчабай,
Арыш таштап жүгүрдүң,
Ардакталып келгенге,
Алда канча сүйүндүм,
Эки көңүл бир сүйүнч,
Курсагыма баткан жок,
Кадимден бери, колуңдан,
Калемиң тынчып жаткан жок.
Ошону үчүн мен сизге,
Куттуктап сөздү арнадым,
Карысаң да чыңалып,
Кайратыңдан тайбадың.
Ошончолук эмгектин,
Оор-жеңил салмагын,
Ылгап көрүп өкмөт,
Сыйлаганда шаңдадың.
Абалтан бери талыкпай,
Алтымыш жылы ырдадың,
Эл үчүн талант жыйналтып,
Эч кандай тынчып турбадың.
Сталиндик доордо,
Ырыстуу болсун жыргалың,
Кубангандан чыдабай,
Куттуктап сизди ырдадым.
Аман болсун советтин,
Алтын туулу желеги,
Бактыбызга Сталин,
Бар улуттун медери.
Калк атасы Калинин,
Карыянын белеги,
Каданганың кут болсун,
Кадырың тоого теңелди.

Аял-эркек чогулган,
Ага-тууган тобундан,

Жолукпай адам калган жок,
Кыса кармап колундан.
Маскөөдөн кабар кеп угуп,
Байымбет чыкты деп угуп,
Сыйлангандык жөнүндө,
СССРде эл угуп,
Алдыңан чыгып жол тосуп,
Амандашып кол созуп,
Көргөн, уккан калайык,
Жалпы-жайык кубанды.
Ырыстуу сиздин бак үчүн,
Ырдабай бекер турамбы?

«Ардак белги» орденин,
Алганыңыз кут болсун,
Адабият байлыкты,
Жайганыңыз кут болсун.
Жазуучулар тобуна,
Тартылганың кут болсун!
Карылыкка жеңдирбей,
Ар кылганың кут болсун!
Калемиң курчуп күнүгө,
Жазганыңыз кут болсун.
Маанилүү сөздү кыргызга,
Чачканыңыз кут болсун.
Эмгектен толгон жемишти,
Тапканыңыз кут болсун.
Көкүрөккө орденди,
Такканыңыз кут болсун!

Т о г о л о к  М о л д о:

Бүгүн кайра жашардым,
Ордендүү болуп атандым,
Жыйырма бешке чыккандай,
Солкулдап турган кезегим.
Ысык-Көл менен Соң-Көлдөй,
Толкундап турган кезегим.
Тирүүлүктө мен көрдүм,
Советтин сыйлык жыргалын.
Падышанын тушунда,
Баштан өттү кууралым.

Айткан менен түгөнбөйт,
Ал кездеги мундарым.
Чоң ыракмат сиздерге,
Чогулган жалпы тууганым!

### ӨР ЭШИМ
### ТҮГӨЛДҮН БАЙЛЫГЫ

Илгери өткөн заманда
Түгөл деген бай болгон.
Түрүлүп малы эсепсиз,
Төрт түлүгү шай болгон.
Күнгөйдөгү кашка суу
Жумгалга куйган сай болгон.
Жазы, күзү кыштоосу —
Сайды бойлоп бай конгон.
«Түгөл-Сай» деп аталып,
Белги калган элине.
Батпаптыр малы жаздаса,
Мандай-тескей жээгине.
Окторкой, Кызарт, Сандыкта
Уй менен төөсү жатчу экен.
Кокту сайын кароолоп,
Койлору жайыт алчу экен.
Жер сереси Соң-Көлгө
Жылдырып жылкы салчу экен.
Айлана көчүп көлүнө,
Журт жаңыртып барчу экен.
Жылдан-жылга дүркүрөп,
Төлүнө төлү кошулган.
Мал жайыты түгөнүп,
Оттогон чөбү тосулган.
Бир күнү Түгөл ойлонуп:
Ала шалбырт жаз менен,
Боору жазы, кең жерге
Көчөмүн деп наз менен.
Суусамырга бет алып,
Сүрдү малын жылдырып.
Кабактын кайың, талынан
Укуругун кыйдырып.
Учаң тениз көп малын
Уландарга жыйдырып.
Үрүң-бараң таң менен

Үйдүн үстү сыйрылып,
Алмач өркөч төөлөрдү
Аркы-терки чөгөртүп,
Уук учтугун борумдап,
Казан кабын көмөртүп,
Жаңы тууган уйлардын
Музоолорун өнөртүп.
Жаш кулунун телчитип,
Энелерин ээрчитип,
Суусамырды өрдөтүп,
Суу-сууга малын төлдөтүп,
Адам да жыргал, мал жыргал
Айран-кымыз көлдөтүп,
Торолгондо улагы,
Жылып көчү чубады.
Айдаганда көңүл жай,
Оюн салып куданы.
Тай куйругун тепкилеп,
Таркабайт ойноп кумары.
Аңгилер төрдү бербеген,
Айдаса асоо келбеген.
Алтымыш отоо жылкы бар,
Күлүгү күндө жем жеген.
Алардын баарын имерип,
Айгырын минсе тердеген.
Алтоо-жетөө күнүгө
Сууп турат кермеден.
Даакылуу кула бышты бар,
Алтымыш чапса желбеген.
Аны минсе жылкыны
Айдамга койбой имерген.
Сырын билбей кээ бирөө,
Качышат кармап минерден.
Түгөл бай аны жактырат,
Шарпкула деген ушу деп.
Сөөгү гунса бир кезде,
Эр жигиттин кушу деп.
Жайы-кышы куланын
Даакысы түшпөйт жонунан.
— Тулпар го?—деп баа берет
Туякта тура жогунан.
Жылкычылар элебейт,
Чапса желбес тогунан.

Суусамыр оттоп, жайын жеп,
Жылкысы жеңдей жал алды,
Картаңы карыш казылуу,
Кулуну кучак сан алды.
Койлору чың семирип,
Эшик эндүү жон алды.
Уйлары онтоп туралбай,
Төөлөрү жардай ком алды.
Күзгө жуук болгондо,
Таласка барып түшүүгө,
Ниет кылды Түгөл бай
Ашмара, Мерки түзүнө.
— Кополуу жерге күздөтүп,
Жайсам,—деди,—баарысын
Аягы Талас, башы Чүй
Чыгыптыр чөбү алысын.
Мындай сонун жерлерге,
Ээн жаткан төрлөргө,
Сугарсам деп жылкыны
Суук башат көлдөргө.
Көчүп түштү Таласка,
Көз жеткис мейкин чөлдөргө.
Мал борумун карасаң,—
Жердин көркү дүңгүрөп.
Салаа-салаа жылга суу
Мөңгүдөн түшөт күңгүрөп.
Суусумырды оттогон,
Суу-сууга өрдөп токтогон,
Таналары бир бөлөк,
Тай букалар козголоң,
Чоң букалар жер чапчып,
Буртага майын топтогон.
Тартынып буйла созбогон,
Тайлагы ээрчип боздогон.
Ингени келип эшикке,
Жетеленип ноктодон.
Атандар оттоп шородо,
Койлору жаткан короодо.
Козулары ирк болуп,
Куйругу кучак келгендей.
Улагы эркеч сыяктуу
Ташка чыгат мергендей.
Тарсылдашып сүзүшсө,

Такымынан челгендей.
Башындагы мүйүзү
Найза аштап бергендей.
Малдын баары жайдары
Баш, аягы көп жерде.
Көркүнө чыгып талаанын
Көңүлүнө төп жерде.
Жата берсин Түгөл бай
Жайып малын откоруп.
Субайларын төрлөрдөн
Эч ким барбайт жоктошуп.
Ээн-жайкын жатышты
Жылкычы, койчу, уйчулар.
Олуя-Ата, Таласта
Кыпчактын калың журту бар.
Элин тамам башкарган
Эр Эшимдей ханы бар.
Тоо туруштук бергисиз
Толкуну күчтүү шаңы бар.
Жортуулчусун жиберип,
Жол тостурат күнүндө.
Кайгуулга киши чыгарып,
Кароол коёт түнүндө.
Кайгуулчудан кеп угуп,
Калың мал келди деп угуп.
Ушакчыдан кеп угуп,
Душман келди деп угуп.
Эр Эшим катуу оолугуп,
Буйрук кылды элине.
— Жылкы тийип ал!—деди
Көргөн-билгендерине —
Жеримди, сууму боктогон,
Желеге кулун топтогон,
Кандай адам ал өзү
Кабарлашпай оттогон?
Четинен тийип алыңар,
Малына колду салыңар.
Душман болсо чалыңар,
Түп көтөрө чабыңар.
Ата-атанын уулунан
Бирден киши барыңар.
Азаматтар, жигиттер,
Айтканымды угуңар.

Кайдан келген эмесиң?
Жарабайт де мунуңар.
Жаагын жарып тамгалап,
Сакалдарын жулуңар.
Колго чочмор карманар,
Коркпой кирип байкаңар.
Колот толгон жылкынын
Субайынан айдаңар.
Кой деп келген жан болсо,
Колу-бутун байлаңар.
Уруксатсыз бу жерде
Учан-теңиз мал менен,
Эч болбосо учташып,
Эр Эшимдей хан менен.
Анан мында келүүчү,
Алманын кабат берүүчү.
Адамдын баары маакул деп,
Айтканына көнүүчү.
Аны кылбас бейбаштын
Айдап малын бөлүүчү. —
Деп ошентип кордуктап,
Жылкы тийип келгиле.
Канчалык эл болду экен,
Маани жайын билгиле. —
Деп эр Эшим айтканда,
Эли карап турбады.
Буулугуп жүргөн жигиттер
Буйругун эки кылбады.
Чапкан бойдон жарышып,
Тизгин колдо карышып,
Тийме-тийме жылкыдан
Четинен бөлүп алышып.
Талаа менен чаңдатып,
Таластын ичин шаңдатып.
Каскак менен кубалап,
Капталга чаап койгулап,
Айыл сайын кур эмес,
Алып келип сойгулап.
Кемпир ашы өңдөнтүп,
Кемеғесин ойгулап.
Келин-кызы чогулуп,
Келгендин баары тойгулап,
Жата берди бир топ күн

Эр Эшимдин доорунда.
Эртели-кеч жигиттер
Эки колу боорунда.
Тийип кеткен жылкынын
Суроо салып артынан,
Эч кимиси келген жок
Түгөл байдын калкынан.
Жылкычылар башта эле,
Айтса Түгөл мейли дейт,
— Кайгырбанар, балдарым,
Калганын багып жейли—дейт
Жок сурап хандын айлына,
Бастырып бириң барба дейт.
Элимди ууру туткан ким?
Башын жарып канда дейт.
Койчу, уйчу, жылкычы,
Кордук көрүп калба дейт.
Элдин ээси эр болот,
Амалы көп анда дейт.
Топук кылып Түгөл бай,
Кеткен малга кейибейт.
Канаат карын тойгузат,
Калганы болот деги дейт.
Арадан бир ай өткөн соң,
Эр Эшим туруп таң калды.
Жок сурап мага бир келбейт,
Кайта кетип калганбы?
Же болбосо көп малын
Дагы башка эл алганбы?
Кокустан душман кол салса,
Берели буга жардамды.
Ой обозгер жигиттер,
Жүргүлө байга баралы.
Ким экенин текшерип,
Абдан сөзгө каналы.
Билеселүү жан болсо,
Берген сыйын алалы.
Билимсиз душман а болсо,
Бириндетип чабалы.
Ченчи болсо калмактан,
Мойнуна зоолу салалы.
Укуругун сындырып,
Уугун отко жагалы.

Керегесин кыйратып,
Келин-кызын ыйлатып,
Төөлөрүн тизип матайлы.
Төрт түлүгүн жыйнатып,
Эгерде жакшы бай болсо,
Келели абдан сыйлашып.
Дос бололу ант менен,
Алтын-жездей чырмашып.
Деп аттанып жол менен,
Чекене чабуул кол менен.
Тандалмалуу баары бар,
Тасып калган кары бар.
Таңдайы таңшып сүйлөгөн
Талыкпаган чечен бар.
Кырк жигити кырк бөлөк,
Кыргыздан башка нечен бар.
Обозгер бар, баары бар,
Оюнга шыктуу дагы бар.
Найзакерден эри бар,
Баатырлары деги бар.
Ак бараң атып, маш болгон,
Адис мергендери бар.
Ашта-тойдо ырдаган
Адамдан шайыр ырчы бар.
Айбандын түрүн тааныган
Жанында аяр сынчы бар.
Анча-мынча эл менен,
Бастырып калды шарт этип.
Эңчегер бойлуу эр Эшим,
Ителгидей барк этип.
Баруучу жери Түгөлдүн,
Айлына жакын калганда.
Көп жылкыны аралап,
Көрүп назар салганда.
Эр Эшим айтып сынчыдан:
— Тандагын деди жылкыдан!
Күлүгү болсо көрүп бер,
Бууданын байкап билип бер.
Тулпарын тандап белгилеп,
Көңүлүмө илип бер!
Дегенинде сынчысы,
Байкап назар салганда.
Баштан-аяк аралап,

Айылга жакын калганда.
Көзү түштү, байкады,
Даакылуу кула быштыга.
Желеден алыс кетпеген,
Такымдан алса теппеген.
Камчыланса баспаган,
Кармап минсе аксаган.
Даакы жүнү түшпөгөн,
Кум сирке басып биттеген.
Желедеги Куланы
Сынчысы тооруп тикетеген,
Эр Эшимдей бегине
Маани-жайын билдирди.
«Тулпар ушу экен» деп,
Көңүлүнө түйдүрдү.
Көп жылкынын ээси,
Марттык кылса, мал берер,
«Хан үйүмө келди» деп,
Кара куйрук нар берер.
Же болбосо жылкыдан,
Тамдамалын ап келер.
Үйдөн куру чыкпа деп,
Мингизүүгө ат берер.
Андайын коюп Куланы,
Алсаңыз сизге чак келер.
Минсеңиз жолуң ачылып,
Алда таала бак берер».—
Дегенинде эр Эшим
Көңүлүндө кымылдап,
Барды байдын үйүнө,
Ичтен тынып жымылдап.
Эр Эшим салам берди эле,
Эшигине келди эле.
Аттарын алып уландар,
Аса байлап киргизди.
Төтөгөлүү чоң үйгө,
Сейилдикке тигичүү,
Сегиз канат боз үйгө.
Орун алды келген эл,
Катарлашып эр жакка.
Көпчүлүгү байкашып,
Көз салышты төр жакка.
Көз имерип караса,

Кара кашка[1] нычалар.
Катар-катар жыйылган.
Капка салган күмүшү
Капшытында үйүлгөн.
Кырмандагы буудайдын
Кызылындай үйүргөн.
Жүгөрүдөй шурулар
Жүк бурчунда төгүлгөн.
Кабаттап тизген бермети
Берекелүү көрүнгөн.
Бутагы сайын кур эмес,
Бакандарга илинген.
Машрөө[2], манат[3], макмалы[4],
Башайы[5] менен барча бар.
Көпчүлүктүн көзүнө,
Көрүнбөгөн канча бар.
Буулум[6] менен булгун[7] бар,
Буулган канча куржун бар.
Жибектен эшкен аркан бар,
Урушка кийчүү калкан бар.
Шурудан кылган буйла бар,
Аруудан буюм кыйла бар.
Көргөндүн көзү талгандай,
Көрбөгөнгө жалгандай.
Телегейи теп тегиз,
Бар сарамжал колунда.
Байбичеси байланган
Бапиктүү чачбак жонунда.
Желбегей ичик жамынган,
Желбирөөч сөйкө тагылган.
Түгөлбай өзү картайган,
Түлөк куштай багылган.
Тотудай күндө таранып,
Кунудан[8] постек салынган
Байбичеси ылайык
Бактысына табылган.

[1] Кара кашка — байыркы кымбат баалуу товар
[2] Ич кийимдин баалуусу
[3] Кызыл нообу
[4] Баркут
[5] Башайынын бир түрү
[6] Кымбат жибектен иштелген кийим
[7] Тоо жандарынын териси аты эле булгун
[8] Жылбырска козу же кулундун терисинен жасалган көлдөлөң

Жайланышып олтуруп,
Жай сурады эр Эшим.
Арва-парва[1] сөз менен
Ал сурады эр Эшим.
Баштан-аяк билгенин
Айтып абдан таанышты.
Эр Эшим менен Түгөлбай
Эзилип сөзгө канышты.
Кымыз ичип кызышып,
Чекеден тер сызышып,
Пейилдери түшүшүп,
Бир-бирине ызышып,
А дегенде эр Эшим,
Жылкы тийип алганын.
Козголбогон көп малга,
Суук колун салганын.
Душманбы же элби деп,
Туюк сыноо кылганын.
Жылкы издеп, жок сурап,
Барбаганын козгоду.
Элден анын жообун
Албаганын козгоду.
Анда Түгөл кеп айтат,
Таң калчу сөздү эми айтат:
— Ой эр Эшим ханым ай,
Ой-тоо да менин малым ай.
Кайсы бирин жоктоймун,
Кайгыртып азиз жанымды ай.
Жетишет го өмүргө
Калган-каткан дүнүйөм.
Карышкыр жесе канчасын,
Кай бирине күйүгөм.
Сурабай бирөө мал алса,
Каткырып, күлүп сүйүнөм.
Мейман келсе куштаймын,
Берекелүү үйүмдөн.
Бала-чака жеп турсун,
Байталдардан карматып.
Эриккенде жигиттер,
Эшик алдын кандатып.
Керек болсо алыңыз,
Өспүрүмдөн тандатып. -

---
[1] Аркы-аркы-берки деген мааниде.

Деп Түгөлбай айтканда,
Эр Эшим катуу уялды,
«Байга бекер кылыпмын,
Бет карагыс зыянды».
Деп ичинде ойлонуп,
Эшик жакка чыгышты.
Ээн-жайкын басышып,
Бир-бирине шыбышты.
Күбүрөшүп сүйлөшүп,
Байлыгына көз салды.
Сынчы кирип үйүнө,
Байбичеге сөз салды:
— О... байбиче, байбиче,
Айтып көрбөй жооп айт.
Сөз сурайын деп кирдим,
Эркин тоодон келипсиз.
Эсеби көп мал менен,
Көчүпсүңөр жазында
Ала шалбырт кар менен.
Керме тоонун сары өзөн,
Келипсиңер шаң менен.
Эчен сонун төрлөргө,
Мал откозгон даң менен.
Эми сизден сурайын,
Жылкы канча, үй канча?
Кумурскадай жайылат,
Коюң канча, кул канча?
Кут үйүңөн куюлат,
Куржундагы бул канча?
Айры өркөчтөн төө канча?
Кызыл куйрук нар канча?
Кызыктырган адамды
Төрт түлүктүү мал канча?
Дегенинде байбиче,
Жооп берди сынчыга.
Хан алдында биргелеш,
Кадыр таап турчуга:
— Айланайын мейманым,
Кайсы бирин айтамын?
Айдап жүргөн бу малдын
Аз-көбүн шундан байкагын.
Башы базар турукта,
Аягы кептеш кудукта.

Туурасы Соң-Көл, Октеркой,
Жеримди байка унутпа.
Ошонун баары калың мал,
Сырымды сурап курутпа.
Байлыгы менен адамдын
Жетеби башы булутка.
Сырымды кантип айтайын?
Бет жуубаган жунукка.
Жумгал ата—Мекеним,
Айтпаймын сөздүн бекерин.
Ээн калган көп малдын,
Эсебин билбейт экемин.
Тиги журттан көчөрдө,
Кара кашка торпоктон,
Бир күндө үч жүз биттетти.
Мурдуна тагып боркоктон.
Андан кийин алты кап,
Арчадан чүлүк буудурдум.
Мурдун көзөп, аласын,
Самындатып жуудурдум.
Ала торпок андан көп,
Алты кап чүлүк жетпеди.
Айдаганга баш бербей,
Айылдын үстүн тепседи.
Кызылынан кыйла бар,
Карасынан канча бар.
Сараласы сандан көп,
Ала бөйрөк андан көп.
Көгаласы мындан көп,
Күрөңдөрү кумдан көп.
Жылкынын жайын сурасаң,
Жебелеп баскан буудан көп,
Торусунан кара көп,
Карасынан ала көп,
Жээрдеси жана көп.
Көпчүлүгү кара көк,
Сарысынан кула көп,
Балдактуусу жуда көп.
Тууну жыккан күлүк көп,
Төлуп жаткан мүлүк көп.
Короо-короо койлор бар,
Козусунан ирик көп.

Атанынан буура көп,
Буулуп жаткан чууда көп.
Буурасынан инген көп,
Булкулдатып минген көп.
Тубар малдан төлү көп,
Тирүүсүнөн өлүү көп.
Айланайын мейманым,
Кайсы бирин сурайсың!
Канчалык эсеп билалбайм,
Кандай айтсам ынайсың?
Балдарым бар, малым бар,
Байбиче болгон чагым бар.—
Деп ошентип басылды,
Кыздарбек аттуу байбиче.
Кайра суроо сурады,
Сынчы мейман аңгыча:
— Ушунчалык көп малга,
Тоёт бекен көзүңүз?
Төркүнүн ким, төзүң ким?
Не жаштасыз өзүңүз?
Дегенинде сынчыга,
Жооп берди Кыздарбек,
Адамгерлик белгиси,
Айткан сөзүн куштар деп:
— Айланайын мейманым,
Жашым элүү бирдемин,
Жайсыз үйгө кирбедим.
Жайылып жаткан көп малга.
Көз тойгонун билбедим.
Төркүнүм төмөн Саруулар,
Түрүлгөн малдын баары бар.
Адам көзү курусун,
Тойбойт экен дүйнөгө.
Кайра-кайра көп малды
Карагым келет күндө эле.
Жалганда жалгыз малы жок,
Жардылар жүрөт тим да эле.
Ошолор байдан топуктуу
Деп ойлоймун мен да эле.
Айланайын мейманым,
Адам көзү курусун,
Мендеби ач көз, кимдеби?
Ким билиптир мунусун.

Өз көзүмдү сынадым,
Тойгондун жайын сурадың.
Угуп тургун, мейманым,
Укмуштун жайын улайын.
Былтыркы жылы Түгөл бай,
Бастырыптыр эригип.
Ал аңгыча алдынан,
Жылкычылар кезигип,
Бир үйүр тоодак көргөнү
Түгөл байга сезилип.
Угары менен токтобой,
Көңүлү катуу берилип.
Атып келди бир тоодак,
Казы алган экен семирип.
Жүнүн жулуп, баканга
Шилисинен илгемин.
Учуп жүргөн канаттуу
Семирерин билбедим.
Чаткаякатан майлары
Таамп турду чыпылдап.
Тогуз карыш чараны
Алдына тоздум кыпылдап.
Ошо чарам үч толду
Бир тоодактын майына.
Анда көзүм бир тойгон,
Айттым Түгөл байыма.
Учан-теңиз көп малга
Тойбогон көз бир күнү.
Топуракка тоёр деп,
Тобо кылам күн-түнү.
Туулгандан бер жакка
Дөөлөт башка орноду.
Төрт түлүк мал биригип
Бир тоодакча болбоду.
Айланайын мейманым,
Менин сырым мына ушу,
Көргөн-билген укмушту
Айттым сизге чыны ушу. —
Дегенде угуп сынчысы,
Чери сөзгө жазылды.
«Атын буруп коём»—деп,
Ал өндөңгөн асылды!
— Кыздарбек деп айтпаймын,

Түгөлбайга түбөлүк,
Жарашып калган себептен,
Мен калысмын күбөлүк.
Атың Жараш болсун деп,
Тукумуң жүзгө толсун деп.
Чын сырынды сен айттың,
Уугундун учу узарар.
Жергең өсүп көбөйүп,
Уулуң уруудан чыккан кыз алар.—
Деп, батасын берди эле,
Эр Эшимдин сынчысы.
Дүңгүрөп жатат талаада,
Түгөл байдын жылкысы.
Ал байбиче балдарын:
«Жараштар» деп атаган.
Аңгемеси чечилет,
Арт жагында—катаган.
Не себептен болгону,
Таралат Түгөл атадан.
Эшиктеги меймандар
Үйгө кирип, наар ичип.
Казандатып эт салып,
Кымызын чардап дагы ичип.
Түштүгүнө тай жешип,
Казы кертип, май жешип.
Аттанарда аларга
Кээжимден[1] кымкап кийгизип.
Тогуздап торко тон коюп,
Байлыгын Түгөл билгизип.
Эр Эшимге жылкыдан
Тандап күлүк мингизип.
— Узасын деп үйүмдөн,
Жылкычылар, чап—деди.
Баш-аягын аралап,
Күлүгүн ылгап тап деди.
Анда эр Эшим сүйлөдү,
Түгөл байга бурулуп.
Отургандын баарына
Айткан сөзү угулуп:
— Ой Түгөлбай, Түгөл бай,
Мен эр Эшим болгону.

---

[1] Алтын орогон кымбат баалуу кездемеден тигилген кийим

Алты атамдан бер жакка
Баатыр атка конгону.
Бир арманым ичимде,
Тулпар атка жетпедим.
Түн уйкумду үч бөлүп,
Жүрөгүм туйлап дегдедим.
Алдыма минген кадиктүү,
Бир тулпардын жогунан,
Чын колду баштап бир жакка,
Чыкпадым Кыпчак тобунан.
Катылып жүргөн калмакты,
Кайра чаап албадым.
Кыргызды чилдей тараткан,
Кытайга бүлүк салбадым.
Эч болбосо береки,
Казакка чалгын чалбадым.
Бизден мурун өтүптүр,
Канча баатыр, канча хан.
Ошолордо бир-бирден,
Болгон экен ач буудан.
Мисалы тулпар Аккула,
Манас минсе чак кула.
Семетейдин Тайбуурул,
Таалайга бүткөн мал тура.
Ээсинин баркын көтөргөн,
Арбактуу жылкы ал тура.
Ошолордун атындай,
Мартабамды арттыра.
Алып учуп жүргөндөй,
Бар экен сизде шарп кула.
Желеңизден көргөмүн,
Көрүп көңүл бөлгөмүн.
Эби келсе бериңиз,
Күчү болсун куланын.
Башы менен дегенге,
Бек уялып турамын.
Жанымдагы элдерге
Сарпай жаап сыйладың,
— Жанада күлүк берем—деп,
Уялтып мени кыйнадың.
Жылкыңызга кол салган
Айып менде болучу.
Кайтып аның үстүнө

Алганда кантип оңучу?
Ыраазымын, Түгөл бай,
Тандап берген атыңа.
Шарт Куланын күчүн бер,
Душманымдан сак болуп,
Өз боюма чак болуп,
Кытай келсе барайын,
Кызыл кыргын салайын.
Калмак келсе камынып,
Калкымды аман багайын.
Мойнуна тумар тагайын,
Жолборс үртүк жабайын.
Тушума байлап алайын,
Душман изин чалайын.
Туйгун[1] жаткан элиме
Туюнтпай басып жоо келсе,
Туу көтөрүп жөнөйүн.
Тулпар жайын көрөйүн,
Душман канын төгөйүн.
Агыны катуу суу келсе,
Байлагандай бөгөйүн.
Жыргап жаткан элимдин,
Жыгылганын жөлөйүн.
Акыреттик сиз менен,
Аяш-адаш болоюн.
Ага-инидей сыйлашып,
Арка бериш коноюн. —
Дегенде жооп кайтарбай,
Бербеймин деп айта албай,
Шарп Куланын маанисин,
Эр Эшимге туюнтуп,
«Кармап алып келгин»—деп,
Жылкычыга буюртуп,
Тулпарлыгын белгилеп,
Айтып турган жери ушу.
Угуп турган эр Эшим, —
Кыпчактардын беги ушу.

### ТҮГӨЛ БАЙДЫН СӨЗҮ

Ой эр Эшим берeним,
Элди баккан кененим.

---

[1] Туйгун — байыркы тилде тынч деген сөз

Мен Жумгалда турганда,
Бээ байлаган желенин,
Жанына барып бир күнү,
Жайылсын бээлер дегемин.
Нак ошондо мен сизге,
Көргөнүмдү айтып беремин.
Базар турук Чатында,
Марал өңдүү сур неме.
Күндүн көзү чачырап,
Чыккан кезде турду эле.
Жылкыларды аралап,
Бир бээни бөлүп кууду эле.
Карап турсам капталдап,
Айдап кетти туура эле.
Темгил-темгил чаары бар,
Келте куйрук эшек жал.
Төрт аягы балдактуу,
Мен көрбөгөн сонун мал.
Кайкы кара бээмди,
Кууган бойдон жоголду.
Издебедим артынан,
Ансайын ишим оңолду.
Ошо түнү карасам,
Ай төбөдөн тоголду.
Жылдыз жайнап жаркырап,
Кадыр түн үйгө оролду.
Ай туяктан бээ союп,
Ак сарбашыл кой союп
Ага-иниге түлөө деп,
Айыл-апага той союп.
Түштө түтүн булаттым,
Түтүнгө түтүн улаттым.
Базар турук өөнүнө
Жылкымды айдап чубаттым.
Келирки жылы кышында,
Келди кайтып кара бээ.
Үйүрүнө кошулуп,
Нышап болду адам ээ.
Эрте токтоп калыптыр,
Тубарына чукулдап,
Чидерип басып турган соң,
Алдынан чыктым утурлап.
Атайын аңдып мен барып,

Карамалап жаткамын.
Тандын үрүл-бүрүлдө,
Шыйрагынан тарткамын.
Тунгагын жарып таштагам,
Турары менен шактаган.
Энесинин үстүнөн,
Каршы-терши аттаган.
Жаныбарым кулундун,
Жанына барсам качпаган.
Сур кула болчу ыраңы,
Тилик түшкөн кулагы.
Көргөндөргө бир кызык,
«Куйругу жок кулун» деп.
Аң-таң калып жүрүүчү.
Алда кандай ырым деп,
Чыктага байлап чатылбай,
Башына нокто катылбай,
Жыл маалына бүт эмген,
Тайында да сүт эмген.
Кунанында кур болуп,
Үч жыл удаа үч эмген
Ушу быйыл бышты эле,
Ноктолоп аркан сүйрөттүм.
Жибектен чылбыр эштирдим,
Жылкычыга үйрөттүм.
Туулгандан бер жакка,
Үстүнөн даакы түшпөдү.
Куйругу өсүп чубалып,
Бакайына түшкөнү.
Араң эле чычаңы
Төрт элиге толду бейм.
Карчыты кең жайылып,
Куйругу кучак болду бейм.
Биз Жумгалда турганда,
Жалгыз өзү кетчү эле.
Базар турук суусуна,
Көз ачканча жетчү эле.
Кайра келип, железен
Нары-бери аттачу.
Үч жылдан бери байкаймын,
Жылкыдай жуушап жатпачу.
Жайы-кышы дебестен,
Бөлөк суудан татпачу.

Соң-Көлгө барса Шарпкула,
Жылкы менен жайылат.
Күндүз көрсө, түндө жок,
Туулган жерге кайрылат.
Көрүнбөйт деп издесе,
Желеден кайта табылат.
Анда-санда көргөн эл:
— Базар турук суусунан.
Таңга маал ичет—деп,
Айтышат жайы-кышынан.
Кармап минсе куланы,
Кашаңдыгы дагы бар.
Каршы-терши камчы уруп,
Таякты жейт жаныбар.
Суусамыр менен бу жерге,
Келгенден бери ойлосом.
Агын суунун башынан
Барып ичет болжосом.
Анткен менен семирбейт,
Аңгилерче элирбейт.
Желеден алыс кете албайт,
Качааган кууса жете албайт.
Кармап минип жылкыны,
Жыйнамакка камынса.
Аш бышымда топтолуп,
Ыраагы жакын табылса,
Таң калбас адам эркиби,
Караанын көргөн жерлерден.
Кайрылып жылкы чогулса,
Колот-колот төрлөрдөн.
Касиет бардай билемин,
Тулпар го деп жүрөмүн.
Эки жакка бастырып,
Эриккенде минемин.
Биздин Базар-Туруктан,
Суусу таза тунуктан.
Ичкен айгыр караса,
Тулпар чыгат уруктан. —
Дешчү эле мурунку
Өтүп кеткен карылар.
Мактады деп ойлобоң,
Ар кимдин сүйгөн малы бар.
Баам кылып угуңуз,

Ой эр Эшим бегим ай,
Кара бээни айдаган,
Кандай эме дедим ай.
Темгил чаар тайкы жал,
Тегерек туяк кайкы мал.
Тоо кайыбы көрүнөт,
Тотудай жүнү бөлүнөт.
Тобурчак сыны көрүнөт,
Томукка жалы төгүлөт.
Куланбы дейм кумдагы?
Куулганбы бул дагы?
Ойноп түшүп келгенби
Ой менен тоо, кырдагы?
Нак ошондон туулуп,
Тулпар болуп калганбы?
Туягында тура жок,
Кантип айтат жалганды?
Кааласаңыз алыңыз,
Кастарлап жакшы багыңыз.
Сөөгү тунган болжолдо,
Душмандын жолун чалыңыз.
Деп, Түгөл бай жылкыдан
Алдырып келди Куланы.
Эр Эшимдей баатырдын
Сөзүн эки кылабы?
Ээрин алып токутуп,
Жалын тарап сылады.
Ачылгансып кабагы,
Кайчыланып кулагы.
Аттанарда кыйшайып,
Бүгө берди тизесин.
Шап эр Эшим аттанды,
Шаркылдатып кисесин.
Бастырганда чатынан
Суурула түшүп жорголоп.
Жалт-жулт этип каранып,
Жүрүшүн түрдүү пормолоп.
Кыялданып кылтылдап,
Кубулуп жүнү жылтылдап.
— Кош эми!—деп, эр Эшим
Бастыра берип кеткенде.
Бай Түгөл менен турган эл,
Көңүлүн атка бурган эл.

Түштөндүрүп, сый берип,
Ызат-урмат кылган эл.
Жарданышып таң калып,
Байкап калды Түгөл бай:
— Ат ээсин тапкан экен—деп,
Дембе-дем сылап сакалын.
Жайкап калды Түгөл бай,
Жүрүшүнө кубанып.
Сөзү сөзгө уланып:
Жылкычылар токмоктоп,
Жыттыгып калган эмедей,
Алмак-салмак миничү,
Кешик жок эле кенедей.
Эми багың ачылды,
Эрдин аты атанып,
Суратпай бербей Куланы.
Менден өткөн каталык,
Жаныбарым Шарп Кула,
Аркырасын арааның.
Суук душман көзүнө
Сүрдүү болсун карааның.
Эр канаты жаныбар,
Ак жолтой бол Эшимге.
Мал да болсоң бактуу бол,
Намызыңды кетирбе. —
Деп, жөнөттү Түгөл бай,
Шарп Куланы мингизип.
Эр Эшимге бир катар
Манат чепкен кийгизип.
Эр Эшим барып үйүнө,
Эл эскирткен бийине.
Куланын жайын билдирип,
Арпа түктөп илдирип.
Аземдетип бактырып,
Алтын мамы кактырып.
Жолборс үртүк жаптырып,
Салтанатын арттырып.
Көбүк карга агытты,
Сынчынын сөзү боюнча,
Жанына үч ат коштурду,
Жайдары бол деп оюнча.
Жыл маалында бир атты
Сойду эр Эшим согумга,

Кара кемик чучугу
Бар экен эки колунда.
Жыйырма төрт ай өткөндө,
Жана сойду бирөөнү,
Жиликтердин баш-башы
Агара элек сөөгү.
Отуз алты ай болгондо,
Үч жылга кур толгондо,
Калган бир атты соём деп,
Сынчысы айткан болжолго,
Толду эми деп сойгондо,
Кемиктин башын ойгондо.
Кенедей жерде кара жок,
Сөөгү тунуп агарып,
Кара эти жок май болуп.
Калгандыгы баары анык,
«Эми көөнүм тынды деп,
Шарп Кула сөөгү тунду» деп.
Колго байлап кайтартып,
Куйругун кучак жайкалтып.
Жалын тарап бөлдүрүп,
Жакшы сылап көндүрүп.
Сууган сайын суналып,
Мамыда турат кыналып.
Сыны чыгып сыртына
Шаңына шаң уланып.
Даакы жүнү жоголуп,
Так секирип оңолуп.
Мамынын башын кемирип,
Кайтарган сайын семирип.
Жогор жагын көп тиктеп,
Жоо көргөндөй элирип.
Жети күнгө чөп жебей,
Жерди чапчып койгулайт.
Музду бузуп талкалап,
Буту менен ойгулайт.
Бактысына табылган,
Маңдайдагы жылдызы,
Жата берсин эшимдин
Жергелүү калың кыргызы.

**ЭМКИ СӨЗ СУУК ДУШМАН АЖААН ДЕГЕН КАЛМАКТЫН КЫРГЫЗГА КОЛ САЛЫШЫНАН БАШТАЛАТ**

Калмактардын Ажааны,
Калк куруткан дажалы.
Курачысын көп кылып,
Төлгөчүсүн төп кылып.
Балчыларын баш кылып,
Бал китебин ачтырып.
Сыйкырчысын жүрмөлөп
Ак чопкутун бүрмөлөп.
Азууларын кайрашып,
Кара курттай жайнашып.
Кечилдерин чогултуп,
Кесирлүүсүн тоорултуп.
Кыргыздарын кырам деп,
Кыяматтай кылам деп.
Жайчыларын жайлатып,
Жай ташын сууга байлатып.
Асманда булут бүркөлтүп,
Айланасын чүмкөлтүп.
Көнөктүн оозун алдырып,
Көктөн мөндүр жаадырып.
Тескери шамал шыбыргак,
Кара бороон дырылдап.
Учуруп кетчү эмедей,
Утур-тетир ырылдап.
Сегиз сай мөндүр куюлуп,
Уйгу-туйгу шырылдап.
Асмандагы канаттуу
Жерге түшүп чырылдап.
Кумдуу шагыл майда таш
Учуп жатат зырылдап.
Жерден жети таш алып,
Ого бетер ырымдап.
Кара суугa салдырып,
Кардан изди чалдырып.
Булактын көзүн муздатып,
Музда жүрсө сыздатып.
Бөксөгө туман курчатып,
Сел жүргүздү каптатып.

Арыбы көп аярлар,
Өздөрү көзгө көрүнбөй.
Кара калмак амалкөй,
Каптап келет бөлүнбөй.
Каркыраанын башынан,
Буурул түндүн сазынан.
Жалпы калмак кол ашып,
Жол түшө элек жон ашып.
Жай саратан күнүндө,
Кыяматтай жут болуп,
Жердин жүзү көк айкы
Кар аралаш муз болуп.
Жайкалган шибер көрүнбөй,
Жайдын күнү кыш болуп.
Көл башында көп кыргыз,
А дегенде туш болуп.
Калмактын кара дубасы,
Күндү жайлап окуган.
Кечилдердин амалын
Эр Эшим угуп чоочуган.
Калың элди аралап,
Каптап келген жери ушу.
Калмак ханы, кол башы —
Канкор Ажаан эр ушу.
Көл башында кыргызды,
Талгардагы казакты,
Такыр чаап кыйратып,
Тарттырыптыр азапты.
Тандалмалуу жерди алып,
Тарпын койбой элди алып.
Ырыскы көктөн куюлган
Ысык-Көлдөй көлдү алып.
Тукум курут кылам деп,
Туудурбастан кырам деп.
Боюнда бар аялды
Жара тартып өлтүргөн.
Керээз айтпай арманда,
Коштошо албай төркүндөн,
Чабылгандар чачылган,
Асманга күлдү сапырган.
Кайчы, тулга, казанды
Каршы--терши талкалап.
Басып алган кыргыздын

Башын жарган балталап.
Ажаан деген жаяны,
Азуусу өткүр чаяны.
Жыргап жаткан кыргызга
Жылыга тийген залалы.
Мына ошондо далай эл
Туш-туш жакка тарады.
Кабарчыдан кеп угуп,
Калмак келди деп угуп.
Ак кагаздан кеп угуп,
Анжиян арка эл угуп.
Атпай элди кууруп,
Ажаан келди деп угуп.
Кыпчактардын эр Эшим,
Элине айтып кеңешин.
— Баатыр кыпчак кайда деп,
Баарыңар жер чайла—деп.
Эсебин алып эл жыйып,
Эшигине топтотуп.
Арбын кошун алууга,
Акыл-кеңеш токтотуп.
Элинен алды миң киши,
Калганы жок билгичи.
Ошон үчүн кат берип,
Доол байлап ат берип.
Катагандын ханына,
Кабар берди чакырып.
Эркин жаткан жыргашып,
Эли минтип чачылып.
Достошомун деп ойлоп,
Душман келип кыскандан.
Аскери колдо аз үчүн,
Айлын калмак бузгандан.
Кабыргалаш жатычуу,
Катагандын элдери.
Калкы көчмөн аралаш
Катарлаш эле жерлери.
Кыпчактын төмөн жагында,
Күркүрөөнүн сайында.
Катаганды башкарган,
Хан Турсун бар тагында.
Бир чекеси элинин,
Ташкендин кыйдам тушунда.

Бир чекеси Сайрандын,
Талас жакты тышында.
Ортосу Түлкү-Башыда,
Орчуну турат ушунда.
Ойротко дайын катаган.
Отурат жайы-кышында.
Хан Турсунду чакырып
Үлүш берди эр Эшим.
Этке аралаш тарттырып
Күрүч берди Эр Эшим.
Алтымыш жамбы куржундан
Күмүш берди эр Эшим.
Достугу үчүн тогуздап,
Жорго берди эр Эшим.
Ойротту чаап келгендей,
Олжо берди эр Эшим.
Кунан чабыш — ат чабыш,
Мөрөйү көп эр сайыш.
Ар санатын арттырып,
Көкбөөрүсүн тарттырып.
Хан Турсун менен дос болуп,
Эзилип көңүл кош болуп.
Кылычтын мизин жалашып,
Мынтык оозун өбүшүп.
Ант кылышып турганда,
Катаган, кыпчак көрүшүп.
Эр Эшим элин тапшырып,
Хан Турсундай досуна.
Акыретте күйбө деп,
Антташкан достун отуна.
Мен кетемин калмакка,
Намызымды алмакка.
Айлымды сага тапшырдым,
Сени койсом арбакка.
Дедим эле оюмда,
Талап кылып бармакка.
Ошон үчүн чакырдым
Кеңешимди салмакка.
Каарын төккөн катуу жоо,
Камап кирип келиптир.
Казак менен кыргыздын,
Канын суудай төгүптүр.
Намыс үчүн нар жакка,

Кетирели кубалап.
Бир четинен кыргызды,
Чапкан экен будалап.
Жерге туман салыптыр
Жай жайлатып дубалап,
Угуп карап турбаймын,
Урушка-уруш уланат,
Буга, досум, не дейсиң?
Билгениңди сүйлөгүн.
Айтарым ушу мен сага,
Калган элди бийлегин.
Журтум сенде аманат,
Кайтаргын жоодон саламат.
Каары катуу калмакка,
Карышкырдай аралап.
Кара курттай кечилди,
Каптайын барып камалап.
Кайрылып андан келгиче,
Калбасын журтум талаалап.
Канаттуага кактырба,
Кас душманга чаптырба.
Катын, бала алсызды,
Кул-күң кылып саттырба.
Тумшуктуура чокутпа,
Тырмактуура тыттырба.
Түрү суук жоо келсе,
Түшүрбөгүн туткунга.
Уй түгүндөй көп калмак,
Уйпалайын мен барып.
Эсен-аман келгиче,
Эл башкаргын сен калып.
Анда досу хан Турсун,
Эр Эшимге ант кылып:
— Ой жан досум — жан досум
Оюңда күмөн болбосун.
Ишиңди кудай оңдосун.
Кожо-Асаным колдосун.
Жолуңду Кошой жолдосун,
Бул сапарга барып кел.
Чек араны чалып кел,
Нары-бери аралап,
Намысыңды алып кел.
Ак карлуу тоону түптөп кел,

Ак жамбысын жүктөп кел.
Мөөсүлүмө[1] чыгарып,
Кыз-кыркынын тизип кел.
Кыйры бөлөк душмандын
Кымыздай канын ичип кел,
Элден убаа жебегин,
Балан-бакүн дебегин.
Алым-алман албаймын,
Андай чыгым салбаймын.
Чекесине чертпеймин,
Элиңе ыдык көрсөтсөм,
Кантип сага беттеймин?
Акыретке барганча,
Анты-герттен кетпеймин.
Элиң менде аманат,
Жергесинде сактаймын.
Эсен-аман келгиче,
Берген тузуң актаймын.
Катаганга иргелеш,
Катар конуп биргелеш.
Тура берет айылың,
Мейманчылап кез-кезде,
Барып турсун зайыбың.
Балдарыңа айтып кет,
Катташканын үзбөсүн.
Казан-аяк аралаш,
Болгондугун күчтөсүн.
Аман келсең уруштан,
Конушарбыз короолош.
Кышынкысы болгондо,
Бозо ичербиз жороолош.
Куда-сөөк болорбуз,
Курчалышып конорбуз.
Сен — катаган, сен — кыпчак,
Деген сөзүм жок болор.
Анты-шерттен мен жылсам,
Аксак сары ат козголор.
Калкыңа кара санаган
Канеткенде дос болор?
Арам бикир ойлогон,
Достун түбү жок болор.

---

[1] Мөөсүл — согуштан түшкөн олжо

Кайыр энди, эр Эшим,
Жеңил барып, оор кел.
Эриш бузуп, жылкы алып,
Эсен-аман соо кел.—
Деп жөнөттү кошунду,
Эр Эшимден көрдү эле.
Эл кылбаган озурду.
Бир-биринен эки дос,
Ажырашты коштошуп.
Айыл-апасы, аялдар,
Айланышып топтошуп.
Асман ачык күн болуп,
Ай жарыгы түн болуп.
Улуу кошун жүргөнү,
Урулуу журтка дүң болуп.
Алтын айчык кызыл туу
Алда канча шаң болуп.
Желпилдеген желектер,
Жердин жүзү чаң болуп.
Күндүз жүрүп, түн катып,
Күүгүм талаш үн катып.
Жалындаган оёндор,
Жан казандар байланган.
Жалаң кылыч колго алып,
Жаа тарткычтар шайланган.
Эр жүрөктөр, баатырлар
Эр Эшимге айланган.
Сары өзөн Чүйдү чаңдатып,
Самсып өттү сайлардан.
Эки Кемин жер менен,
Калмак ашуу бел менен.
Тоо түгөнгөн чөл менен,
Толкуган ысык көл менен.
Кызыл-Кыя Заңташтан[1],
Бетегелүү кой таштан.
Үч-Каркыра, Кегенден,
Текес-Кыяс дегенден,
Калмактардын колуна
Аралашкан жери ошо.
Ал жердеги көп кыргыз
Чабылып калган эл ошо.

---

[1] Сан-Ташты айтып жатат

Туу көтөргөн кош башы,
Тулпар минген шумдары.
Аламан-коюп, ат коюп,
Качырып найза сунганы.
Эр Эшим ураан чакырып,
«Эр Үрбүм!» — деп бакырып.
Эки жактан калың кол
Каптап калды качырып.
Кудай бетин көрсөтпө,
Куйкаланып жер бети.
Куу качырган туйгундай
Кулага минген келбети.
Эрдин эри качырса,
Жыгылды калмак желдети.
Ач кыйкырык, кур сүрөөн
Жердин жүзү тумандан.
Ат боорунан кан болуп,
Ажалдуулар бурандап,
Колго түшкөн жайчысын
Санына чылбыр салганы.
Суу-суунун башын издетип,
Төрдөн чалгын чалганы.
Колго түшкөн калмактар,
Кордук көрсө тил билбейт.
Алдап-соолап сураса,
Айткан сөздү бир билбейт.
Ылаачын тийген каргадай
Калмактарды үркүтүп.
Каптап кууп баратат
Кайра нары дүргүтүп.
Жайчыларын жаткырып,
Боорун ташка бастырып.
Кечилдерин кармашып,
Бал китебин ачтырып.
«Баарын кылган ушу» деп,
Барактарын жанчтырып.
Бакылдатып сабатып,
Башын жарып канатып.
Орчундары кез болсо,
Орго салып каматып.
Арыптуу нечен аяры,
Колго түшүп кокуйлап.
Кордук көрүп байланып,

Курачылар кошо ыйлап.
Дубакөйдүн баарысын,
Кармап алып бычактап,
Каршы тилди далысын.
Күндүн көзүн алгандар,
Жай ташын сууга салгандар,
Уңгусу болот найзалуу,
Уруудан чыккан балбандар,
Жер союлган калмактар,
Кара курттай лыкылдап,
Карама-каршы атышып.
Кайнагандай быкылдап,
Эки кошун бет болуп.
Эсеби жок көп болуп,
Мынтыкчандар атышып,
Жерге сулап жатышып,
Найзалуулар сайышып.
Ат үстүнөн майышып,
Чарайналар чака-чак.
Айбалталар така-так.
Кылычтуулар чабышып,
Кызыл канды агызып.
Кыйма-чийме кагышып,
Кый сүбөгө малышып.
Очогор, Гүлдүрмамайга[1]
Оозунан окту урушуп.
Милтелерин түтөтүп,
Окчо кармап турушуп.
Түтүндөн киши көрүнбөй,
Ачкан көздү жумушуп.
Бет алдынан келгенин
Бирин-бири куушуп.
Нары карай качырып,
Найзаларын сунушуп.
Жаанын огу чыпылдап,
Кадалса каны тыпылдап.
Ат боорунан кызыл кан,
Агып жаткан андан көп.
Жарадар болуп кээ бирөө,
Талып жаткан андан көп.
Өжөр калмак өз ичин

[1] Ошол кездеги мылтыктын түрү

Жарып жаткан андан көп.
Өзүн-өзү өрттөшүп,
Күйүп жаткан андан көп.
Өлүктөрүн чункурга,
Үйүп жаткан андан көп.
Калмактардын Ажааңы
Теминөөрү карк алтын.
Төңөлүгү куймалуу,
Үзөңгүсү чылк алтын.
Тели шалкы бууданын
Теминип койсо жеткендей.
Анча-мынча жылкыны,
Тебелетип кеткендей.
Темир найза колунда,
Тепчий сайса тешкендей.
Жаалданып кыйкырса,
Жанынан адам кечкидей.
Ошо күндөн ушу күн,
Эр Эшим экөө бет келбей.
Аламан уруш үстүндө,
Бир-бирине кез келбей.
Дөө экенин билгизип,
Төбөгө кылыч кезгербей.
Түртүшүп найза сунушпай,
Ат үстүнөн урушпай.
Биринен-бири күч сынап,
Билектерин жулушпай.
Эр Эшим, Ажаан-эки дөө,
Мандай-тескей болгулап.
Эки жак элди беттетип,
Баатырлары кол курап.
Тулпарларын түйүлтүп,
Толорсукка койгулап.
Калмактардын Ажааңы,
Кыйкырыгы таш жарат.
Патманатын чакырса,
Бакырыгы баш жарат.
Ат ойнотуп алыстан,
Алганы колдо барыскан.
Турбай туйлап тулпары,
Кол сыйрылып карышкан.
Коё берсе кокустан,
Анды-дөңдү ылгабай,

Ала качып кетчүдөй.
Артынан кууган кишини,
Аңтара салып тепчүдөй.
— Кайда бурут кайда? — деп,
Карап турган кезинде.
Шарп Куланы бир сынаш,
Эр Эшимдин эсинде.
Үртүгүн алып жайдактап,
Көкүлүн көккө түйдүрүп.
Куландан тууган куланын
Куйругун кайра шүйдүрүп.
Анжияндын ак каңкы,
Шарп Кулага чак каңкы.
Кош басмайыл, кош олоң,
Бурма бугу чылбыры.
Алты айдан бери калмактын,
Болуп жаткан кыргыны.
Чылбырын белге курчанып,
Бөктөргөсүн бек таңып.
Кол канжыга бокчолоп,
Кош бүлдүргөн төңөлүк.
Качыра турган өңдөнүп,
Карагай найза өңөрүп.
Кара сур өңү көгөрүп,
Ызырканып тиштенип.
Кызарып көзүн тиктенип,
Эңчегер бойлуу Эр Эшим.
Бук болуп ичи зиттенип.
Бою турна тарамыш,
Кармаса колу темирдей.
Баса минген кулага,
Балтыры өгүз белиндей.
Тоо туруштук бергисиз,
Толкуну көлдүн лебиндей.
Алгыр бүркүт кабактуу,
Жаткан иттей кашы бар.
Чүйлүсү жолборс моюндай,
Жан казандай башы бар.
Каргылуу найза кармаган,
Кадалган жери ырбаган.
Сок билектей чочмору,
Тийген жерин кандаган.
Ак каңкыда илилүү,

Ай балтасы шыңгырап.
Шарп кулага аттанып,
Бастырып чыкты зыңгырап.
Тулпар кула мингени,
Туулга башка кийгени.
Чарайнасы чапталуу,
Сооту жынжыр илмелүү.
Муздай темир курчанып,
Мурунураак жер чалып.
Шарп куланы жулкунтуп,
Ооздугун булкунтуп.
Такымына камчы уруп,
Тарсылдатып карс уруп.
Качырышкан жери ошо,
Уңгулуу найза учу курч,
Учу болот кара курч.
Карагайга каптаган,
Каршы-терши тарамыш.
Камчыга — камчы үзүлбөй,
Качырышты түтүндөй.
Ажырекке болжошуп,
Унгусунча орнотуп.
Жандын ээси жүрөктү,
Жара сайып өтөм деп.
Тели шалкы үстүнөн,
Тегеретип кетет деп.
Суук душман Ажаанды,
Сойбогонум бекер деп.
Өлчөлүү жерге болжосом,
Өлбөгөндө нетер деп.
Өпкөсүнөн тешер деп,
Сайганда найза мылк этти.
Азгана башы шылк этти,
Жыгыла турган өңдөнүп,
Оой түшүп жөндөнүп.
Кайра баштан толгонуп,
Аттан түшпөй оңдонуп,
Эки жактан эки адам,
Жөлөмөлөп алды эми.
Камбылды көздөй бет алып,
Салгар жолго салды эми.
Ортого алып калмактар,
Касканактап калды эми.

Кайнатма кара дарысын,
Кырма кызыл абуусун,
Кырып-сүртүп жарага,
Айыктырды анысын.
Байкап калды чочунуп,
Эр Эшимдин сайышын.
Жаранын оозу карттаныш,
Чып-чып сары суу болуп.
Каны катып айыгып,
Карыш жерге куу коюп.
Нары-бери таңуулап,
Лат-манаттап чуу коюп.
Качып калды калмактар,
Кайра нары дуу коюп.
Качкан жоонун артынан,
Сайып барат сабалап.
Калың калмак кечилди,
Карышкырдай аралап.
Кыйдамына келгенде,
Кырып кетип баратат.
Жолугуша келгенде,
Жоюп кетип баратат.
Ортосунан эр Эшим
Оюп кетип баратат.
Колу коонуп неченди,
Союп кетип баратат.
Жаанын огу жамгырдай
Жаап кетип баратат.
Чочморлуулар чокуга
Чаап кетип баратат.
Кылыччандар кыймалап,
Кесип кетип баратат.
Иче-кардын имерип,
Эшип кетип баратат.
Кайрыларга айла жок,
Качып кетип баратат.
Капкасына кирүүгө
Шашып кетип баратат.
Чилдей тарап туш-тушка,
Уй түгүндөй көп калмак,
Уйпаланып бириндеп,
Учу-түбү бек калмак.
Турпан менен Камбылга

Үйүлдү барып чеп кармап.
Таштамырчак калаасын
Талкалатып эр Эшим.
Дарбазасын чактырып,
Балталатып эр Эшим.
Баатырларын чогултуп,
Баарына айтып кеңешин.
Касташканым калмактын
Ажааны эле, журтум, ай.
Кана карап кылалы,
Мокобосун курчуң ай.
Ажаан колго тийбесе,
Эл алдым деп айтканым,
Баатырлыктын иши эмес
Мактанып үйгө кайтканым.
Баарың тегиз угуңар,
Жашың менен улууңар,
Ажаан калмак капырдын
Шаарын тегиз бузуңар.
Ажаан колго тийгиче,
Эми бир жыл туруңар.
Бастырып жерин чайлаңар,
Курачысын байлаңар.
Төрөлөрүн кармаңар,
Каны колго тийбесе,
Кантип үйгө барабыз?
Ажаанынан өч алып,
Түп көтөрө чабабыз.
Каныбызга кан алып,
Жаныбызга жан алып,
Анан үйгө кайталы.
Узун аяк-мал алып,
Казак, кыргыз чектеги
Калган экен талапып.
Бир кишиге миң киши,
Өлтүрөлү кун алып.
Куржундарга толтуруп,
Өлүүдөн нечен пул алып.
Күмүш кисе, бото кур,
Күңгө кошуп кул алып,
Анан үйгө кайталы,
Эрдикти элге айталы.
Шаарга кирди бекинип,

Ажаан деген шайтаны.
Аны кармап алалы,
Мойнуна күндө салалы.
Чапкыла журтум чапкыла,
Жабыла издеп тапкыла.
Казанын чагып талкалап,
Сапырып күлүн чачкыла.
Зыяндуусун жоготуп,
Дарга мойнун аскыла.
Сыйкырчысын муунтуп,
Сыйыртмак салып тарткыла.
Кара дуба билгенин,
Какшатып сөөгүн чаккыла.
Каржилигин сындырып,
Жерге кийре каккыла.
Өтүн жарып сыртынан,
Эстен кеткис кылгыла.
Санына чылбыр бургула,
Санат кылып ургула,
Сакалдарын жулгула.
Жалпы аламан киргиле,
Жаагын жара тилгиле.
Жайы-кышы тартынбай,
Жагалмайдай тийгиле.
Мени-мени дегендер,
Менин камым жегендер.
Жүрөгүңө курч байла,
Уруудан чыккан кеменгер.—
Деп, Эр Эшим турганда,
Намыс жолун кууганда.
Кара шаар Камбылдан,
Кара жылга балгындан.
Калмактардын Ажааны,
Качып чыкты дажаалы.
Калың кыргыз тосмолоп,
Кармай албай калды эле.
Кашкар жакка бет алып,
Кара жолго салды эле.
Эр Эшим карап турабы?
Камчыланып куланы,
Качкан Ажаан артынан
Каакым болуп чурады.
Каршы алдынан келгенин

Каттап кетип баратат.
Карма-карма-карма деп,
Какшап кетип баратат.
Телишалкы союлгур,
Көрүнгөндө көрүнөт.
Көрүнбөсө түгөнгүр,
Көккө чаңы бөлүнөт.
Шашкаландап эр Эшим,
Шарп Куланы теминет.
«Чу» деп койсо жаныбар,
Канаттудай зуулдайт.
Кара көздөн жаш ыргып,
Этек-жеңи дуулдайт.
Кырда сурнай тарткансып,
Жал-куйругу чуулдайт.
Жар урунса алдынан,
Жаадай ыргып чуратат.
Жабык бою бийикти
Жапырылтып уратат.
Көрө-көрө жакындап,
Көккө чаңды буратат.
Тоголотуп буттары,
Топудай таш кулатат.
Буртулдатып көбүктү,
Буттарына жабылтат.
Такымына куйругун
Тарсылдатып чабылтат.
Кемегедей жерлерди
Төрт туягы ойгулайт.
Калмактардын Ажааны
Каршы-терши койгулайт.
А да тулпар закымдайт,
Бу да тулпар такымдайт.
Кээде кызып, тер чачып,
Куйрук улаш жакындайт.
Анткен менен карматпай,
Далы ортосун кандатпайт.
Кашкар барды алдырбай,
Карагай найза салдырбай.
Турпан барды алдырбай,
Туурадан найза салдырбай.
Челек менен Чарымды
Улан-Батор, Талгарды.

Үч айланып карматпай,
Канат жасап алганбы?
Кайта тосуп кубалап,
Текес-Кыяс белине,
Тегеректеп курчаган,
Жолукту кыргыз элине,
Туш-тушунан тосмолоп,
Тоссо кайдан козголот?
Элди жара качканда,
Эр канаты Шарп кула,
Ошондо кулак жапырып,
Үстүндөгү эр Эшим:
«Эр үрбүм!» деп бакырып,
Эңкейип найза салды эле,
Кыр арканын тоому деп,
Кый сүбөгө малды эле.
Демжип дагы нетти эле,
Унгусунча жетти эле.
Тебетей сайган эмедей
Тегеретип кетти эле.
Кооно түшүп колдору,
Өпкөгө найза орноду.
Калмактардын Ажааны
Кандеке жатып сойлоду,
Кайра-кайра сайгылап,
Кара көзүн ойгону.
Карга-кузгун жесин деп,
Кабакка сүйрөп койгону,
Каны менен жинине
Карышкыр-түлкү жойлоду.
Айыгышып эр Эшим,
Акырында койбоду.
Үч жылы толук урушуп,
Намысын алды ойдогу.

## МИСАЛЫ

Мына шундай мисалы,
Сокку уралы душманга.
Акыр заман салалы,
Чек араны бузганга,
Эр Эшимдей кеменгер

Толуп жатат элимде.
Эрдин эри тандалып,
Эркин өстү жеримде.
Эзелден кыргыз тукуму
Эр Эшимден таралган.
Эмки биздин баатырлар
Таалай үчүн жаралган.
Душманына кыргыздын
Кылыч мизи жаланган.
Өрчүп-өсүп кызылдар,
Өч алгыла арамдан.
Элди коргоп душмандан,
Эр атакка конолу.
Эмки Гитлер-Ажаанды
Кармап алып соёлу.
Канын суудай агызып,
Кара көзүн оёлу.
Көптөн Ажаан кутулбайт,
Көбөмүн деп жутунбайт.
«Кабамын» деп, экинчи
Кайра бизге кутурбайт.
Кутурганды талкалап,
Көзү башын балталап,
Ок аталы, кырылсын,
Оозу-мурду кан жалап.
Эне-атасы арнаган —
Эшим эле өз аты.
Эрдиги артык болгон соң,
Эл атаган дос аты.
Эсен жүрсүн баатыр деп,
Эр Эшим болгон кош аты.
Ошол өңдүү, жаштарым,
Эрдик атак алыңар.
Ушу быйыл душманды
Ута турган чагыңар.
Уяларын кыйратып,
Буза турган чагыңар.
Канат керип асманга,
Уча турган чагыңыр
Уул-келин, кары-жаш,
Умтулгула баарыңар.
Экинчи дагы Эшимдин
Элинен кабар алыңар!

Эр Эшим Ажаанды алып, душманын жеңип кайтканы жана кан Турсун досунун аңгемеси.

Көп калмакты олжолоп,
Айры төөдөн нар алды.
Калгандарын багынтып,
Узун аяк мал алды.
Куржун-куржун пул алды,
Күң менен канча кул алды.
Сулуудан тандап кыз алды,
Оймоктуудан уз алды.
Кайра тартып эр Эшим,
Келе жатат жол менен.
Эриш бузуп жоо алган
Эчен баатыр кол менен.
Таң атардын — Буурул түн,
Үч Каркыра, Текеске,
Келип конду кошууну.
Көкөкулдун Бекетке
Эр Эшим элге кеп айтат,
«Эл сагындым» деп айтат:
— Ой кошунум, угуңар,
Баарың макул дегиле.
Үч жылдан бери жолдобуз,
Мен барайын жериме.
Сай кашкалар чогулуп,
Макулдукту бериңер.
Силер аста-жай жүрүп,
Ат өргүтө келиңер.
Мени менен биригип,
Жолдош болчу кимиңер.
Аты мыкты азамат,
Тандалгыла бириңер.
Кимдер барат, ким калат?
Ылгап атты миниңер.
Эл аманын билейин,
Эрте Чүйгө кирейин.
Ушу бүгүн Таласка
Ура жүрүп барайын.
Күн батканча мен жетип,
Элден кабар алайын.
Мени менен бир жүрүп,
Арыбасын атыңар.

Атка ишенбей турганың,
Аскер менен жатыңар.
Таңдын эре-середе,
Кошко жүктү артыңар.
Кужулдашып кокустан,
Козголбосун багыңар.
Кол башчыга багынып,
Жол иретин бузбаңар.
Ыктуу жерге түнөшүп,
Жай баракат уктаңар.—
Дегенинде козголуп,
Эки түгөй сур минген.
Аттарына ишенип,
Эшим менен бир жүргөн.
Эки кара буурулчан,
Экөө бирдей куудул чал.
Жана да бир жоргочон,
Жолдош болгон болжосом.
Артынан бир тору айгыр.
Минген жигит кошулду,
Чатырашып жүргөндө,
Чаң асманга созулду.
Шарп кулага эр Эшим
Баса минип отурду.
Жаныбарым Шарп кула,
Такымга тери чачылып,
Шайбыр жүрүш салганда,
Жердин бети казылып.
Кемеге болуп оюлуп,
Кергенде колтук чоюлуп.
Кайчылашып кулагы,
Кыялданып кылт этип.
Бура тарта бергендей,
Буйтагансып булт этип.
Жорголой түшүп жебээлеп,
Эки жакка керээлеп.
Туяктан кумдар серпилип,
Жол боюна себелеп.
Алдына тура калганда,
Кетүүчүдөй тебелеп.
Жүрө-жүрө кызыган,
Турасы оттой ысыган.
Октос берип түйүлөт,

Оозунан көбүк үйүлөт,
Ыкчырылып ылдыйда,
Ылаачындай шүйүлөт.
Үстүндөгү эр Эшим,
Өз алдынча сүйүнөт.
Кээде тиши арсылдайт,
Таманы жерге тарсылдайт.
Дүбүртүнөн бөлөк ат,
Тең жүрө албай салпылдайт.
Артындагы алты адам,
Карамалап келейтат.
Кылчайып артын эр Эшим,
Жана карап келейтат.
Катар бирге жүрө албай,
А дегенде баягы,
Жорго минген азамат
Белде калган сыягы.
«Жоргонун бели» аталып,
Белги болгон туягы.
Андан бери келайтып,
Эки ак сур ат мингендер,
Калган экен талаада.
Ишенип бирге жүргөндөр,
«Эки Аксуу» деп ан үчүн
Атаган өлгөн малы үчүн,
Андан кийин кош буурул,
Калып калган жерине.
«Эки кара буурул» деп,
Атап койгон элиме.
Тору айгырчан кишиси
Көлдүн күнгөй учуна
Келгенинде калыптыр.
Тозордун кыйдам тушуна,
«Тору — айгыр» деп ат коюп,
Атаган экен илгери.
Эмгиче айтып сөз кылат,
Карылардын билгени.
Шарп кула менен жүрө албай,
Өлүптүр алты ат зоругуп.
Тулпарга кантип тең келет,
А турмак канаттуу өтпөйт корунуп,
Көкөкулдун Бекетте
Көлдө калган турбайбы?

Кошо жүрүп бир топ ат,
Жолдо калган турбайбы?
Буга окшогон тулпарга,
Кубангандан ырдайлы.
Жалганбы же чын бекен?
Кел, көпчүлүк, сындайлы.
Тулпар минген эр Эшим,
Аларга карап турбады.
Аксы менен Таласка
Жетмейинче тынбады.
Боом ылдый Шарп кула,
Буулуккандай баратат.
Мойнунан жаңы тер чыгып,
Сууткандай баратат.
Сары-Өзөн Чүй талаада,
Самсыгандай баратат..
Кантара тартып оозун,
Камчыланбай баратат.
Ашмаранын оюна,
Аккан суунун боюна,
Ооздугун чыгарып,
Агын суудан сугарып,
Чылбырын кармап откорун,
Чырым уйку жок болуп,
Араң эле ал жерге
Аш бышымдай токтолуп.
Ура жүрүп олтуруп,
Ошо күнү бешимде
Таластын чаты жайыкка.
Намаздигер кечинде,
Барган экен эр Эшим,
Турасы кызыган кезинде.
Суу боюнда боз секи,
Ага чыгып караса,
Айраң-азыр таң калды,
Айландырып санаса.
Как эткенден карга жок,
Карарып чыккан мал да жок.
Кук эткенден кузгун жок,
Куркулдаган жытчыл жок.
Же болбосо, асманда
Канаттуудан учкул жок.
Караанда эме көрүнбөйт,

Кай кеткени билинбейт.
Калкы кайда, мал кайда?
Караса көзгө илинбейт.
Кай кеткени белгисиз,
Калың кыпчак эли жок.
Серепчилеп көз салса,
Жакын жерде шеги жок.
Журту калган, ит улуп,
Жолбун иттер бүт улуп.
Аны көрүп эр Эшим,
Айланып көөнү бузулуп.
«Кандай жорук болду? — деп,
Элим кайда конду?» — деп.
Акылы тарап бириндеп,
Боз секинин жонунда,
Сыр найзасын таянып,
Таластын тасма жолунда.
Не кыларын биле албай,
Андан ары жүрө албай.
Айланып башы тел болуп,
Көзүнүн жашы сел болуп.
Санадар болуп турганда,
Арт жагында бир аттын,
Дүбүртү чыгат шырпылдап,
Кылчайып аны караса,
Бир абышка шылкылдап.
Арман ырын айткансып,
Анда-санда кыңкылдап.
Келип салам берди эле,
Алик алып эр Эшим,
Жол болсун деп турду эле.
Анда абышка мындай дейт:
— Кол аттанып калмакка,
Козголонду саларда.
Камындым эле мен дагы
Камбылдар чалгын чаларда.
Көп аскерге аралаш
Кошулдум эле аларга.
Караан тартып баргамын
Кайыптан олжо табарга.
Байкабаган окшойсуз,
Көпчүлүктүн ичинде,
Отоо башы мен элем.

Түгөл байга жылкычы,
Отуралбай үйүмдө,
Козголгон жүрөк курч ушу,
Минген атым кара бээ,
Шарп куланын энеси.
Артыңыздан келейтам,
Ач буудандын деги өзү.
Дегенинде таң калып,
Кеп-кеңешин бүтүрүп.
Эр Эшим менен абышка,
Эл табууга күтүнүп.
Ээн калып жерлери,
Эчак үркүп элдери.
Кайыры чыгып бат эле,
Калмакты барып жеңгени.
Күн чыгышка бет алып,
Кайра тарткан жери ошо,
Каңырыгы баш жарып,
Капа болгон кези ошо.
Мал сүрдөөнү кетиптир,
Күн чыгышты жүздөнүп,
Эч айласыз эр Эшим,
Ээрдин кесе тиштенип.
Таластын башы Суусамыр,
Гөй-гөй ашып тоо менен.
Ат изине чөп салып,
Ак карлуу бийик зоо менен.
Айылдын дайынын табалбай,
Алтымыш катмар коо менен,
Ала бел өтмөк бел менен,
Алты гана тор менен
Суусамырдан өздөндөп,
Жумгал ата чөл менен.
Келсе Түгөл жеринде,
Жыргап жаткан убагы.
Сураса дайны билинбейт,
Кыпчактардан дубаары.
Тамактанып, наар ичип,
Бир азга чыдап турабы?
Элдин ээси эр Эшим,
Элин таппай тынабы?
Абышкасын ээрчитип,
Тыным албай түн жүрүп.

Төбөдөн үркөр ооганда,
Конушту токой бууганга.
Таң атканда абышка
Эр Эшимге көрсөтөт:
— Мына муну көрдүңбү?
Баарын чала мүлжүгөн,
Сөөктөр бар үйүлгөн.
Табалы барып күндүүдөн,
Тескейди көздөй кеткендир,
Баарыга кайгы жеткендир.
Элиң ачарчылыкта
Болгон окшойт чамасы.—
Дегенинде эр Эшим
Бөлүндү нечен санасы:
«Чын эле элим ток болсо,
Тазалайт эле сөөктү.
Такырайтып кетмекчи
Тал чыккан токой жээкти.
Мал сүрдөөнүн кубалап,
Тескей менен жүрөлү.
Буйгалап күндүз тим жатып,
Түндө айылга кирели.
Жакын жерден эл дайнын,
Жатып аңдып угарбыз.
Жакалап көлдү бойлойлу,
Жатарда барып бугарбыз.
Кимдин эли болсо да,
Чалгын чалып турабыз.
Эгерде душман эл болсо,
Качырып найза сунарбыз.
Кан Турсун дос табылса,
Кайрылып салам кыларбыз.
Алда эмне болду экен?
Калган го журтум талаалап?
Кан Турсундай досума
Калтырдым эле аманат.
Досумду душман чалган го,
Тоздуруп бүтүн сайган го?
Катаганга катарлаш
Кыпчакты кошо алган го?
Биз Камбылда экенде,
Каптап калмак барган го?
Катаганга, Кыпчакка

Каран түнду салган го?
Касаптап баарын айдаса,
Жеген эт чала калган го?
Ак калпактуу кыргызга
Ачарчылык жааган го?
Сары изине чөп салып,
Табалбасак арман го?» —
Деп аттанып тескейлеп,
Ылаколду бойлогон.
Тоону түптөп төш менен
Эл барбы деп ойлогон.
Күндүз кечке тим жатып,
Кечинде бугуп үн катып.
Караанын көрүп айылдын,
Карышкырча түн катып.
Жылдыз каркап толгондо,
Жатар мезгил болгондо.
Түндөсү кабар алмакка,
Айылга жакын бармакка.
Нээти кетип эр Эшим,
Короого чабуул салмакка:
— Кимдин эли болсо да,
Тилин тартып көрөйүн.
Сен, абышкам, туратур,
Мен айылга жөнөйүн.
Атайы душман бу болсо,
Атышып жатып өлөйүн.
Же аттын терин кайтарып,
Айдап жылкы бөлөйүн.—
Деп, баягы жолдошу
Абышканы аңдытып.
Тура бер деп колотко,
Санадар кылып каңгытып,
Жөнөп кетти эр Эшим,
Куланын оозун баргытып,
Жабык бою бийиктен
Жайып оозун каргытып.

ЭР ЭШИМ АЙЫЛГА БАРДЫ

Айылга жакын барганда,
Байкады аңдып абайлап.
«Душманбы же элби?» — деп,
Туруп калды карайлап.
Ал аңгыча бир катын
Шаңкылдап короо кайтарат.
Айтуунда бир укмуш
Болгондугу байкалат.
Тыңшаганда бу сөздү
Көйкөлөйгө чамалаш,
Айтып жатат ал катын,
Арман ырын аралаш:
А көйкөлөй, көйкөлөй,
Кайтардым хандын субайын,
Кайгылуу кылдың кудайым.
Капысынан келсечи
Казатка кеткен жубайым.
Катагандын хан Турсун,
Хан Турсун, сени ант урсун!
Хан балдарын кул кылдың,
Кайгыга салып муң кылдың,
Кантип чыдап жан турсун?
Отун алган биздин кыз,
Отту жаккан биздин кыз.
Кой кайтарган биздин кыз,
Козу баккан биздин кыз.
Эңчегер бойлуу эр Эшим
Эсен келсе калмактан.
Биздин кыздай болор бекен сиздин кыз? —
Деп, озондоп кыйкырат
Короодогу бир катын.
Муңдууларга абалтан
Ким ыраак да ким жакын?
Кызматында байкалат.
Эки достун ортосу,
Ээси жокто элине
Тийген окшойт жолтоосу.
Эр Эшим барып короого,
Катынды алды билектен.
Катын айтат: сен кимсиң?
Караңгыда жүдөткөн,

Кутулалбай турганда
Кул-күң болгон дүбөктөн,
Жылкычы кул, сенсиңби
Укуругун сүйрөткөн?
Койсоңчу кандай эмесиң?
Жылкычы болсоң, малга бар,
Жолтоо кылбай сен мага,
Жортуулчу болсоң, жолго бар.
«Касапчыга мал кайгы,
Кара эчкиге жан кайгы».
Уурубуз чыгып билинип,
Уят болуп калбайлы.
Кайгысы көп катынмын,
Түнүндө короо кайтарган.
Күндүз отун-суу алып,
Жүрөктү ханым майтарган.
Менин жаным кайгыда,
Санаасыз көпкөн ким элең?
Ар жакка турчу кантесиң
Атчан мурдуң жиреген?
Десе дагы болобу?
Акканкынын кашына
Коюп алып жөнөдү.
Көкбөөрү тарткан эмедей
Кой дегенге көнөбү?
Алып келип катынды
Абышканын жанына.
Сыр сурады эр Эшим
Ар түрлүү көңүл чагыла.
Көйкөлөйдү бут айтпай,
Муңдуу сөздү бек айттың.
Отун алган кыздарды
Кайра-кайра көп айттың.
Катаган ханы Турсунду
Ант урсун деп неге айттың?
Арт жагында атымды
Айтып ырдап мени айттың.
Бекбекейдин ордуна
Эмине үчүн сен айттың?
Сырдашалы баарын айт,
Сыздаган жабыр алыңы айт.
Калктын башын кармаган,
Калмакпы, жокпу каныңды айт.

Жаакты жанып ырдайсың,
Жабыр көргөн жаныңды айт.
Караңгыда озондоп,
Кайтарып турган малыңды айт.
Катын да болсоң угайын,
Кандай түрлүү сырыңды айт.
Калпты коюп жашырбай,
Калтырбастан чыныңды айт.—
Дегенде катын сыр айтат,
Ичи толгон муң айтат:
—Мен жеримде экенде,
Кермаралдай керилген,
Келберсиген жан элем
Кеп айтардан эринген.
Эр Эшим эле ханыбыз,
Эсепсиз болчу малыбыз.
Эрден да жок, жерден жок,
Эндиреп турат алыбыз.
Күллү-бала-чакабыз
Күң болуппуз баарыбыз.
Отун алып мал багып,
Мусапыр болгон чагыбыз.
Кайыр сурап ар кимден,
Кетип барат шайыбыз.
Короо толгон корумдар —
Эр Эшимдин койлору.
Кара көздү кал басты,
Болор бекен ойдогу?
Талаа толгон көп жылкы —
Эр Эшимдин жылкысы.
Ээси жок кор болгон
Эсил кыпчак — журт ушу
Олуя-Ата, Таласты
Жердечү эле эр Эшим.
Жалгыз досум жалганда
Сен дечү эле эр Эшим.
Катагандын хан Турсун,
Анттуу досу болучу.
Түлкүбашы. Таласта
Аралаш эле конушу.
Ажаандын жолун тосом деп,
Эр Эшим кеткен жол ушу.
Элинин баарын аманат

Хан Турсунга тапшырган.
Бөрүгө койду кайтартып,
Бөлүндүрүп чаптырган.
«Эр Эшим эми келбейт» деп,
Элин талап кан Турсун.
Уугун жагып күл кылган.
Уулун уй кайтартып кул кылган,
Кызын кызалактай күң кылган.
Катынын кара салып тул кылган,
Талаада тезек тердирип,
Тамандарын чор кылган.
Элинин баарын иштетип,
Бириндетип кор кылган.
Узун аяк мал койбой,
Тамам — такыр жыйнаган,
Жергеси менен кыпчакты
Желдеттер уруп кыйнаган.
Келин-кыздар ыйлаган,
Керегеси кыйраган.
Өлгөндөрү мындан көп,
Керээзин айтып кыйла адам.
Көргөн күнүм курусун,
Көзүмдүн жашы көл болду.
Күнүгө кейип жол карап,
Кайгырып башым тел болду.
Жергелүү кыпчак бузулуп,
Ээси жок караан эл болду.
Ошон үчүн мен карып,
Түнүндө короо кайтарып.
Калабы деп ырдадым,
Ичтен муңум таркалып.
Улуп-уңшуп тургамын,
Угабы деп жалтанып.
Кирин жууйм күнүгө,
Казанына кар салып.
Хан Турсундун катыны
Касаптап урат балта алып.
Өтөмбү жалган дүйнөдөн
Өмүрүмчө тапталып?
Аябай урат жулмалап,
Айдай бетке так салып.
Мусапыр болгон мен шордуу
Муңум жүргөн сакталып.

Озоондогон үнүмдү
Угуп келген окшойсуң.
Ого бетер кордуктап
Бугуп келген окшойсун.
Жылкычы деп байкасам,
Чын сырымды сурадың.
Мен ырдаган сөзүмдүн
Баш-аягын уладың.
Аңтара карап байкаймын,
Алда кимдеп турамын.—
Деп бушуркөп басылды,
Баштан өткөн кордугун,
Калтырбай бүтүн өткөрдү
Хан Турсундун зордугун.
Анда эр Эшим сурады:
— Кимдин жары болосуң?
Төркүн-төзүң кайда эле?
Жакын жерде бар беле?
Үстү-башың карасам,
Үйрүп салар киймиң жок.
Жарды белең, бай белең?
Башында кандай жайда элең?
Эр Эшимдей баатырдын
Катын-бала чакасы,
Кандай күндө турушат,
Жокпу кайгы-капасы?—
Деп сурады Эр Эшим,
Көңүлүн кыйла муң басып,
Анда катын муну айтат
Ансайын катуу муңайтат:
— Эр Эшимдей баатырдын
Үч катыны бар эле.
Ортончусу мен элем,
Кичүүси сулуу жан эле.
Үчөөнү тең алам деп,
Өкүм кылган хан Турсун.
Дос туруп, душман болгонду
Аксак сары ат ант урсун.
Тил алган эмес эжебиз,
Тийгенден көрө өлөм деп,
Мен да тийбей койгомун,
Тирүүлөй кордук көрөм деп,
Экөөбүздү тең уруп

Тикенекке жаткырган.
Камчылатып күнүгө,
Каршы-терши так кылган.
Чачымды кырккан кайчылап,
Такырайтып тайкылап.
Дагыңкысы дагы көп,
Уялам, кантип айтылат?
Балдарыбыз кулдукта,
Айласыз минтип турдук да.
Кыздарыбыз күң болуп,
Кыйноону тарткан шумдук да!
Кичи токол сулуусун
Алып алган хан Турсун.
Энчисине бир кыйла
Малымды алган хан Турсун.
Өрүшүмдү аралап,
Жылкымдан союп той берген.
Энчисине эки миң,
Иригимден бөлүп кой берген.
Ал көрөркөз койнунда
Хан Турсун менен жаткан чак.
Тай-кунандай ойношуп,
Тамашага баткан чак.
Көчүп келип жеринен,
Көлдү бойлоп турган чак.
Күл багын бийик чеп кылып,
Айланасын бек кылып,
Алты кат коргон урганчак.
Алтымыш бакса бийиги,
Ичинде ойнойт кийиги.
Алганы менен хан Турсун
Атилес булгун кийими.
Күндө союш жегени —
Эр Эшимдин ириги.
Көргөндө какшайт зыркырап,
Көкөйдөн кетпейт күйүгү.
Тамчыласа көз жашым,
Көрдүңбү деп тигини.
Таш ташытса алжаят
Таманымдын тилиги.
Көргөн күнүм курусун
Менден нени сурайсың?
Караңгыда сүйрөтүп,

Кандайлыктан сынайсың?
Кайдан келген адамсың,
Өз жайыңды айта көр.
Хан Турсунга көрүнбөй,
Ылдамыраак кайта көр.
Көрүп калса кокустан,
Жер чайлаган ченчи дээр.
Же болбосо Кашкардан
Хандан келген элчи дээр.
Карматып алып желдетке;
«Кара башын кесчи!»—дээр.
Кадасына сайдырып,
Ээрдиңен тешкилер.
Эшимдин эли болбо деп,
Эс ооганча тепкилер.
Ачуусун бизден чыгарып,
Албарс менен бет тилер.
Түн уурусун кылды деп
Тилекке шакар септирер.
Таалайы жок шордуура
Таң атпайт да, кеч кирер.
Айланайын жолоочу,
Тур аттанып жөнөгүн.
Туткунга башым чырмалды,
Кудай кылса көрөмүн.
Дегенинде эр Эшим:
— Тааныйсыңбы мени?— дейт
Анда катын бушуркөп:
— Таң атат го эми?— дейт.
Кокуй, төрөм, болбогун?
Козгоп улам торгодуң.
Хан эр Эшим, өзүңбү?
Калбаскан тура көзүмдү.
Аман-эсен көрдүмбү
Караңгыда жүзүңдү?
Деп кайгырып кучактап,
Төгүлүп жашы бурчактап.
Аташкан жары Эшимди
Аткарбастан кучактап.
Төрөсүн таанып төп болуп,
Арманы башта көп болуп.
Ичи жалын өрт болуп,
Эки көзү төрт болуп.

Акырын ыйлап бек солуп,
Амансыңбы деп солуп.
Кайта-кайта муңдарын,
Хан Турсундун кылганын,
Калтырбай айтып: «мындагың
Түрүүлүктө турушат,
Ажыратчуу кырдаалың.
Тим эле үйдө жатпастан,
Азапка башты чырмадың»—
Деп ошентип өпкөлөп,
Ээсин көргөн күчүктөй,
Эзилишип бир кыйла
Буу чыгарып түтүктөй.
Болгон ишти сүйлөшүп,
Кайра басты короого.
Эр Эшим тез аттанды
Эмки жолун тороого.

Эр Эшим абышкасын ээрчитип алып, кайта жээктеп күңгөй менен өзүнүн келе жаткан аскеринин алдын утурлап, өрүктүнүн талаасында жолукту. Беш жүз төөгө эки миң колду (аскерди) жүктөтүп, үстүнө чатыр жаап чүмкөтүп алып, түн жарымында хан Турсундун тозордогу чебине киргени:

### ЭР ЭШИМДИН АМАЛЫ

Жылдыз каркап толгондо,
Намаз куптан болгондо.
Эңчегер бойлуу эр Эшим
Чеп оозуна келди эле.
Караңгыда кайтарган
Кароолго салам берди эле:
Ассаламу алейкум,
Сакчыларым арбаңар?
Алыскы жолдон келатам,
Адаштырып салбаңар.
Кербен башы мен болом,
Беш жүз төөнү башкарган.
Кирээ тартып баратам
Кетте шаар Кашкардан.
Караңгыда жол таппай,

Кабылдым келип чебиңе.
Каадырлуу мейман экен деп,
Кабар бергин бегиңе.
Тышка жатсам кокустан,
Ууру келип калбасын.
Аруу буюм көп эле,
Аңдып жатып албасын.
Чептин оозун ачыңар,
Түшүрүп жүктү үйөмүн.
Алымын берип ханыңа,
Эртең-эрте жүрөмүн.
Кабарлашып жооп бер,
Кароолдогу сакчылар,
Куру койбойм силерди.
Сөз депкирин тапчулар,
Дегенде сакчы түйүлдү,
Ханды көздөй жүгүрдү.
Салам айтып Турсунга,
Таазим кылып бүгүлдү.
Соодагер жайын айткан соң,
Хан Турсун абдан сүйүндү:
— Андай болсо киргизгин,
Түшүрүп жатсын жүктөрүн,
Ууру-төгүн болбосун,
Уктабай жакшы тиктегин,
Олжону кудай жеткирип,
Берген тура асмандан.
Кербен келсе үйүмө
Кенен шаар жактардан,
Аруудан буюм аларбыз,
Башайы менен макмалдан.
Сөзүн сурап канарбыз,
Суук душман жактардан.
Турбагыла, басыңар,
Дарбазаны ачыңар!—
Деп жөнөттү сакчыны,
Дарбазачы башчыны.
Чептин оозун ачтырып,
Беш жүз төөнү киргизип,
Чатырларын тиктирип,
Сарамжалын билгизип,
Милтелерге от коюп,
Кыстармага илгизип,

Бар жарагын камдатып,
Турган кезде таң да атып.
Кулан өөгү болгондо,
Ураан тартып кыйкырып.
Кулак тунуп, үн чыгып,
Удаа-мудаа күн чыгып.
Чаң аралаш буу чыгып,
— Эр Эшим — деп, чуу чыгып.
Дарбазасын чапкылап,
Тарсылдатып аткылап.
Тополоңу тоз түшүп,
Түтүнү туман боз түшүп.
Тозордун ичи өрт болуп,
Топудай кызыл чок түшүп.
Бырын-чырын козголуп,
Капилеттен бастырып.
Катагандын хан Турсун
Алдатып чебин ачтырып.
Алты күнү урушуп,
Айбалтасын суурушуп.
Кыяматтай урушуп,
Кылыч кындан суурушуп.
Баш көтөрбөй багынтып,
Баласындай жалынтып.
Өз торуна чалынтып.
Албарстыдай жалынтып,
Ханын колго түшүрүп,
Камынтпай ишин бүтүрүп,
Колу-бутун байлатып,
Кордук менен айдатып.
Эс алдырбай тыным жок,
Эки көзүн жайнатып.
Улам жолун тозоттоп,
Уйга кошуп кошоктоп.
Туурдагы куштарын,
Туйгун менен шумкарын.
Жоо келгенде миничү
Жорго, күлүк, тулпарын.
Келберсиген сулуудан,
Келин менен кыздарын.
Жайыттагы малдарын,
Жаңы өспүрүм балдарын.
Кайыры жок байларын,

Каргылуу күлүк тайганын.
Алдына салып шандатып,
Сары өзөн Чүйдү чандатып.
Кыз көчүргөн эмедей
Элин жыйып жамгарып.
Өчүн алып душмандан,
Элине кошуп малды алып.
Калкын толук көчүрүп,
Хан Турсун атын өчүрүп,
Калган экен армансыз,
Ант ургурду өлтүрүп.
Акыры келип конуптур
Аман-эсен Таласка.
Эртели-кеч колдо деп,
Дуба кылып Манаска.

1941 ж.

Ошону менен эр Эшим туулуп-өскөн жери Олуя-Ата, Таласка келип өзүнүн элин жана барлык кыргызды душмандан коргоп жата берди.

Эр Эшим деген атак кыргыз элине куучу болуп эсептелди.

Эр Эшимдин эркин жүрбөгөн жери калган жок. Мисал үчүн бадик оорусу менен ооруган кишилерге эм салып дарымчылар мындай деп Бадик айтат:

### БАДИК

Көч-көч, бадик! Көч, бадик, көчүрөйүн,
Бадик болгон атыңды өчүрөйүн.
Кыйырчактын кызыл түлкү сен болуп
Качсаң сыра,
Кабактын карала барчын мен болуп
Койбойм сыра.
Канча жерден мант таптырып бассаң дагы
Кармап алып каныңды ичип тойбойм
Сыра.
Эр Эшимдин жайлоосу — Эдил, Нура,
Эрегиштим сен менен койбойм Сыра.
Арал-арал, аралга көч,
Арал отун оттогон Маралга көч,
Кыйыр-кыйыр, кыйырга көч,

Кыйыр отун оттогон сыйырга көч.
Кытай менен калмак төрөсүнө
Кырдуусунган отоголуу кыйынга көч.

Эр Эшимдин жайлоосу Эдил, Нура
Элим көчүп сайрандап конгон тура.
Найза кармап качырып саймак болду,
Мингени Түгөлбайдын тулпар кула.
Элиңе кет! Көч, бадик, турба мында,
Эрегиштим сен менен койбойм Сыра.

Эдилден эр Эшимдин көчү келет,
Көч алдына эр Эшим өзү келет.
Өзү келип, сыртыңдан өтүңдү алат,
Кордук көрбөй өзүңчө көчкүн тарап.
Көч-көч, бадик! Көч, бадик, көчүрөйүн,
Бадик болгон атыңды өчүрөйүн.

Жики, таруу сен болуп калың чөпкө,
Чачылсаң да койбоймун сени көпкө.
Чөжөлүү тоок мен болуп терип кирем,
Эр Эшимге кабар берип ээликтирем.
Сулуу десең Нойгуттун кызына көч,
Тунук десең беш көлдүн тузуна көч.
Эр Эшимдин жайлоосу — Эдил-Нура,
Элим көчүп сайрандап конгон тура.
Найза кармап качырып саймак болду,
Мингени Түгөлбайдын тулпар кула.
Элиңе кет! Көч, бадик, турба мында,
Эрегиштим сен менен койбойм Сыра!..

Мына ушундай түрдө байыркы кыргыз бир катар ооруларды да «эр Эшим келет», деп, эр Эшимди куучу кылып, элдин ээси дешип эсептеген.

Бу сөздү мисалдарга келтирип, үстүбүздөгү Ата Мекендик Улуу Согушка карата жаштардын көз алдына элестетип, эр Эшимдин баатырлыгын, намысын жана душмандан кай түрдө өч алгандыгынын негизинде тыянакталды.

## ЭСКЕРТҮҮЛӨР

«Кемчонтой». Негизи — элдики. Тоголок Молдо акындык менен поэмага жеткире иштеп чыккан. Биринчи жолу «1-жыйнакта» «Кеңчоктой» деген ат менен жарык көргөн. Андан кийинки жыйнактарында «Кемчонтой» деген тема менен берилип, фондудагы материалдын негизинде эки томдукка киргизилген. Азыр өзгөрүүсүз берилди.

«Куштардын аңгемеси». Тоголок Молдонун бул сатиралык поэмасы качан жазылганы белгисиз. Биринчи жолу 1944-жылы «1-жыйнакта» жарык көргөн. Андан кийинки ырлар жыйнагында жарыяланып келет. Фондудагы материал боюнча эки томдукка киргизилген болуучу. Азыркы басылышында өзгөрүүсүз жиберилди.

«Жер жана анын балдары». Жазган жылы белгисиз. Биринчи ирет 1939-жылы «Балдар жомоктору» деген жыйнакка киргизилип жарык көргөн. Кийинки жыйнактарында дайыма басылып келди. Фондудагы материалдын негизинде эки томдукка киргизилген болуучу. Азыр дагы ошол материал боюнча жиберилди.

«Куба кой менен эзсинин айтышканы». Качан жазылганы белгисиз. Биринчи жолу 1939-жылы «Балдар жомоктору» деген жыйнакка киргизилип, жарык көргөн болуучу. Андан кийин акындын ырлар жыйнагында дайыма жарыяланып келе жатат. Фондудагы материалдын негизинде эки томдукка киргизилген. Азыр ошол материал боюнча берилди.

«Ала-Тоо». Биринчи жолу «Кызыл Кыргызстан» газетасында 1940-жылы поэмадан үзүндү жарыяланган. Анан 1944-жылы чыккан «1-жыйнакка» киргизилип, жарык көргөн. Ошондон бери карай ар түрдүү жыйнактарда басылып келе жатат. Фондудагы материал боюнча эки томдукка киргизилген. Азыр ошол боюнча жиберилди.

«Селде оронгон Молдо кой» (1908)-биринчи ирет басылышы. Чоткара дегенге аш берип, аны Касымалы менен Койгелди деген манаптар башкарат. Балбан күрөштүн байгесине бир кой, беш кез чыт сайып, чытты койдун мойнуна ороп коюшуптур. Тоголок Молдо аны көрүп алып, манаптарды сындыруу максатында Касымалы менен Койгелдини шылдыңдап ошол аштын үстүндө ырдаган экен.

«Тезек тагай элдерине» (1904) — Тезек-тагай — Тогуз-Тородогу бир урук элдин аты. Бул урук башынан букара болушуп, жергиликтүү манаптардын кол алдында аябай эзилип келишкен. Чоюбек деген манап катуу эзип жиберген соң, Тезек-Тагай уруулары Нарындагы саяктар тарабына өтүшөт. Чоро уруусун эзип жаткан чоң манап Касымбек деген да аларды ого бетер тукулжу-

ратат. Тезек-Тагай уруулары Касымбектин уу — чеңгелинен чыгууну көздөшүп, анын карамагынан кетүүгө умтулушат. Касымбек уездлик начальник Талызинге кабар берип, полиция чакыртып, ал уруунун баш көтөргөн тирикарагы Тазбалды дегенди терекке таңдырып коюп, эл алдында өлөөрчө сабатат.

Тоголок Молдо «Тезек-тагай элдерине» деген ырын ушул окуянын негизинде жазган. Мунун толук кол жазмасы табылган жок. Мурун макалаларга цитата катарында гана алынып жүргөн. Азыр институттун фондусундагы материал боюнча басылып отурат.

«Чындык» (1902)-биринчи ирет басылышы:

«Кабыргама таш батты» (1906)-биринчи ирет басылышы. Кол жазмасы толук табылган жок. Ошонун үчүн колдо бар материалды толук берүүнү ылайык таптык. Бул чыгарма чыныгы окуянын, негизинде жазылган. 1906-жылы Тоголок Молдо туулган жер — Курткада манаптар болуштук талашат да кагылышта Аалы деген манап өлөт. Мына ошону шылтоо кылып, эч тиешеси жок болсо да, чоро элинин Касымбек деген манабы кол курап келип, күңгөйдөгү саяк элин чаап кетет. Өлгөн манаптар күңгөйдөгү саяктардан болуучу. Ошондой болсо да Касымбек тынч жаткан букара калктын ичкен ун-талканын, үстүндөгү үйлөрүн, жайыттагы бирин-серин малдарын бүт талап алат. Ошонун натыйжасында 300 үйлүү букаралар үйсүз-жайсыз калып, малдарынан ажырап, акыры туш-туш жакка тентип кетишкен. Тоголок Молдо элдин оор абалын «кабыргама таш батты» деген ырында ачык көрсөткөн.

«Уй менен музоосу» — жазган жылы белгисиз. Биринчи жолу 1939-жылы чыккан «Балдар жомоктору» деген ырлар жыйнагына киргизилген. Андан кийин 1951-жылы жана 1952-жылдары чыккан ырлар жыйнактарында басылган.

«Иттин доолдай тиктирем дегени» — элдик лакаптын негизинде жазылган. Жазган жылы белгисиз. Биринчи жолу 1939-унчу жылы чыккан «Балдар жомоктору» деген китепке киргизилген. Андан кийин ырлар жыйнактарында басылган. Азыр институттун фондусундагы материал боюнча жиберилди.

«Каркыра менен түлкү» — элдик тамсилдин негизинде жазылган. Жазган жылы белгисиз. Биринчи жолу «Балдар жомоктору» деген ырлар жыйнагында 1939-жылы андан кийин «Жер жана анын балдары» деген ырлар жыйнагында (1952-жыл) басылган.

«Бөрү менен түлкү» — негизи элдики, жазган жылы такталбады. Биринчи жолу «Эркиндик» деген ырлар жыйнагына (1953-жыл) киргизилген.

«Бөдөнөнүн түлкүнү алдаганы» негизи элдик тамсил, жазган жылы аныкталган жок. Мурун 1944-жылдагы ырлар жыйнагында басылган.

«Эшек менен булбул» — Крыловдун тамсилинин негизинде жазган. Экинчи жолу басылып отурат.

«Кожонун аңгемеси» — жазган жылы белгисиз. Биринчи жолу 1939-жылы чыккан. «Балдар жомоктору» деген ырлар жыйнагында басылган.

«Төөнүн арызы» (1914—1915-жылы) — биринчи ирет басылышы. 1914-жылдагы дүйнөлүк согушта элге оор салыктар түшөт. Элге төө салып, ал аркылуу азыктарды темир жолго чейин жеткирткен. Бир нече жүктүү төө менен Тоголок Молдону да жөнө-

түшкөн. Тоголок Молдо Пишпекке келгенден кийин «Төөнүн арызы» деп, ири көлөмдө чыгарма жазып, аны Алматыга жиберген, Бирок андан кабар ала албаган. Тоголок Молдо «Төөнүн арызы» аркылуу элдин оор абалын көрсөткөн. «Төөнүн арызынын» толук кол жазмасы табылган жок.

«Алга-Алга!» — (1922) Тянь-Шань областындагы Тогуз-Торо айлында 1922-жылы биринчи жолу мектеп ачылып, Тоголок Молдо ага, мектеп советине башчы болуп дайындалат. Ал кезде айрым адамдар окуунун маанисин түшүнүшпөйт, өз балдарын мектептен качырышкан.

Байымбет ошол сыяктуу түшүнбөстүккө каршы эски окуунун зыяндуулугун ашкерелеп жана жаңы окуу үчүн камкорлукту көрсөтүп ушул ырын жазган.

Бул ыр 1953-жылы «эркиндик» деген жыйнагына киргизилген. Тоголок Молдонун балдар үчүн чыккан «Жер жана анын балдары» аттуу жыйнагына да 1952-жылы басылган. Бирок, 1952-жылдагы китепте толук берилбей:

«...Адам өлсө,
Алып кирет жерге,
Мүнкүр-нанкир,
Сурайт — дейт көрдө.

Чымындай жанды,
Чыркыратып денди,
Урат — деп, үгүттөп,
Коркутуп элди.

Эзип молдолор,
Жашыңды төккөн,
Ошол кезде,
Алар да көпкөн».— деген 12 сап ыр басмага

чыкпай калган. Бул жыйнакка СССР илимдер академиясынын тил жана адабият институтунун материалы боюнча толукталып жана такталып берилди. Китептеги калтырылып кеткен, эски молдордун диндик окуусунун алдамчылыгын ашкерелөөчү 12 сап ыр кайрадан киргизилди.

«Сегизинчи март» — жазган жылы белгисиз. Тоголок Молдонун «Эркиндик» деген жыйнагына 1953-жылы биринчи жолу бастырылган.

«Өзгөрүш заман болду биздин бакка» — жазган жылы белгисиз. Тил жана адабият институтунун материалы боюнча 1955-жылы эки томдукка киргизилген болучу. Азыр дагы өзгөрүүсүз жиберилди.

«Кайдасыңар?» — кайсы жылы жазылганы белгисиз. Биринчи жолу 1955-жылы экинчи томго киргизилген. Ошол боюнча жиберилди.

«Абдыназарга» — жазган жылы белгисиз. Бул ыр 1922-ж 1923-жылдарда болгон окуяны сүрөттөйт. Басмачылар ал кезде күчөп турган. Алар Нарын өрөөнүнө тынчтык бербей, жай жаткан дыйкандарды талап алышат. Аларга каршы ыктыярдуу отряд түзүлөт. 1923-жылдын жай айларында Фергана тараптан Кайыптүрк кор ба-

шы чыгып, Нарын өрөөнүнө келет да, Ор-Казган жайлоосунда тынч жаткан элди басып калат. Ошондо Байымбеттин аялы Турсун басмачылардын колуна түшөт. Ал ошол кезде аялдар бөлүмүнүн башчысы болуп иштеп турган. Абдыназар да ыктыярдуу отряддын мүчөсү эле. Ал дагы колго түшүп калат. Басмачылар канчалык кыйнабасын, дудук болуп, эч сыр алдырбайт. Кийин аны советтик аскер бөлүктөрү бошотот. Тоглок Молдо ушул ырын Абдыназардын ошондой туруктуулугуна арнап чыгарган. Эки томдукка мурдагы калыбынча жиберилди.

«Жалийдин залимдиги» (1923). Ырдагы аталган Жалий — Нарындагы моңолдор уруусунун чоң манабы Сарбагыш дегендин баласы. Советтик бийлик бай-манаптардын элементтерин жое баштаганда, ал «Мен Абылай деген кедейдин баласымын» деп, өзүнүн тегин жашырып, 1923-жылы Нарында эл соту болуп иштейт. Ал өзүмчүл жана паракор залим сот болучу. Тоголок Молдо анын залимдигин ашкерелеш үчүн ушул ырын чыгарган. 1952-жылы эки томдукка биринчи жолу киргизилген болучу. Ошол боюнча жиберилди.

«С у р о о  с а л» — (1923) Тоголок Молдо 1923-жылдарда өзү жазган Семетейдин кол жазмасын уурдатып жиберет. Аны иликтөө үчүн Тезекчи деген тегирменчиге табыштап ушул ырын жазган экен.

Ыр 1952-жылы уюшулган экспедициянын мүчөлөрү тарабынан эл оозунан жазылып алынып, «Эркиндик» аттуу жыйнагына 1953-үнчү жылы бастырылган.

«С ъ е з д г е» — (1927) Байымбет бул ырын 1927-жылы болгон Кыргызстандын тунгуч — биринчи совет съездине арнап чыгарган.

Ыр 1952-жылы уюшулган экспедициянын мүчөсү — Бейшеналиев тарабынан эл оозунан жазылып алынып, биринчи жолу Тоголок Молдонун «Эркиндик» аттуу жыйнагына 1953-жылы басылган.

«А к ы н  Ж а м б ы л» — (1938) Тоголок Молдо 1938-жылы Алма-Ата шаарына барып, Жамбылдын чыгармачылык ишинин 90 жылдыгына байланыштуу өткөрүлгөн тоюна катышат. Советтик элдин сүйүктүү акыны — Жамбылдын чыгармаларынын баалуулугун, ошонун натыйжасында совет эли тарабынан өлбөс атак, өчпөс даңкка ээ болгондугун Байымбат ал тойдо өз көзү менен көрөт.

«К ы р г ы з  а к ы н д а р ы  т у у р а л у у» — Жазган жылы белгисиз. Бул ырдын үзүндүсү «Тоголок Молдо» аттуу тандалган ырларында (1951-жылы) «Эл ырчыларынын сыпаттары» деген тема менен басылган. Бул жыйнакка институттун материалдарынын негизинде, темасы «Кыргыз акындары тууралу» — деп, такталып жана толук бастырылды.

«Б а к т ы л у у м у н» — (1940) Советтик доордо көргөн жыргалчылыгына кубанып ушул ырын жазган.

Ыр «Тянь-Шань Правдасы» газетасына (8/VII—1940); «Советтик Кыргызстан» журналына (1952 № 1) жана 1952-жылкы «Тоголок Молдо» аттуу тандалган ырлар жыйнагына (23-бет). Басылып чыккан.

«К а й р а  ж а ш а р д ы м» — (1940) Ыр «Тянь-Шань Правдасы» газетасына (12/VI—1940) «Советтик Кыргызстан» журналына (1952,, № 1) жана 1951-жылы чыккан «Тоголок Молдо» аттуу тандалган ырлар жыйнагына (25-бет) бастырылган.

«Б а й ы м б е т  с е н и н  з ы й н а т ы н» — (1940) Биринчи жолу «Эркиндик» аттуу жыйнагына 1953-жылы басылган.

«Т о к т о г у л  ж ө н ү н д ө» — (1940) Тоголок Молдонун «Эркиндик» аттуу ырлар жыйнагына 1953-жылы «Токтогул менен аңгеме» деген тема менен басылган. Чыгармалардын толук жыйнагына институттун материалы боюнча темасы «Токтогул жөнүндө» деп такталып берилди.

Китепте Токтогулдун камалышынын убагын 1896-жыл деп ката берген. Ал бул жыйнакта 1898-жыл болуп оңдолуп берилди.

«О к т я б р ь  м а й р а м ы н  к у т т у к т о о» — (1940) Социалисттик Улуу Октябрь Революциясынын 23 жылдык майрамына арнап чыгарган Биринчи жолу «Эркиндик» деген жыйнагына 1953-жылы басылган.

«К о н с т и т у ц и я» — (1940) Бул ыр 1940-ынчы жылы «Тянь-Шань Правдасы» газетасынын 10-унчу июндагы санына, 1951-жылы чыккан «Тоголок Молдо» аттуу тандалган ырларына жана 1953-жылкы «Эркиндик» аттуу китебине басылып чыккан.

«К ы р г ы з с т а н д ы н  15  ж ы л д ы г ы н  к у т т у к т о о» — (1941) Байымбет бул ырын 1941-жылы өткөрүлгөн Кыргыз Республикасынын 15 жылдык тоюна арнап жазган.

«Тоголок Молдо» аттуу тандалган ырлар жыйнагына (1951-жылы) кирген.

«Б и з  д а я р б ы з» — (1941) Биринчи жолу 1951-жылы чыккан «Тоголок Молдо» аттуу тандалган ырлар жыйнагына (26-бет) басылган.

«А р м и я г а  а р н а й л ы» — (1941) 1941-жылы немецтик-фашисттер тынч жаткан совет өлкөсүнө кол салып тез арада эле бир нече советтик шаарларды басып алат. Советтик Армиянын айрым бөлүктөрү жана курчоодо калган шаарлардагы советтик эл кийим, азык-түлүк жагынан жетишсиз абалга дуушар болушат. Мына ушул жетишпегендиктерге жардам берүү жөнүндө тылдагы элге кайрылып, үндөө катарында ушул ырын жазган.

Ыр биринчи жолу 1951-жылы чыккан «Тоголок Молдо» аттуу тандалган ырлар жыйнагына (32-инчи бет) басылган.

«Ж е т и ш к е н б и з  ж е ң е б и з» — *(1941)* 1951-жылы «Тоголок Молдо» аттуу тандалган ырлар жыйнагына басылган.

«Ө с к ө н  ч а к,  к а й р а т т у у  к у н» — (1941) 1951-жылы чыккан «Тоголок Молдо» аттуу тандалган ырлар жыйнагына кирген. Бул жыйнакка тил жана адабият институтунун материалы боюнча берилди.

«О к т я б р ь» — *(1941)* Биринчи жолу 1951-жылы чыккан «Тоголок Молдо» аттуу тандалган ырлар жыйнагына бастырылган.

Бул жыйнакка тил жана адабият институтунун материалы боюнча акындын Октябрдын берген жемишин көрсөтүүдөгү оюн толуктаган 4 сап ыр кошулуп:

«Он жетинчи жылында, улуу Октябрь төрөлдү,
Төрөлгөндө алга карай жөнөлдүң.
Троцкий, Бухаринчи душманды,
Торой чалып, үстөмөндөн көмөрдүң.
толук берилди.

«Нарын суу». 1951-жылы «Тандалган ырлар» жыйнагында биринчи жолу жарык көргөн. Азыркы басылышында ошол материал боюнча жиберилди.

«Казак акындары». 1938-жылы жазылып алынган фондудагы кол жазманын негизинде экинчи томго биринчи жолу жиберилди.

«Майкөттүн 20 жаштан жүзгө чейин ырдаганы». Муну Тоголок Молдо жаш чагында үйрөнүп алган. 1938-жылы жазылып алынган кол жазма боюнча жиберилди.

«Манастан башталып, кай-кайсы орунда айтылып, кандай ырчы кошуп жамаганы баяндалат». Бул чыгарма 1938-жылы Тоголок Молдодон жазып алынган материалдын негизинде биринчи жолу эки томдукка киргизилди.

## Поэмалар

«Насият» — *(1922)* Биринчи жолу 1925-жылы Москвада, араб тамгасы менен «Насият» деп аталып өзүнчө китепче болуп басылып чыккан. Кыргыз мектептери үчүн чыккан хрестоматияларда жана 1951-жылкы «Тоголок Молдо» аттуу тандалган ырлар жыйнагына «Кедейлерге насият» деген тема менен берилген. Бул жыйнакка 1925-жылы чыккан китебинин негизинде «Насият» деп бердик. 1951-жылкы жыйнагына кирбей калган 86 сап ыр тил жана адабият институтунун материалы боюнча толукталды.

«Аткан таң менен Сүйгөнбай» — кайсы жылы жазылгандыгы белгисиз. «Тоголок Молдо» аттуу тандалган ырлар жыйнагына (1951-жылы) бастырылган.

«Кедейлерге насият» — (1922) Поэма биринчи жолу 1953-жылы «Эркиндик» аттуу жыйнагына бастырылган. «Насият» поэмасында да кайталангандыктан, 21 сап ыр бул чыгармадан алынып ташталды.

Мурунку жыйнактарында жана хрестоматияларда басылып келген «Кедейлерге насият» деген поэмасы институттун материалдарынын негизинде «Насият» поэмасы экендиги такталды.

«Эркиндик» — (14/III — *1927*) 1953-жылы чыккан «Эркиндик» аттуу жыйнагына бастырылган.

«Адамдардын мүнөзү» — *(1927)* Адамдардын мүнөздөрү жөнүндөгү эл арасында айтылып келген макал-лакаптардын негизинде ушул поэмасын жазган.

Мурун эч кайда басмага жарыяланбаган. Бул жыйнакка тил, адабият жана тарых институтунун материалы боюнча биринчи ирет басылып отурат.

«Манаптардын залимдиги» — жазылган жылы белгисиз. Тоголок Молдо бул чыгармасын — падышалык замандагы бай-манаптардын кедейлерге көрсөткөн зулумдугун жана совет өкмөтү убактысындагы гүлдөгөн жыргал турмушту көрсөтүүгө арналган.

Биринчи ирет 1951-жылы чыккан «Тоголок Молдо» аттуу тандалган ырлар жыйнагына кирген.

«Эркектердин мүнөзү» — Кайсы жылы жазылгандыгы белгисиз.

Поэмадагы кезиккен колхоздун жалкоолору жөнүндөгү маалыматтарга караганда, «Адам мүнөзү» поэмасынан кийин 1930-жылдардын ичинде жазылса керек — деп, болжолдоого болот

Бул поэмасы «Тоголок Молдо» аттуу тандалган ырлар жыйнагына (1951-жылы) «Адамдардын мүнөзү» деген тема менен басылган. Азыр тил, адабият жана тарых институтунун материалы, боюнча темасы «Эркектердин мүнөзү» — деп такталып киргизилди.

«Карылык жөнүндө арман жаш» — *(1930)* Тил, адабият жана тарых институтунун материалы боюнча басмага биринчи ирет жарыяланышы.

«Сырым» — *(1939)* Биринчи жолу 1953-жылкы «Эркиндик» аттуу жыйнагына бастырылган.

«Токсон суроо» — *(1935—1943)* Тоголок Молдо 1935-жылдан баштап фольклордук чыгармаларды жаздыруу үчүн жана түрлүү жыйналыштарга, юбилейлерге катышуу үчүн Фрунзеге ж. б. шаарларга көп кетүүчү болот. Тоголок Молдонун барган жерлери, көргөн сонундары айылдык элди, айрыкча Байымбеттен таалим алып акындыкка берилип жүргөн Абдыкалык Чоробаев деген айылдык акынды кызыктырат. Ошондуктан, Абдыкалык көргөн сонундарын баяндап туруу жөнүндө кайрылып, Тоголок Молдого ыр менен кат жаза берет. Байымбет да ага ыр аркылуу жооп жазып турат. Бул каттар айрыкча 1940-жылдан кийин Абдыкалык Тоголок Молдого адабий катчы болуп бекитилгенден кийин күчөйт. Бара-бара бул каттар өзүнчө көлөмдүү чыгармага айланат. Акыры булардын бир-бирине берген суроолору токсонго жетет. Ошентип, экөөнүн ортосунда болгон айтыштар «Токсон суроо» деп аталып калган. «Токсон суроонун» үзүндүлөрү биринчи жолу 1951-жылы «Тандалган ырлар жыйнагына», андан кийин 1955-жылы экинчи томго киргизилген болучу. Азыркысында да ошол материал эч өзгөрүүсүз жиберилди.

«Эр Эшим». Бул дастан баатырдык эпоско кирет. Эр Эшим эл арасында тарыхый адам катары айтылып, анын жасаган эрдиктери улама катары унутулбай келет. Тоголок Молдо 1936-жылы биринчи жолу кара сөз менен маанисин айтып берген. Кээ жеринде жорго сөз, ыр кездешет. Кийин аны ырга айландырган.

Азыркысы ошо кийинки варианты болуп эсептелет. Экинчи томго биринчи жолу киргизилди.

## МАЗМУНУ

### Поэмалар


| | |
|---|---|
| Кемчонтой | 5 |
| Куштардын аңгемеси | 20 |
| Жер жана анын балдары | 36 |
| Куба кой менен ээсинин айтышканы | 48 |
| Ала-Тоо | 57 |


### Ашкерелөөчү ырлар


| | |
|---|---|
| «Селде оронгон молдо кой» | 67 |
| Тезек-Тагай элдерине | 68 |
| Чындык | 69 |
| Кабыргама таш батты | 70 |


### Тамсилдер


| | |
|---|---|
| Үй менен музоосу | 74 |
| Иттин доолдай шылдырам дегени | 75 |
| Бөрү менен түлкү | 76 |
| Каркыра менен түлкү | 78 |
| Бөдөнөнүн түлкүнү алдаганы | 82 |
| Эшек менен булбул | 84 |
| Кожонун аңгемеси | 86 |
| Төөнүн арызы | 91 |


### Советтик мезгилдеги ырлар


| | |
|---|---|
| Алга, алга | 95 |
| Сегизинчи март | 97 |
| Өзгөрүш заман болду биздин бакка | 97 |
| Кайдасыңар | 97 |
| Абдыназарга | 99 |
| Жалийдин залимдиги | 101 |
| Суроо сал | 103 |
| Съездге | 103 |
| Акын Жамбул | 105 |
| Кыргыз акындары тууралу | 106 |
| Бактылуумун | 110 |
| Кайра жашардым | 111 |
| Байымбет сенин зыйнатың | 112 |
| Токтогул жөнүндө | 118 |
| Октябрь майрамын куттуктоо | 118 |
| Конституция | 119 |
| Кыргызстандын он беш жылдыгын куттуктоо | 120 |
| Биз даярбыз | 121 |
| Армияга арнайлы | 123 |
| Жетишкенбиз, жеңебиз | 123 |
| Өскөн чак, кайраттуу күн | 125 |
| Октябрь | 127 |
| Нарын суу | 128 |
| Казак акындары | 130 |
| Майкөттүн 20 жаштан жүзгө чейин ырдаганы | 132 |

Манастан башталып, кай-кайсы ордунда айтылып, кандай ырчы кошуп жамаганы баяндалат . . 133

Поэмалар

Насыят . . . . . . . . . . . . . 141
Аткантаң менен Сүйгөнбай . . . . . . . 151
Кедейлерге насыят . . . . . . . . . 159
Эркиндик . . . . . . . . . . . . 162
Адам мүнөзү . . . . . . . . . . . 168
Манаптардын залимдиги . . . . . . . 177
Эркектердин мүнөзү . . . . . . . . . 182
Карылык жөнүндө арман жаш . . . . . . 198
Сырым . . . . . . . . . . . . . 202
Токсон суроо . . . . . . . . . . . 206
Эр Эшим түгөлдүн байлыгы . . . . . . 274
Эскертүүлөр . . . . . . . . . . . 335

*Тоголок Молдо*

СОЧИНЕНИЕ

II том

Редактор Т. Кожомбердиев
Худ. редактор И. Бульба
Тех. редактор А. Бейшенов
Корректор Ф. Тулина

Терүүгө 4/VI—1970-ж. берилди. Басууга 17/IX 1970-ж. кол. коюлду. Д—06499. Кагазы типографская № 2, форматы $84 \times 108^1/_{32}$, 11,26 физ. басма табак, 18,06 шарттуу басма табак, 18,13 учеттук табак. Тиражы 20000. Заказ № 1907. Баасы 2 с. 10 т.

Киргизполиграфкомбинат Главполиграфиздата Мин. культуры Кирг. ССР, г. Фрунзе, ул. Жигулевская, 102